Тоту Мойдунов



# От кечип жүрүп жашадым

Мезгил. Тагдыр. Эстутум

Тоту Мойдунов

# От кечип жүрүп жашадым



УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
М 74

МОЙДУНОВ Тоту

М 74 **От кечип жүрүп жашадым.** Баш сөзүн жазган жана түзгөн
Тайлак АБДЫЛДАБЕКОВ. – Б.: «Турар» 2010. – 242 б.

ISBN 978-9967-444-78-2

Колуңуздардагы бул мемуардык адабий басылмада Тогуз-Торо районунан чыккан кемен-
гер инсан, көрүнүктүү агартуучу, коомдук ишмер,
беделдүү чарба жетекчиси, ыраматылык Тоту
Мойдуновдун от кечип жүрүп жашаган өмүрүнүн
көп сырдуу, көп кырдуу таржымалы ыймандай
сыр түрүндө өз оозу менен кеңири баяндалат.

М 4702300100–10

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

«Адам көргөнүн кылат, билгени менен жашайт.»

***Автордун турмуштук бүтүмүнөн.***

# Тоту Мойдунов - Тогуз-Торонун кеменгер инсаны

Буюрса, Токемдин мемуары жарык көрүүгө даяр болуп калыптыр. Ыраматылык өзү мемуарын көзүнүн тирүүсүндө эле китеп кылып чыгартып алса болмок. Мемуарынын материалы оозеки жүзүндө болсо да, магнитофонго жазылып бүткөнүнө көп болгон. Бирок, Токем эмнегедир эле саамыктатып туруп алган болучу. Анын натыйжасында мемуар китеби көзүнүн тирүүсүндө чыкпай калган. Кудай акы, кандай себептер Токемди өзүнүн дээрлик бүтүп калган мемуарын чыгарттырбай койгонун билбейм. Кудайдын кулагы сүйүнсүн! Токемдин жубайы Данагүл жана бала-бакыралары болуп, китепти чыгаруунун татаал процессинин бардык этабын колго алып, алардын башында туруп, Токемдин мемуарынын басмадан китеп болуп чыгышына толук мүмкүндүк түзүштү. "Атkан окту житкен ок табат" дегендей, Токемдин өзү чыгарууга үлгүрбөй калган асыл максат-тилегин жары Данагүл менен артында калган бала-бакырасы ишке ашырышты. Бул Токемдин арбагынын алдында бир чоң парз өтөгөндүк!!!

Биздин залкар жердешибиз Тоту Мойдунов Тогуз-

бири эле. Өзү борбордон алыс, илим-билим, маданият өнүккөн аймактан оолак жайгашкан Тогуз-Тородо туулуп, ошол шартта тарбияланып өссө да, өзүнүн Алла-Таала берген табыйгы жөндөмүнүн, баарына көзү жеткен идирегинин, алдына койгон максатка жетүү үчүн жасаган астейдил аракеттеринин, ар кандай кыйынчылыктарга муюбаган болоттой эркинин натыйжасында өзүн атпай журтка таанытып, кыргыздын кыйырына белгилүү инсандардан болуп чыга келди. Ал көрүнүктүү агартуучу, коомдук ишмер, беделдүү чарба жетекчиси, дасыккан саясатчы жана массаны артынан ээрчите билген таланттуу партиялык уюштургуч катары жамы кыргыз коомчулугуна таанымал болуп калууга жетишти. Ушулардын баарына Токем эч кимден эч кандай колдоо, түрткү албастан, эч кимдин "жөлөгүнө" таянбастан, өз күчү, өз идиреги менен, мамлекет алдында, жалпы калайык калк алдында жасаган адал эмгеги, өзүнүн таза ак ниеттүүлүгү менен жетишти.Токемдин өз өмүрүндөгү басып өткөн бараандуу ишмердик жолу Тогуз-Торонун карт тарыхын көөнөрбөс орошон фактылар менен байытты, Тогуз-Торонун эли, келечек муундары үчүн ар дайым сыймыктандыруучу, өрнөк болуучу рухий мурас катары кызмат кылаарына шек жок!

Тоту Кыргыз мамлекеттик университетинин экинчи жылдагы бүтүрүүчүсү, кызыл диплом менен аяктаган тарыхчы болсо да, Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ат-Башы аймактарындагы элдин уруу-уруктарга бөлүнүшүн МЫКТЫ БИЛГЕН санжырачылык өнөрү да күчтүү эле, бирок санжырачылык кылчу эмес, санжыра да айтчу эмес, тек гана керектүү жерге келгенде тактап берип коюучу. Бул жагынан Чодиев Бектурган агага окшош эле. Ал киши да санжыраны, мисалы, "Тайлак уулунун" санжырасын такыр айтчу эмес, жарыктык! Санжыра-

генде "саясый камчы" болуп бериш үчүн гана пайдалануу керек!» – дегенин уккан жайым бар.

Тотунун интеллектуалдык мейкини учу-кыйыры жок чексиздей, түпсүз тереңдей, теңдешсиз бийиктей сезилчү. Мен муну Токемди түбөлүккө жоготкондон кийин ТУЙДУМ! Токем экөөбүз 80 жыл жашасак, ошонун 70 жылын дээрлик чогуу, канатташ жашадык. Бирок, мен анын ич дүйнөсүнүн миңден бирин гана билчү экемин!

Мен көбүн билбей калганым, ал мага сырын айтпагандыктан эмес. Ал такыр башкача. Аны европалыктардын, батыш Европа элинин бир ылакабы менен түшүндүрүүгө аракеттенип көрөйүн."Гений" жөнүндө батыш элинде мындай бир ылакап айтым бар экен: "Гения умом не понять, аршином не измерять", - деген. Түз маанилүү котормосу: "Генийди акыл менен түшүнүүгө болбойт, аршин менен өлчөөгө болбойт", б.а, дыйкандын бечара түшүнүгү менен ойлонуп көргөндө: "Генийди түшүнүүгө акылың жетпейт, өлчөөгө аршиниң жараксыз", - деген айтым келип чыгат. Токем, кептин чынында да, таптаза ачылбай кеткен айылдык акылман-көсөмдөрдөн болгон экен деген мыйзам ченемдүү ой кетет. Көрсө, анын көптөгөн иштерин, ой-пландарын, аракеттерин өз убагында жеткире баалаган эмес экенбиз, билбептирбиз, түшүнө албаптырбыз! Анын көптөгөн ойлорун алигиче жеткиликтүү аңдай элек окшойбуз...

Тотуда бир убактын өзүндө: кажардуу педагогдук, беделдүү саясатчылык, абройлуу чарбалык жетекчилик, калк мүдөөсү үчүн кабелтең кам көргөн коомдук ишмердик, калың массаны артынан ээрчите билген, харизмасы күчтүү лидерлик сапаттар болгону ырас. Ошентип, биз өзүбүздөн чыккан даанышман инсаныбызды өз убагында барктап-баалай албай калган көрүнөбүз!

Албетте, Токем жөнүндө айта берсе сөз бүтпейт. Дагы

Бул жолу окурманга сунушталган Токемдин МЕМУАРЫ да өзүндөй кайталангыс, эч кимдикине окшобогон, башкача!

Сөз башынан болсун. Бир курдай Токемдин өмүр жолун баштан-аяк чагылдырган көлөмдүү мемуар жазуу жөнүндө маселе козголуп калды. Токем дароо эле: "Менин таржымалым укмуштуудай окуяларга жык толгон өзүнчө бир кызыктуу тарых эмеспи. Тайлак дос, аны сенден артык ким жаза алат? Ырасында, мени сенден мыкты ким билет? Менин таржымалымды кыябына келтирип бир жазса, сен гана жазасың, башкалардын эч кимисинин колунан келбейт!" – деп, мага чап жармашып, асылып калса болобу?! Мен болсо күлкүгө салып: «Мемуар дегенди таржымалдын ээси жазыш керек. Расул Гамзатов: "Жонуңду өз колуңдай ким жакшы тырмап бермек?" - деген экен! Анын сыңарындай, өз мемуарыңды, Токе, өзүңдөн артык ким жазмак?» – деп, болбой койгом. Бирок, Токем мага жолуккан сайын эле: «Сен жазбасаң болбойт, сен жазбасаң ким жаза алат?» - деп асылып жүрдү. «Болбойт!» – деп так кесер айтсам, көңүлүнө кетеби деп көпкө унчукпадым.

Акыры, Токеме мындай кеңеш айттым: "Токе! Сенин таржымалың чынында да өзүнчө эле партизандардын өмүрүндөй чуулгандуу. Демек, мындай өмүр сөзсүз жазылыш керек!

Биринчиден, сен өмүр бою ат үстүнөн буйрук берип башкарып жүрдүң, көп болсо, барактын аягына кол эле коюп койгонуң болбосо. Ошондуктан сен жаза албайсың! Бирок, сенин тарыхый таржымалың СӨЗСҮЗ ТҮРДӨ ЖАЗЫЛЫШ КЕРЕК!

Экинчиден, Токе, мен болсо, өмүр бою жалаң кагаз менен иштеп келем.Мен дагы кагаз жазгандан таптакыр

Үчүнчүдөн, бир гана айла, Бишкектеги "Айчүрөк" дүкөнүндө диктофондор сатылат, ошондон бирди кассеталары менен сатып алып, ошол диктофонго башыңдан өткөн таржымалыңды айтып жаздырбайсыңбы.

Өмүр баяныңды өзүңдөн артык ким билет? Ким мыкты айтып бере алат? Ал эми кассетага жазылган маалыматтарды компьютерге тердирип койсо, кол жазма даяр болот да калат.

Терилген материалдар кагазга түшүрүлгөндөн кийин редакциялап, басмадан чыгаруу, б.а. калганы техниканын иши!" - дедим. Токем кеңешиме муюду. Андан кийин мага асылып-жабышканын койду.

Кийин, бир курдай жолукканда, Токем: "Мен бүттүм! Эми мага бир мыкты жазуучу таап бер. Ошол редакциялап, КАЙРАДАН иштеп чыксын", – деди. Мен Токеме Медет Жакыпов деген жазуучуну сунуштадым, экөөнү жолугуштуруп койдум.

Алар кандай сүйлөшүштү, билбеймин. Токем өзүнүн магнитофонго сүйлөгөндөрүн эмнегедир компьютерге тердирбей жатты. Аңгыча Токемин көзү өтүп кетти. Ал эми таржымалы магнитофондун кассетасында үн түрүндө түшүрүлгөн бойдон калыптыр.

Токемдин жубайы Данагүл: "Тайлак, досуңдун мемуары магнитофондо жазылган бойдон турат. Эптеп китеп кылып чыгарууга жардам бербейсиңби?" – деп калды. Мен ал боюнча адистерге кайрылдым. Магнитофондо сүйлөп, үн түрүндө түшүрүлгөн маалыматты магнитофондон угуп, аны компьютерге текст катары терип, андан соң ал терилгендерди кагазга түшүрүп, кол жазмага айландырыш керек экен. Бул татаал процедура, бирок ишке ашырууга толук мүмкүн экени дайын болду. Токем 10 кассетанын эки жак бетине жазыптыр. Кагазга түшүргөндө 230 бет болду.

менен жердей болгондуктан, магнитофондон алынган кол жазманы бүт болбосо да, бир кыйла жерин оңдоп-түзөп, китеп стандартынын талабына ылайыкташтыруу керек болду. Дагы бир проблема. Адатта, кол жазма түрүндө баяндалган тексттер бөлүмдөргө бөлүнүп, главаларга ажыратылып жазылат эмеспи. Мында маалыматтар оозеки баяндалгандыктан, эч кандай параграф, главалары жок эле, баштан-аяк бир чулу текст болуп калыптыр. Бир аз кайталоолор да бар экен. Китеп окулуктуу болсун үчүн мемуардын тексттерин майда-майда темачаларга бөлүп, кайталанган бөлүктөрүн түзөп чыккандан кийин, китептин структурасы кескин жакшырды. "Жазма китептерге" караганда, бул "Айтма китептин" мазмуну алда канча утуштуу болду көрүнөт.

Эмесе, Токемдин «От кечип жүрүп жашадым» китебине ак жол!

***Тайлак АБДЫЛДАБЕКОВ,***
***жан курбусу, философ,***
***тарыхчы, журналист***

## Көргөн-уккандардан: Тогуз-Торо районунун уюштурулушу

Биздин район 1936-жылы күз айларында Тогуз-Торо району болуп, Ак-Талаадан бөлүндү. А бирок Ак-Талаа району менен Тогуз-Торо району экөө биригип, ошол мезгилде Тогуз-Торо району деп аталчу. Тогуз-Торонун азыркы мезгилдеги айылдары бардыгы биригип, Тогуз-Торо селолук советине баш ийип, борбору Атай кыштагы деп аталса керек.

Район курулду, район түзүлдү деп эле калды. Эл ар кайсы колот-коктулардан, өзүлөрүнүн уруу-уруу болуп ээлеген жерлеринен бир түздүгүрөөк чөлкөмгө көчүп келип, колхоздор уюшула баштаптыр. Мына ошол мезгилдерде Тогуз-Торо районунда алгачкылардан болуп уюшулган колхоздордон, менин оюмча, «Кызыл-Чарба» деген колхоз биздин колхоз эле. Ошол колхоз Нарын дарыясынын боюндагы токойдун жээгине жайгашкан райондун борбору – Казарман кыштагынын элинин чордонун түзгөн экен. Ал жерге эл тыяктан-быяктан көчүп келип отурукташа баштады.

Менин бала чагымда ал район орун алган жер мурда аппак эле чий баскан аймак болчу. Ошол чийлерди аралатып, тамдардын катары түшкөн. Алгач элүүгө жакын там салынды. Райондук мекемелер жок экен. Ким эртерээк тамын бүтсө, ошонун бир бөлмөсүн мекемелерге беришти. Биздин тамыбызды орустар салган эле. Ал убакта чатырлаган там жок, же камыш менен чатырлаганды билишпегенби, айтор, баары эле куруп жаткан тамдарынын үстүн жалпак кылып эле, «басажуп», «вазажуп» дейби, ушундай 60–70 см узундуктагы

дарга» киришкен. Тогуз-Торонун өзүндө пилорама деле, жөнөкөй тактай тиле тургандай «завод» деле жок, бир сөз менен айтканда, курулушка зарыл керектүү өбөлгөлөрдөн эч нерсе жок экен. Биз өзүбүздүн колубуздан келген материал менен эле жумуру-жумуру жыгач материалдарын колдонуп там салган экенбиз.

Мен өткөн жашоомдун бардык окуяларын биринен сала бирин катары менен санап өткөн сыяктуу кылып баяндайын.

Тогуз-Торо району болуп түзүлгөндөн тартып, ушул мезгилге чейин кеминде бир 20–30дай район жетекчиси (биринчи секретарлар, аткаруу комитетинин төрагалары) алмашып өтүптүр. Ушул мезгилге чейин, тактап айтканда, сөз кылган 2009-жылга чейин райондун алгачкы аткаруу комитетинин төрагалары, райком жетекчилери ким болгону тууралуу так (архивдик) маалыматтар жок. Укканым: биринчилерден болуп Бошкоев деген келген дейт. Менин эсимде калганы – ал киши өзү абдан чоң, чап жаак, өңү чаар, өтө сүрдүү киши эле. Андан кийин Носинов деген келди, айтор, көп эле секретарлар келди. Көп эле секретарлар 1, 2, 3 жылдай эле иштеп кетип турушкан. Алгачкы мезгилдерде, Ак-Талаадан бөлүнгөндө, ушул жерге Ибраимов Турсунбек деген келип аткаруу комитетинин төрагасы болуптур. Анан ушул кызматында иштеп туруп, «контр» болуп айдалып кеткен экен.

## Исабеков Болотбек баяны

Мен 1959-жылы Исабеков Болотбек (Чет-Булактан) дегендин үйүндө болуп, ошол киши менен көпкө баарлашып калдым. Анан ар кайсыны, тыяк-быякты сурап, сүйлөшүп отурсам, өзү абдан такылдаган ушунчалык кыйын сөзмөр киши экен: «Оо, кокуй, мен Тогуз-Торо районун түзгөндө биринчи жолу «кул» болуп, кара жумушун иштеп, курулушун курууга барганмын. Жанагы райком менен райаткомдун конторлорун мен салдырганмын!» – деп баштап, андан кийин

«Мени Тогуз-Торого, райаткомго төрага кылып жибергенде туугандарым айтты, - дейт. - Тогуз-Тородо үч киши бар, ошол үч кишини жоготпой туруп, сен ал жерди башкара албайсың деп. Ал кимдер десем, мага айтышканы: биринчи – Борончу деген бар, муну жоготушуң керек. Экинчи – ошол жерде элди бузуп-жарып жаткан Эмилбек деген бар, аны жоготушуң керек. Үчүнчү – өзүнчө эле жигит-аскер топтоп, союл чабарларын ээрчитип, өзүн кайтартып жүргөн Көчөрбай деген бар. Мына ушул үчөөнү жоготсоң, анан Тогуз-Торонун эли абдан жөнөкөй эл болот, сага кыңк этпей эле башкартат дешти.

Ошондой «маалымат» менен мен Тогуз-Торого келдим. Анан районду түзүү жагынан элди уюштуруп, кыш куйдуртуп, райком, райаткомдун конторлорун салдыра баштадым.

Ошол курулуш жүрүп жаткан мезгилде менин жанагы «тымызын кеңешчилерим» берген тапшырма (үчөөнү жоготуу) жүрөгүмдү өйүп туруп алды, - деп сөзүн уланткан эле Болотбек аксакал. – Ушул үчөөнү кантип жоготом деп көп ойго баттым. Күндөрдүн биринде акырындык менен алар колго түшө баштады. Мага караганда караңгы кишилер экен. Биринчи болуп Борончуну кестирдим. Борончунун бар кылмыштарын таап туруп кестирсем, Бобуев Сүйүнаалы деген сот күйөө баласы болот экен, ал Борончуну бир жарым жылга эле кесип, мөөнөтүн аз чектеп коюптур. Ишин буздуруп, кайра караттырып, Борончуну алты жылга кестирдим. Ошону менен Борончусунан кутулдум. Андан кийин Көчөрбай дегени чын эле өзүнчө 5–6 жасоолдору жанында жүргөн, «мурдун балта кеспес» неме экен, аркасынан сая кууп жүрүп аны да кестирдим.

Көчөрбайды кестирип, Молдовановкага айдатып жибердим. Анан өзү иштеп жүргөн мезгилде мага кошомат кылып берген кара айгыры бар эле. Ал айгырды алып туруп, Ак-Талаага жөнөтүп жибердим. Андан кийин эле жүрүп-жүрүп отуруп баягы райком менен райаткомдун конторун салдырып жатканда Эмилбек колума түштү. Ал бирок уста экен. Ошол конторду салып жаткандар да анын сөзүнөн чыкпайт.

отургуч, тиги-буларды жасап келип берип калат. Ал убакта Тогуз-Тородо эмне, жерге салган дасторкондон тамак ичмей. Ал тургай, райком, райаткомдун чоңдорунун деле столу жок. Анан ошол Эмилбек бала-чакам менен аралашып эле, ата-баладай болуп кеттим. Ошентип жүрүп отуруп, ал киши өтө куу киши болгондуктан, буга кол сала албай калдым.

Күндөрдүн бир күнүндө «контр» деген чыгып, мени чак эткизе «контр» деп кармап айдап, Молдовановкага алып келишти. Келсем эле баягы Көчөрбай жүрөт, кудай уруп. Көчөрбай келип эле баягы кара кашка айгырды бер деп доолап калса болобу. Өзү да алыбеттүү, мага караганда зор киши эле, эптеп айласын таап: «Ыя, айланайын, Көчөке, мына экөөбүз тең кириптер болуп жүрөбүз, ушул жер ат беришип, ат алыша турган жерби? Бул жерден аман-эсен кутулалы, анан кутулгандан кийин ал ат эмес, колумдан келсе, андан дагы көп сыйды жасаармын», - деп жатып араң кутулдум.

«Контр» бүткөндөн кийин мени чыгарышты. Тогуз-Торого кайра барып партбилетиңди аласың дегенден кийин, ошол максат менен ал тарапка жөнөп калдым. Тиги суунун өйүзү менен жөнөп жүрүп отуруп келип, паромдон өтөйүн деп ошол жерде турсам, тааныгандар учурашып, тааныбагандар кол берип, бир маалда суунун берки өйүзүнө өтсөм, бир, айланайын, ичик кийген, жээрде кашка айгыр минген киши турат. Бир убакта аттан түшө калып эле мага келип учурашты. Карасам, баягы Борончу менден мурун кутулуп келип калыптыр. Баягы жерден: «Айланайын, Боке, мен сенин келатканыңды эл-журттан угуп, атайы ушу кайыкөткөөлдөн тосуп, сага бир үйдөн сый көрсөтөйүн деп ушу жерден күтүп турам, үйгө барбасаң болбойт», - дейт. Ай, атаңгөрү, акмакчылык менен ошо кезде ошо кишиге жамандык жасап, кестирип жиберип, ушунчалык ит абийирим кетип жөн эле жерге кирип кете жаздап, эмне кылып мунун үйүнө барам, баралбайм го деп, эптеп шылтоо таап, эми ушундай болуп жатат, дагы бир үч-төрт же беш-алты күндөн кийин мүмкүнчүлүгүм болсо барамын деп, алдап-соолап

Ошол мезгилдеги элдин түшүнүгүн кара, жөндөн жөн эле «эл тапшырды, журт тапшырды» деген курулай шылтоо менен сага эч тиешеси жок кишиден өч алмай, аны жоопко тарттырып, кестирип иймей сыяктуу аң-дөңдүү карабай негизсиз жасалган иштер да орун алып кетчү тура. Баягы караңгычылык. Мына биз ошондой замандарда жашадык.

Мен райондун түптөлүшү жөнүндө, анын кантип бутуна туруп, эмне кызыктуу окуялар, эмне олуттуу өзгөрүштөр болгондугу, ошол мезгилдеги элибиздин жашоо абалы туурасында дагы кийин мүмкүнчүлүгүм болгондо толугураак айтаармын.

## Кыйын кезең, оор заманда өткөн биздин балалык

Адам өмүрүнүн бакубат учуру саналган менин балалык кезим кандай мезгилде өттү? Окуучулук мезгилим кандай болду? Мен, сөз ыңгайы келгенде, ушуларга токтолгум келет.

Менин балалык чагым ушул Тогуз-Торо районунун борбору – Казарман кыштагында өттү. Анын азыркы мезгилдеги абалын өзүңөр деле көрүп турасыңар.

Илгери, согушка чейинки кезде, Тогуз-Тородо жол байланышы абдан кыйын эле. Ал мезгилдерде, менин билишимче, ушу 1957-жылга дейре, ал тургай, жетимишинчи жылдарга чейин Тогуз-Торого кышкысын автоунаа каттоочу эмес. Кара-Көө аркылуу жол салынгандан кийин кыштын күнү эң кур дегенде машина менен каттап, жолдор кардан тазаланып, кичине бир илгерилешке жетише баштадык. Болбосо, райондо акыбал өтө оор эле. Маселен, Нарын менен (анда облусубуз Нарын болчу) эч байланышыбыз жок, Жалал-Абад менен да дээрлик байланышыбыз жок болуп, абдан кыйналчу элек. Биздин районго келген секретарлар өзү хан, өзү бек болуп, өз билгендерин жасап, анан кез-кез чогулуштарга Нарынга чакырылса, атчан Ак-Талаанын Актал-Чат деген жерине чейин барып, ал жерден ар кайсы үйлөргө аттарын тап-

палдасы» чыгып калат эле. Бир гана райком менен райаткомдун жетекчилери аттарын ала барып, атчыларына ошол жерге бактырып коюп, андан ары Нарынга чогулушка кетишчү. Облуска барып келиш үчүн кеминде жарым айдай убакыт кетээр эле. Жарым ай район эч бир башкаруусуз калып, ар ким өз билгенин кылып тура берүүчү. Ал мезгилде, чынын айтыш керек, эл ошончолук жакыр жашаган эле. Жакыр жашаган эл ичкиликке өтө катуу берилет экен. Элибиз аракты көбүрөөк пайдаланышчу экен. Элибиздин турмушу өтө жакыр, тамак-аш, кийим-кечекке деле жакшы жетишкен эмеспиз.

Мына ушундай чөйрөдө, ушундай мезгилдерде, 1936–1937-окуу жылында район борбору – Казарман кыштагында мектеп ачылды. Ага алгачкылардан болуп Быржыев Бактыгул, Салташев Бактыяр, Байзаков Чотур, Сейдалив Эрмек сыяктуу бизден бир нече жаш улуу, айылдын көптөгөн тестиер балдары мектепке окууга барышкан (көбүнүн ысымдарын унутуптурмун, кайрадан эске келтирүү таза эле кыйын болуп калыптыр). 1938-жылы окууга кирдим. Азыркы райондук мамлекеттик каттоо мекемеси турган там мен биринчи окууга барган мектептин имараты болучу. Ал там кийинчерээк мамлекеттик банк болуп жүрдү. Мына ушул жерде 1-класска кирдим.

Ошол эле мезгилде Өкмөт тарабынан Тогуз-Торо районуна орто мектептин союздук стандарттагы имаратын кыска мөөнөттүн ичинде куруп пайдаланууга берүү жөнүндө атайын токтом кабыл алынып, ага бүткүл жергиликтүү элди катыштыруу маселеси каралыптыр. Карагайлардын кени болгон Алдаке менен Каргалыктан курулушка керектүү устун кыйдырып, райондун бүткүл унааларын мобилизациялап, кыркылган карагайларды тарттырып келип, кол менен карагай тилүүчү он чакты устакана (тактай заводду) орнотуп, анан ушул жерде үстүндө бир киши, астында бир киши болуп, тактай тилчү чоң узун араалар менен бир нече жүз кубометр карагайларды нөөмөттөшүп иштеп жатышып, кыска мөөнөттө тилип бүтүшкөн. Анан ушул мектептин үстүн (шыбын) дагы, алдын (таманын, полун) дагы тактайлап чыгышкан. Бирок, те-

Иши кылып, мектеп 1939-жылы бүткөрүлдү. Мына ошол мезгилде Көккөзов Акун деген райаткомдун төрагасы болуп келди, андан кийин ал райкомдун секретары болду. Сатиев деген райкомдун экинчи секретары бар эле. Мына ушундай кишилердин бизде иштеп турушканын мен абдан жакшы элестетем. Анткен себеби, мен ал кишилердин балдары менен ойночумун. Райаткомдун төрагасы А.Көккөзовдун Орозбек деген баласы менен бирге жүрүп, бирге ойноп, теңтуш болуп чоңойдум. Көккөзовдун аялы отпускага баратып, өйүзгү Боромбаев Бегалынын үйүндө приступ болуп дүйнөдөн кайткан экен. Ал тууралуу кийинчерээк, мен тиги Тоголок Молдого барып иштеп жүргөндө, Көккөзовдун Супай деген карындашы келип айткан.

1939-жылы биз жаңы мектептин имаратынан окуп калдык. Сатиевдин аялы Молдогазиева Какен деген эжекебиз бизге экинчи класстан сабак берди. Аны эми мен элес-элес эле билем. Ал кезде арифметика менен грамматиканы гана окутчу. Андан башка сабакка китеп жетишпесе керек. 1939-жылы ушундай болду. Ал кезде балдардын баары тең эле уюшуп алып чүкө ойношчу. Көрөлү десек кинобуз, башка эрмектөөчү оюн-зоок жок. Абал ушундай эле. Тогуз-Тородо бир гана киночу бар болчу, анын аты – Акжол. Анан ушу киномеханиктин бир кино аппараты бар болчу, ошого атайын Кош-Дөбөдөн Тогуз-Торого кинотасмаларын алып келет эле. Алып келген кинофильм кеминде эки-үч ай бою коюлат. Бир кинофильм күн сайын кайталап коюла берчү, коюла берчү. Биз дагы күндө эле киного ашыгып турчубуз. Ал убакта, ошол кино жүрүп жатканда, кинодогу кишилер жөнүндө: мунун аты бул, бул мындай, бул тигиндей деп, жатка жатталып бүтчү. Канча жолу койсо да эч тажабастан кинону барып көрө берээр элек. Ошол убакта койгон кинолордон ушул «Он үч аскер» деген кино көп коюлду. Актар (Көршермат) менен кызылдардын атышканын, кармашканын баяндаган кино эле. Жарыктык атам кээ кезде: ушуну бир же эки эле жолу көрбөйбү, бир жылда 365 күн бар, ошол 365

Согуш башталаардын алдында, Германия Европаны басып алып жатканын райкомдун артындагы талаада эртең менен кулактандырып, түштөн кийин дайыма элдин баары чогулат эле. Германия баланча жерди басып алыптыр, Люксембургду басып алыптыр, тыякты басып алыптыр, быякты басып алыптыр, Германия Россияга жакындап, чукулдап калыптыр деген маалыматтарды берип турушчу ошол убактарда.

Күндөрдүн биринде согуш башталыптыр деген кабар угулуп калды. Мына ошол 1941-жылдын июнь айынын 22си. «Согуш башталыптыр!» дегенде элдин баары капаланып, кайгыра башташты. Өтө катуу, оор ахыбал боло тургандыгын түшүндүк. Анткен себеби, биздин райондо анда же трактор болбосо, же комбайн болбосо, колдо болгон аттарды жакшылап семиртип багып, ошолорду сокого сала коюп жер айдашчу. Ал тургай, соконун тиши да табылчу эмес. Соконун тишин Жалал-Абаддан, Өзгөндөн, дагы ар кайсы жерлерден алтын баасында алып келип, андан кийин соколорду айдашчу элек. Көп жер аянты деле анча айдалчу эмес. Ошол мезгилде эгинди бастырган «моло таш» деген болот эле. Моло таш абдан «кадырлуу» болучу. Теминге уйларыбызды жетелеп барып, байлап коюп, анан ат менен айландыра айдап, уйлардын буту менен «Оп майда» кылып, эгиндерди бастырып түшүмүн алчубуз.

Теминди дагы көп айдадым. Айылдын үстүндөгү бейиттин айланасына бүт бойдон эгин айдалчу. Ал жерди Боз-Секи деп коёр эле, ушул жердин баарына тең эгин айдалчу. Чарабайдын, Айры-Таштын сууларын чогуу буруп келип, сугарып айдачубуз. Бул жерлер бир сугарылса сугарылып, сугарылбаса жок, ошол бойдон эгин өстүрүүгө аракеттер жасалчу. Чегиртке да көп каптачу. Ошол чегирткелер үчүн уу ташталган чуңкурлар азыркыга чейин турат. Ушул жерде эгинди орок менен орот элек. 5-класска барганда бала-чака дебей, баарыбызды бүтүндөй айдап эгинге салышат. 5-класска Боз-Секиден 25 сотых жер берет, орок менен оргула деп. Оро албай качып кетет элек. Эсимде калганы ошол, Кайыңды тарабынан бизге сельсовет болуп келген келин балдар-

белдерибиз ооруп, жалакайланып качаар элек. Чыны менен жашпыз да, же курсагыбыз тыңгылыктуу тойбосо. Ошол убакта жалаң кой-эчки, уйлар саалчу. Ошолордун сүтүн тартып, майын алып, анан калган айранын алып келип, бир-эки аяктан ичип, ошентип бел майыштыра иштечүбүз. Үйлөргө качып келип, жүгөрүлөрдү аралап кетсек, Кирбит деген киши артыбыздан жетип, ата-энебиз менен урушуп, кайра эле бизди айдап кетчү, кайра эле туткунга түшкөн немедей болуп барып, баш көтөрбөй иштеп калчубуз. Согуш жылдарында башыбыздан бир топ оор, кыйынчылык турмуш өттү. Эми согуш жөнүндө айтып отурсам, кеп арбын. Бирок, элде болсун, бардыгы тең элде болсун, бир эле кишиде болгону жакшы эмес. Бардык нерсе элде болсо, анан ошо элде болгону сенде да болот экен.

Бир окуяны айтып берейин. Биздин колхоздо Тезекбай, Күчүк дегендер, дагы башка кишилер көпкө башкарма болушкан. Сыягы, булар жөндөмдүү болсо керек. Андакулов Атыкан деген киши алгачкы башкармалардан болгон. Андакулов аралдык Секелеңдин кызын алган. Ошол киши райондо райзонун башкы зоотехниги, СССРдин эмгек сиңирген зоотехниги экен. Мен анысын дагы билем. Билип калганымдын себеби, Андакуловду соттоп жатып, Төлөгөн экөөбүз сотко барып кызыгып катышып калдык. Мен ошондо көргөм Андакуловду.

Биздин бир жакшы зоот уюбуз бар эле. Тезекбайга айтыптыр, ушул уйду алып берсең жакшы болот эле деп. Колдо жокчулук, эгинге тартыш болуп турган мезгилде атама Тезекбай келип сүйлөшөт. 23 центнер буудай берейин, ушул буудайды алсаңчы, Караке (Мойдун – Кары аке), дагы бир кунаажын-сунаажын таап алаарсың деп атамды көндүрүп, уйду 23 центнер буудайга сатып алат. Биздин төркү үй почта контору болуп, ал жак тактайланган эле. 23 центнер буудайды алып келип, анан килейген зоот уюбузду жетелеп кетти. Көрсө, Андакулов анын сүттүүлүгүнө кызыккан экен. Анан ошол буудайды алып, эми курсагыбыз тоюп жыргайт турбайбызбы деп калдык. Бирок, эл ачка, баягы 23 центнер буудай

жарытып нан жегендей деле болгон жокпуз. Кыскасы, элде болмоюнча, деле баары бир жакшы эмес болот экен. Жалгыз кишиде болуп, башкалар ачка олтурса, мындан өткөн кыйынчылык жок. Жалгыз кишинин колунан эч нерсе келбейт тура. Күзүндө, ноябрь айында 23 центнер буудайды алып келип төктү, жазында, апрелде биздин үйдө бир табак да буудай калган жок. Мен ошондуктан, элде болсун деп айтылган сөздүн мааниси ушунда экенин даана билдим.

Экинчиден, согуш жылдарында эмгектин зор мааниси бар экенин байкадым. Ким эмгекчил, жөндөмдүү, кужүрмөн болсо, ошондой кишилер жакшы жашап жатты. Ал эми жалаң эле жакындарынын эмгеги жана жардамы менен жашап, эч түйшүктөнбөгөн, ишке жөндөмсүз адамдардын үй-бүлөсүндө өздөрүндөй жалкоо, эпсиз балдар чоңоюп-өскөндүгү менин эсимден такыр кетпейт.

Мисал кылып айтаар элем, мен мугалим болуп, мектепте сабак берип жүргөндө Дивиев деген мамлекеттик банктын начальниги бар болчу. Үй-бүлөсү абдан жакшы турчу. Бойго жеткен кызы, он бир-он эки жаштардагы баласы да бар эле. Ушул киши катуу ооруп жатат дегенде, менин атам молдо киши эле, аны дем салып берип кетсин деп чакырткан экен. Мен атам менен кошо сорпо ичип келейин деп ушул кишинин үйүнө ээрчип бардым. Атам экөөбүздү коноктоду. Килейген ирикти ушундай бир майын чыгара куйкалап туруп салган экен. Үй турмушун көрүп мен абдан таң калдым. Азыркы орточо жашаган кишинин турмушундай турмушу бар экен. Анан бут машинесин көрдүм. Ал учурда самоор деген чанда эле кишинин үйүндө болбосо, көпчүлүк элде жок болчу. Бул кишинин үйүндө жезден жасалган самоору турат. Самоорго чай кайнатып келип, ушундай бир сый көрсөттү. Алардын кийген кийимдери да жакшы. Бойго жеткен кызы жөн эле мөлтүрөгөн татынакай сулуу кыз экен. Ошолорду көрүп алып, мен да таңдана ойлондум. Бир күнү ошол Дивиев өлүп калды. Өлгөндөн кийин бир айга жеткен жок, Кудай бар эмеспи, күзгө жуук өлдү окшойт, кыштын күнү эч жакка кете албай калышып, баягылар бүтүндөй үйүндө болгон оокаттарын, жакшы кийим-кечектерин, бут машинесин көрүнгөнгө

малып жазчубуз. Сыя челеги да өзүнчө. Аны даярдап алып, андан кийин мектепке көтөрүп барабыз. Ушундай кыйынчылык ахыбалды башыбыздан өткөрдүк. Жазалы десек, кагаз жок, калем саптар жетишпейт. Ошентип, эптеп бир айласын таап, гезиттердин ачык жерине жазып, окуйбуз.

2-класста окуп жүргөндө да жетишип окудум. Эми мен мактанбай эле коёюн, училищаны да «беш» деген баалар менен бүткөмүн. Казарман орто мектебин да жакшы окуп бүткөн болчумун. Андан кийин университетти да артыкчылык дипломy менен бүттүм. Ал таржымалды кийин өзүнчө айтып беремин. Мен мактангандай болбоюн, абдан тентек, эрке өстүм. Хулиган сыяктуу да болуп кеттим, бирок сабагымды абдан жакшы окучумун. 2-класста окуп жүргөндө Сатиевдин аялы Молдогазиева Какен деген бизге сабак берип калды. Ошондо менин жөндөмдүү экенимди эжей баамдаса керек, балдардын ичинен тандап туруп, Жусуп Турусбековдун «Эй, жеңелер» деген ырын үйрөттү. Анан аны үйрөнүп алганда, ошол мезгилде боюм кичирээк болсо керек, декломация айттырып коёр эле. Мен кыйкырып айтаар элем. Залда отургандар, элдин баары катуу кыйкырып, мени кубаттайт эле. Себеби, ырдын мазмуну колхоз үчүн жазылган сатиралык ыр экен. Аны элдин баары ушунчалык жактырышып, чурулдашып кыйкырышып, дагы айт деп кысмакташып калаар эле. Эми ошонун эсимде болгонун айтайын. Анда эмне, бизде тыңгылыктуу кийим-кече деле жок. Кар жааганга чейин мектепке жылаңайлак барчубуз. Элдин баары жетишкен эмес, мөкү чокой кийип, жыртык кийим-кече, тон-пон менен эле эптеп жашаганбыз согуш жылдарында. Эми, эмне, запкы, кыйынчылыктарды тарттырган андай заман деген түшкө кирбес окуя сыяктуу.

2-класста окуп жүргөн кезимде клубда бир чоң жыйын болуп калды. Ал жыйынга райком, райатком жетекчилери катышты. Алар кимдер экенин ал мезгилде кайдан билейин. Анан залга: «Эй, жеңелер» дегенди Тоту Мойдунов аткарып берет», - деп жарыя салышып, мени залга чыгарып коюшту.

Эпилдеп ушакчы болсоң,
«Эптүү» аял болосуң.

Этегиңдин эбин бүрбөсөң,
Бир күнү тынч жүрбөсөң,
«Жок бүтөр» деп,
Колхоздун ишин сүйбөсөң,
«Кайраттуу» аял болосуң.

Төшөгүңдү жыйбасаң,
Төрт күнү кечке ыйласаң,
Жибектен көйнөк тапкын деп,
Күйөөңдү катуу кыйнасаң,
«Эң эле мыкты» аял болосуң.

Эй, жеңелер,
Мунун баары кер какшык,
Бириң эмес, баарың ук,
Кээ биреөңү көрүп,
Күйүп ич,
Айта салдым, болуп бук.

Райаткомдун төрагасы «бук» дегенди угуп алып, айланып кетейин деп, ушу жерде менин бутум жылаңайлак, кесилип турганын көргөн окшойт, өзүнө чакырып алып, колуна көтөрүп: жакшы бала экенсиң, мына буга ботинке сатып алып кий деп он сом акча берди. Активдер ушул «Эй, жеңелер» деген ырды айтып бер деп кайра-кайра сурайт. Ал кезде мен өзүм кичирээк бала болсом керек, чоң казандай тебетейим бар эле, ошол тебетейди баса кийип алып мен анан «Эй жеңелерди» айтып берчүмүн. Ошол тебетейимди өзүм да жакшы көрөөр элем (ушул китепте ошол тебетейим менен түшкөн сүрөтүм бар). Мен кичинемде абдан тентек өстүм.

Биздин бала кезибиздеги айрым бир окуяларыбыздан айтып берейин. Тогуз-Торонун балдары негизи абдан суучул болот. Күн катуу ысыганда биз Нарын суунун жээгине барууга ашыгып турчубуз. Ошол биз барган Нарын суунун жээгин

паром (кайык) орнотулуп, аны менен эл аркы өйүзгө, берки өйүзгө эртеден-кечке байма-бай өтүп жатышчу. Биз, жаш балдар, ошол жерде жылжылаңач болуп алып, сууга түшүп киринип, үшүп баратсак ысык кумга жатып ойнойт элек. Эртеден кечке чейин дарыя жээгиндеги кумда оонап жатып, кечке чейин сууда сүзүп, калп айткан менен болобу, өрдөк менен балыктай эле болуп калчубуз. Тогуз-Торонун балдары, айрыкча, казармандыктар, бардыгы тең агын сууда сүзүп ноңоюшту. Анан түн ичинде Нарын суунун жээгине жатып кайырмак салчубуз. Мына ушундай күндөрдү баштан өткөрдүк.

Күндөрдүн бир күнүндө мындай окуя болду. 4-класста окуп жүргөн мезгилибиз. Экзамен болуп жаткан. Ал убакта 4-класстын окуучуларынан экзамен алышчу. Экзаменди тапшырып коюп, балдар чогулуп алып Нарын сууга бардык. Суу абдан катуу кирип турган чагы экен. Биз сууга түшкөн, кининген жерлерибизди, жарышып сүзүп ойногон жерлерибизди суу алып кетиптир. Кээ бирөөбүз сууда сүзгөндү жакшы билгендиктен, тайыз-тереңине карабай кулач уруп ойноп кеттик. Биздин арабызда Эстебес дегендин Жумабек деген баласы бар эле. Ал өзү бойлуу, ноочо бала болчу. Ал сууда жакшы сүзө алчу эмес экен. Ал кирген сууну жээктеп баратып, жаңы кирген суу терең оюп кеткен жерге сыйгаланып, чөгүп кетет. Ошону менен аны сууга агызып ийдик. Далбастап канча аракет кылсак да эч кимибиз аны кармай албай койдук. Агып бараткан баланы кубалап баратабыз, кубалап баратабыз, такыр эле кармай албай койдук. Биздин арабызда чоң-чоң балдар да бар эле. Ошол убакта Бактыяр, Эрмек, Көккөзовдун баласы Орозбек, Атыкулдун дудугу, Жүзүпжандар бар болчу. Ушулар менен чогуу болуп жанагы баланы агызып ийип, анан коркуп качып отуруп Чыр-Дөбөдөгү кашатка келдик. Келсек, Ашыралы Айталиев кезикти. Анын жигит кези эле, ошол убакта Тогуз-Тородо жашачу. Ушинтип Жумабек деген баланы сууга агызып ийдик десек, ал киши бизди урушуп, баарыбызды тилдеди, оозуңарды жапкыла деди. Баягы баланын көйнөгү эле калыптыр. Ошентип, биз карышкыр койго тийгендей болуп эле токойго келип шөмтүрөп,

Ошентип, ал окуядан кийин эки күн өттү, эч кимге айткан жокпуз. Тигил сууга агып кеткен баланын ыштанкөйнөктөрү бир теректин түбүндө калыптыр. Ал жерге сууга түшкөнү барган балдар ал кийимди теректин башына чыгарып койгон экен. Агып өлгөн Жумабектин Алмагүл деген энеси бар эле. Балам каякка кетти деп, баласын ар жак-бер жактан жөө издей баштады. Мен сарсанаа болуп, өң-алеттен кетип, тамак ичпей эле төшөктө жата бердим. Көчөгө чыгайын десем, деле бир жан көрүнбөйт. Көккөзовдун баласы Орозбек да биз менен чогуу сууга барган. Экөөбүз жүрүп отуруп дүкөн жакка бардык, ал жакка барсак, ошол дүкөндө дудук Аманкан жүрүптүр, ал азыр деле бар. Аны карасак, буркурайт эле, буркурайт, тилин чыгарып. Ошентип, күн кечке жуук болду, үйгө келип же тамак ичпейм, жүрөккө тамак такыр барбайт. Келип алып эле көктү тиктеп ойлонуп жатам сарсанаа болуп. Менин ал абалымды кебетеси атам-апамдар байкап калса керек. Бул эмне үчүн үйдөн чыкпай калды, буга эмне болгон деп калышты. Анан кечке жуук эле атам: «Ыя, балам, тиги Алмагүл баласын таппай жүрөт. Ал жоголуп кетиптир, табылбай жатат, – дейт, – Анын баласы менен сен ойноочу элең, ал кайда жүрөт, чыныңды айтчы, ал балага эмне болду? Энеси ыйлап жатат. Мага келиптир балаңыздан сураңыз деп».

Мен коркуп кетип, ыйлап, эмне кылаарымды билбей, аны биз сууга агызып ийгенбиз дедим. Атам бакырып, бас үнүңдү деп эле, бизге кошуна Акжол акени ээрчитип келди. Кана, ким-кимдер бар эле деп сурак жүргүзө баштады. Жыйырмадан ашуун баланын атын жазып, тизмелеп бердим. Ошо менен Алмагүлгө атам менен Акжол аке барып, баласынын сууга агып кеткенин угузушуптур. Ал күнү ошону менен кеч кирип кетти. Эртеси эртең менен айгырларды таап, анан баягы сууга чөккөн жерин көрсөт, кайсы жерге түштү эле деп Матаев Күчүк кыйшайып алып акырын мага келиптир. Анда апам, мени ошол баланын ордуна сууга ыргытып ийчүдөй болуп, бир убакта эле: «Менин балам эч жакка барбайт, бара да албайт. Менин балам агызып ийиптирби, менин балам түртүп ийиптирби? – деп айкырып кирди. - Ме-

андан да сурагыла. Ушулар көрсөтүп бербей эле, анан менин балам көрсөтүп бермек беле?»

Ошо менен эптеп Бактыярды ээрчитип барыптыр. Кайсы жерге бардыңар эле, кандай болуп түштүңөр деп, бүт баарысын сурап, суу бойлоп жүрүп отурса, бала ортоңку аралга чыгып калыптыр дейт. Кишинин денеси алыстан эле жаркырап көрүнөт экен. Көмкөрөсүнөн жатып, суунун четине калкып чыгып калыптыр. Айылга алып келишти, анан Ташбаев деген милиция начальниги бар эле, ал кээ кезде келип, сен агыздың деп мени коркутуп кетет. Сен агыздың, сен агыздың деп эле мени коркутат демитип. Ошентип, анан Көккөзовдун баласынан, дудуктардан сурагандан кийин бир аз жоошуп, унчукпай калышты окшойт. Өзүбүздүн тентегибизден ал барышта бир балабызды сууга агызып ийгенбиз. Анда биздин ал балага тетири оюбуз деле жок болчу. Болгон күнөөбүз – суу катуу кирип тургандыктан, биз аны кармай албай калдык. Мына, тентектигибизден ушундай окуяларды баштан өткөрдүк. Тентектигибизден ар кимден запкы жедик дегендей.

Ошентип, 15 жашка чыгып калдым. Согуш мезгилинде мектепти кайтарчубуз. Ал убакта өлкөдө туруксуз абал, шектүү элементтер болгондуктан, мектепти өрттөп ийеби деген ойдо болушса керек. Ошондуктан жогорку класстын балдары мектепти кайтарчу элек.

## Кары аке аталган атам жөнүндө айтаар сөз

Мынча кеп башталып калгандан кийин, өзүмдүн атамдын басып өткөн өмүр жолу, адамдык мартаба-парасатынын журт көңүлүндө жашаган урунттуу-урунттуу мисалдарынан азын-оолак маалымат бере кетейин. Бул Тогуз-Тородой алыскы аймактын тарыхына кызыккан кийинки жаштарга деле кызык болсо керек деп ойлойм.

Атам Мойдун Кары Мухиддин дамбылда Исмаил уулун эл арасында замандаштары сүймөнчүк менен кастарлап «Кары аке» деп аташкан.

жатка айткан себептүү Кары атка конгон көкүрөгү тунук адам эле.

Исмаил уулу Мойдун дамбылда 1888-жылы, чычкан жылында күркүрөгөн күз айларынын биринде Орто Азиянын булуң-бурчуна жакшы белгилүү Наманган шаарынын Ак-Гозо маалесинде (кварталында) жарык дүйнөгө келген. Ал атактуу Исмаил көпөстүн төртүнчү баласы болгон. Анын азан чакырып койгон ысымы – Мухиддин (кыргызчасы: «океан баласы» деген мааниде). Кыргыздар өз лексикасына ылайыктап «Мойдун» деп айтып калышкан.

Мухиддин тестиер чагында эле Намангандагы эң беделли чоң мечитте – аалым мужтахид (медреседеги эң бийик наам) ас-Садр Мухаммед бен Бакир деген эшенден билим алган. Мухиддин өзүнүн жаштыгына карабастан, Куранды толук бойдон жаттап алууга жетишкен. Анын окуудагы мындай көзгө көрүнүктүү жетишкендигин куттуктоо менен, мужтахид эшен балага тафсир (Куранды чечмелөө), фалсафы (философия), усул ал-фикх (ислам канондору, мыйзам булактары) сыяктуу сабактарды кошуп окутат. Өспүрүм кезинде Мухиддин билимдин бул негиздерин да ийгиликтүү өздөштүрүп чыгат.

Мухиддиндин уландык доору ошол кездеги мусулман дүйнөсүнүн «Ислам борбору» аталган Бухарадан, «экинчи Мекка» катары даңазаланган Кашкардан окуп-билим алуу менен өтөт. Бухарада, ислам окуусунан тышкары, практикалык магиядан сабак алат жана бул жагынан көп нерсени иштөөгө үйрөнөт. Айрыкча, Кашкар сапарында кербенчилерге кошулуп, Теңир-Тоонун элинин арасында соода жүргүзүүгө катышат, ошол эле учурда жергиликтүү элдин рухий дүйнөсү менен таанышат. Алардын каада-салттарын, үрп-адаттарын, күндөлүк баштан кечирген тиричилик жолун иликтеп үйрөнөт.

Жергиликтүү элдин жашоо-турмушка карата баёо мамилеси, дүйнөгө олуттуу көз карашы, тиричиликте туткан нарктуускасы бүт бойдон шарияттын жол-жоболоруна шайкеш келгенин көрүп таңданат жана өзү да ушундай момундар ичинде ислам сабатын үйрөтүү менен жашоого дилгирленет.

Карынын мындай асыл максаты, айрыкча, Тогуз-Торо эли үчүн өзгөчө маанилүү болгон. Мухиддин кары бул жагынан бир кыйла омоктуу ийгиликтерге жетишет.

Тагдырдын буйругубу, ал Тогуз-Торо жергесине байыр алып, «Кандуу моюн» кызы Кашымканга үйлөнүп, укум-тукуму менен түбөлүк «тогуз-торолук» болуп калат. Ошол бойдон Кары аке өмүрүнүн акырына чейин Тогуз-Тородон эч жакка чыккан жок. Бүт өмүрүн, бардык интеллектуалдык күч-кубатын, дамбылдалык парзын элди сабаттуу мусулманчылыкка тартууга, дилине чыныгы ислам рухун уютуу үчүн жумшап келди. Жергиликтүү эл Мойдун – Кары акенин мусулманчылык жаатындагы аракеттерин чоң илхам менен кабылдашкан. Бийлик төбөлдөрү да калайыктын калың катмары минтип мусулманчылыктын жөрөлгөлөрүн кабылдоого жана аларды бекем тутууга жигердүү киришип жатканына чексиз кубанышкан жана дамбылданын бардык аракеттерин колдоп, өзүлөрү эл менен бирдикте аткарып келишкен.

Тогуз-Торонун көчмөндүк тиричилигине байланыштуу чогуу намаз окуу, көпчүлүктүн катышуусу менен «Жума Намазга түшүү» сыяктуу мусулманчылык жөрөлгөлөрүн мечитте өткөрүү иши колго алынган. Бул үчүн Тогуз-Торо өрөөнүндө Бешуул уругунун Кара-Көң кыштоосуна биринчи жолу мечит үчүн атайын там салынып, бардык мусулманчылык жөрөлгөлөр ошол мечитте өткөрүлө баштады. Дин ырасымдары мечитте кабыл алынып, мечитте уюштурулуп калды. Бул көчмөндүү калктын рухий дүйнөсүнө кирген өзгөчө олуттуу жаңылык эле.

Бешуул уругунун манабы Бектен менен бирге Кара-Көң-гө мечит ачышат. Ошентип, элдин калың массасы ислам зыяраттарын мечитте өткөрө баштышат. Аймактагы бирден-бир ыйык борбор – мечитке келип табынышкан. Аз-аздап ал мечиттен балдарды да окутууга киришет. Адегенде арабча тамганы таанытып, аны бекем өздөштүргөндөн кийин, Куранды «эжелеп» окууга үйрөтүп, андан соң Курандын айрым бөлүктөрүн так жаттоого өтүшкөн. Ушундай окутуу менен катар, балдар хадистер-

Ошентип, мусулманчылык тогуз-торолуктар үчүн үстүрт эмес, чын ыкластан жүрөккө орногон диний ишеними, жашоо ишеними болуп калган. Албетте, мындай ийгилик жалгыз бир кишинин аракети менен ишке ашырылышы, чынында да ченемсиз улуу жетишкендик эле.

Менин ырахматылык атам Мойдун Кары Мухиддин дамбылданын өмүр жолунун кыскача баяны ушул.

## Согуш мезгилиндеги катуу тартип. Өтүкчү Бексултан жөнүндө

Согуш жылдарын айтсак, ал алаамат төрт жылга созулду. Мындай согуш адамзат тарыхында башта болуп көрбөгөн. Ушунчалык эбегейсиз зор кыйратуулар менен кан, ый төгүүлөргө кириптер кылды.

Согуш жылдарында биз жаш болуп калдык. Өзүнүн мүнөзү жагынан эки саясый системанын ортосунда (капиталисттик система менен социалисттик системанын ортосунда) башталган согуш чыны менен эки коомдук түзүлүштүн, мамлекеттик системалардын ортосундагы өтө элдешкис тарыхый тирешүү, тарыхый өмүр талашуу сыноосуна айланды. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде биздин Советтер Союзу начарыраак өнүккөн өлкө экени анын башталышында айкын көзгө түшкөндөй болду. Бирок, совет эли өзүнүн өлкөсүн коргош үчүн ушунчалык жан сайып, катуу күрөштү. Ал кезде өлкөбүздө болуп көрбөгөндөй бекем тартип орногон.

Ошондо армияга барчу балдарды Тогуз-Тородон Жалал-Абадга милийсалардын коштоп узатуусу менен алып кетишчү. Ушу биздин тамдын артынан жанагы Чарабай коо менен алып өтөт деп, бырпыраган топурак үстүндө ойноп отурсак, дүбүрттөп келип, тыягынан энелер кыйкырат, быягынан калган катын-калачтар кыйкырат, бала-чакалар кыйкырат. Андан кийин узап бараткан жигитттер жүздөн, жүз элүүдөн катарга тизилип өтүп кетишчү. Ушундай кыйын мүнөттөрдө топуракка оонап, чачыбашын жулуп, ыйлап жаткан энелерди көрөт элем. Ошондо мен жашмын, тамдын артында элдин ыйлап жаткандары, жаш жигиттердин узап баратышы, жан чылап кетергүс езгече кай-

Ошондон тарта, катуу тартип орной баштады, ал тургай, оозунан жаңылган кишилерди кээ бир ушакчылар жамандап барып, түрмөгө салдырган учурлар да болду. Мен ошондо Бексултан деген кишинин кесилгенин билем. Ошол Бексултан эмне үчүн кесилиптир деп үйдө кеп болуп жатканын угуп калдым. Ал убактарда майдандагы жоокерлерге посылка жиберчү. Ушул посылкага салынган кол каптар солдаттарга кантип жетсин деп айтты деп эле Бексултанды соттоп, Кара-Үңкүрдөгү түрмөгө камап салышыптыр. Кара-Үңкүргө туугандары учурашып келүүгө эч бири даап бара албаптыр. Ошол жерден Бексултандын өлгөнүн, анын колу чебер устачылыгын билдим. Түрмөчүлөрдүн өтүк-сөтүктөрүн оңдоп жүрүптүр.

## Улуу согуш сыноосу жана Улуу Сталин жөнүндө

Жана айткандай, согуш жылдарында биз жаш болуп калдык. Бирок, заман сыноосу бизди бат эле жетилтип, кичине эс тартып, максат жолуна бет алган куракта өткөн мезгилдеги баштан кечирген оор ахыбалга анализ берүү дареметине ээ болдук. Согуш өзгөчө катуу болду, ал бүткүл дүйнө жүзүндөгү эл-журттун көпчүлүгүнө орду толбогон мүшкүл түшүрүп, турмуш шартына чоң жакырланткан таасирин тийгизди. Бул согушка ошол мезгилдеги дүйнөдөгү эң чоң өлкөлөр катышты. Канкор Гитлер Германиянын экономикасын жана адам күчтөрүн согушка багыштап, Европаны бүтүндөй басып алып, Советтер Союзун, андан кийин Англия менен Американы толук талкалап, дүйнө жүзүнө өзүнүн үстөмдүгүн орнотом деген ойдо болгон. Мына ошол ниети менен аябай куралданган. Европанын бүткүл экономикасын, армиясын согуштук максатка пайдаланган, Советтер Союзуна каршы, чек арасын жакындатып алып келип туруп, аскерлерин аерге топ-топ, 1941-жылы 22-июнда зор өлкөгө каршы согуш баштады.

Мына ошол алгачкы мезгилдердеги Совет өлкөсүнүн согуштук аракеттерде алгылыктуу ийгиликке жетишпегенди-

туу маңдайлашып кармаша албагандыгы жана булардын себептери тууралуу көп эле сөз болуп келет. Ошол кезде эле: «Ушу качанга чейин биз далыбызды немиске көрсөтүп алып, артыбыздан немистерди кубалатып коюп чегине беребиз, деги, качан кайра артыбызга бурулуп, немистер менен бет маңдайлашып кармашаар экенбиз?» – деген советтик жоокерлер да көп болгон экен. Мен муну айтып жаткан себебим, тишине чейин куралданган душман «чү» дегенде эле Советтер Союзунан Москваны, Ленинградды, анан Кавказды бүтүндөй каратып алам деп, армиясын үчкө бөлүп согушка кирген эле. Муну биз тарыхтан жакшы билебиз, жакшы түшүнөбүз. Бирок, ошол мезгилде империалисттик өлкөлөрдүн өзүнүн ичинен согуш башталды. Биринчи жолу 1939-жылы 1-сентябрда Польшага каршы Гитлер согуш ачканда, Англия Германияга каршы согуш ачты. Ошондой эле, Гитлер бар күчүн 1941-жылы Советтер Союзуна багыштап, анан күч-кубатынын бардыгынча бир гана Советтер Союзун талкалаш үчүн аракеттенди. Мына ушул убакта өлкөнүн башында (чыны менен өмүр баяны абдан карама-каршы болуп айтылып жүрөт, бирок ошондой болсо дагы өзүнүн социалисттик системаны, анан коммунисттик коомду курамын деген максат-оюна катуу берилген ишеними менен бийликтин башында) чоң стратег, абдан катаал жана өтө таланттуу гений жолбашчы – Сталин турган. Сталинди эми мындай байкап, ойлоп көрсөк, анын бардык жасаган иш-аракети менен чыгарган мыйзамдары элдин жашоо-турмушун жакшыртыш үчүн гана болуптур. Бирок, эмгек тартибин катуу сактаган. Согуш убактысында колдо болгон мүмкүнчүлүктү, өнөр жайынын бүткүл күч-кубатын согуштук өндүрүшкө багышттап, ошол жакка бурдуруп, элге керектелүүчү товарларды чыгаруунун ордуна, согуштук курал-жарактарды массалык түрдө чыгара баштаган. Сталиндин ушунчалык катуу тартибинин натыйжасында, Гитлер, немистер басып ала турган жерлердеги өнөр жайлардын бардыгын тең Ыраакы Чыгышка, Орто Азияга көчүрүп барып, мына ошол зор-зор ишканаларды көчүрүп барган жеринде кайрадан курдуруп, бир жарым айдан кийин ал өнөр

Кийинки кезде Сталиндин ишине анализ бермекчи болгон кээ бирөөлөр бар бизде. Алар Сталинди көрбөсө, же бир мындай чогуу иштешпесе, анан эле кандай кылып анализ кылат, мен билбейм. Мен билген анализдерде: согуштун жылдарында Советтер Союзунан 27 млн. адам өлгөн деп айтылат, эл каттоодон кийинки чыгарганы же жашырган фактысы экенин билбеймин, дүйнө жүзү боюнча 50 миллиондон ашуун адамдын өмүрү кыйылган деп белгиленет. Согуштун негизги жүгүн Советтер Союзу көтөрдү.

Калп айткан менен болобу, биз бала чакта эле «эртерээк чоңойсок экен, эртерээк согушка барсак экен» деп далай ээленип, далай өзгөчө кыялданган абалга жеткен элек. Кыскасын айтканда, элдин аң-сезимдүүлүгү өтө бийик көтөрүлгөн экен, агитация, пропаганда маселеси да ушунчалык элге жеткиликтүү болгон окшойт. Бардыгы тең «Майдан үчүн, жеңиш үчүн!» деген ураандын алдында жүрүп, абдан катуу тартип орноду.

Сталин тууралуу кээ бирөөлөрдүн айткандарына караганда, өзүмдүн ой-пикирим боюнча да, Сталин өтө эле акылдуу, кулк-мүнөзү ашкере катаал киши болгон экен. Мунун чыгарган мыйзам-буйруктары жер-жерлерде иш жүзүнө кыйшаюусуз ашырылган. Кээ бирөөлөр, маселен, өлкөнү чыңдаш үчүн чыгарган жарлыктарына туш болуп, саясатты алдын ала биле албай, келечегин көрө албай, тескери кеткендигинин натыйжасында ошондой саясаттын курмандыгы болуп кетишти. Айталык, биздин Кыргызстан эмес, жалпы эле СССРдеги 1937-жылкы «контрда» чоң диверсиялык ушак Ежовдун кылган иши болуп, анан кийинчерээк Сталин Ежовду да жок кылбадыбы. Мына ушундан кийин катуу тартипти тутуу, өзгөчө кыраакылыкты көрсөтүүнү талап кылууга ооду. Ал эми социализм канчалык күчөгөн сайын, канчалык бекемделген сайын душман табынын көрсөткөн каршылыгы да ошончолук күч алат деп, 1937-жылы Борбордук партия комитетинин пленумунда сүйлөп койгон экен, ошол сөзүн сап кармап алышып, андан кийин «эл душманы» деп, 1937-жылы «контр» дегенди чыгарышып, Сталин кайра бир жыл-

кишинин оюн, пикирин, эмне деп сүйлөөрүн олуя катары алдын ала эле билген адам болсо керек. Кээ бирөөлөр Сталиндин бир ойлогон оюн түшүнбөй туруп эле, тигил тигинтиптир, бул минтиптир деп айтат.

Менин пикиримде, алардын бүтүмдөрү Сталин менен согуш жылдарында, тынчтык мезгилде бирге кызмат кылган кишилердин айткан сөздөрүнөн күчтүү, так болууга тийиш эмес. Маселен, мына, согуш жөнүндө жазылгандардан Штеменконукун окудук, Жуковдукун окудук, Рокоссовскийдикин окудук, Коневдикин окудук. Бул маалыматтардын баары көрүнүктүү, Сталин менен бирге иштешип, бирге согушту башкарган жетекчилердин айткандары. Мен ушуларды эмне үчүн айткым келет, ушулардын бири дагы өз эмгектеринде Сталин мындай эле, тигиндей эле деп жамандабайт, Сталин орой эле деп да айтпайт. Сталин кишинин сөзүн абдан кунт коюп укчу, жакшы аңгемелешчү, пикирин жакшы билчү деп Жуков өлгөндөй мактайт. Жуков дайыма Сталиндин жанында орун басар болуп жүрдү да согуш жылдарында, Жеңиш парадын кабыл алууну бекер жеринен Жуковго берген жок. Рокоссовский армия, фронтко командачы болуп, согушту жеңгенден кийин ошондой абройлуу болду. Сталин жөнүндөгү маалыматтарды өзгөчө Жуков так жана терең билет. Анткен себеби, бирге жүргөн, бирге иштешкен. Жуков эскермесинде: мынабу Яковлевди, ушундай конструкторлорду кээ кезде кеңеш куруу үчүн чакырып калчу эле деп коёт. Мына, болгону ушул. Мен муну эмне үчүн айтып жатам? Айткан себебим, кээ бирөөлөр түшүнбөй, көздөрү жетпей туруп эле өлкөнүн айрым бир көрүнүктүү жетекчилерин туура эмес сындап жаткандарына катуу наарazымын. Александр Чаковский деген «Литературная газетанын» башкы редактору бир эмгек жазып чыкты. Бул дагы өзүнүн чыгармаларында Сталиндин кулкмүнөзүнүн карама-каршылыктан тургандыгын белгилеп, андан кийин бүт генералдар менен жолугушуп, ошолордун пикирин угуп туруп жазгамын деп айткан эле. Сталин ошол өлкөнүн башындагы өзүнүн тарыхый ролун терең сезгендиктен, өлкөнү бошоңдотпой катуу кармап турду. Маселен, кичүү баласы Василий жөнүндө билесиңер, аны дагы «Сен иште

болгон. Эми муну деле жамандаганга сөз аяшпайт. Өлгөндөн кийин анын ушундай адилет иштерин жалаң жокко чыгарыш үчүн такай арбагы менен күрөш жүргүзүп келатышат, мен муну такыр түшүнбөйм.

Сталин ошол кездеги СССРдин эң коркунучтуу душманы – фашизмди мамлекетте ушунчалык катуу тартипти сактагандыктан жеңди. Сталиндин өзүнүн Жеңиш майрамында сүйлөгөн сөзүндө, орус элине жогорку баа бергендиги, аны «ясный ум» деп аябай келтирип туруп мактаганы, Мекен алдында өзүн абдан туруктуу кармаган жакшы мүнөзүнө чейин баса белгилегени айтылат. Советтер Союзунун ичинде орус улуту негизинен көп эл эле. Ошолор согуштун негизги азап-тозогун башынан өткөрүштү, ошолор согуштун каарын көп тартышты, түздөн-түз согуш талаасы орус жеринде болду. Анан ушуну айтып, орустан башка эл болсо, алда кандай болоор эле деп, орус элин өзгөчө жогору баалаган. Андан кийин Сталин ошондой эле ыраазылыгын Советтер Союзундагы бардык элге билгизип, жалпы элдин теңдешсиз патриоттугу, эмгекчилердин каарман эмгеги жөнүндө жылуу-терең сөздөрдү айтып, бул согуш эки системанын ортосундагы аёосуз кармашуу, эки коомдук түзүлүштөн башка дагы мамлекеттик түзүлүштү сыноо болду дегенде, ошондо социалисттик түзүлүштүн жашоого жөндөмдүү экендигин, тиги капиталисттик түзүлүшкө караганда өйдө тургандыгын, советтик бийликтин башкаруу системасынын тарыхка белгилүү системалардан жогору экендигин жеңиштин өзгөчө бир белгиси катары белгилеген. Мен муну айтып жаткан себебим эмне? Анткени, Сталинге жөн эле кээ биреөлөр, чокоюн жакшылап тартып кие албагандар деле сын коюп, анан тигиндей экен, мындай экен дешет. Сталин өзү духовный семинарияны бүткөнү менен, ал эң ири философ, чыгаан экономист, улуу мамлекеттик ишмер болгондугу ырас. Башкача айтканда, илимий коммунизмди түзгөн Маркс, Энгельс, Ленин, Сталин деп бекер аталып калбаса керек. Ушулардын эмгеги зор. Ошондуктан, Сталиндин эмгегин эч качан унутпоого тийишпиз, анын мыкты иштерин жөн эле жаман-

ликке келип алышып, уялбастан өздөрүнүн аттарын түбөлүккө калтырам деп ар кайсы мекемеге коюп тамтаңдашып, өздөрүнүн ким экендигин, элдин, журттун ичинде кандай салмагы бар экендигин билбей, келжиреген пенделер өтө эле көбөйүп баратышына мен аябай наараз болом. Андай болсо, маселен, мына ушул кадырлуу, ушул барктуу, ушул укмуш билерман деп, кыргыздын курч тили менен күбөлүк жазып туруп, чөнтөгүнө салып берсинчи. Ошол салган кагазы мактоого татыктуубу, татыктуу эмеспи, элдин арасында салмагы кандай – ачык болуп чыгат эле. Адамдык заты эмес, ошондой мансаптык кагазына мактанып, дардайып көөп, колдорун серектетип, төштөрүн кагып жүргөн немелер көп. Адам ар кандай болот экен. Кээ бирөө такыр эле түшүнүгү жок наадан абалына келет экен. Эл ичинде бекер айтылбайт да «Билимсиз адам өзүн баарынан жогору көрөт» деп.

Сталин жөнүндө дагы бир-эки ооз сөздү кошумчалап айткым келет. Ал тууралуу нечен жүздөгөн изилдөө китеп жазылды. Согуш жаңы башталган учурда Москвага Америка Кошмо Штаттарынан Гобкингс деген элчи келген экен. Бул Александр Бектин «Россиядагы согуш. 1941–1945-жылдарда» деген китебинде жазылган. Ошол Гобкингс келип, Сталиндин кабыл алуусунда болот. Анда немистер аябай кызуу чабуулга өтүп, Европанын бир топ өлкөсүн каратып, Россиянын бир топ жерлерин аябай талкалап, токтолбой алдыга жылып келе жаткан мезгили. Гобкингс Сталиндин кабылдоосунда болгондон кийин өзүнүн жарыялаган сөзүндө: «Мен Сталиндин ушунчалык терең акылдуу, ушунчалык калбаат, укмуштай сабырдуу адам экендигине чоң баа бердим, бул киши өзүнүн сөзүн кеминде бир нече жылдар мурун даярдап койгондой кылып туруп, эң ишеничтүү түрдө сүйлөйт», – деп белгилеп өтөт да, конкреттүү бир мисал келтирет. Көрсө, Гобкингске Сталин ошондо: «Согуш азыркы мезгилде Германиянын жеңиши менен келатат, жакында согуш туруктуу абалга өтөт. Германия чабуул коюп, биз жакты көздөй жыла албай калат. Биз аларды матап токтотобуз, андан кийинки калган убактысын көрөбүз», – деп көрөгөчтүк ой айтыптыр. Ушул сөзүнө абдан таң калат. Сталин мындай кескин тыянак-

нун согуштун башталышынан тартып этегине чейин жетишкен жеңиштери, ошол убакта басма сөздө жарыяланган ой-пикир, маалыматтардын бардыгы кеңири жазылган, көп тарыхый фактылар даана көрсөтүлгөн. Сталин өзүнүн мезгилинде, ошентип, абдан терең, өзгөчө бир олуя адам болгон. Мындай адамдар пайгамбардан кем эмес да.

Сталинди жамандашат, бирок ага тийиштүү: «мына мындай, так момундай деп команда берген, момундай кылган, момуну момундай ат деген, момундай буйрук берген» деген бир дагы далил, бир дагы кол жазмасынын түп нускасы (оригиналы) жок. Жөн эле божомол менен эле «Сталин жоготту» дейт, ошол дагы кеп болот бекен, даанасын айтыш керек, мобу кагаздын, мобу документтин бетинде турат деп. Эми социализм, коммунизмге келе тургандыгына ал өтө бекем ишенген. Чынында, эртедир-кечтир адамзаттын коому өнүккөндөн өнүгүп отуруп, эң жогорку коом даражасына жетет деп, тээ илгертен илимий коммунизм чыккандан тартып далилденген нерсеге акыры, мейли, эки жүз жыл болобу, мейли, беш жүз жыл болобу, адамзат баары биригип отуруп алып барат, азырынча, айрыкча, акыркы мезгилде да кээ биребүз ушуга көп түшүнө албай кыйналып жатабыз.

Сталин эки маселеге катуу көңүл бурган, Өзү Улуттар маселеси боюнча комиссар болуп турган кезинде улут жөнүндө аныктама берип, азыр Советтер Союзунда эки чоң уклон бар: бул – великодержавный шовинизм, андан кийин – жергиликтүү улутчулдук деп белгилеп кеткен. Великодержавный шовинизм дегенге улуу орус элинин башка майда улуттарга өзүнүн үстөмдүгүн көрсөтүүсүн таандык кылган. Так ошол жолдо «иш» жүргүзгөндөрдү Сталин аёосуз түрдө жазалаган. Майда улуттарды теңсинбөө, басмырлоо менен жашаган великодержавный шовинисттерге катуу сокку бергенин карагылачы. Сталин кандай чоң ишти жүргүзгөн. Анан жергиликтүү улутчулдукка таянып, өз алдынча бөлүнөбүз, өз алдыбызча жашайбыз, эгемендүүлүктү алабыз, анан тигинтебиз, минтебиз деп жөнү жок элдин келечегинен тыш оолуккандарга да катуу сокку берген, бул дагы ал заманда коом-

Мына азыр дүйнөдөгү экономикалык өнүгүштү байкап жатабыз, Эгер биримдиктешип, өз ара карым-катнаш менен жашабаса, дүйнөдөгү болуп жаткан зор илимий ачылыштарды жасоо күчтүү мамлекет болгон Американын да жалгыз колунан келбейт. Ошондуктан бүт дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр биригип, экономикалык байлыкты адамзаттын келечекте мыкты жашоосуна жумшап, кеңири өнүгүүгө мүмкүнчүлүк түзө турган шарттарды ойлоп табыш керек болуп жатат. Ошого жалгыз мамлекеттин күчү жетпейт. Ошондуктан акырындык менен экономикалык жактан алакалар чыңдалып, космосту өздөштүрүү жана дагы толуп жаткан маселелер боюнча чогулуп күч жумшоо зарылдыгы барган сайын алдыга курч коюлууда. Мына ушинтип акырындык менен жүрүп-жүрүп отуруп бири-бирибизге байланышып, жалпы планеталык алкакта кыналыша баштайбыз, чогуу жашоого өтө баштайбыз. Ошондо жанагы жергиликтүү улутчулдук, великодержавный шовинизм көрүнүштөрү акырындык менен өзүнөн-өзү четтеп, коомдун өнүгүүсүнөн сыртта калууга алып келет.

Болгариянын Компартиясынын жетекчиси, анан бүткүл дүйнө жүзүндөгү башкы коммунисттик уюм – Коминтерндин Генеральный секретары болгон Димитров, өзүн Гитлер Рейхстагды өрттөдү деп камап, аны шылтоолоп бүткүл коммунисттерге, социал-демократтарга, прогрессивдүү күчтөргө каршы атака койгон мезгилде сот процессинде туруп сүйлөгөндө: «Каалайсыңбы, каалабайсыңбы, тарыхтын дөңгөлөгү айланат, айланып, айланып отуруп, акыры коммунизмге алып келет», - деп айткан жери бар. Так ошондой болот акыры.

Согуш жылдарын эми айтып отурса түгөнгүс. Мен бир айрым жерлерин ирээттей албай, эсиме келгендерди айтып жатып, туура эмес сүйлөп койгон жагым да бар окшоп калды. Ошондой болсо да, Сталинди же бир көрбөсө, же бирге жүрүп, чогуу болбосо, же саясатын терең түшүнбөй эле анекдотту тиги-муну менен аралаштырып, өлгөн Сталин менен эле «күрөш» жүргүзүп жаткан кишилер көп. Же өздөрү саясатты түшүнө албайт, же Сталин билгендин миңден бирин билбейт. Кантип анан ошо кишилерге ишенүүгө болот? Же мындай бир айткан көрүнүктүү ою, фактысы болбосо,

мен ойлобойм. Андайлар Сталин киргизген тартиптин талаптарынан чыгып, Сталиндин темирдей мыйзамына тууралanып жасалгандар. Анан жер-жерлерде кээ бир таза адамдар да кошулуп атылып кеткендер учурлар болуш керек. Ал миңдеген көрүнүктүү кишилердин баарын тең иргеп-терrгеп, бардыгынын делосу менен тааныша албайт. Ал ар качан иште ырайымсыз, таштай катуу болгондугун өзүнүн деле балдарынын мисалдарынан көрүүгө болбойбу, өзүнүн баласын деле Хрущёвдой жеңилдик берип, алмаштыра койбойбу?. Өзүнүн баласы чоң кызматта иштеп жүрсө да, аны кызматтан алып ыргытып ийди. Жанагы азыркы жетекчилердин кээ бирөөлөрү, маселен, өлкөнү менин өзүмдүн иним башкарып калсын деген Фидель Кастродой болуп, бийликти катынына, тигиге-буга талашып алып берип жатпайбы. Сталин болсо, ошо балдарынын өлкөнү башкарып кете албасына көзү жеткен да, ошол себептен балдарына эч качан жогорку бийликти ишенип берген эмес. Ушул жагы укмуштай эле. Аны Жуков ушундай катуу мактайт, анан Чаковский алиги «Жеңиш» деген романын жазды. Чаковский дагы Сталинди аябай катуу мактаган.

## Садыбакун акенин домогу: кесилип берилген кийиз

Менчик болсо деле, эмне болсо деле, бүтүндөй оокаттан ашканын алып туруп, аскерге жөнөтүп жатты. Армияга атчан аскерлер үчүн аттарды жөнөтүп, аларды Токмокко жеткирип, андан ары майданга алып кетип жатты окшойт, мындай окуяларды көрдүк. Элибиз фронтко бардык жагынан жардам берип жатты. Эгин төгүп жаттык согуш жылдарында. Эгинди төгүп бүтүп, анан калган эгинди үрөнгө деп сактап, андан калган эгинди ошол кампадан чакалап, табактап элди багып турушту. Ушундай оор ахыбалдарды баштан өткөрдүк.

Ошондо да мектептерде окуу жүрүп жатты. Дагы айтып отурсам көп окуялар бар. Фронтко жардам жөнөтөбүз

эле. Анан бизде ат деле жок, өгүз деле жок болчу. Садыбакун деген биздин бригадир бар эле, бир күнү ал киши атама келиптир. Садыбакун аке жаны тынбаган, элди иштеткенге кыйын киши эле. Ошол киши келип алып атамдан: ушу ээр токум таап бербесең болбойт, Караке деп асылып, такыр эле тынбай койду.

Атам ошондо алдыбызга салынып жаткан кийиздин теңин кесип берди. Апам келип чыркырайт, бербейм эле бербейм, балдар кайсыга жатат деп. Атам болбой: кой, кой, эй, кемпир, муну бербесең болбойт, ал өзү өкмөт, керек болсо биз да өкмөттүн карамагындагы кишибиз, керек болсо, кийизди эмес, бизди дагы алып кетет, беришибиз керек, тыякта керек болуп жатыптыр, элге тамак-аш жетпей жатыптыр, тоскоолдук кылды, эгин бербей койду деп, анан эгинге ушундай кыянаттык кылды десе, биздин баарыбызды тең жок кылып коёт, андан көрөкчө унчукпай туруп, мобу жагын кесип берип кутулалы деп айтты. Садыбакун, бери кел деп, Садыбакунду чакырып, кийизди кесип бергени эсимде. Апам болсо чыркырайт, атам болсо жанагындай түшүнүгү бар, билимдүү киши эле. Өмүр бою бир күн да милицияга түшпөгөн киши. Нечен молдолор согушка аттанып кетти. Менин атам соодагерчилик максатта эмес, элдин малын союп сатчу, касап да болгон, ашкананын башчысы да болду, молдочулук да кылды, бардык кесипти башынан өткөргөн абдан жөндөмдүү, түшүнүктүү адам эле.

Ошол убактарда, кийинки мезгилдерде деле атам байкуш элге, үйгө келип отурган аксакалдарга айтат эле, баланча баланчадай кылып уурулук жасаптыр, түкүнчө түкүнчөдөй кылып карматпай кетиптир, тигинтти, минтти, потребсоюзда мындай жеп-ичүүлөр болуптур, тигиндей тескери басышыптыр деп. Ошонун бардыгы тең караңгычылыктан дечү атам. «Эй, койгула, өкмөт менен да кармашып, анан уурулукка да барып, өкмөттүн мүлкүн уурдап жеген киши оңбойт. Ал эртедир-кечтир колго түшөт. Мамлекет көзөмөлү деген бул өзү араба менен коён уулайт. Азырынча ал тымызын болуп жүрө берген менен, бир күнү иштин, уурулуктун бети ачылат. Анан ошондо көрөсүңөр, ошондо колго түшөт ал алдамчы, ал жегич, жуткуч.

## Согуш алааматы жана Бегалы

Мен согуш жылдарында болуп өткөн окуяларга бир аз токтолгум келет. Анда элдин баары тең отурукташып, колхоз-совхоз түзүлүп, андан кийин партиянын айтуусу боюнча социализм жеңди деп жаткан мезгил болуш керек.

Карамырза деп коёбуз, Тогуз-Торо районунун Киров айылында Боромбаев Бегалы деген адам 1939-жылдан кайра-кайра башкарма болуп шайланды. Согуш жылдарында ушул кишинин үйүнө барып калдым. Ал мага бөлө болот эле. Эми ал убакта мыкты деген башкармалардын үйлөрү мындай эле: үстү жалпак, эки бөлмөлүү там. Шифер же черепица, атүгүл цемент дегенден эч нерсе жок заман. Баягы эле дубалдын үстүнөн устун менен жаап коюптур. Ошондой тамда жашайт экен. Үйдүн оозгу бөлмөсүндө килейген чоң меш турат. Мештин үстүндө килейген кара казан бар. Анан эртең менен эрте туруп калдык. Эл келип жатат. Бир челекке жарма ачыткан экен, бир маалда баягы казанга ошону куйду. Алдынан бирөө от жагып жатат. Казандагы жарма жылый баштады. Жылыгандан кийин көбүгүн алып, бир чоң жыгач аяк бар экен, болжол менен бир жарым литр чамасында жарма батат, кирген кишилер ошо менен бирден алып ичишип эле, кайра ырахмат деп коюп эшикке чыгып кетишет. Көрсө, согуш жылдарында элди колхоздордо ушундай багышкан экен. Эгиндин жоктугунан, элдин баары бир гана жерден эртең менен, анан кечинде бир аяктан ошентип жарма ичип, нан дегенди чанда эле үй көрбөсө, нан деген жок болоор эле.

Ошентип, жарма менен бакканын көрдүм. Мен ошону ойлонуп жатам. Бардыгын тең өлкөгө, болгон мүмкүнчүлүктөрдүн баарын тең согушка, жеңишке арнап берип, элди дагы өлтүрбөйлү деп жарма менен сактап калгандарды көрдүм. Мунун өзү бир топ чоң окуя. Эл ушинтип багылган экен. Эгин-тегин да анча жакшы болчу эмес, чегирткеси бир жагынан, экинчи жагынан отоо чөп басып, анан эгинди кол менен оруп, боолап алып келип, кырманга коюп, моло таш

лап тураар эле. Жадегенде, эгинди алып кеткенден кийин дагы кээ бир айрым кишилер кыштын күнү кырмандын өзүнө барып алып топонду сапырып, ошондон эптеп бир кочуш эгин алып келатса дагы өкмөттөр, милиция кармап алып, жазалап, коркутуп, ошону да алып коёр эле. Бирок, эли-журтубуздун көздөгөн максаты бир гана фашисттерди жеңип чыгыш керек. Согуш мезгилинде курсагыбыз чың тойбой, элдин баары оорулуу, кыйналып, күчкө жарактуу кишилердин бардыгы тең армияга кеткен.

## Нарында, педагогикалык окуу жайында

Мектептен кийин училищага бардык. Училищага бир топ балдарды алып барышты. Анда балдарды ФЗО дегенге чакырышчу. ФЗОго күч менен баягы армияга алгандай эле алып кетишчү. Сүлүктүгө, Кызыл-Кыяга таш көмүр каздырат экен деп. Бир топ балдар барып, кайра качып келип эле жүрүшчү. Бизден чоң, бир топ алыбеттүү, күчтүү балдар бир сыйра барып да келишти. Жүзүпжан, Бактыгул дегендер да барды.

Сүлүктүдөн Жүзүпжан качып жолдо келатып кармалып, алты жылга кесилип кетиптир. Тентектик жасаганбы, эмне болгонун билбейм. Кыскасы, кесилип кетип, андан кийинчерээк кутулуп келди. Келгенден кийин анын ордуна бизди чакырып калды. ФЗОдо иштеген адам атамды тааныйт экен. Ошол убакта айтылуу манасчы, комузчу Молдобасан Мусулманкулов баштаган өнөрпоздор Тогуз-Торого оюн койгону келишиптир. Тиги киши насыбай тарткан киши экен. Атамдан насыбай сурап келип, ошондо сүйлөшүп отуруп калышат. Балдарды жыйнап кетүүчү Фрунзеден келген киши Молдобасанды да тааныган кишилерден болуп чыгат. Ал: сенин балаңды ФЗОдон алып калам деп, алып калды.

Аңгыча эле Нарындагы училищага кимдер барат деп калышты. Бир топ балдар даярдалыптыр. «Сен да окууга барасыңбы?» - деп сурады менден атам. Ошентип, «мен да барам» деп окууга жөнөдүм. Жолдо бара жатып орто жерде

да тыгылып калып бир топ жаттык. Ушинтип отуруп Кош-Дөбөгө араң жеттик. Кош-Дөбөдө бир күн болуп калдык.

Ал мезгилде Тогуз-Торо району боюнча бир полуторка машина бар болчу. Анан ошого түшүп, Кош-Дөбөдөн чыккандан кийин эртеси кечке чейин жүрдүк, айланайын. Жолу деле ат жол сыяктуу эптеген бир жол экен. Машинаны түрткүлөйбүз, аңдан эптеп чыгабыз, кайра ылдый түшөбүз. Ошентип жүрүп отуруп, араң дегенде Дөрбөлжүнгө жеттик. Дөрбөлжүндөн узап, анан ар кайсы жерде кичинекей кыштактар бар экен, аларды аралап отуруп, кечке жуук Нарынга келдик.

Нарын калаасы эки эле көчө, обкому менен райкомунун контору бир экен. Эми ал Тогуз-Тородон барган бизге аябагандай чоң көрүндү. Москваны көргөндөй болуп, Нарынды дегеле айтып түгөтө албайбыз. Бизди, бир жатакана бар экен, ошого алпарып Тогуз-Торонун балдары деп бир бөлмөгө киргизип койду. Байтөрөевдун баласы Макелең да барган. Бердалиевдин күйөө баласы Чолпонкулов деген да барган. Ошол балдардан Карабагыш Сартбаев кийинчерээк бизге келип, бухгалтер болуп туруп дүйнөдөн кайтып кетти. Мына ушулар сыяктуу көп эле балдар барган. Кээ бирөөлөр кайра качып кетти. Кошунам Базаркулдун уулу Дербишалы да барган. Ушинтип отуруп 23-августта Нарынга барганымды билем. Анан кийин, 25и болуп калганда, Тогуз-Торонун балдары келсин, эртең мугалимдер таанышабыз деп жатат деп калышты.

Ошентип, бизди училищага чакыртты. Училищанын бери жагында карагайларды жыйып койгон жери бар экен. Баарыбыз тең ошол карагайлардын үстүнө чыгып алып отурабыз. Тентек балдарбыз. Жүзүпжан тентегирээк бала эле. Ал болот устараны каяктан таап алганын билбейм. Анысын жыгачтын жаракасына салып, ортосунан жип менен байлаган нерсени жасап, даярдап калыптыр. Бир маалда эле, эсине түшкөнбү, Дербишаалынын муруту өсүп калган экен капкара болуп, сен бул капкара мурутуң менен Тогуз-Торонун элин бүтүндөй жаманатты кыласың, андан көрөкчө мурутуңду алып коёлук, сен мындай жакшыраак болуп кирбесең, улгайып калган кишини окууга алып келген турбайбы деп баарыбызды

шилемейлеп Дербишалынын мурутунун бир жагын кырып алып жатты. Аңгыча Тогуз-Торонун балдары киргиле деп калды. Ошону менен кыңыракты Жүзүпжан ыргытып ийди. Ыргытып ийгенден кийин эле, тиги бечаранын бир жак муруту капкара болуп турса, экинчи жагында тасырайып, мурут жок! Баягы балдар баарыбыз тең каткырып калдык, аны карап алып эле бышкырып күлөбүз! Анан бир топтон кийин конторго кирдик.

Конторго кирип эле мугалимдерди бир тиктейбиз, Дербишти бир тиктейбиз, ошентип ыкшып эле жаткан балдар. Көргөн мугалимдер: бул балдар соо балдар эмес, булар бир жинди, Тогуз-Торонун эли жиндилерин жиберген турбайбы деп, Базаркулова деген математик мугалим бир жакка, башкалары бир жакка кетти. География мугалими облаткомдун төрагасы Чикеевдин аялы экен. «Кана, мындай чыкчы? Сен кимсиң?» - десе: «Мен Базаркуловмун», – деди. Ошентип, баарыбыз бышкырып күлүп жаттык. Бир убакта мугалим: «Эгер сен 8-классты бүтсөң, «$a^2$» деп жазчы, тамыр боюнча эсеп чыгардыңар да», – деди. Базаркулов чыгып эле АКВ деп жазса болобу!. «Ботом, бул мектепте окуган бала эмес, «$a^2$» деп жазчы десем, АКВ деп жазганы кандай?» - деп жинденди. Деги, чыныңды айтчы, кайсы классты бүткөнсүң деп аны кекетип киришти. Ал тумчуккансып сөз айта албай, кекечтенип туруп калды. «Отур», – деди. Бир маалдан кийин «Чопиев» деди. Булардын Чопиев деп фамилиясы да укмуш экен, Чопу деген капкайдагы бир атты да коюп алышат деп тилдей баштады. Бир убакта «Мойдунов» деди. Мен чыктым. Калп айткан менен болобу, жакшы окугам. Ошон үчүн жанагы бөлчөктү бөлчөккө көбөйтүү, бөлчөктү бөлчөккө бөлүү, алуу, кошуусун сурады, мен айтып бердим. Айтып берсем, а ушунусу окугандай болгон бала экен деп калышты. Ошо менен «а» классына алышты. Тогуз-торолуктардын бирин да кетирбей, «а», «в» жана башка класстарга бөлүшүп, баарыбызды тең окусун дегендей кылышты окшойт. Мына ошентип, училищада окуп калдык. Айта берсем, окуучулук турмушта көп эле көңүлдүү окуялар болду.

Окууга барганда жалаң эле баягы мектеп жанындагы

Ошондо биздин арабызда училищага барып окугандардан аял алып, балалуу болгондор да бар. Маселен, Бердалынын күйөө баласы барган. Нарынга жакын турган куланактыктардан бир топтору барыптыр. Ак-Талаадан Мергенбаев деген барган, Токтожума деген барган. Мына ушулардын бардыгы окушту. Анткен себеби, ал убакта билимдүү адамдар аз экен. Биздин Тогуз-Тородон Сейдалиев Эрмекти, Чөөбаскандын аялы Шаакыны, ошондой дагы бир топ кишилерди окууга жиберишиптир. Арстанбекова Батыш да окууга барыптыр (Арстанбеков Эрмектин эжеси). Бирок, көп балдар барганы менен, жеткирген кишиден мурун кайра эле качып кетишиптир. Тогуз-Тородон кандай окууга алып барса, бир ай окубастан кайра качып келишкен. Ал эми кээ бирөөлөрү үч ай, төрт айдан окуп алып, кайра келип 7-класска чейин эптеп сабак берип, «мугалим сөрөй» болуп иштеп жүрө беришчү экен. Мурун ушундай болчу. Мектепте жергиликтүү мугалим кадрлар дээрлик жокко эсе болгон.

Согуш жаңыдан бүткөн, эл жакырчылыктан, жокчулуктан, ачарчылыктан аз-аздап арылып бараткан учур эле. Атам кайраттуу киши болчу, 15–16 жаштагы баласын окууга жөнөтүп жатса: окуй турган болсоң, барсаң барып окуп кел деп мени жөнөттү. Апам болсо, жөн эле согушка баласын жөнөткөндөй ыйлап жатып, араң көнгөн эле. Мына ушинтип окууга бардык. Мен ал жерде беш-алты ай окугандан кийин балдардын арасынан тың болгонсуп калдым окшойт. Анткени себеби, ошол убакта жатакананын балдарына домком болуп калдым. Күнүгө, балдардын тамак ичишине, жатаканага жатышына, ашып калган тамак-ашты турмушу начарыраак балдарга үлөштүрүп берүүгө жооптуу болуп дегендей. Ошентип, балдарга, мындайча айтканда, «актив» болуп жүрдүм. Ал тургай, 2–3-курста окуп жүргөн кезимде мектептеги окуучуларды физзарядка ойното турган военруктун жардамчысына чейин жетип калгам. Өзүмдүн жакшы окугандыгымдын натыйжасында мугалимдерге көрүнүп, жакшы билим алууга жөндөмдүү болдум.

Мына ушундай окуялар улана берди. Бирок, баягы окуу-

ке чыга албай калдым. Баягы бала зыңкыйып калыптыр, тигинтип калыптыр деп эл айтат экен деп, өзүмдөн өзүм коруңуп, эшикке чыгуудан тартындым. Ошентип жүрүп, августтун ичи тез эле болсо, биздин келген каникулдук мөөнөтүбүз аяктап, окууга кетсем экен деп шашыла баштадым. Имиш-имиш сөздөрдү да угуп калдым. Казарманга потребсоюзга жүк тарткан гана шоопурлар каттачу, ошол шоопурлардын жүгүнүн үстүнө олтуруп алып жабышып келчүбүз. Ошол убакта жыгылып кетсек эмне болот, эптеп бир «чуңкур» жасап алып, тырмышып отуруп жетээр элек. Арканды кармап, Ак-Мойнок, Ой-Кайыңдыны артка калтырып, нечен-нечен ой-кырларды ашып, анан Чет-Булакты аралап олтуруп араңдан зорго Казарманга келип түшчүбүз. Жол-катнашы мына ушундай абдан начар болгон. Элдин турмушу да начар эле.

Биз окуп жаткан мезгилде тамак-аш, кийим-кече жетишпейт. Көрсө, согуш убагында өнөр жайлардын бардыгын тең согуштук курал-жарак чыгарчу ишканаларга айландырып ийип, анан согуш аяктагандан кийин кездемелерди кайрадан чыгара баштаган тура. Ошондо биринчи жолу сукно келе баштады. Анан кийин шерстке өтүп, кездеме буюмдары аздыр-көптүр жаңырды.

Согуштун аягында, 1945-жылы күн жара деген чыгып, кишилер андан жеп, шишип-көөп өлө баштады. Мына ушундай оорчулук мезгилде 15–16 жаштардагы балдар Нарынга барып училищадан окуйбуз деп, ата-энелерибизди таштап коюп, кыйын турмушта окуубузду уланттык. Көпчүлүк жолдошторум качып баса берди. Ошондо мен, Сулайман, Тайлак, Култай төртөөбүз гана училищадан аягына чейин окуп калдык. Ушул төртөөбүз тең аябай тырышып окудук. Ал эми көпчүлүгү чыдабай, кыйналгандан кайра качып баса беришти. Жүзүпжан үйлөндү да, ошондон кийин окуусун таштады.

Жана мен Тогуз-Торонун балдары суучул болот дебедимби. Ошондой бир окуяны айтып берейин. Күндөрдүн бир күнүндө эле: «Ушу Нарын суунун аркы өйүзүнө «ойт» деп ким сүзүп чыга алат?» - деп талашып калышты. Нарын, Ат-Башы, Кочкор, Жумгалдын сууда кулач уруп сүзүүнү жакшы билген бир баласы жок экен. Балдар менен сүйлөшүп оту-

мен кулач уруп эле ойноп тыякка, быякка чыга алам деп калдым. Балдар угуп отуруп бизди: мелдешкиле, мелдешкиле деп калышты. Ал менин бир пальтом бар деди, менин 300 сом акчам бар, муну саям дедим. Анан экөөбүз мелдешип кеттик. Ошентип, балдар менен ээрчишип алып, Нарындын башындагы көпүрөгө бардык. Ал жерди, Нарындын суусу киргендегиге караганда, мен үч-төрт кулач уруп эле өтүп кетип калам дедим. Ошол мезгилде суу менен карагайлар агып келип жатыптыр.

Чечинип, кол алышып сууга түштүм. Мен акырын эле кулач уруп, аркы өйүзгө чыгып, карагайды минип, кайра берки өйүзгө кулач уруп чыгып, ошонун пальтосун утуп алдым эле. Пальтосун алып туруп, ошол убакта бизде бир начар турмушта жүргөн балага: ме, сен алгының деп кармата бердим.

Бала чакта үйрөнгөн өнөрүбүз жакшы болгон экен. Сууну Тогуз-Торонун балдары жакшы билет, сууда жакшы сүзөт, сууда жакшы ойнойт. Мобу Кайыктын боюнан аркы өйүзгө бир, берки өйүзгө бир жөн эле кулач уруп чыкчубуз. Мен ошол жаш чагымда такыр коркчу эмесмин. Өйдө жактан барып алып жанагы көпүрөнүн өйдөрөөк жагынан түшүп, кайра эле тиги көпүрөнүн ылдый жагынан түшчүмүн. Мына көпүрөнүн аркы өйүзүнөн берки өйүзүнө ушинтип эле кулач уруп ойноп жүрчүбүз. Суу болсо тим эле төө өркөчтөп, толкуну асманга карай атырылып тураар эле. Ошол толкунда кетип бараткан өрдөктөрдөй болуп кулач уруп келет элек. Кийин-кийин, эс тартып калганда, ошондой кылып сүзөйүн, сууга түшөйүн деп бардым. Бирок, эмнегедир жүрөгүм сүрдөп калыптыр. Анткени, адам эс тартып калат турбайбы . Баягы төө өркөчтөп келаткан жерде килейген чыпкалуу жыгачтардын арасына суу агып барып, шыкап киргизип койсо, эмне кылам? Же болбосо, килейген темирлер жатса, курсагымды жарып кетсе эмне болом деп ойлоп алып эле өзүмөн-өзүм коркуп калыптырмын. Көрсө, бала чакта, эс тарта элек кезде жөн эле балыктай чабак урчу турбайбызбы. Мына ошол мезгилде андай чоң сууну биз кеп катары да көрчү эмес экенбиз.

Мына ушинтип отуруп окууну уланттык. Атам молдо киши

жаштык мезгилдерибиз сайда, токойдо, балык уулаган жайларда, гүл терген тоолордо калды дегендей, менин жаштыгым, айланып кетейин, өзүмдүн туулуп-өскөн жерим Тогуз-Торонун ошол сай, булак, карагай, токой, черлеринде калган экен. Ошол кайтып келбес жаштык күндөрүм кандай гана ырахат ээ, атаганат!

Каерде жакшы окусаң, мугалим деле, деги бардыгы эле сени сыйлап, барктап калышат экен. Маселен, мен ошол жерде окуп жүргөн 2-курс кезимде эле домком болдум. Алыстан келген балдардын баары ошол жатаканада жатабыз, кеминде 50–60тай бала. Келип-кеткен балдарды учетко аламын, тартипти караймын, кээ бир убактарда балдар мугалимдерден уруксат сурап кетет, алардын порциялары ашып калат. Кээ бирде 10–15тей бала келбей калат, алардын тамактарын начарыраак балдарга бердиртемин. Анан, өзүбүздүн ичкен тамагыбыз эмне, капустаны эле сууга кайнатып коёт. Ошого алып барган талкандарыбызды чалып, туздан салып, анын боткосун жеп эле оокат кылдык. Дагы өкмөт ошол училищанын балдарына үч жүз граммдан нан берип, оокат кылдырып, окутуп, тарбиялап өстүрдү.

## Студенттик турмуш: биз ушинтип окуганбыз

Ошентип, күндөр өтүп, айлар өтүп, жылдар өттү. 1945-жылы, бизден башка кээ бир мүмкүнчүлүгү жоктор жанагы күн жараны жеп өлүп да жаткан учурлары болду. Биз кышкысын Тогуз-Торого келе албайбыз, кышкы күн, жол жок. Барган бойдон Нарында жүрөбүз. Ошол убакта училищанын күчкө жарактуу кишиси жокпу, билбеймин, Тогуз-Торонун балдары калабыз. Калгандан кийин бир завхозубуз бар. Ал тээ Ат-Башынын «Биринчи Майынан» карагай даярдаган экен, ошол жерден карагай алып келесиңер дейт. Январь айында, каникул мезгилинде өзүбүздүн кийимдерибиз деле жука, эптеп бүрүшүп отуруп Ат-Башыга барып, Ат-Башынын наркы өйүзүндө «Биринчи Май» колхозу бар экен, ошол жерден

калп айткан менен болобу, жылуу болчу. Отту жагып, тамак-ашыбызды ашпоздор даярдап берет.

Балдардын баары каникулга кетти, кайра келди. Кээ бир эстүүлөрү: балдар, эми силер ушу жерде калдыңар, байкуштар, биз болсо үйгө барып келдик, ата-энебизди көрүп келдик деп, үйлөрүнөн алып келген майларынан, тамак-аштарынан кайрылышып калат.

Арадан бир топ айлар өттү. Жарбаналиев Сасык деген үчүнчү курста окуган домком бар эле, азыр да бар. Биз биринчи курста окучубуз. Ошол бир түрмөдөгү кишиге посылка жибермекчи окшойт. Сары майы бар экен. Ал убакта эмне, татынакай чемодан деген жок, кичинекей үкөктөрдөн, ящиктерден жасап койгон эле бир кичине немени көтөрүп алчу, устанын көмүркөйүндөй болгон. Ошого салып келген экен. Аны биздин балдар байкап калыптыр. Анан ошонун майын уурдадык, калп айткан менен болобу. Нарындын шаркыратмасына бардык. Баягы өзүбүздүн тамактан кичине үнөмдөп калган экенбиз, күздүн күнү эле, майдан бычак менен четинен томуруп жептирбиз, талканын кошо аралаштырып жептирбиз, калганын катып койдук. Он эки, он үчтөй бала бардык. Жеп коюп билмексен болуп отурабыз. Жарбаналиев болсо айрым шектүү балдардан: сен эле алдың, сен алдың деп, ар бирин өзүнчө комнатага киргизип алып сурак кылып жатат. Биз «көргөн жокпуз, билген жокпуз» деп эле танабыз.

Ошентип, баягы Жарбаналиев, кантсе да ал чоң бала да, кыйын экен. Ал убакта аял алгандар да биз менен кошо окучу. Биз жаш балдар майды жеп, күчтүү тамак жегенгеби, керебетте жатыптырбыз. Жаткандан кийин баарыбыз ысуулап, жууркандарды тээп-тээп, жылаңач жатып калганбыз го. Анан келип алып санап, мобулардын бардыгы май жеген немелер деп, жууркандарыбызды тээп, катуу кекетти. Ошондо бирөө аябай катуу коркок бала экенин билип туруп, аны кысмакка алганда, ошол айтып бериптир, ушундай кылып жегенбиз деп. Баарыбызды тең силерди окуудан чыгарам, тигинтем-минтем деди. Балакетти чыгара алабы, ал убакта эп-

Ошо менен бизди коркутуп, окуудан чыгарбастан эле, момунча сомдон акча бересиңер деп акчадан салык салды, акчасын бердик. Ошентип, жумгалдык Жарбаналиев Сасыктан араңдан-зорго кутулдук. Мына ушундай кылып, ушундай «тамаша» күндөрдү өткөрдүк. Бир чети тамаша, бир чети ачарчылык.

Жайында, каникул мезгилинде үч-төрт машина керек-жарак союзунун кооперацияларына товар алып жөнөйт, ошол товар алган машиналардагы товардын үстүнө отурабыз. Бийик товардын үстүндө учуп кетсек деле ыраазыбыз. Эптеп Тогуз-Торого жетишибиз керек. Ошонун баягы тарткан аркандарына белибиздеги курубузду кошо байлап коёбуз. Кокустан уктап кетип кулап кетпейлик деп. Уяда жаткан чабалекейдин балдарындай болуп, буту-башын бүтүндөй кыл менен байлагандай кылып, биз дагы ошо арканга белибизден байланып алып келебиз Тогуз-Торого.

Эми бул жакта Ак-Чечек, Ак-Кыя деген жол участкалары бар. Эчен кишилер ушу Нарынга барабыз деп, жолдо эле кыялардан учуп, машиналары талкаланып калчу. Ал убакта шоопурлар да анчейин жакшы адис эмес. Жолубуз да начар. Ушундан көп кишилер зыян таап, ар кайсы колоттун аттары бар – бул жерде татар өлчү, тиги жерде баланча өлчү деген. Биерден Төлөгөн учкан, тиги жерден Бактыгул учкан деп эле машиналардын ар кайсы жерге талкалангандары бүт эстелик катарында калды.

Кайра августтун жыйырма, жыйырма бештеринде Нарынга барчубуз. Тогуз-Торого барып алып, Нарындын эки көчөсүн мактайбыз. Эки көчөсүн айтып түгөтө албайбыз. Ушу чоң Москваны көргөндөй болуп сүйлөйбүз. Эч нерсени көрбөгөн балдарбыз. Башкармалар отурган жерлерге барып отуруп калабыз. «Сен эмненин окуусун окуп жатасың?», – деп сабатсыз башкармалар сурашат. Төртүнчү классты эптеп бүтүп, атын, фамилиясын жазганды билген башкармалар экен. «Мен училищаны окуп жатам». «Ким болосуң?» «Мугалим болом». «Сенин мугалимдигиңди, анан үч жыл окуган дипломуңду мен жөн эле сатып аламын», – деп күпүлдөгөн башкармалар болду. Кээ бир балдар үнчүкпай, ошону угуп


## Чет-Булактагы мугалимдик кесип

Казарманда «Орус көчөсү» деген бар эле. Бул өзү тээ-тээтиги 1936-37-жылдарда пайда болгон. Согуштун алдына чейин Тогуз-Тородо жылкы заводу уюштурулган. Ошол жылкы заводунун сарайларын куруп, антип-минтип иш менен келген орустар Казарманда бир көчөдө жашачу. Алардын бала-чакаларынан азыр бирин-сериндери бар, ошолор иштеп жүрөт. Немистер да келип жашаган. Ошондо орустар жашаган көчө «Орус көчөсү» деп аталчу.

Биздин үйдүн маңдайындагы секиде, ал жерге атүгүл эски оорукана курула электеги жерде, «Кемпирдин тамы» деген бар эле. Ал там биздин үйгө жакын болучу. Анан анда жашаган кемпир абдан кыйын киши эле. «Тоту эле, Тоту!» – деп кыйкырчу. Анда мен төртүнчү класста окуп жүргөн кезим болуш керек. Чакырганда барчумун. Барсам, баласынан кат келиптир, аны окуй турган кишилер жок экен, ошону мен окуп берчүмүн. Мен дайыма ал кемпирге баласы Кожокенин жазган каттарын окуп берет элем. Окугандан кийин аябай кубанып, сүйүнүп, баласынын айткан сөздөрү дем болуп калаар эле. Мына муну менен эмнени айткым келет? Анткени, ошол кезде Тогуз-Тородо бой жеткенден карысына чейин бүт бардыгы тең сабатсыз болгон. Эми ошону мектеп окуучусу, төртүнчү класста окуган мени «ушул окуйт» деп, атайын Кожокемдин келген катын окутуп жатпайбы. Эл ошондо азыркыдай сабаттуу болсо, анда четинен эле өздөрү окуй бермек болчу.

Тогуз-Тородо биз биринчи орто маалыматтуу адам болуп, төртөөбүз бүтүп келгенбиз дебедимби. Анан ошо бизди калган Тогуз-Торонун балдарына үлгү-мисал болсун деп, үчөөбүздү үч жерге завуч кылып дайындашты. Ошентип, мектеп жетекчилиги менен иштешип калдык.

Мен Чет-Булакка барсам, Мааткеримов Маша деген киши мурун директор экен. Анан кийин анын ордуна Чалбай дегенди алып барып, директор кылды. Көрсө, Чалбай райкомдун биринчи секретары Акунов Такенин жердеши экен. Ошол убакта




Тотунун атасы- Мойдун
(Мойдун кары).



Тотунун апасы- Кашымкан эне.



Тотунун бала чагы.



Тоту Мойдунов ата-эне, бир туугандарынын арасында. Сүрөттө (солдон оңго) Тоту Мойдуновдун жубайы Данагүл, карындашы Кайрынса, иниси Байдылда атасы Мойдун, анын алдында отургандар: Пари, Тажыгүл, Тоту, иниси Абийла, эжеси Саткын.



Тотунун карындашы Мойдунова Кайрынса.





Нарын педучилищасынын I курсунун студенттери(1947-ж.) отургандар Абдыкадыров Сагын, Мойдунов Тоту. Туруп тургандар: Бектенов Сулайман, Чороев Б.



Салтанат, Толгонай, Байдылда.



Тотунун кызы Пари жана



Эркимбаев Култай,
Абдылдабеков Тайлак
(Тоту менен педучилищаны
бир бүткөндөр.(1952-ж.)



Педучилищанын
студенттери:
солдон оңго.
Отургандар:
Алтын, Данагүл,
Сабира.
Туруп тургандардын
ортоңкусу-
Кудашев Айылчы.



Тотунун
педучилища-
дагы
классташ-



Теңир-Тоо чиновниктери.



Тоту, уулу Жээнбек, жубайы Данагүл, кайниси Мусаш.



Абий жубайы Күкүн, балдары менен.

Кыргыз мамлекеттик университетинин үй-бүлөлүү студенттери: Тоту жана Асанбек, жубайлары, наристелери менен.





Данагүл кошуналары менен.

Мугалимдердин билим өркүндөтүү курсунда.






Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинин II бүтүрүүчүлөрү (1952-1957) Т. Мойдунов бүтүрүүчү.



Мойдунов Тоту КМУнун бүтүрүүчү курсунда.



1-катарда: Асанбек, Данагүл, Тоту.
2-катарда: Мусаш, Сакен, Абий.



Макелең.

КМУнун тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрү акыркы студенттик май майрамында. Катардын 2-си Филипов, 3-сү Рудаков, 4-сү Чепеленко, 6-сы Абдылдабеков, 7-си Мойдунов.





Колхоз башкармасы Тоту Мойдунов райондук жетекчилер менен.
Райкомдун биринчи секретары К. Акназаров райисполком Ж.Жакыпов "Жеңиш" колхозунун башкармасы Эдигеев.



Тоту Мойдунов Тогуз-Торо элинин кеменгер калыс аксакалы Бектурган Чодиев менен. Сүрөттө 1-катарда (солдон оңго) Кыдың Абдылдаев, Чодиев Бектурган, Кыяскан Көчөрбаев,2-катарда: Аскар Чодиев, Тоту Мойдунов.



Тогузторолуктардын бир тобу, 1-катарда: Абдыкеримов Султан, Беккулиев Токтосун. 2-катарда: райкомпартиянын кызматкери Чекиров, баш доктур Айылчиев, врач Көкөтаев Орозобек. 3-катарда: Тайлак Абдылдабеков,

Таяке-жээн: Мойдунов Тоту жана Арстанбеков Эрмек.





1-катарда:
Абдылдабеков Тайлак,
Абдыкеримов Султан,
Мойдунов Тоту,
Түмөнбаев Апас.
2-катарда:
Ороков Бакы,
Табалдиев Асанбек,
Атыканов Качкын,
Тезекбаев Казыболот.
3-катарда:
Кождалиев Жакаш,
Чодиев Аскар.

Тогуз-Торо мыкчыгерлери: Рысалиев Максүт, Мойдунов Тоту, Түмөнбаев Апас, Абдыкеримов Султан, Быржыев Бактыгул.





Тоту жубайы Данагүл уулу Жээнбек, күйөө баласы Кыдыралы



Тоту жакын туугандары менен. Отургандар: Тоту Мойдунов,Салидат, Данагүл Алымкулова. Туруп тургандар: Бакы Ороков, Кайрынса Мойдунова, Алымкулов Мурсакан.



Тоту энеси, бир туугандары.





Адамзат алдындагы улук кесип- дан өндүрүүнү уюштуруунун дасыккан ишмерин (Т.Мойдуновду) буудайдын болочок түшүмү канааттандырат.

Тотунун кичинесинен моюндашып бирге өскөн досу Көккөзов Орозбек, медициналык илимдердин кандидаты, доцент.

Сүрөттө: айдоочу Чүкүш, Тоту Мойдунов, Орозбек Көккөзов, жердеши, досу Тайлак Абдылдабеков.



Тоголок Молдо колхозунун башкы эсепчиси Шаршекеев Жылкы башкарманын төрагасы Мойдунов Тотуга эсеп берүүдө. Жанында парторг Сарбагыш.



Тоту Мойдунов Тоголок Молдо колхозуна Туу тапшырууга келгендер арасында.



Москва райондук комсомол комитетинин 1-секретары Абийла Мойдунов жаштар форумунда сүйлөп жаткан учуру.



Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин председателинин биринчи орун басары Капустян колхоздун мыкты өскөн жүгөрүлөрүнүн арасында. Райком І-секретары К. Акназаров коштоп жүрөт.





Колхозчуларга жогорулаткан социалисттик милдеттенмелерин кабыл алдыруу алдында...Т. Мойдунов ой үстүндө.



Социалисттик мелдештин шартары менен тааныштыруу колхоз жетекчисине жүктөлгөнүн Тоту Мойдунов элге жарыялоодо.



Тоту Мойдунов колхоз чарбасынын тоют фронтунда чалгычы студенткалар менен активтүү иш



Угуучулар саясий талаш-тартыштан кийин.

Алматыдагы Жогорку партиялык мектептин тогузторолук угуучулары: Тоту Мойдунов, Абдылашым Кыдыргычев жана Сали.





Тоту Мойдунов, Алматыдагы партшколдун кыргызстандык угуучулары менен Абай эстелигинин жанында.




Алма-Атадагы эки жылдык жогорку партиялык мектептин 1965-жылдагы бүтүрүүчүлөрү. Алма-Ата шаары.

келип, анан райондо ар кандай кызматтардын башын ээлешчү, ошентчү. Ошондой жердешчилдик белги менен Чалбай барып иштеп калды. Ошолордун арасына биз жаш мугалимдер барып түштүк. Мектепте мурдатан иштеп жаткан мугалимдердин сүрү өзгөчө күчтүү болот экен. Биз эшикке чыгып сүйлөшүп тура берээр элек, кээ бир убактарда, кир десе да болбой, сабакка кирбей, балдар ызы-чуу болуп. Анан кийин Маша аке тээтиги илгери башынан өткөндөрдү, тыякты-быяктын баарын айтса эле баарыбыз тең угуп тура берчүбүз. Ошентип, ал жерде мугалим болуп иштедик.

Кийинки жылдарда мен райондук эл агартуу бөлүмүндө инспектор болуп иштедим. Ошондо иштеп жүрүп ойлонуп отурсам, инспектордун айлыгы азыраак, анын үстүнө тынчы жогураак. Ар кайсы мектептерди эки-үч күндөн жатып текшерип, андан кайра келсек, башка мектептерге жиберип, ушинтип эле тынчыбызды алчу. Ал убакта Абдрасулов Садык деген биздин райОНО башчыбыз бар эле. Ошентип иштеп жүргөндөн кийин, бир күнү мен арызданып айттым, мен Казарман орто мектебине мугалим болоюн, үйүм жакын, жанагыдай эле кыдырып жүрсөм, же иштен натыйжа болбосо десем, Казарман орто мектебине мугалим кылды. Аялым да мугалим, өзүм да мугалим, тынчып эле калдым.

## 1950-жылы Нарынга кеңешмеге барганым. Жан-Булактагы кайындарымда.

1950-жылы мен өзүмдүн районума келип, Чет-Булак айлындагы мектепке завуч болуп, ошондой эле тарых сабагынан берчүмүн.

Ал аралыкта тарых, Конституция сабактарынын берилиши боюнча облуста чоң кеңешме болду. Ошондо Мустафин деген облОНО башчысы бар экен, биздин райОНОну Абдрасулов Садык башкарчу. Бул жактан мен, Сулайман, Кош-Дөбөдөн Рыскул болуп баарыбызды Нарынга Садык алып барды. Кеңешмеде эң макталып, жогорку окуу жайын бүтүп келген Абдиев, дагы аны менен окууну артыкчылык диплому

эле биз укпаган термин менен сүйлөйт. Биз училищаны жаңы бүткөндүктөн, анын сүйлөгөнү абдан чоң таасир калтырды.

Ошол убакта райондун эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Садык «сен сүйлө» деп мени жаздырып таштаптыр. Эч даярдыгы жок эле чыгып алып, тарых, Конституция сабактарынын берилиш методикасы жөнүндө кандай тажрыйба менен сабак өтүп жатам, өзүбүздүн Мекенибизди, элибизди сүйүүдө тарых сабагынын кандай чоң мааниси бар экендиги жөнүндө, аны кандай жолдор менен балдарга тереңирээк түшүндүрүп бергенимди, ошондой эле Конституция бул өзү советтик коомдун негизги мыйзамы экенин, аны урматтап, сыйлап, жакшы барктап, мыйзамдуулукту туура тутуп, жаштарга терең билим берүүдө, кылмыштуулук менен күрөшүүдө пайдалануу зарылдыгы, ошондой эле совет мамлекетинин түзүлүшү жана башкалар боюнча өзүмдүн күндөлүк сабак берүүдөгү тажрыйбамды, билимимди айтып түшүндүрдүм.

Андан кийин, эртеси күнү Жан-Булакка мени «отко кире кел» деп чакыртышыптыр, ал жакка барып калдым. Жан-Булактын үстүнкү айылын «Бирдик» деп коёт экен. Ошол өзүнчө бир колхоз. Ошондо менин кайнатам Алымкул деген киши башкарма экен. Мен кайнатамды көрө элек да болчумун.

Бардык. Бир убакта кайнатам күн батаардын алдында келди. Ал киши абдан зор киши экен. Мага ушундай сүрдүү таасир калтырды. Баягы кинолордон көрсөтчү басмачылардын корбашчыларындай.

Чыгып учурашалы деп мени жүгүнтүштү. Андан кийин, Сулайман деген бир жолдошум бар эле, ал барып акырын ал киши менен колун берип учурашам десе, колун да толук бербестен, сөөмөйүн карматып койду деп, өтө нааразы болуп жүрдү. Мына ошентип ал жерде сый көрдүк. Бажаларымды алып келди, анан алар менен таанышып, ал күнү ошентип сыйлашты.

Анан эртеси болгондо Жан-Булактын туурасындагы чоң жолго атчан жеткирип койду. Аттарды мындайда чоң чубатма жол менен бастырат экен. Кар бир топ болчу. Чоң жолго түшүп алып, андан Ак-Талаага келдик. Келсек, аттардын сазайын аябай берищиптир ак-талаалык, дербелжундук туугандар. Ал

жеткиришчү экен. Отун ташып жатып аттарыбыздын «абийирин» кетирип коюшкан экен. Эптеп Тогуз-Торого чейин келип, Юлдашев Каргалыктын белин ашканда атты жөө жетелеп чыгып, ошентип азабын тартканбыз. Мына ушундай күндөр али биздин эсибизден кете элек.

## Жогорку билимге умтулуу: Тогуз-Тородон Фрунзеге сапар

Мектепте иштеп жүргөндө бир нерсени байкадым. Ошол убакта Кыргызстандын бүт бардык жеринде мугалимдердин көпчүлүгү жалаң эле көлдүктөр, Көлдүн айланасынан келгендер болор эле. Анткен себеби, Караколдо пединститут ачылган экен, мурун да көлдүк балдар Фрунзенин окуу жайларында окуган экен. Ошентип, ал жерден көп бүткөн экен. Анан ошол бүткөндөрдүн бардыгы тең, түштүккө барсаң деле завучу, директору көлдүк, быякта деле ошондой.

Казарман орто мектебине ошол 1948-жылдарда Кайбылдаев Асан барды, азыр комуз искусствосу боюнча изилдөөчү болуп жүрбөйбү. Ошол Асан барып завуч болду. Мамажанов, Айманбетов ж.б. көп жаштар барып мугалим болуп иштей баштады. Ошолорду көрөм да, анан менин өзүмдүн бешинчи, алтынчы класстан жогоркуларга сабак берүү колумдан келбейт, кудуретим деле жетпейт. Анткен себеби, менде ал боюнча билимим жетишсиз. Училищадан окуганда эмне, бизди ошол башталгыч мектепке карата эле даярдаган экен, ырас, арифметиканы жакшы окутат ал жерде, анан химия дегенди такыр окуган жокмун. Физиканы да билбедик. Ошондой эле тамырларды, башкача айтканда, геометрия, алгебра дегендерди такыр окутпайт экен. Ошентип, мындайыраак эле окутуп, башталгыч мектептин мугалимине даярдап чыгарыптыр.

Мен карасам, жогорку класстарга сабак бере албайм. Жогорку класстарда окуган мага окшогон эле балдар жогорку класстарда мугалим болуп, алар мугалимдер институтун бүткөндөр. Алар деле орто мектептин программасын жакшы

дин жоктугуна байланыштуу онунчу класска чейин сабак беришет. Ошентип иштеп жүрүшөт. Ушуну көргөндөн кийин мен ардандым, анан окууга барам деп чечтим. «Окууга барам дагы, институтта окуйм», – деп атам менен энемди даярдадым. Апам болсо, окубай эле кой дейт. Атам абдан түшүнүктүү адам болчу. «Мен ошол илимдин артынан, балам, Кары деген атка конгом. Мен сары куранды жатка окуйм, өзүң көрүп жүрөсүң. Ошонун арты менен Тогуз-Торонун эли-журтунун бардыгы тең мени атымдан айтпастан, Мойдун аке дебестен, Кары аке дешет. Ушул билимдин арты менен жетишип адам болуп жатам, ошондуктан окушуң керек», – дегенден кийин, окууга баруу маселеси чечилди. Анын үстүнө 1951-жылы университет жаңыдан ачылып калды. Анан 1952-жылы мен так ошол университеттен окуйм деп бардым. Тарых факультетине экзамен тапшырып өтө баштадым. Ал кезде окууга өтүш дагы абдан кыйын, оор болчу, билимиңе карата болчу. Бирок андагы балдар билимдүү эле. Же болбосо айыл чарба институтунан окуюн деген оюм бар. Анда окуюн десем, жанагындай химия, алгебраны билбейм, андан өтүү кыйын болду. Ошону үчүн мен тарых факультетине кирүүнү чечтим. Ошондон кийин Кыргызстан мамлекеттик университетинин тарых факультетине окууга кирдим.

Тарых факультетине кирели деп Тогуз-Тородон Талабаев Дүйшөн деген жигит, анан мен Фрунзеге келдик. Калгандардан окууга барайын деп деле баш көтөргөнү жок. Экөөбүз Бекболотов дегендикине бардык. Бекболотов анда Жогорку соттун мүчөсү экен, өмүр бою сот болуп өткөн киши. Ошол Дүйшөндүн эжеси Талабаева Жумакан дегенди алган. Дүйшөн менден мурунураак кетип, жездесинин үйүндө жүргөн экен.

Мен Фрунзени көрө элекмин. Бир эле талаанын башынан мелмилдеп күн чыгып, кайра түптүз талаага батат экен. Капырай, ушундай экен деп таң калам. Бизде тоонун арасында күндүн чыккан, батканы да башкача. Анан бул Чүй өрөөнү да өзүнчө кызык көрүндү. Шаардан жатак издесек, бир «Дыйкан үйү» деген мейманканасы бар экен. Барсак, элдин баары тең тыгылышып, орун жок дейт. Эп-

вокзалга барып түнөйбүз деп, анан вокзалды көздөй жөнөдүк экөөбүз. Вокзалга барсак, ичинде отура турган орунда да киши толтура. Анан чарчап келген мен вокзалдын чыга беришиндеги кайкалаган цементтин үстүнө башыма кичинекей чемоданымды коюп, чалкамдан түшүп уктай бердим. Эл нары түшүп-чыгып жатат чубап, бери түшүп-чыгып жатат, а мен кайкыда жатам. Бирөө келип бөйрөккө тээп кетсе эмне болот, ошондо деле хулигандар аз чамасында окшойт.

Эртең менен эрте болгондо, ойгонуп алып, университет каякта десем, ушуякта деп көрсөтүштү, момундай жүрсөң барасың дешти. Элтеңдеп-делдеңдеп жөө эле жүрүп отуруп, ошол вокзалдан университетке бардык. Барсак, бир топ балдар жүрүптүр. Алар менен сүйлөшүп отуруп, кандай, силер да окууга келдиңерби, биз да окууга келдик, каяктан – Жумгалдан, каяктан – Көлдөн, тыяктан деп жерлерин ушинтип айта баштаганда, силерге орун бердиби, жатакана бердиби деп сурадым. Орун берди, жатакана берди, комендантка барсаң, паспорт, документиңди көрсөтсөң орун берет деди. Мен паспорт, документти көрсөтсөм, бир матрац берип, бир бөлмөгө жиберди. Ага барсам, он чакты бала жатыптыр. Алардын арасына барып мен да жатып калдым. Ошолордун ичинде тарых факультетине кирем дегендери, тиги-бу факультетке кирем дегендери бар экен. Баары бирдей эмес, ар кандай. Кээ бирөөлөрү улгайып калган эле кишилер. Аларга аралашып, мен дагы барып окууга кирейин деп калдым. Аңгыча болбой Тайлагымды таап алдым.

Эми Тайлак жөнүндө бир-эки ооз сөз кошо кетейин. 1949-жылы мен, Сулайман, Култай үчөөбүз Нарын педучилищасын бүткөндө, Тайлак Жалал-Абад шаарындагы педучилищаны бүтүп, түз эле Фрунзеге барып, пединституттун чет тилдер факультетине окууга өткөн. А биз болсок, училищаны бүткөндөн кийин Тогуз-Торого барып, үчөөбүз тең үч мектепке завуч болуп калганбыз (1949/50-окуу жылында). Ал эми Тайлак болсо, ал факультеттин биринчи курсун бүтүп, андан ары окуусун улантпай, Тогуз-Торого келет. 1950–51-окуу жылында Киров мектебинде 4-класска сабак берет. Кийинки 1951-жылы

керек деп даярдана баштайт. Фрунзеге келип тарых факультетине документин тапшырып коюптур. Анан мени көргөндөн кийин, кой, экөөбүз бирге даярданалык деп чечтик.

## Университетке экзамен тапшыруу «эпопеясы»

Мына ошентип кирүү экзамендерине консультациялар башталды. Тарых факультетинде Оморов деген абдан чоң киши бар экен, ал келип тарыхтын ар кайсы темаларынан лекцияларын окуду, биз үч-төрт лекциясына катыштык, ошону менен бүттү.

Бүткөндөн кийин экзамен тапшырганга кирише баштадым. Экзаменге киргенден кийин эле баарыбызды биринчи жолу сочинение жазасыңар деди. Сочинение жазыш үчүн актовый залга алып кирди. Кеминде үч жүз бала кирдик окшойт. Жыш койгон столдор турат, ошонун бирөөнө барып отурдум. Лейтенантпы, капитанбы, бир жигиттин жанына отурдум, өзү орустун тилин жакшы билген жигит экен. Мен болсо нан сураганды билбейм. Орус тилине ушунчалык жокмун да, кыскасы. Нарынга келип орус тилин үйрөнө алган жокмун. Тогуз-Тородо орус жок эле. Эмне кылам эми мындан деп туруп, баягы капитандын жазганын көчүрүп, анын биринчи абзацын экинчи абзац кылып, экинчи абзацын үчүнчү абзац кылып эле чалды-куйду кылып жазып жатам, баягы улам берип коёт өзүнүн жазгандарын, андан мен көчүрүп жазып коём. Ошентип, андан көчүрүп алган экен деп айтпасын деп, жанагындай кылып бузуп жазам да, билбей калсын мугалим дегендей кылып. Тайлак деле «эки» алыптыр. Баарыбыз эле «эки» алыптырбыз. Ката көп кетет. Эмне кылышыбыз керек?

Кайра ректор диктант жазсын деп бүтүм чыгарыптыр. Ошондо тарых факультетине кирүүчүлөрдөн диктант алды, жүз элүүдөй бала катышты. Ошондо Тайлак экөөбүз жанаша отурдук. Тайлак баягы чет тилдер факультетинде окугандыктан, бир топ өсүп калыптыр. Орустун тилин жакшы өздөштүрүп, орус тилинен чет тилге, чет тилден орус тилге которуп, ошентип бир жыл окуп калган экен. Мен Тайлактан

«үч» алыптырбыз, ошонун ичинен мен алыптырмын «үчтү», жалгыз Тайлак «төрт» алыптыр. Ал убактагы калыстыкты көрдүңбү. Ошентип, орус тилдин жазуусунан «үч» алдым, диктантынан. Анан тарыхтан экзаменди Лачко деген алды. Лачкого кирдик, чоң киши экен, кашка баш. Бир маалда ага ойго келген бир топ нерселерди айттым. Ал түшүндүбү, түшүнбөдүбү, кыскасы, тамтаңдап өйдө-төмөн сүйлөгөндөй болдум. Аягында, өзүнүн жанына отургузуп алып: «Эгерде тарых факультетине өтсөң, кандай окуур элең?» – деп сурады. «Я учиться буду только пятерьку!» - дедим. Ошондо эле «бешти» коюп берди. Себеби, мен орустардын сүйлөп жаткан сөзүн түшүнчүмүн. А бирок айтып, мындай сүйлөм түзүп сүйлөшө алчу эмесмин. Андан кийин географиядан экзамен тапшырдык. Географиядан да орусча билбейм, суроолору эң эле жөнөкөй, ал кыргыз тилинде болсо сайрай бере турганмын. СССРдеги дарыялар, суулар, көлдөр, деңиздер деген теманы бериптир. Ошол теманы айтып, СССРдеги көлдөр, дарыялар, деңиздер Жер шарынын төрттөн үч бөлүгүн ээлейт дейм. Ошол төрттөн үч дегенин орусча айталбайм, орусча айталбай, анан үч дегенин тегеректеп туруп, мобуреки вода, озера, анан тигиндей-мындай десем, экзамен алган кемпир ойлонуп калды, ушунун бир эптеп аракети бар экен дегенсип. Менден жаман, айталбагандар дагы бар окшойт кебетеси. Мага «беш» коюп берди. Аны менен сүйүнүп калдым. Эки «беш», бир «үч» болду. Орус адабиятынан экзамен тапшырып калдык. Анда Островскийдин чыгармачылыгы боюнча суроо келиптир, Островский десе эле, мен «Болот кантип курчуду» дегенди жазган Николай Островский экен десем, башка Островский экен. Мугалим келип алып, сен туура эмес айтып жатасың, сен башка Островскийдикин айтышың керек деди. Кичине чет-жакасынан түшүндүрүмүш этип айтсам, «үч» коюп берди.

Ошону менен эки «үч», эки «беш» алдым дагы, эмне кылсам деп ойлонуп туруп, Кожалиев Турганбайга атайын барып жолугуп, ушундай баа алдым десем, Турганбай айтты: «Анда сен түз үшу Табышалиевге кирип көр, таанышта-

экен. Эшигин ачып кирдим, кирсем, бир-эки киши отуруптур. «И, бала, эмне келдиң?» - деди. «Агай, мен Тогуз-Тородон келдим эле, ушу сизден жардам сурайын дегем. Деканаттан, тыяктан өтөмбү, өтпөймбү, билбейм, экөөнөн «үч», экөөнөн «беш» алдым. Окуюн деген аракет менен келдим. Ушуга бир жардам кылабы деп сизге кайрылдым», - десем, ошол жерден трубканы алды дагы, Чүкүбаев дегенге чалды. Тарых факультетинин деканы ошол экен. Чүкүбаев комиссия чечет деди окшойт. Бир маалда: эми комиссия болсо дагы, ушул бала келип калыптыр, окууга алып кой деп, кадырын салып сурады. Анан: «Айттым, балам, ичине от түшсө, мүмкүн сени алып калат, мындан артык кандай жардам кылам», - деп жакшы сөзү менен эшикке чыгарды. Атам ээрчитип жүргөндөй сездим. Ошо менен мен кайра кеттим. Айылда аялым бар, бир кызым бар. Аялымды, кызымды баарын тең айылга таштагам. Силер туруп тургула, бир жылдан кийин келип алып кетем, мен азырынча бир жылча окуп келейин, бул окууну бүтпөсөм, биз киши болбой калабыз деп аялымды эптеп сооротком. Ал бышаңдап ыйлап, Жан-Булакка чейин болбой ээрчип келген. Бир маалда эле телеграмма келип калды, «Тоту, өтүптүрсүң» деген. Ошондон кайра бардык.

Ал убакта Нарын менен Фрунзенин ортосу жөн эле таш жол болчу, асфальт деген такыр жок. Анан бир эле «пазик» каттачу ошол экөөнүн ортосунда. Ошого эптеп кезекке туруп, ордубузда тик турган бойдон Фрунзеге жеттик. Андан Дүйшөндүн жездесинин үйүнө түштүм. Азыркы Тоголок Молдо көчөсү анда Ворошилов көчөсү деп аталчу. Ошого барсам, Бекболотов да бар экен. Алар чоң киши, Жумакан тааныйт. Дүйшөн экөөбүз ойноп келип жатып калдык. Университетке барып, буйрук чыккан тизмелердин ичинен карасам, Мойдунов Тотука деп жазып коюптур, өттү деп. Стипендия менен өтүптүрмүн. Анан кайра Нарынга келип колуктумду алып, Казарманга кеттим. Аялым Даанагүлдү: сен Казарманда калып, ата-энеге, карыган кишилерге көз салып, иштеп тур деп, таштап коюп окууга жөнөдүм.

экенбиз. Ошонун теңме теңи орус, теңме теңи кыргыз. Кыргыздын ичинде улгайып калгандан райондук прокурор болуп иштеп келген Жумабаев деген бар экен. Райкомдо пропаганда, агитация бөлүмүнүн башчысы болгом дегендерден экөө жүрөт. Мектеп директору болгом дегендер жүрөт. Мен болсо үч жыл иштеп келгенмин. Анан калгандары бүт училищаны жаңы бүткөн жаш кыздар, балдар экен. Жалаң артыкчылык диплому менен келгендер деп коюшту. Кийин Жогорку Советтин Президиумунун секретары болуп иштеген Өмүркулова Сабира да бар эле. Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектепти күмүш медаль менен бүтүп алып барыптыр. Ошолордун арасына кошулуп калдык.

Жарым жыл окудук, анттик, минттик. Жатакана берди. Эки кабаттуу керебеттер бар экен, Тайлак экөөбүз ошондой бир керебетте жатабыз. Тайлак астыңкы, мен үстүңкү кабатында жатам. Ошентип, экөөбүз тең жалаң төртүнчү, бешинчи курстун балдарынын арасында жашап калдык. Айдаралиев Ысагаалы ошондо окуп жүргөн балдардан экен. Ошолор менен чогуу жатып калдык Тайлак экөөбүз кээ кезде баягы айылда жүрүп саясат талашкан адатыбызды карматып, тигилерди сынап сурап, антип-минтип философиядан, тиги-бу саясатчылардын көз караштары жайында суроолорду жаадырабыз. Тайлак да мындайдын далайын окуп алган экен, бешинчи курстун балдары менен талашып-тартышып эле кармаша беребиз. Суроо берип, сен туура эмес айттың, мындай болот деп биз уяткарып калабыз. Ошентип жүрүп, калп айткан менен болобу, катуу даярдык менен окуган экенбиз. Үч айдан кийин кичинеден оюбузду билдирип сүйлөй баштадык. Окуганда жакшы окуп, түшүнүп эле барам, анан орусча сүйлөгөнгө келгенде кыйналам.

Убакыт билинбей өтүп, биринчи семестрди бүттүк. Биринчи семестрди бүткөндөн кийин экзамен болду. Биринчи экзаменден «беш» алдым. Бирөөнөн «төрт» алып калдым, археология, этнографиядан. Андан кийин өмүр бою «үч» алган жокмун да, «төрт» алган жокмун, жалаң «беш» менен окудум. Ушу менен окуп кеттим, эркин сүйлөй баштадым. Мугалимдердин лекцияларын толук конспектилеп жазганга жети-

лерди ойлойм, ошол оюмду кагазга түшүрүүгө колум жетпейт, оюм алда кайда кетип жатат. Мына ошентип жетилип калдым. Менин биринчи курста окуган мезгилим ушундай болду.

Дүйшөн жакшы бала эле, окууга өтпөй калып, анан Казарманга келип дүйнөдөн кайтып кетти.

## Тарых факультетиндеги студенттик жылдар

Бизди университетте абдан жогорку маалыматтуу, терең билимдүү мугалимдер окуткан экен. Анда кыргыз кадрларынан илимдин кандидаттары, докторлору көзгө сүртөөр дарыдай эле, өңчөй окутуучулар, ага окутуучулар бар болчу. Билимдүү мугалимдерден Бегималы Жамгырчиновдон окуп калдык. Анан бизди Россиядан келген Мейер деген, Вуйницкий деген, Семенов деген укмуштуудай күчтүү мугалимдер окутту. Зимма деген бар, анын аялы да мугалим. Петровец деген Борбордук Комитетте иштеген орус аял сабак берди. Мына ушулар бүт эле орусча окутту. Кибиров деген археологиядан берет. Анан улуту эмне экенин билбейм. Кыскасы, орус тилин ушундай мыкты сүйлөйт эле.

Өзгөчө, бир мугалимге таң каламын. Ал мугалим Ленинград университетинде иштеген киши экен. Анан «космополит» деп саясый айып тагылып, Ташкентке айдалып келген экен. Ал жактын университетинен биздин Кыргызстандын университетине которулуптур. Ошол киши Осип Львович Вайнштейн деген болчу. Ал Ждановдун колунан партиядан чыгыптыр, Ленинград обкомунан. Себеби, анда Европанын маданиятын ашкере катуу мактап, Советтер Союзунун маданиятын, орус элинин маданиятын чет өлкөнүкүнөн төмөнүрөөк коюп сүйлөгөндөрдү «космополит» дечү. Ошол селге кабылып, ошондон Кыргызстанга келиптир. Биз ушу кишинин колунан үч жыл окуп калдык.

Бизде окуган студенттерди айтып жатпаймынбы жыйырма сегиз деп, ошонун теңме теңи коммунисттер болчу,

даамын татып, өйдө-төмөндү көрүп калган адамдар эле. Бизге куратор кылып, биздин курсту жетектөөнү ошол О.Л.Вайнштейндин колуна тапшырды. Мен ошол кишини байкаар элем, ал эч бир конспектиси жок эле, уйдун тилиндей болгон кенедей кагазга кичинекей кылып бирдеме жазып коёт эле. Анан эшиктен бир мүнөт кечипей сабакка кирип келет да, пальтосун чечип туруп, отурган отургучтун кырына таштап коёт. Өзү ушундай отуруп алып жакшынакай кылып сүйлөйт эле. Улуту еврей киши, адамды өзүнө тартып, ушунчалык чечендик менен сүйлөп жатканда, ошо окуя, баштаган теманын маселелерине кошо аралашып, кошо жүргөнсүп, өтө элестүү мүнөздө аңгеме курат. Мына ушу киши бизге көп билимди берди. Биздин жанагы көрүнүктүү, чоң жазуучуларыбыз, тарыхчыларбыз – ушулардын бардыгы тең ал киши отурган жерге келип отура алчу эмес. Ал ар нерселерди, бирдемелерди сүйлөп жатып эле аларды «жүдөтүп» жиберет экен. Ошондой учурда бир кепке тартса, жооп бере алышпай калабы биздин окумуштуулар.

Анан ошол Осип Львович Вайнштейн кыргыздын көп балдарын бүтүндөй илимдин кандидаты кылып чыгарды. Мен билгенден, Арзыматов деген ошонун тушунда кандидат болду, Семенов деген да кандидат чыкты. Өзү ушундай кыйын киши болчу. Мындай окуяны айтайын. Бир жолу каникул мезгилинде Ленинградга барып, кайра Кыргызстанга келгенде, ар кайсы замандарда биздин жерге каттаган саякатчылар, алардын көргөн-укканы, изилдегендери жөнүндө өтө кызыктуу лекция өттү. Бир күнү: «16–17-кылымдарда Кыргызстанга келген саякатчылардын, алардын ичинен Европанын саякатчыларынын көргөн-билгендери» деген темада окулчу лекциясынын кулактандыруусун жаздырып коюптур.

Осип Львович кыргыз жерине келген немистин саякатчылары тууралуу көп баалуу маалыматты айтты. Ошол лекциядан мындай бир мисал эсимде калган экен. Бир саякатчы кыргыз элин аралап, жашоо-тиричилигин кенен-кесири сүрөттөп жазып, Боом капчыгайына араба менен келатыптыр. Анан Боом капчыгайынан арабасы бузулуп калат. Бузулуп калгандан кийин эмне кылыш керек деп, арабанын

дон түшүп келип, баягы арабага чегилип турган аттарды уурдап кетиптир. Ал эми арабадагы сонун, мыкты товарларга эч ким тийбей, ошо бойдон турган экен. Анткен себеби, Вайнштейндин айтуусу боюнча, кыргыз эли малга жакын, мал чарбасын өзгөчө дүнүйө, оокат катары көргөн эл турбайбы. А тиги товарларды таанybaйт турбайбы деп профессордун күлкүгө чалып, тамашага айландырып сүйлөгөнү алигиче эсимден кетпейт. Мына ушундай кыйын кишинин колунан окуп калдык.

1953-жылы Сталин өлдү, үч айга жетпей туруп партиялуулугу калыбына келтирилип, профессорду кайра Ленинградга алып кетишти. Анын өзү автор болгон чоң-чоң китептери бар эле, абдан калың. Бизге сабак бергенде ошолордон, өзүнүн эмгегинен гана окутчу. Ошонун баланча бетинен баланча-түкүнчөсүн окуйсуң, тигинтесиң-минтесиң деп. Ал мына ушундай чыныгы улуу киши эле.

Биринчи курсту бүткөндөн кийин айылга келсем, аялым «мен да окуйм» деп асылып калды. Анан аялым, кызымды алып Фрунзе шаарына келдик. Анда менин экинчи кызым Шакен төрөлгөн болучу, ошону алып келдик. Келип алып ар кайсы жерлерден там издейбиз, там чыкпайт ал убакта. Университеттен алысыраак болбосо экен деп, айлана-чөйрөдөн издесек, Молоко деген бир көчө бар эле, ал жерде бир орустун үйүнүн бир бөлмөсүнө эки жүз элүү сомдон акча төлөп, квартирада жашадык. Кийинки жылдарда, көрүнгөн эле – времянка кылып салып койгон, бузулуп, анан тоок камап жүргөн жайларды таап, айла канча, шыпырып-тазалап, керебет коюп, мына ошондой тамдарда жашоого туура келди. Окуйм деген киши оор турмушуна, азап-тозокко карабай тырышып окуйт. А окууга кызыкпаган кишинин алдына азыркыдай кылып машинаны мингизип койсоң да, окубай жатпайбы.

Ал убакта машина деген кайда, жөө эле жүрчүбүз. Университеттеги коомдук чоң жумуштарга катыштым. Өзгөчө кызыкканым штанга спорту эле, ошого катышып жүрдүм. Бир күнү эле: университеттин намысы үчүн мелдешке катышкын, Казак университети менен Кыргыз университетинин экөөнүн

ды. Алып барганда, эми мен ошол убакта штанга көтөрүп, жакшы эле күчкө толуп калгам, мага бир далдайган чоң казак түштү, казакты анча-мынча быяктан үйрөтүп койгон техникага салып нары түрткүлөп, бери түрткүлөп көтөрүп чаптым. Ошондон эле мен «балбан» аталып калдым. Кийинки жылы Казак университетинен дагы ошол «досум» келиптир. Экөөбүз актовый залга барып күрөшмөй болдук. Мына ошондо университеттин балдары тимеле сагаалап турушат, айланайын! Эшиктин оозунан шыкаалашат кире албай, батпай калганы канча! Ошол жерден жыгылып калсам эмне болот, деле менин курчтугумду кантесиң. Анан күрөшүп, баягы «дос» турбайбы деп, мойнун кайырып, бутунан торой чалып, жыгып алдым. Мында дагы бир жолу «жеңилбес балбан» аталдым.

Ошондон кийин шаардын жогорку окуу жайларынын студенттеринин арасында, бүткүл республиканын окуу жайларынын арасында өткөн чоң мелдештерде биринчи орунду алып, шаардын курама командасына кошулдум. Командага кошулгандан кийин бизди дайыма машыктырып жүрүп даярдайт эле. Окуудан бошотуп, Воронцовкага бир ай алып барып машыктырышты. Ошонун аркасы менен Владикавказга, Түндүк Осетияга Кыргызстандын курама командасы деп он беш бала бардык. Ал жакта профсоюздардын биринчилиги үчүн чоң мелдеш болду. Кавказдан чала-була ийгиликтерге жетишип-жетише албай, кайра келдик. Ошондон кийин улуттук спортто таанылган Чекилов жеңил салмакта күрөшүп жүрчү эле. Биздин машыктыруучуларыбыз Кыргыз мамлекеттик университетинде иштеген спорттун эмгек сиңирген мастери Байман менен Коган болучу.

Ал убакта студенттерди чарбаларга жумушка алып барышчу. Мен биринчи курста окуп жүргөн мезгилимде Сары Өзөн Чүйдөгү «Путь коммунизма», «Петровка» деген чарбаларга барып пахта тердик. Чүйдө кайдан пахта жакшы өссүн, пахтанын бою болгону 35–40 см. Белибиз сынып кала жаздап, жөн эле сойлоп жүрүп пахта тергенбиз. Кийинки жылы алып салды пахтаны. Андан кийин бизди кызылчага алып бара баштады. Кызылча жүктөп, Кара-Балтага алып келип түшүрчүбүз. Жайылга барып кызылча казды. Калп айткан

## Анда шаарда үй-бүлөлүү студент элем

Аялымды, кызымды шаарга апкелип окуумдан калбай окуп жүрөм. Атам байкуш аябай тырмышып, акча дегенде, жерден чукуса да таап, салып турат. Эптеп өлбөгөндөй оокат кылабыз.

Анда Фрунзе шаарында асфальтталган көчөлөр аз болчу. Опера жана балет театрынын артында базарчасы боло турган эле. Биз ошол базарга Ташкент, Фрунзе көчөлөрү менен жөө барып, азын-оолак оокат сатып келет элек. А троллейбус, автобустарга түшкөнгө тыйыныбыз жок. Университеттен ошентип базарга жөө барып келчүбүз. Автобустан түшө качып, кондукторлорду алдап-салдап, андай-мындай «кыял көрсөтүү» деген бизде жок эле. Ыйманды сактап, жакшы тарбияландык. Борбордо өңчөй жалпак тамдар, төрт кабаттуу тамдар кийин, Хрущёвдун убагында салынды. Ага чейин андай тамдар жокко эсе сыяктуу эле. Кыскасы, Бишкек ал убакта жаңыдан чоңоюп бараткан шаар экен. Эски Өкмөт үйү жанагы Фрунзе музейинин алды жагында, партиялык мектеп болсо, арт жагында жайгашкан. Ошондогу биз көргөн тамдар азыр деле турат. Тээ илгерки биринчи Өкмөт үйүндө бул күндө Маданият министрлиги турат. Анын алдындагы Эмен паркы менен скверге кечинде келип эс алып, ойноп кетет элек. Чоң соода комплекси деле жок болчу. Дүкөндөр жалпайган, кичинекей тамдарда. Опера-балет театры деле ошол кезде жаңы салынган мезгил экен. Биз барганда да бүтпөй, имараты туура эмес салынып жарылып, антип-минтип жатты. Ошентип бир аз курулуштар токтоп, андан кийин жүрдү. Көзгө көрүнүктүү салып койгон чоң ресторан жок эле. «Киргизия» деген кичинекей ресторан, эки кабаттуу конок үйү бар эле, кийинчерээк ал Кыргыз совет энциклопедиясынын редакциясы кирген имарат болду. Самолёт деле анча каттабайт, каттамак тургай, самолёт да жок. «Пазик» деген кичине автобус каттаган жалаң эле таш жол. Мына ошол кездеги биздин өнүгүү деңгээлибиз ошондой эле экен. Анткен себеби, согуштан кийинки бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү

Ошентип, үй-бүлөм – аялым, кичинекей кызым болуп шаардабыз. Алар мага ушунчалык шарт түзүп берди, түнкү саат ондорго чейин китепканада окуйм. Бизге китепкана жакын эле. Ал убакта окууга биз абдан берилип, абдан кызыгып окуйт элек. Курстагы группабыз күчтүү эле. Биздин группада Улуу Ата Мекендик согушка катышкан жоокерлер, партизандык кыймылга катышкан Поклонский деген көптү көрүп калган, улгайган орус да окуган. Эрк-кайраты күчтүү, турмушка терең көз караштагы кишилер окучу эле. Ошол мезгилде бизден бир курс жогору окуган Леонид Толстунов жана Кеңеш Кулматов сыяктуу студенттер кийин республиканын белгилүү жетекчилери болушуп, Кыргызстан КП БКнын, Өкмөттүн чоң жоопттуу кызматына чейин көтөрүлүп барышты. Илгери ушул окууну бүткөн Абай Керимбаев деген да Кирсовпрофтун төрагасы болуп иштеди. Аларга удаалаш эле биз дагы окууну бүтүп калдык.

Окуунун ал убактагы өзгөчөлүгүн айтайын, жанагы айыл чарба жумушуна алып кеткенден кийин көп саат сабактардан артта калчубуз. Алардын ордун толтуруу үчүн бир нече пар сабакты бириктирип өтчү, кыскартпаган күнү төрт, кээде беш пар сабак окучубуз. Ошондой болгондо да, семинар сабактары болчу эки сааттан. Ошону менен төрт-беш парга чейин (катары менен 8-10 саат) - сабактын баарына жетишип, мыктылап даярданып бараар элек. Көрсө, жаш экенбиз. Кыйналбастан эле окуп, семинарларга даярданып, мугалимдерибиз да бизге сабакка даярданууга талапты катуу коюшкан, абдан жоопкерчиликтүү, ашкере билимдүү адамдар эле.

Семинар-сабакта берилген суроолору боюнча даярданып келген балдар чыгып сүйлөөр эле. Бири-бирибизден калышпай, ошол сүйлөп жатканда жетишерлик айта албай калган жерлерибизди: бул жерин айткан жок, мобул жерине мына мындай кошумчаны кошомун, бул жери андай эмес, туура эмес айтып алды деп, бири-бирибиз менен катуу талашып, абдан кызыктуу семинарлар өтчү. Окуунун тартиби сакталганда адам аябай көп нерселерди түшүнүп билет экен. Анда философия кабинети, саясый экономия кабинети, тарых кабинети деген кабинеттер бар эле. Ошол кабинеттерге кирип алып окуп, да-

анан үйгө кетээр элек. Мына ушинтип катуу даярданып окуп жүрдүм.

Анан ушундай күндөрдүн биринде мага «атаң катуу оору» деген телеграмма келди. Эң кыйын абалда калдым. Кыш мезгили эле. Балбаков Жоломан дегендин үйүндө чогуу жашап жүрчү элем. Өмүрүмдө биринчи жолу аябай ыйладым. Кыштын күнү Тогуз-Торого же самолёт учпайт, машина менен эптеп барууга туура келди. Ал күнү мен бир сутка ыйладым. Эстесем эле ыйлайм, токтоно албайм. Кош-Дөбө аркылуу айланып, андан ары ат менен Казарманга бардым. Үйгө кирип барсам, атам ордунан тура калды жарыктык. Экөөбүз көрүшүп эле кучакташып калдык.

Атам ошол мен окууну таштап келгениме абдан чоң ыраазы болгондой болду. Ушу мен өлсөм дагы келет экен балам деген ойдо болду окшойт. Эки-үч күндөн кийин, мени көргөнү атама дем болду көрүнөт, көңүлү ачылып, оорусунан тез эле сакайып кетти. Карыган киши кан түкүрүп катуу жыгылган экен, үйдөгүлөр коркуп, «алда эмне болот» дегендей кылып, анан мага телеграмма беришкен экен. Ошону менен бир жумача айылда жүрүп, анан жакшы болгондон кийин, атам: «Эми, балам, окууңа бар. Мен жакшы болуп калдым. Мен өлсөм, эл көөмп коёр, сен мүмкүнчүлүгүң болсо келээрсиң, мүмкүнчүлүгүң болбосо, келбей да калаарсың, ыраазымын сага», – деп мени окууга жөнөттү. Ошо менен кайра Кош-Дөбө менен Дөрбөлжүнгө чейин атчан эптеп келдим. Бишкекке жетишим эле беш күн болду. Башаягы жарым айдан кийин окууга келдим (Фрунзеден кышында аттап-жөөлөп отуруп Тогуз-Торого, ал жактан аттап-жөөлөп кайра Фрунзеге келишим). Окуп жүргөн мезгилде менин тынчымды кетирген, өтө кайгырткан кезим ушул болду.

Дипломдук ишимдин жетекчиси академик Бегималы Жамгырчинов болду. Дипломдук ишимди эл аралык абал, Советтер Союзунун ролу жөнүндө жазгамын. Мамлекеттик экзамендерди жалаң «бешке» тапшырдым. Ошондо жыйырма сегиз баланын, кыргыз балдардын ичинен окууну артыкчылык диплому менен бүттүм. Калгандары «төрт-бешке»

ушулар болуп чогуу бүткөнбүз. Асанбек айылына келсе, айылында орун жок, кайра университетке барып алып лаборант, кийин комсомол комитетинин секретары болуп, анан өзүнүн таланты күчтүүлүгүнөн кафедра башчылыгына чейин жеткен. Чыгаан философ аталып, философия кафедрасын жетектеп турган кезинде Асанбек Кыргыз совет энциклопедиясынын Башкы редакторлугуна көрсөтүлүп, анан Кыргыз Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттигине жетип, 39 жашында каза болуп калды. Бул адам тирүү болгондо, Кыргызстандын эң көрүнүктүү адамдарынан болот эле. Көздөгөн максатынан кайтпаган, ушунчалык эмгекчил, патриот балдардын бири эле.

Мени университетке мугалим болуп каласың дешти. Бизди Түркмөнстанга, анын Кызыл-Арбат деген жерине аскер даярдыгы боюнча бир айлык сборго алып кеткен. Мени: окууга барасың же университетке мугалим болуп каласың деп, такыр эле асылып, ректоруна чейин киргизип алып сүйлөшүштү. Бирок мен: карыган энем, карыган атам айылда, бир иним онунчу классты жаңыдан бүттү, мектепте окуган карындашым, тестиер курактагы иним бар, атам болсо ишке жараксыз, өзүмдүн да мектеп жашына жете элек кызыл-чиедей бала-бакырам бар, шаарда мугалимдикке чыдап иштей ала турган эмесмин, бала-бакырамды шаарда кантип багам деп жүйөөлүү себептеримди айтып, анан айылга барып иштеп көрөйүн деп, айылга кеттим.

Айылга бардым, барсам мен июнь айынын 24-25тери ченде окууну бүтсөм, аялым «мага подарка кылып» уул төрөптүр, эркек балалуу болуп калдым. Эки эле кызым бар болучу. Тун балам эркек эле, атын Тариел койгом, ал чарчап калган.

Ошентип, 1957-жылы июнь айында Жээнбек аттуу балалуу болдум. Мен мамлекеттик экзамендин баарын тапшырып, Түркмөнстанга бир айлык аскердик сборго кеткенде, үй-жайыбыз Фрунзеде эле болучу. Мен Түркмөнстандан келгенче, аялым Данагүл эки кичинекей кызы менен төркүнүнө, Жан-Булакка барып, мени күтүп турмак. Жан-Булакка келсем, аялымдын төрөгөнүнө бир ай болуп калган экен. Ал жерден

## Казарман орто мектебине директор болушум

Кетээрде кандайдыр бир себеп менен партиянын обкомуна бурулуп калдым. Анткени, ал жерде мектеп-интернаттын башчысы Сооданбеков деген таанышым бар эле. Ал киши менен районго барганда сүйлөшүп, тааныш болуп калган элек. «Кандай, жакшысыңбы, окууну бүттүңбү?», – деди. «Ооба, окууну бүттүм», – дедим. «Кандай бүттүң?», – деди. «Абдан жакшы, артыкчылык диплому менен бүттүм. Окууну жалаң «беш-ке» окудум», – дедим. «О, койчу, – деп, ал ишенбегендей, - алып келчи дипломуңду», – деп калды. Анан дипломду көрүп, аябай таң калды. Ошентип, мен сени азыр бир жерге таанышттырам, тура тур деп эле обкомго кирип кетти. Бир убакта мага келип эле: жүр, обкомго, Усянов дегенге кирели деп мени колдон алды.

Усянов деген узун бойлуу, өзү чоң, алыбеттүү киши экен. Ал обкомдун экинчи секретары экен. Ал киши менден кай жерлик экенимди, окууну кандай бүткөнүмдү сурады. Бардыгын төкпөй-чачпай айтып бердим. «Партиядасыңбы?» – деди. «Жок, партияда эмесмин, комсомолмун», – дедим. Анан: «Мурун иштедиң беле?» - деп сурады. «Мурда үч жылдык педагогикалык стажым бар, мугалим да болгом, завуч да болгом, райОНОдо инспектор да болгом», – дедим. «Анда, эмесе, директор болуп иштейсиң ошол жерге», – деп шак эле айтты.

Ал убакта Искенов деген облОНО башчыбыз бар эле, ошону чакырып келди. «Мына бул баланы Тогуз-Торого, Казарман орто мектебине директорлукка приказ бересиң, өзү дагы ошол айылдан экен, биринчи жолу ошол айылдын баласы университетти артыкчылык диплому менен бүтүп келиптир, ушул бала директор болот, приказын бергин», – деди. Обкомдун экинчи секретары айткандан кийин тиги дароо эле макул болуп, мени ээрчитип алып жөнөдү. Анан эле түштөн кийин кел деди. Түштөн кийин барсам, баягы киши айнып калыптыр, жарыктык. «Исаев болбой жатат. Исаев келип мени менен сүйлөшсүн, ал баланы мага көрсөт деп жатат»,

Шадыманов деген обкомдун үчүнчү секретары бар экен, ага киргизишти. Ошол мезгилде Тогуз-Тородо райкомдун секретары Рахатбек Абдиев деген болчу. Анын өзүнүн кадрын сүйлөшүп койгон окшойт. Ал киши мени кабыл алып, Сооданбеков ээрчитип келди, тиги Усянов айтты эле десе: «Жок, андай кылбагын, Рахатбек тапшырган, өзүмдүн кадрым бар деген, а көрөкчө, ал да келсин, сен да келгиниң, чогуу отуруп сүйлөшөлү, анан экөөңдүн бириң ошол орто мектепке директор болосуң. Ошондо келесиң». – деп мени чыгарып ийди жарыктык Шадыманов. Чыгып баратсам, ошол убакта Усянов конторунан чыгып келатыптыр, ал шап эле «Алдыңбы приказды?» – деди. Мен: «Жок, алган жокмун», – дедим. Ал азыр кайра чыгам деп конторуна кирип, Сооданбеков экөөбүздү чакырып, эмне үчүн буга приказды бербей жатыптыр деди. Сооданбеков: обкомдун биринчи секретары Исаев токтотуп жатыптыр деди. Анан ошондо эле Усянов Исаевге кирип кетти. Биз болсо, Исаевдин кабылдамасында отурабыз. Бир аздан кийин эле ал мени «кирсин деп жатат» деди. Кирип барсам, Исаев отурган экен, анын бери жагында Султаналиев деген партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, областтык айыл чарба башкармасынын жетекчиси, Усяновдун жардамчысы Долгополов, Усянов өзү жана башка көп бюро мүчөлөрү отурган экен. Мен учурашып кирдим. «Кай жерликсиң?», – дешти. «Тогуз-Торолукмун», – дедим. «Университетти бүттүңбү?», - дешти. «Бүттүм», – дедим. «Кандай бүттүң?», – дешти. «Беш» менен бүттүм», – дедим. «Жакшы, абдан жакшы. Сен өзүң ошо казармандыксыңбы?» – дешти. Мен: «Ооба, казармандыкмын. Ошо Казарман орто мектебинин 8 классын окуп бүткөм», – десем, «Анда законный директорумун деп жаткан турбайсыңбы, – деп Исаев карсылдап күлдү. – Давай, бюро мүчөлөрүнүн көпчүлүгү ушу жерде отурабыз, давай, обкомдун бюросунун токтомун кабыл алып коёлу. Бу мен сени токтотконумду туура кабыл алгының, анткен себеби, орто мектептин директорлорун дагы биз обкомдун номенклатурасына алганбыз. Ошондуктан Искенов тыяктан эле култуңдатып, кайсы мектепке кайсы директорду жиберип жатканын билгизбей эле кетирип жатып-

жатканы ошондон турбайбы, эми барып жакшылап иштегин». Ушул сөздөн кийин мени кетирип жиберишти.

Анан Искенов приказ берээрде конторуна чакырып алып, бир топ кеп-кеңештерин айтты. Казарман мектебинин суук-тугун, үстү ачык, ошолорду жылуулат, терезелерин кайра салдыр, үшүп отурган балдар кантип сабак окуйт, алар эмнени билет деп, көп сөздөрдү айтып, мени жиберди.

Ошентип, мен приказымды алып сүйүнүп Тогуз-Торгону көздөй жөнөдүм. Мына, жакшы окугандын бир чоң мааниси ушунда экен. Жакшы окугандыгым менин бакты-таалайыма өбөлгө болду. Эгер жаман окусам көптүн бири болуп кете берет элем.

Ошону менен жүрүп отуруп, аялым, балдарым менен тээ Кош-Дөбөгө чейин машина менен келип, бир түнөп алып, эртеси Казарманга кечке жуук келдик. Келсек, атам, энем абдан кубанып-сүйүнүп, окууң бүттүбү, балам, эми сен жакшы эле окудуң, Нарындан үч жыл окудуң, университетте беш жыл окудуң, эми окууң бүткөндүр дешти. Мен: окуса, окуу түгөнбөйт азыр, профессор, академик болом десем, окуй берем мен, окуу туман, окуу түбөлүк түгөнбөйт, сиз өзүңүздүн эле сары Кураныңыздай ойлойсуз дедим. Атам күлүп калды жарыктык. Ал күнү эс алып жаттык. Эртеси чай ичейин деп отурсам, Абдыкалык деген бар эле, ал «сени райкомдун биринчи секретары чакырып жатат» деп келип калды. Мен кечээ эле келбедим беле, келгенимди кайдан укту экен десем, көрсө, обкомдун бюро токтому менден мурун эле келип калыптыр. Мен Жан-Булакта, тоодо, наркы Кызыл-Белде болуп, бир аз кечигип калган окшоймун. Үйдө отурсам анан чакыртып ийиптир. Бардым.

Барсам, райкомдун биринчи секретары: «Директор болуп келдиңизби?» – деди. «Ооба, директор болуп келдим, кабыл алсаңыз, приказ мына», – дедим. Анан ал мага суроо берди: «Сени заочный бекиттиби обкомдун бюросу же очно бекиттиби?» – деп. Мен: «очно эле, бюро мүчөлөрү толугу менен бекитти», – дедим. Анан унчукпай калды. Акыры, өзүнүн кадрына бул орунду алып бере албастыгына көзү жеткенден кийин, ал эми: мектебиңдин үстүн жаптырып, жылуулап, тазалап, иретке келтир деп мени мектепке жиберди.

Ал убакта Тогуз-Торо району боюнча эки орто мектеп бар болчу. Райондогу балдар бешинчи, алтынчы, жетинчи классты окуп бүткөндөн кийин баары тең Казарман орто мектебине келип окучу. Тогуз-Торо району боюнча Казарман жана райондон 90 км алыс «Кош-Дөбө» орто мектептери гана бар болчу.

Анан ошентип Казарман орто мектебине директор болдум. Менден мурун Чекиров деген, Акунов Такенин арты менен келген дагы бир ат-башылык директор иштептир. Чекировду райкомго инструктор кылып алды дагы, мени мектепке директор кылышты.

Казарман орто мектеби чоң мектеп. Ошол мезгилде Тогуз-Торого Ысагалы Айдаралиев деген Жумгалдан келген экен. Райкомдун биринчи секретары Р.Абдиев менен жакшы санаалаш болсо керек, ал тургай, университеттин тарых факультетинде бирге окушкан окшойт. Абдиев Ысагалы Айдаралиевди директор кылам деп убада берип койгон экен. Мунун мурунтан иштеген иши, тажрыйбасы бар дегендей, эч ким эч жерден тигиндей-мындай, өйдө-ылдый сөз айта албастыгына көзү жетти окшойт, андан кийин Айдаралиевди райондон алыс турган «Кош-Дөбө» орто мектебине директор кылып жиберди.

Мектепте директор болуп иштесем да, айыл чарба иштерине активдүү түрдө катыша баштадым. Чодиев «Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы экен. Ал убакта жүгөрү өстүрүүгө абдан чоң маани берилчү. Жүгөрүнүн сотолорун кайырtканда, ордурганда, комбайнга чаптырганда окуучуларды жардамга алып барам. Казарман мектебине жапжаңы жүк ташуучу машина берген ГАЗ-51 деген. Ал машинага жогорку класстын окуучуларын сабагын бүткөндөн кийин салып, жардамга өз убагында жөнөтүп жаттым. Активдүү иш жүргүзүп, чогулуштарда чыгып сүйлөй баштасаң, анан өзүңдүн ким экениң бат эле көрүнүп калат. «Сенин сүйлөгөн сөзүң – акылыңдын чеги» деген накыл сөз бар го, анысы кандай, өндүрүштө иштеп чыйралып, элге таанылып, жакшы пикирлерди угуп, келечек пландарды демилгелүү түрдө көтөрүп чыга баштадым.

Күндөрдүн бир күнүндө партиянын XX съезди өтүп калды. Ошол жөнүндө лекторлорду окууга, беш күндүк семинар-

га чакыртыптыр. Мына ошого бардым. Тогуз-Тородон Абдылдаев Арстанды кошуп жиберишти. Ат-Башыдан, Ак-Талаадан деле көп кишилер барышкан экен. Кийинчерээк мен Ак-Талаага барсам, ошондо жүргөн жолдоштор жолугуп калдык. Анда эмне, окууну жаңы бүтүп, илимдердин көбүн унута элек кезиң, анын үстүнө күнүгө билимиңди көтөрүү үчүн окуйсуң, тигинтесиң, минтесиң, университетти бүткөндүгүңдү ушундан көрсөтөсүң. Ошол жерде жүрүп, партиянын XX съездинин марксизм-ленинизмдин казынасына кошкон салымы жөнүндө лекцияны КПСС БКнын бөлүм башчысынын орун басары келип окуду. Ошонун окуган лекциясын, оозунан чыккан бир да сөзүн калтырбай жаздым. Өткөн семинарды мен абдан терең, жакшы түшүндүм.

Казарманга келгенден кийин партиянын активи болуп калды. Активге жалаң райондун «каймактары» чогулушуптур. БКдан лектор келиптир. Анын лекциясынын тематикасы таптакыр башка экен. Мен партиянын XX съездинин марксизм-ленинизмдин казынасына кошкон салымы жөнүндө теманы ыңгайы келип калса, эл арасында жакшынакай бир лекция түрүндө айтып берейин деп даярданып койдум эле. Анан кийин Абдиевге мен: партиянын XX съездинин марксизм-ленинизмдин казынасына кошкон салымы жөнүндө деген теманы окуйм, элди кетирбей туруңуз, көп болсо, 20 мүнөт сүйлөйм дедим. Абдиев менин айтканыма көнүп, ал тургай, өзү да катышып отурайын деди. Съезд марксизм-ленинизмдин казынасына кандай салымдарды киргизгендигин түшүндүрүп айтып бердим. Ушул съездде аны кандай кылып өнүктүргөн, ошондой эле тынчтыкта жанаша жашоо деген сыяктуу маселелер боюнча көп жаңылыктарды баяндадым. Мактангандай болбоюн, БКдан келген лекторго караганда мен абдан так, жакшы лекция окудум.

## Коон-дарбыз бышкан Тогуз-Тородо эл эмне үчүн жашылча айдашпайт?

Тогуз-Торо тууралуу дагы бир айтыла турган сөз. Жол байланышы жакшы болбогондуктан, Тогуз-Торо эли 20-кылымдын соңку чейрегине чейин автобус дегенди көрбөгөн-

дуктөн, өзүнүн «Алтын чөйчөгүнөн» алыс чыга алган жок. Жетимишинчи жылдан кийин гана биздин элге электр жарыгы келди. Ага чейин баарынын тең облус, борбор менен катышы начар болуп турган мезгил экен. Ошонун натыйжасында, биздин эл абдан өнүкпөй, өспөй, маданияттан, цивилизациянын бардык жагынан артта турган эл болуп келген экенбиз. Мындай артта калган абалыбызды, башка элди көрүп, башка жерлерди кыдырып иштегенде билет экенсиң. Элдин кыйналып, өзгөчө, жол катнаш болбогондуктан, райондун экономикасы такыр өнүкпөй калган экен. Жол болбосо, эл аралашпайт экен, журт аралашпайт экен. Мына азыр, ушул мезгилге чейин, Тогуз-Тородо жол байланышы болсо дагы, башкача айтканда, сырттан келген акча да жок, келип иштейсиңер десе жакшынакай жер турат, жакшынакай туз, жакшынакай таш көмүр кендери турат, бир да киши келип иштеген жок. Ал эми өз элибиздин чыгаандарына ал көйгөйдүн эч тиешеси жоктой, аны ойлоп да коюшпайт. Мына ушинтип эле артта кала берет экенбиз.

Илгерки болгон бир окуяны айтып берейин. Илгери жанагы Усянов деген обкомдун экинчи секретары аэропорттон түштү. Анда У-2 деген кичинекей самолёт уччу. Аэропорт биздеги «Орус көчөнүн» жанында эле. Ал ошол жерден түшүп келе жатып, огородуна жашылча айдаган Молдобайды көрүптүр. Анын бадыраң жана башка жашылчалары болсо керек. Анан калган элдин эшигинин баары тең эле аңырайып, эч нерсе деле тигилбейт, айдалбайт. Бүтүндөй эле куурай, чөп-чар басып калган көп жерлерин.

Молдобайдын казып алган чакан кудугу бар экен. Катардагы эл мына ушундай чарбасыздык абалда жашап турган мезгил. Ошентип, Усянов келип эле: «Район боюнча бардык жетекчилерди чогулткула!» – деп жар салдырып, чоң чогулуш чакырат. Казарман кыштагынын тыягына кыйкырса – быягы, быягына кыйкырса – тыягы угуп, баары тең эле келе берет. Бат эле эки жүздөй киши чогулду. Айылдык советтин төрагасы Бердалиев Жаасын деген чогулушту ачты. Ал: давай, жашылдандыруу ишине өзгөчө көңүл буралык, тигиндей кылгыла, мындай кылгыла деп, бак тигүү, тиги-бу жөнүндө бир жоон топ маселелерди айтып өттү. Ошондо обкомдун секретары минтип сүйлөп жатпайбы: «Эй, жол-

доштор, ушул жерде бир үйлүү гана өзбек бар экен, Молдобай деген. Ушунун эшигинин алдында карап турдум, ушулар гана жашылча айдайт экен. А эмне үчүн башкаларыңар айдабайсыңар? Эми жашылча деген – бул ден соолуктун булагы да, ден соолук үчүн пайда. Эмне үчүн айдабайсыңар?»

Антип уяткарып сөз кылса, жанагы айылдык советтин төрагасы Бердалиев (ал кийинчерээк менин кудам болду) айда такымчыл, тапан киши эле да, мындай кургак чечен чанда чыгат, ал: «Эй, жолдоштор, ушу Казарманда бир орус бар, канчадан бери ал орус өлбөйт? Ал эми биздин Тогуз-Торонун эли жалаң эле жарма, чай, жарма, чай деп жатып эле ушундан кырылып калбадыкпы. Жашылча айдасак эмне болот? Эшигибиздин алдына бак тиксек эмне болот? Биздин эл ушу бак тиккенди да билбейт. Жалаң тоо арасында, ар кайсы чуңкурларда жашап келген эл, эми арык салып, суу алып келип бак тигүүнү да жакшы түшүнө элек экенбиз. Мен ойлонуп көрсөм, жашообуз ушунчалык артта экен!» - деп ыңгайсыз кырдаалдан чыгып кетсе болобу!

Кийин алтын комбинаты ачылып, орустар, ар кайсы улуттун адамдары келип, түндүктөн, түштүктөн, батыштан, чыгыштан көп адистер келди. Анан алар менен чогуу жашап баштаганда акырындык менен биздин эл да өнүгүп, өсө баштады. Маданиятыбыз да көтөрүлдү. Балдарыбыз жаңыча маданиятка кадам таштады.

«Эй, жарма, жарма дейсиң, жармаңдын токсон проценти суу, он проценти дан экен. Жарманы ичип жатып баарыңар тең арыктап бүтүпсүңөр, давай, жашылча тигип, буларды айдагыла. Эмкиде келгенде мен ар бириңердин көчөңөрдү эки сааттан кыдырып чыгам. Сельсовет, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Сүйлөсөң тилиң тим эле такылдайт, тим эле укмуштуудай сүйлөйсүң. Эмне үчүн мындай иштерди жүргүзбөйсүңөр? Колхоздордун башкармалары кайда?» – деп, ошондо обкомдун экинчи секретары Усянов бизди катуу тилдегени эсимден кетпейт.

# Исхак Раззаков Тогуз-Торого келгенде

Күндөрдүн бир күнүндө Нарынга бардык. Анда Садыбакасов деген Нарында райкомдун биринчи секретары экен, ошол киши кабыл алды. Мен райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калгам. Анан ошол жерден: мектептерде бир нөөмөттүк окууга өтүү жөнүндө облус маселе коюп жатат деди. Ар бир райондун тиги жеринде мектеп, тиги жеринде интернат бар эмеспи, анан ошолордун имараттарын алыш керек деп, ушунун баарын тең жөн эле беш колун билгендей такылдап сүйлөдү. «Силер да ушуга өтөлү деп жатасыңарбы, тогуз-торолуктар?» – деп калды. «Элден калбай биз да өтөлү деп жатабыз», – деп жооп бердик. Анткен себеби, айылда мектептер жетишээрлик болчу. Бир гана толук класстар комплекси жетишпейт эле.

«Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы Чодиев, райондук партия комитетинин биринчи секретары Шаманалиев дегендер биздин мектепти оңдоого көп жардам беришкен. Сырды борбордон алып берип, сырдап, ошо менен Казарман орто мектебин бир топ эле оңдоп-түзөп алганбыз. Музей кылып, дагы башка максатта пайдаланып жүргөн бир кабинетибиз бар эле, ошону «класс комплекси» кылдык.

Кийин мен райондук эл агартуу бөлүмүндө иштеп турган мезгилде бир окуя болду. «Кызыл-Жылдыз» колхозунун койлору жайлоодон кыркынга келип, Көр-Булак деген жерде кыркылчу. Күндөрдүн биринде түнкү саат 12де сизди райком чакырып жатат дейт. Эмне болуп кетти деп барсам, Шаманалиев, Мамытова деген экинчи секретарь бар экен. «Сиз мобуреки кыркын пунктуна барып, ошо малды кырктырып жаткан жетекчи катары көрүнөсүз. Себеби, Раззаков келатат. Быяктан Садыбакасов келатат. Турсунов деген обкомдун секретары алдыга келип, ушундай иш жүргүзгүлө деп жатат. Эртең менен эрте барып боз үй тиктирип, стол, стулдарды таап, китеп, гезит-журналдардын баарын тизип, даярдап коёсуң», – деди. Кулжубаров Абдрахман деген киши кыркындын башында туруптур. «Бирдик» колхозунан келген адамдар да бар экен. Райондук партиялык комитетинин жооптуу окуду деп мени түн ичинде алып барып коюп койду. Турдук,

турдук, бир маалдан кийин эле Турсунов келди. Ал убакта жаңы маркадагы «Вездеход» машинасы чыккан. Ошону минип келген экен.

Аңгыча болбой эле ИЛ-14 деген самолёт Казарман аэропортуна келип конду. Тыяктан-быяктан кошулуп, бир топ адамдар келиптир. Исхак Раззаков аксакал менен Мамакеев деген Жалал-Абад шааркомунун секретары, Балтагулов дегендер келди. И.Раззаков кичирээк бойлуу, арык киши экен. Бутуна өтүк кийип алыптыр. Анан биздин Шаманалиев, Мамытова баштаган жетекчилер жөн эле чимирик атып, бир буту бир бутуна тийбей чуркап жүрүшөт. Ушунчалык коркуп жатышат. Мен ойлоп деле койгон жокмун. Бир убакта И.Раззаков баарыбыз менен, кой кыркып жаткан кыркынчылар менен «Жакшысыздарбы, саламатсыздарбы?» – деп саламдашты. Боз үйгө кирип да, ал тургай, карап да койгон жок. Анан, кыркыла турган койлорду камап койгонбуз, ошого киришип, Шаманалиев аксакал бир килейген көгала ирикти кармады. Анда Тогуз-Торонун койлору асыл тукумга өтө элек кез. Ошол койду көрсөтүп: «Мына ушул койдон бир килограмм алты жүз грамм жүн алабыз. Кийин дагы кыркылат, ошондо баш-аягы үч килограммга чейин жүн берет», – деди. Ал биринчи кыркын болучу.

Кошо жүргөн Садыбакасов абдан кызыктай киши экен, келип мени менен учурашып туруп эле: «Канча күн калды кыркындын бүтөөрүнө?» – деди. Мен: «Он алты күн калды», – деп, жөн эле болжолдоп туруп соктум. «Күнүнө канча койдон кыркасыңар?» – деди. Мен: «Миңден кой кыркабыз», – деп койдум. «Он алты күн калса, он алты күн кой кырксаңар, анда жайлоонун убактысы өтүп кетет. Анан кой кантип семирет? Давай, анда эки сменага өткөргүлө», – деди. Шаманалиевге: «Күнүгө эки миң кой кыркып, койду тезирээк жайлого чыгаруу керек», – деди Садыбакасов. А Раззаков такыр үнчүккан жок. Ошентип, алар тез эле кайра Казарманга кетишти. Ал кетээри менен, эки саат өтүп-өтпөй биз да артынан жөнөп калдык. Бир маалда Казарманга барсам, Акматов Бекиш деген даңылдаган жигит бар эле, ал керек-жарак союзунун төрагасы болчу, мантысын бышырып алып, көчөдө кыйкырып келатыптыр. Көрсө, ошол Раззаковдорго манты даярдаган экен.

Мен ошондогу жетекчилердин түшүнүгүнө таң калам. Маруса деген Баатырыбыз абдан даңкы чыгып, дүңгүрөп турган мезгили. Ошол Чет-Булак мектебинин терек тигилген жерине боз үй тиктириптир. Ал үйдө Маруса коноктойт имиш тиги Раззаковдорду. Аны ачык айта албай, акылына кийинчерээк келген окшобойбу. Бизге муну кийин өзү айтып жатпайбы. Аякка чакырса, И.Раззаков: «Талаада, тиги бактын арасында, мектеп окуучуларынын жанында тамак ичиш кандай болот?» – деп болбой койгон экен.

И.Раззаков ошондон барып эле мейманканага кирип, ал жерден жүз грамм, элүү граммдан алып, «Ишиңер жакшы болсун, эми жакшылап иштегиле!» – деп, кичирээк-кичирээк элүүгө жакын ящикке салынган жүзүмдөрдү: «Мобуреки Жалал-Абад шааркомунун секретары Аманалиевдин белеги, ушул жердеги бала бакчаларга, балдарга, мекемелердеги кишилерге бөлүштүрүп берип койгула, бизден салам айткыла, жакшы иштей бергиле», – деп аманат сөзүн айтып, самолёт менен учуп кете берди. Кеткенден кийин ящиктердеги жүзүм-дөрдү айтканындай таратып беришти. Мына, Раззаковду мен ошондо биринчи жолу көрүп, саламдашып, сөзүн угуп калдым эле.

Мен муну айтып жатканымдын себеби, Тогуз-Торо районуна илгери чоң жетекчилерден эч ким деле келчү эмес. Раззаков самолет менен атайын келип, ушул жер кандай жер болду экен деп, жерин көрүп, элин көрүп кетти. Андан мурун БКнын баланчаевдер, түкүнчөевдер деген секретарларынан деле биринин келгенин көргөн эмесмин. Биринчи жолу ушул Раззаковду гана көрдүм. Тогуз-Торонун кыштактарынын абалы кандай болду экен, саламаттык сактоо мекемелеринин абалы, мектептери кандай болду экен деп келип, көрүп таанышып кеткен ушу Исхак Раззакович болду. Ошондо мен Искак Раззаковичти эл үчүн иштеген чыныгы жетекчи экен деп таанып калдым.

# Тоголок Молдо колхозуна башкарма болгондо

Эки ортодо Ак-Талаага кошулган учурубуздан кеп салайын. Анда Ак-Талаада Корчубек Акназаров райондук партия комитетинин биринчи секретары болчу. Бул киши чыны менен абдан иштерман жетекчи экен. Ал жагын жакшы билебиз. Ага чейин Базар-Коргондо иштеп, андан Тянь-Шанга, Ак-Талаа районуна которулуптур. Талаачылыкты жакшы өздөштүргөн Базар-Коргон районунда элдин чыныгы кадырлоосуна татыган, элдин суроо-талап, муктаждыктарын кылдат түшүнүп, эмгекке үйрөткөн Корчубек Акназарович «Тянь-Шандын Баба дыйканы» деген атка конгон эле.

Бул кишинин мезгилинде мен Тоголок Молдо атындагы чоң колхоздо башкарма болуп иштеп калдым. Мурда Жаманкулов деген иштеген экен. Ошол кишини кызматтан алып, ордуна кадр издеп жатышканда, башта да чарбада иштегенсиң, партиялык мектепти үч-төрт ай мурда бүтүпсүң деп, мени ошол чарбага башкарма кылып шайлап коюшту.

Ал чарба чыны менен чоң чарба экен. Мына, азыркы Ак-Талаанын Пионер дегени бүт, андан кийин жогорку «1-Май» колхозу кирип, баш-аягы он бир айылдан куралган чоң колхоз болуп чыкты. Ак-Талаа өрөөнүндө Жданов, анан Тоголок Молдо атындагы эки чоң колхоз бар эле. Мени ошол экинчи колхозго алпарып башкарма кылды. Бир топтору көндүрүп, барып көргүн дегенден кийин гана бардым. Колхоздун мурдагы башкармасын жасаган ишинен улам Акназаров жакшы көрчү. Бирок, аны Акназаров жок кезинде – отпускадга жүргөндө кызматтан кетирүү жөнүндө «компромат» даярдап, кетүүгө «жол» ачышат. Ал иш мындайча болот. Корчубек Акназаровичтин ордуна убактылуу отуруп калган райкомдун экинчи секретары Асаналиев Адамжан чоң колхоздун малын санатып, 500гө жакын койдун саны чыкпай, тигиндей-мындай, хулигандык кылды деген дагы бирдемелерди жаба салып, ошондой өзүм билемдикке барышыптыр. Анан Акназаров келгенде, анын алдына тигинин делосун алып барып таштап коюптур. Акназаров эбак «бышып бүткөн» ишти кайра кароого кечигип калып, айласыздан кызматтан алууга мажбур болот.

Ошону менен мени ушул колхозго башкарма болосуң дешти. БКнын жооптуу уюштуруучусу Умаровду, Байсеитов Дөөлөтша деген прокурорду, мени кошуп алып, Асаналиев өзү баш болуп ал колхозго мени шайлаганы алып барышты. Барсак, парторгу деле, сельсовет төрагасы деле не кылаарды билбей, шайлары кетип калган экен. Эл болсо, алардын сөзүн укпай, Жаманкуловдун сөзүн угат. А Жаманкулов ичкиликти жакшы ичкенден экен, ичкилик «сүйгөндөргө» арак алып берип, элди аябай дуулдатып коюптур.

Чогулушту Жаманкулов баштап, «мени кызматтан бошоткула» десе, эл «бошотпойбуз» деп, бир топтору тыяктан-быяктан сөз укпай кыйкырат. «Алып чык, алып чык!» – деп эле баягы Дөөлөтша деген прокурор кыйкыргандардын улам бирин жетелетип сыртка чыгарат. Тиги мас экен, бул мас экен, мас болуп кыйкырып жатат деп бирден-бирден алып чыгып жатышты.

Биз президиумда отурсак, Асаналиев Жаманкуловго: «Сен элдин баарын уюштуруп коюп, анан билмексен болуп бытмыйып отурбагын. Азыр өзүң түшүндүрүп, элдин башын будуңдатпай, кызматыңдан кеткин, болбосо жаман чечилет», – деп бир кагаз берди. Ошондо Жаманкулов айласыздан: «Мен ыраазымын силерге», – деди. Мыкты коммунисттер, 20–30 жылдан стажысы бар коммунисттер чыгып: «Эми, балам, сага ырахмат, жакшы иштедиң. Сени кайра башкарма кылып шайлап алыш биз үчүн чоң уят. Башкарма болуп кайра иштейм дегениң сен үчүн да уят!», – деп, ошол жерден аны кызматтан бошотушту. Мен баягы жерде отурам, аңгыча менин кандидатурамды коюп калышты. Бул маселе боюнча Аалы деген суроо берди: «Жаманкулов деген жакшы башкармабызды растратаны көп чыгарды деген айып менен бошотуп жатат. Сиз башкарма катары ошол растратаны кантип жоём деген ойдосуз? Кандай методуңуз бар?» - деп. Анда мен: «Эми мен деле силерге окшогон коммунистмин, эки көзүм, эки колум, эки бутум бар дегендей, бирок, мен растратаны жоём деп айта албайм. Анткен себеби, жалгыз растратаны жоюш менин колумдан келбейт. Мына, силер көп кишисиңер, малчылар, тиги-булар болуп иштейсиңер. Мындан ары да бирибирибиз менен мамиле түзүп, чогуу аракеттенбесек болбойт. Ошондо кимибиз ууру, кимибиз ууру эмес экендигин сиздер,

коммунисттер менен бирге аныктап чыгып, алдым-жуттумдукка каршы катуу күрөш жүргүзсөк, растрата деген биротоло тыйылышы мүмкүн. Биз бири-бирибизди колдошубуз керек. Мен болгон растратаны жоюш үчүн колдо болгон аракетимди, күчүмдү жумшап, коммунисттердин авангард туусун көтөрүп, сиздер менен бирдикте иш жүргүзсөм деген оюм бар. Баарыбыз жапатырмак киришсек, ошондо гана болгон ашкере ыгым-чыгымды жабышыбыз мүмкүн. Мындан бөлөк, мындан башка эч кандай мүмкүнчүлүк жок. Коркутуп-үркүтүү, анан дагы бирөөнү кестирип жиберүү жолу менен жоё албайбыз. Андай чаралар убактылуу гана көрүнүш. Кеп – негизги себебин таап, растратанын тамырын суурук, жоюуда болуп жатат. Баарыбыз биригип, чогуу-чаран растратаны жоюуга жетишишибиз керек!» - деп сүйлөдүм.

Колхоздун 45 миң кою бар экен. Кийин мен аны 60 миң кой менен өткөрдүм. Мына ушундай башталыш менен Тоголок Молдо атындагы колхоздо иштедим, жакшы көрсөткүчтөргө жетиштим. Андагы ак ниет уюштургуч ишим үчүн «Ардак Белгиси» ордени менен сыйландым.

## Корчубек Акназаровдон көп нерсени үйрөнгөнбүз

Корчубек Акназаров элдин ишине кан-жаны менен берилип, эч талыкпай чыгармачылык менен иштеген эң өжөр адам экен. Бул кишиден биз, башкармалар, көп тажрыйба үйрөндүк. Кишинин жакшы-жаманын жаземдебей тааный билгени ал жөнүндө жазылган чыгармаларда айтылган жери бар.

Мен өзүм чарба жетекчиси катары чоң ийгиликтерге жетишип, кадрларды туура тандай билүү сапатына ээ болгонум – Акназаровдон алган бай тажрыйбамдын натыйжасы го деп ойлоймун.

Ошол башкармалык кызматка барган убактан тартып, мен Акназаров менен бирге он жыл иштештим. Анын көп жакшы жактары, айрыкча, жетик жетекчинин кадрлар менен иш алып баруудагы бай тажрыйбасы бизге кадрларды жакшы тандоодо абдан чоң үлгү болгон эле. Маселен, капысынан начар

кадр болсо, ар жак, бер жагына карабай эле алып ыргытып ийчү. Акназаров менен Карасартов экөөбүз иштештик. Ал эми Шайнаев бир жарым жылдай иштеп, кырсык болуп бошоду. Партиядан чыкты. Жүзүпжанов да бошоду, айтор, ушулардын бардыгы тең бошоп, такай иштешкен эле ушул Карасартов экөөбүз болдук окшойт.

Чарбалык иштерде гана эмес, бир үй-бүлөдө деле өйдө-төмөн силкинүү, айтышуу болот. Мен Акназаровду көп сындайт элем. Калган башкармалар сындай алышчу эмес. Бетке айткандан коркушчу. А мени алиги Жогорку партиялык мектеп, университеттик билим «фанатик» марксист кылып чыгарган экен. Биздин социалисттик коомубуздун кыймылдаткыч күчү – бул өзүн-өзү сындоо болуп эсептелет деген партиянын урааны бар эмес беле. Ошол сөзгө таянып алып, бизде коммунисттер бар, коммунисттик партия бар деп, өң-ырайына карабай, кетирген кемчиликтерин сындачу элем.

Бир жолу Акназаров болуп партиялык конференцияда отурабыз. Ага делегаттардын баары катышты. Конференцияда эч ким биринчи секретарды сынга алганга жараган жок. Анан мен чыгып алып, Акназаровду сындай баштадым. «Сиз социалдык жакка жакшы көңүл бурбайсыз, планга гана абдан көңүл бурасыз. Ушул жагынан кемчил жагыңыз бар. Сизге план эле болсо болду. Каражат, кирешелерибизден колхоздун өзүнө жарытылуу эч нерсе калбайт. Бардыгы мамлекетке салык түрүндө түшөт дагы, ал жерден бөлүш-түрүлөт, андан облуска келип бөлүштүрүлөт. Ошентип отуруп, биз бардыгыбыз тең жанагыдай болуп кыйын абалга кабылып отурабыз. Кээ бир колхоздор ссудага малынып, эмгек акыны өз убактысында бере албай, кыйналып жаткандар бар. Социалдык жайларды, маселен, клуб, бала бакча, мектеп дегендерди кээ бир колхоздор сала албай жатат. Китепкана деген колхоздордо иштебейт. Элдин баары тең социализм, коммунизм жөнүндөгү идеяга шыктанышып, абдан берилип калган мезгилде аны эч качан бузууга болбойт. Ал иш жүзүнө аша турган болсо, материалдык күчкө айланат дагы, план-тапшырмалардын баарын бир эсе эмес, а эки эсеге аткарууга чейин мүмкүнчүлүктөр бар. Мына ушул жагынан көп аксаган иштерди жүргүзүп жатасыз. Ал жакка көңүл бурбайсыз. Бүтүндөй эле баягы: козу алыш керек, койду өлтүрбөш керек, малды өлтүрбөш керек деген

бир беткей саясатты жүргүзүп жатасыз. А экинчи социалдык маселелерге жетиштүү көңүл бурбайсыз», – деп катуу айттым. Бул эле эмес, көп эле жерде сындачумун. Ар кандай план-тапшырмаларды туура бөлүш-түрбөгөндүгү үчүн да сындап жүрдүм.

Кийинчерээк Кочкорго которулуп барганда да Акназаров менен жолугушуп жүрдүк. «Соң-Көл» совхозунда ат-башылык Саринжи деген директор бар эле, кийин ал Ат-Башыга барып секретарь болду. Ошол «Соң-Көл» совхозунда директор кезинде чарбанын мисалында областтык семинар өттү. Ал семинарга барып катышып, Кочкорду дагы көрдүк.

Корчубек Акназаровичти мен мактайм, бирок анын терс жагын дагы айтыш керек. Ал киши таланттуу, чоң жетекчи болгону менен чычалагыраак да жайы бар эле. Ошондой болсо да, анын бир жакшы касиети – бир нерсе болуп урушуп кетсең, такыр кектечү эмес. «Тотунун дитинин артында жаман ою жок», – деп мени жакшы көрчү. Мен аны фактылар менен айда сындап таштайт элем. Пленумдарда, чогулуштарда ушундай катуу сүйлөп койчумун. Сүйлөгөндө да чындыкты чындыктай кылып айтып берүүнүн өз жолу, өз ыкмасы бар. Кээ бирөө сынды «этин оорутпай» берет, а мен болсо, партия ушинтип окуткан деп эле: өзүн-өзү сындоо биздин коомдун кыймылдаткыч күчү, буга эч ким эч нерсе дей албайт деп сынды «жаадыра» берчү экемин. Акназаров менин ушул касиетимди туура түшүндү, мен калыс жетекчинин колунда тарбияландым. Кээде экөөбүз бирге отуруп, ар нерсени айтып сүйлөшүп калганда: «Мына жем бер десе эле болбойсуң, жем берчи, комбикорм мынча сом турат, жемдин аркасы менен кошумча 100 граммдан эле жүн алсаң, канчалаган пайда сага агып кирип жатат, мына ушуну эске алсаң!» – деп кеп-кеңешин ортого салаар эле.

Эртең менен эрте саат бештерде күн чыгып калат. Ошол мезгилдерде трактор от алып, жүрбөсө, Акназаров тимеле чачын жулуп өкүрчү. Биздин эл мына ушуга көнүп, керек болсо кыштактан чыгып чатыр тигип берип, чатырларга жаткырып, эл чарчаганча иштеп, чарчагандан кийин жаштар волейбол ойноп, музыка угуп, өндүрүштүн жана эс алуунун шартын түзүп, жаштарды маданияттуулукка чакырган. Ошол мезгилде жаштар үйлөрүн таштап коюп, чатыр-

ларга жатып эмгектенип жүрүштү. Элдин жашоо абалын мына ушундай жол менен көтөргөнбүз. Тоголок Молдодогу иштерибизге да Корчубек Акназарович ыраазы болуп, элди алып келип, Мойдунов моминтип иштетип жатат деп, нечен-нечен семинарларды өттү биздин чарбада.

Бир күнү Корчубек Акназарович болуп кыштоолорду кыдырдык, анан Уруш-Булак деген Орто-Сыртта биздин бир «борборубуз» бар эле, ошого келди, ал ошол аймактагы чарбалардын маданий базасы болучу. Анын бир-эки эле бөлмөсү бар экен. Шайыков деген «Коммунистчил» колхозунун башкармасын чакырып алып, көп маселелердин тегерегинде олуттуу пикир алышуулар болду. Чогулушубуз чакан болгон менен, пикир алышуу узакка созулуп кетип, ал жерге түнөп, конок болушуп, эртеси эртең менен Шайыков болуп чогуу кеттик.

Кийинчерээк келип алып эле, «мынча үй салдырган» деп Шайыковду мактап, негедир мага ачуусу келип, кекетип калыптыр. Мен уруша кеттим элдин көзүнчө. «О, койчу, айланайын, Шайыковдун эки бөлмө салдырган тамын мактайсың. Барып алып туруп мен ар бир койчуга эки бөлмөлүү там салдырамын, сонун заңгыраган тамдарды салдырамын. Жол болбосо дагы, материалды төөлөргө жүктөтүп, аттын күчү менен киши барбаган, койчулар араң чыккан жерлерге там салдырам», – деп уруша кеттим. Ошентсем эле, өзүн абдан начар сезип, кызаңдап кетти. Анын үстүнө «Коммунистчил» колхозунун активдери да олтурган. Анан тарап кеттик.

Кийин күз болгондо, Корчубек Акназарович мени атайын барып текшерейин деген окшойт. Кийинки жылы мен жалаң курулуш бригадасы деп бөлүп, шабашниктерден да алып келип, ГАЗ-53 машинасын алып, анан тиги Учкундун суу капчыгайы аркылуу чыгып, Орто-Сырттын көп жерине бүтүндөй там курдурдум. Уруш-Булак деген жерине алып барып сарайын дагы, кампасын дагы салдым. Негизи, ал жерге кар аз түшөт. Кызык жер. Жата турган жерлеринен өйдө ушундай бир татынакай кылып салдырдым. Салдырып бүткөндөн кийин Корчубек Акназаровичти чакырдым. Ташматов деген БКда иштеген кызматкерди кошуп алып кыдырып чыккандан кийин, жакшы иштеп коюпсуң деген да жок, унчуккан да жок. Көөп, дардактап кетеби деди окшойт. Би-

рок, бир аз убакыттан кийин: «Мойдунов жалаң малчыларга болуп көрбөгөндөй шарт түзгөн, ушундай сонун тамдарды салдырган. Чабандар киргенде кадимкидей эс алып калышты. Мурда суурдун ийниндей болгон жер төлөлөрдө жашап жатчу эле. Эми бүт бардыгын тең татынакай тамдарда жашатып, анан короолорун салып, абдан жакшы иш жүргүзүптүр», – деп мага абдан ыраазы болду. Мына ушунтип жүрүп план-тапшырмаларды да аткардык.

Аңгыча колхозчулардын съезди болду. Ал съезддин алдында эле урушуп чыкканбыз, кыжыңдашып. Анан съездге делегат кылбай, Карасартовду, дагы башка мактаган башкармаларынан көрсөтөт го деген ойдо элем. Жок, ошол республиканын Туусун алып жаткан,муну алып барбай койсом абдан таарынып, чарба ишине жакшы көңүлдөнбөй коёбу, ар жак, бер жагын эске албай кыжырына тийип аламбы дегендей кылдыбы, кыскасы, башкармалардан мени колхозчулардын съездине алып барды.

Ошентип, съездге катыштым. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйландым. Ошо менен ал жерде иштеп жүрдүм. Владимир Ильич Лениндин 100 жылдыгына арналган «Эмгектеги каармандыгы үчүн» деген юбилейлик медаль менен сыйландым. «Эмгектин ардагери» деген наамды, райондук партия комитети, аткаруу комитетинин куттуктоо папкаларын беришти. Кыскасы, колумдан келген ишти жасадым. Эл да мага ыраазы болуп калды. Мени чарбага жетекчи кылганда мына ушундай иштерди жүргүздүм.

Жайдын күнү колхозчулардын жеген наны менен жармасы бүтүндөй бекер болчу. Кант, чай жана эттин гана акчасын төлөшчү. Комбайнерлерге ушундай шарт түздүм. Болжолу отуздай комбайнчы иштейт. Күн алыстан бирден кой союлат. Иши көп болсо, бир айдын ичинде чаап бүтөт, башаягы он-он бештей кой союлат. Ошо койдун этин дагы, ичкен чай, кантынын баарын тең токтом чыгарып, бекер кылып койдук, отчётун тапшырып берип турдук. Бул ыкманы мен «Бирдик» колхозуна келип иштегенде да пайдаландым. Колхозчуларга жакшы көңүл бөлүп, сыйлыкты өз убактысында берип турса, эл ушунчалык укмуш көтөрүлөт экен. Комбайнчылар кечкисин да чабалы деп турушту. Мен: жок, кой, жатып эс алгыла эми, эртең менен эрте баштайсыңар десем

да болбой, түн ичинде лампа менен комбайндарды оңдошуп, таңга жуук күрүлдөтүп эгин чаап киришет. Бир комбайнда экиден киши нөөмөтчүсү менен. Мына ушинтип эмгекти кызуу баштап, кызуу эмгектенип иштеп көрдүк.

Ак-Талаа районунда иштеп жүргөн мезгилимде өтө жагымсыз бир окуя болду. Колхоздордун чарбалык иштерине ревизия өткөрүлдү. Ал Корчубек Акназарович Баатыр болгондон кийинки мезгил эле.

Ошондо, Ленин колхозуна башкарма болуп биздин Тогуз-Тородон келип Шайнаев иштеп жатты эле. Ал деле көп иштеген жок, болгону бир жылга жакын иштеп калган. Ошол мезгилде андан чоң растрата чыкты. Колхоздун бухгалтери Байзаков Артык деген – эстүү кишинин баласы эле. Артык өзү 1924-жылдан бери КПССтин мүчөсү экен. Кайсы жерде комсомолдук, партиялык семинар болсо, ошол кишини алып барып сөздөрүн укчубуз. Анан баягы «ата баркы менен кызы өтөт» болуп, анын баласы Тогуз-Торонун Ленин колхозунда экономист, андан кийин атасынын өтүнүчү менен өзүнүн айылына келип башкы бухгалтер болуп иштейт. Кандайдыр бир туура эмес, жеңил ойлуулук жолго азгырылып, колхозчулардын акчасын жеп жүрсө керек. Ошондо 130 миң сом акча жетпей калып, колхоздун башкармасы, дагы бир топ кишилер камалды. Ал кишилердин бирөө Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, Латвияда болгон салгылашта чоң баатырдыкты көрсөтүп, Ленин ордени менен сыйланган экен. Бул Өзбек деген киши. Мына ушул киши жогорудагы ишке байланыштуу түрмөдө жатып өлдү.

Ленин колхозунда ушундай чыр чыкса, «Коммунистчил» колхозунда да чоң чыр чыга баштады. Ал жерде көп жылдардан бери, өзү көлдүк – Тамчыдан келген Шайыков деген башкарма болгон. Бул адам мурун Теректе иштеген экен. Ошондо иштеп жүрүп кайра кетип калып, обкомдун биринчи секретары Исаев Ысык-Көлдөн эмеспи, анан эптеп эбин таап келип ушул «Коммунистчилге» башкарма болуптур. Өзү чекист, бул укмуш, мына ушундай таза иштегиле, тигинткиле, минткиле деп эле Акназаров кыйкырып, бакырып бизге мисал кыла берчү. Таза иштеп жүргөн экен деп ойлосок, «Коммунистчил» колхозунан чыр чыкты. Мындан дагы 100 миңге жакын акча, 135 уй жетпей, чоң чырдуу окуя болду. Ал чар-

банын уй фермасы көпүрөдөн секирип, Нарын сууга чөгүп өлдү. А башкы бухгалтери таасирдүү жердин кулуну окшойт, эки жылбы, үч жылбы, түрмөгө кесилди. Ал эми Шайыковду болсо Акназаров партиянын катарынан өзү чыгарды.

Анан эле ушу Мойдуновдун жүргөнү жаман, бул өтө эле көтөрүлүп жүргөнсүйт, мына ушундан чоң чыр чыгат деп, мени келип текшерип калышты. Башкы бухгалтерим абдан тың бала эле, өзү таза, андай-мындайы жок, жеп-ичейин деген эмес, мен дагы ошол колхоздун чөйрөсүнө барып түшкөндөн кийин, бирөөнүн жеринде аман-эсен эмгек сиңирип иштеп кетейин деген ой-максат менен барып иштеп жүргөм. Бизге Шамшиев деген текшерүүчү келди, эки жерде чуу чыгарып, эки жерди катуу талкалап бүткөндөн кийин. Ушу Мойдуновдон чоң чыр чыгат, ушуну бир текшерип берсеңер болбойбу деп, финансы башкармалыгынын начальниги болгон Ысманов деген бар эле, ошол улам чаап келип жатты. Анан биздин бухгалтер: «Сизге кандай документтер керек болсо менден сурап туруңуз. Мына, документтерди алыңыз, түшүнбөгөн жериңизди менден сурап турсаңыз, мен көрсөтүп турам», - деп документти бир үйгө киргизип, «Ревизия келди, кимдин түшүнбөгөн, нааразычылык суроолору болсо, келип айтып кетип турсаңар болот», - деп кулактандыруу жазып, илдирип койду. «Менин бухгалтерим кокуй жигит эле, муну так ушу колхоздун ичин былгытып, өйдө-төмөн көбүрөөк сүйлөгөн ушакчынын үйүнө жаткырайын», - деп, ошо жерде Абсалам деген бар эле, текшерүүчүнү Абсаламдын үйүнө алып барып жаткырды.

«Бизден азык-түлүктү мындай эле алып туруңуз, төрт-беш киши экенсиздер, жетишет. Ар бирибиздин оокат-тиричилигибиз деле жаман эмес», - десе болбой, «Биз ордер менен алабыз, накладной жазып бергиле эмне кетсе, кант, чай, эт-сеттин бардыгын тең накладной менен алабыз», - деп такыр болбой коюшту текшерүүчүлөр. Ошентип, мага ревизия жүргүзүштү. Жана айткан Ысманов деген жигит, эмне болуп жатат деп, күнүгө чаап келет. Кайра эле кабагы жерге түшүп, жөн эле жотосу бирдеме болгонсуп, ушу эчтеке табылбай жатат десе эле, кайра кабагын бүркөп кетет. Кайра эртеси эле күнүгө, күнүгө келип турат. Эч кандай оркойгон кемчилик чыкпай, менин иштеген ишимен «жеп-ичти» фак-

тыны таппай, анан ревизиясы дагы бүттү. Ревизия бүткөндөн кийин жыйынтык актысын жазыптыр. Актысында кичине андай-мындай кемчиликтер бар экен. Анда өзүнө кымырып алуу, жеп-ичип алуу деген жок. Жыйынтык боюнча чогулуш өттү. Текшерүүчүлөрдүн башчысы Шамшиев дегенге мен суроо бердим: «Ушу биздин башкы бухгалтер кандай экен, иштери жакшы бекен? Бул Ак-Талаанын айыл чарба башкармалыгына башкы бухгалтер болуп бар десе болбой жүргөн бала эле», - деп. Ал: «Башкы бухгалтериң өтө жаман да эмес, өтө мыкты да эмес, орточо бухгалтериң бар экен», – деп баа берди.

Ошентип, ревизия жасап, Чоробеков деген областтык текшерүүчүлөрдүн башчысы ар кайсы жерлерди чукуп, анан кийин Тыналиевдин оң колу болуп алып, кайсы жерде башкармаларды бошотом десе, ошо жерден эптеп күнөө, кыйкым таап, бирдемелерди изилдеп, аларды жаманатты кылып, ошолордун убалына калып жүрдү. Бул дагы дайыма келип турду. Мына ошентип бул ревизиядан биз так, жакшынакай кутулдук. Ак-Талаанын «Коммунистчил» колхозуна Шайыковдон кийин Тынышбаев деген келип башкарма болду. Бул дагы өмүр бою ар кимдин убалына калып, өйдө-төмөн иштерди кылып жүрүп көнүп калган экен. Ажиев секретарь болуп келгенде муну да кызматтан алып салды. Бул дагы кесилип кетти. Мына ушундай апаат, жаман окуялар болду. Бул өңдүү окуяларга кийинчерээк өз учурунда дагы токтолоормун. Мен ошондо мыйзамдын бузулуп калганын өзүм байкадым. Аны мен кийинчерээк «Бирдик» колхозуна барып иштегенде, кийинки турмушумда деле сезип жүрдүм. Дайыма эле калыстык, чындык бар өлкөдө ушундайча менен иштөөгө болот деген ой менен ар түрдүү адамдар, ар түрдүү аң-сезимдеги жетекчилер иштейт экен дагы, жанагыдай өзүнүн оюндагыны жасап, партиянын айтып жаткан сөзүндөй иштебестен, аны дагы бурмалап жашагандар көп болот экен.

Мына ушинтип Ак-Талаа районунда момундай чоң жеп-ичкендер ашкерленген Акназаровдун өзү Баатыр болуп калганы себеп болуп, ошондон аман калды окшойт. БКнын жетекчилеринин көзүнүн түздүгүнөн калды окшойт. Болбосо, анча-мынча секретарларды будалап эле кызматтан алып ыргытып иймек.

Ак-Талаада иштеп турганда, БКнын көп чоң жетекчилери келди. Министрлер Советинин төрагасынын биринчи орун басары Моргун, Капустян, Министрлер Советинин төрагасы Сүйүмбаев өзү келди. Кулатов аксакал эки-үч жолу каттады.

Колхоздун башкармалары ал убакта укмуш болчу. Чыны менен башкармаларсыз БКнын пленуму, партиялык актив өтчү эмес. Бүтүндөй колхоз башкармалары чогуу барып, райкомдун секретарлары менен чогуу отуруп, райкомдо чоң жыйын болгондо колхоздун башкармалары чоң роль ойноду. Ал убакта колхоздордун башкармаларын көтөрүүдө өзгөчө чоң роль колхоздун жетекчилерине байланыштуу деп чечилип, ага аябагандай мыкты кадрлар тандалчу. Ошол убакта көп жыл колхоздун башкармасы, райаткомдун төрагасы болгон, райкомдун экинчи секретары болуп, Жогорку партиялык мектепти бүтүп, биринчи секретарлыкка жеткен Азимжан Асаналиев деген бар эле. Ал келип минтип сүйлөп калаар эле: «Азыр ушул мезгилдин өзүндө үч гана мыкты кызмат бар. Биринчи кызмат – райкомдун биринчи секретары, экинчи кызмат – бул колхоздун башкармасы, үчүнчү кызмат – бул чабан».

Чынында, чабан койду гана кайтарганды билип, калган чабандар үчүн жемди дагы, чөптү дагы, сарайды дагы, мал төлдөткөндө малды дагы, ал тургай, кол алдындагы сакманчылардан бери бүт бардыгын тең камсыз кылат, чабан болсо, чалкалап эле жатат. Ал эми колхоздон машине-машинелеп жиберилген жемди да жөн албай, колхоздон келип түшүрүп берип кетсин, тигинсин-минтсин деп талап кылат. Анан атайын грузчиктерди алып келип түшүрүп берип кетишчү. Эртеден-кечке чейин аябай тил угуп, жаман көрүнсө дагы, ошол айылдын бала-бакырасына чейин бүт бардыгы тең колхоздун башкармасынын көзүн карашчу. Райкомдун секретары да ал мезгилде чоң роль ойногон. Ошондуктан айтса керек, жанагы азыр негизинен үч гана кызмат бар деп.

Ошол мезгилде биз Акназаровдун кол алдында иштедик. Чынында, жакшы кишинин, жакшы жетекчинин башкаруусунда иштеш – бул өзүнчө эле университет, өзүнчө эле чоң институт эле. Мындай иштиктүү жетекчинин кол астында кадр абдан жакшы тарбияланат, тактап айтканда, жетектеп жаткан жетекчинин сапатына жараша тарбияланат. Эгер же-

текчи алдым-жуттум, паракор адам боло турган болсо, анда кадрлар да өспөйт. Жетекчилик да начар болот. Ошондуктан ал кездеги негизги фигура – райкомдун биринчи секретары болчу. Ошол кандай адам болсо, ошонун акыл-эс жөндөмүнө, жүрүш-турушуна, инсандык дареметине жараша болот.

## Коркоктор кошоматчы болот, эки жүздүү болот, а мен өмүрүмдө андай ишке барган жокмун

Мен Корчубек Акназаровичти жактырганымдын негизги себеби – ал эч кимден урунуп-суранып көргөн киши эмес. Кээ бир куйту-кошоматчылар алдына барса, барып жүргөндүр. Өмүрүмдө Акназаровго алдына барып бир бээ, же бир кой союп, же отпускага же тыякка-быякка кетип баратат деп акча чогултуп алып, башка башкармалардай болуп эч берген күнүм болгон жок. Ошол жагым, мүмкүн, ким биреөлөргө жактыбы, жакпадыбы, бирок, менин ушул сапатым өзүмө абдан жагат. Анткени, өзүмдүн аң-сезимиме, өзүмдүн жөндөмүмө ишенчүмүн. Ошондуктан мен Акназаровдон эч качан коркчу эмесмин. А коркоктор кошоматчы болот, эки жүздүү болот, коркоктор чоңдордун колтугунда, айланасында жүрөт кошомат кылып. Мен өмүрүмдө андай ишке барган жокмун.

Ак-Талаанын элинде Мойдуновдун иштеген мезгили өзүнчө эле жомок. Райкомдун биринчи секретарынан баары чочулап, колхоздун башкармасы, мектептин директоруна чейин бүжүрөп отурушаар эле. Ошол убакта Ак-Талаа райкомунун секретары, элдик көзөмөлдүн төрагасы болуп жүргөн Жуматаев деген бар эле. Мен Ак-Талаадан Тогуз-Торого иштөөгө кетип калгандан көп жылдан кийин Жуматаев экөөбүз Ак-Талаанын бир топ кишилери менен жолугуп отурганда, ал: «Башка башкармалар жерге кирсин, кошомат айтып, тик сүйлөй албай, Акназаровдон коркушуп, ийнине кире качышчу. Жалгыз гана башын көтөрүп тик сүйлөгөн ушул Мойдунов Тоту эле. Чогулуштарда, пленумдарда эң сонун маселелерди козгоочу эле. Мойдуновго сөз берди дегенде, баягы мурунку чурулдап жаткан элдин баары тең тыптынч болуп, тынчтанып угуп, сөзүнө моокумубуз канчу эле. Акназаровдун ба-

шынан аягына чейин сындап койгондо, эми Акназаров Мойдуновду өлтүрөт дешчү. А бирок, Мойдунов Акназаров кеткенге чейин эле жакшынакай чогуу иштешти. Анткен себеби, Акназаров абдан туура түшүнгөн, сындын дагы чындык жери бар экен деп түшүнгөн жетик адам болгон», - деп айтып калды. Мына, бул мен үчүн жагымдуу чыккан сөздөр, эч кандай буруу-терүүсү жок, бүт бойдон кашкайган улуу чындык. Ак-Талаада мени да туптуура түшүнгөн эл-журт бар экен го катуу сыймыктандым. Кептин ырасында, мен Акназаров менен иш боюнча гана жолдош болдум. Ал эми калган жагынан жолдош болгон эмесмин.

Кыскасы, мен Корчубек Акназарович менен узакка иштештим көрүнөт, ал киши мен иштеп жаткан аймакка – Ак-Талаа, Тогуз-Торо тарапка 1960-жылдары келди. Анан 1970-жылдары Жумгалга кетти. Мен, Ак-Талаага кошулгандан тартып, 1973-жылга чейин, Алматыга окууга барганым болуп, антип-минтип жүрүп, баш-аягы он жыл чамасында иштеп калдым. Бирок, өндүрүш дегениң өтө кыйын, татаал экенине чарбалык турмуштан көзүм каныкты, анткени мен чарбанын өтө оор участкаларында иштедим.

Тогуз-Торого барып иштеп жүргөндө, Нарында чоң пленум болуп калды. Пленумда растрата, уурдоо жөнүндө маселелер талкууланып жаткан кезде, Акназаров ошол жерде отурганда, Ыманбердиев деген башкарма, мен да башкармамын, экөөбүз барып аны менен учурашып калдык. А киши Жумгалдан. Учурашып, орун алышкандан кийин Акназаов мага кайрылып: «Тоту, – деди, – сен абдан жаман, ахыбалы өтө оор колхоздо иштедиң. Чарбасы да чоң колхоз болчу, чарба жүргүзүү өтө оор, ал жерде болгону ушул, мал жалаң гана шыбак менен тоюттандырылат. Малыңдын Соң-Көлгө барып, жайлоодо жүрүп, 500дөн койлоруңдун чабыр болуп жатканынын себеби, тоюткор жагынан жериңдин шарты такыр жок эле. Анан абдан чачынды болуп, көзөмөл-дүктүн жоктугунан, быягы боло турган болсо, Арпага, тыягың Ак-Сайга, Соң-Көлгө чейин барып, үч чоң жайлоо, үч зор кыштоонун сыноолорунун бүт бардыгын тең башыңдан өткөрүп жүрдүң. Оор жерде иштедиң. Тоголок Молдодо жасаган ишиңдин эле отуз процентин ушу өзүңдүн иштеп жаткан жериңде жасачы, сен ал жерде кандай кадыр-баркка ээ болоор экенсиң». Ыманбер-

манканасынын биринчи кабатында, кире берген жерде бурчта жаткан экен. Барсам, Акназаровдун бир жакшы ишмерлигин ушундай деп айтам, ошо мезгилде кээ бир секретарлар БКнын мейманканасынын алдында мас болуп, теректи кучактап тургандарын көрдүм, ичине келип үлпөт куруп, той-тамаша куруп жаткандарды көрдүм.

Акназаровго кирсем, столдун үстүндө бир бөтөлкө кефир турат дагы, бир кичинекей нан турат, андан башка үч-төрт конфет турат. Ушул өзү чыдамдуураак жан экен, мен кирип барсам, кел, кир, отур деди. Мен кирип отурсам, бир маалда трубканы алып туруп, ар кайсы министрлердин жанын койбой, суранып сүйлөшүп жатыптыр. Ал киши телефон менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин дароо чыгып жуунуп келди дагы: «Сен тамактандың беле?», – деди. Мен: «Жок, тамактанган эмесмин», – десем, «Анда тамактанбай эле баралы», – деди. Ошону менен экөөбүз ээрчишип алып БКнын кабыл алуу бөлүмүнө бардык. Сен бү-гүн Усубалиевге киресиң деди. Мен мурда-кийин көрбөсөм, мурда кол алышып сүйлөшпөсөм, бул кандай окуя болот деп чыны менен тынчсыздандым. А киши эмне дейт экен, эмне деген маселелер болот экен деп катуу тынчсыздандым, тартындым, сүрдөдүм, чыны менен корктум.

Анан мен Акназаровго: сиз кошо кирбейсизби десем, жок, Усубалиев жалгыз кабыл алат, экөөбүздү чогуу киргизбейт деди. Анан баягы жерде кабылдамада отурсам, Султан Ибраимович чыгып келатыптыр. Ушу кагаздары чачылган сыяктуу колун мындай ийе кармап, мени менен баш ийкеп учурашып, саламдаштык. Андан кийин эле Усубалиевдин жардамчысы кирип кетти. Кайра чыгып, сенин колуңда жазган кагаздарың барбы деди. Жок, кагаздары жок деп Акназаров айтты, кагазсыз эле Усубалиев билет, Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасы экен деп айтсаң эле кабыл алат деп. Ошентип эле кирип кетип кайра чыкты, кирсин деп жатат деп.

Кирдим. Кирсем, кабинети тээ узун, чоң кабинет экен. Төр жагында кичинекей стол менен өзүнүн туура койгон столунун жанындагы стулунда Усубалиев отурган экен. Кабинетинин чыгыш жагында китеп шкафында бүтүндөй китеп, быягында чоң узун отургучу бар экен. Бюро мүчөлөрү менен

манканасынын биринчи кабатында, кире берген жерде бурчта жаткан экен. Барсам, Акназаровдун бир жакшы ишмерлигин ушундай деп айтам, ошо мезгилде кээ бир секретарлар БКнын мейманканасынын алдында мас болуп, теректи кучактап тургандарын көрдүм, ичине келип үлпөт куруп, той-тамаша куруп жаткандарды көрдүм.

Акназаровго кирсем, столдун үстүндө бир бөтөлкө кефир турат дагы, бир кичинекей нан турат, андан башка үч-төрт конфет турат. Ушул өзү чыдамдуураак жан экен, мен кирип барсам, кел, кир, отур деди. Мен кирип отурсам, бир маалда трубканы алып туруп, ар кайсы министрлердин жанын койбой, суранып сүйлөшүп жатыптыр. Ал киши телефон менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин дароо чыгып жуунуп келди дагы: «Сен тамактандың беле?», – деди. Мен: «Жок, тамактанган эмесмин», – десем, «Анда тамактанбай эле баралы», – деди. Ошону менен экөөбүз ээрчишип алып БКнын кабыл алуу бөлүмүнө бардык. Сен бү-гүн Усубалиевге киресиң деди. Мен мурда-кийин көрбөсөм, мурда кол алышып сүйлөшпөсөм, бул кандай окуя болот деп чыны менен тынчсыздандым. А киши эмне дейт экен, эмне деген маселелер болот экен деп катуу тынчсыздандым, тартындым, сүрдөдүм, чыны менен корктум.

Анан мен Акназаровго: сиз кошо кирбейсизби десем, жок, Усубалиев жалгыз кабыл алат, экөөбүздү чогуу киргизбейт деди. Анан баягы жерде кабылдамада отурсам, Султан Ибраимович чыгып келатыптыр. Ушу кагаздары чачылган сыяктуу колун мындай ийе кармап, мени менен баш ийкеп учурашып, саламдаштык. Андан кийин эле Усубалиевдин жардамчысы кирип кетти. Кайра чыгып, сенин колуңда жазган кагаздарың барбы деди. Жок, кагаздары жок деп Акназаров айтты, кагазсыз эле Усубалиев билет, Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасы экен деп айтсаң эле кабыл алат деп. Ошентип эле кирип кетип кайра чыкты, кирсин деп жатат деп.

Кирдим. Кирсем, кабинети тээ узун, чоң кабинет экен. Төр жагында кичинекей стол менен өзүнүн туура койгон столунун жанындагы стулунда Усубалиев отурган экен. Кабинетинин чыгыш жагында китеп шкафында бүтүндөй китеп, быягында чоң узун отургучу бар экен. Бюро мүчөлөрү менен

сүйлөшө турган кичине столу, стулдары бар экен. Анан мен басып баратканда Усубалиев мени тиктеп туруптур. Мен жанына барсам, мени менен кол алышып учурашып, мага отур дегендей баш ийкеп отургузду. «Мен Тоголок Молдо атындагы колхозунун башкармасы элем. Анан: «Сизге кабыл алабы деген чоң үмүт менен келгем. Мени жакшы кабыл алдыңыз», – дедим. «Сен ал жерде башкарма болсоң, илгери бир Күзбаев деген секретарь барында, Акназаров жаңыдан секретарь болгон кезинде, Тоголок Молдо колхозуна машинесин трактор менен сүйрөтүп көпүрө менен өйүзгө өткөн экен. Анан ошондон өтүп, өйүзгө барып, колхоздор менен таанышып, ошол мен жана мактап жаткан мурунку колхоздун башкармасы жыйырмага жакын сарайларды салдырыптыр, ошону билесиңби?», – деп, суроо бере баштады.

Мен: «Ал жерге баргамын, андан кийин ушу жыйырмага жакын сарай курду деп бир башкарманы макташты эле», – дедим. «Ошол сарайлар азыр барбы?» – деп сурады. «Ал сарайлардын бир топтору көчүп, кулап калды», – десем. «Мен ошол сарайларын көргөндө эле айткам, түбүндө фундаменти жок сарай куруптурсуңар, бул сарайлар көпкө чыдабайт го деп. Эл кандай, айлыңарда мончо барбы?» – деп сурады. «Ооба, айылда мончо бар. Элди мончого түшүрүүгө көндүрүп жатабыз, кээ биреөлөрү түшпөйт. Биз элди тизмелеп, тизме менен түшүрүп, көндүрүп жатабыз». «Мектептериң кандай?» – деди. «Жакшы». «Оорукана кандай? Иштейби?» «Иштейт». «Балдар үчүн кандай шарт түзгөнсүңөр, кандай шарттарыңар бар?» – деди. Сүт кухнясы ал учурда чыны менен жаңы эле уюшулган эле. «Сүт берип турабыз, балдар сүт менен камсыз болгон», – дедим. «Колхоз үчүн, колхоздун балдары, болочок кадрлары үчүн ошондой кам көргөнүңүз чын болсо, анда сизге чоң ырахмат. Өзүң кайсы окуу жайын бүткөнсүң?» – деди. Мен: «Жогорку партиялык мектепти бүтүргөнмүн», – дедим. «Агрономсуңбу же зоотехниксиңби?» – деди. Мен: «Агроном да, зоотехник да эмесмин. Мен Жогорку партиялык мектепти бүткөмүн. Өзүм партиялык, советтик кызматтарда иштедим», – дедим. Эптеп өзүмдүн тогузторолук экенимди билдирип, ошол аркылуу менин тогуз-торолук экенимди көңүлүнө тутуп калаар бекен деген ойдо сөз баштап: «Мен Ак-Талаанын Тоголок Молдо колхозунда иштеп жатам. Өзүм

тогуз-торолукмун. Райондо биздин колхоз абдан чоң колхоздун бири. Анын 60 миң кою бар. Тыягы Арпа, Ак-Сай, Соң-Көл, ушул жайлоолордо жайлап-кыштайбыз. Анан ушуларга жетиш абдан кыйын болуп жатат. Ошондуктан, бизге ГАЗ-66 машинасынан жок дегенде үчөө болсо жакшы болмок. Элибиз кардын суусун ичет. Төштөрдөн, боорлордон түшкөн суларыбыз бар. Боор-Албастын суусу, Кара-Булуңдун суусу тоңгон кезде, муз чагып ичебиз. Ушул жагынан алганда, бизге суу түтүгүн курууга жардам берсеңиз. Колхозго чоң клуб керек. Бизде жыйырма киши араң баткыдай клуб сөрөйүбүз бар. Мектеп курууга да жардам берсеңиз абдан жакшы болоор эле. Ушул үч маселе биздин эл үчүн аба менен суудай эле керек болуп турат», – деп, ичтеги көйгөйлөрүмдү төкпөй-чачпай айттым. Анан Усубалиев сурады: «Сенин долбооруң барбы?» – деп. «Бизде клуб менен суу түтүгүн куруунун долбоору бар. Бул долбоорлор түзүлүп бүткөн», – дедим. «Андай болсо, мен сага убада кылайын, жанагы суу түтүгү менен клубуңду бүткөргөнгө сөзсүз жардам берем. Акчаң барбы?» – деди. «Биз өз акчабызга эле курабыз. Колхозубузда акча бар, миллионер колхоз деп эсептелебиз», – дедим. «Анда жакшы, – деди. – Анан жанагы машина жөнүндө сурап калбадыңбы, МЖС деген уюшулуп, ошолорго берилип жатат. Тоолордон, белдерден чөп даярдалып жатат, алардан артып калган болсо, анда сага бир-эки үч машина өзү эле барып калат. Тогуз-торолукмун, ак-талаалыкмын, кочкорлукмун, базар-коргондукмун, токтогулдукмун дегенди тыйбайсыңарбы, ушунун эмне кереги бар?» – деп мага нааразы болду. «Эми менин өзүмдүн туулуп-өскөн элим бар, өзүмдүн элимди сөзсүз айтам. Мен ошон үчүн тогуз-торолукмун. Канча жыл башка жерде иштесең да, өз элиңди, жериңди сагынбай койбойт экенсиң, туулуп-өскөн жеримди абдан сагындым. Ошондуктан сизге айтып жатам, бирөөнүн жеринде, бирөөнүн элинде иштесем дагы, ушундай башкарма иштегенде бизде ушундай жакшы нерселер, жакшы иштер болгон деп айтат», – десем, унчукпай калды. Ошо менен коштошуп, ордуман турдум. Мени бөлмөсүнүн ортосуна чейин узатып келди.

Мына ушу менен Турдакун Усубалиевичке жанагыдай өтүнүчтөрдү бердим. Ал министрлеринин баарына

ма бериптир. Андан кийин колхозго келип, ар бир бригадага Турдакун Усубалиевичте болгонумду, ал киши менен кандай сүйлөшкөнүмдү, орчундуу кыйынчылык туудуруп келген жагдайлардын баарын айтканымды түшүндүрдүм. Бул мен үчүн элди ишке тартууда бир чоң көмөк жана жардам болду.

Бирок, Турдакун Усубалиевичтин берген убадасынан дайын жок, андан бери бир жыл өттү. Ал убакта Ким деген курулуш, Нефедов деген суу чарба министри бар. Анан бир күнү борборго кандайдыр бир себептер менен барып калып, Борбордук Комитеттин биринчи секретары Турдакун Усубалиевичке деп туруп: «Сизге мен киргенмин, сиз мени кабыл алгансыз, сиз төмөнкүлөргө убада бергенсиз, бирок министрликтер, Совмин бардыгы тең планга киргизип, жыйырма миң сом деп бир сумманы коюп коёт. Жыйырма миң сомго биз техникаларды ташып бара албайбыз, планга кирсе, акчаны көбүрөөк бөлбөйбү дейт. Акчаны министрлер өздөрү ошондой коюп коёт экен. Ушу менен баягы сиз айткан убадалар, иштер аткарылбай жатат», – деп кат жазып, борбордук почтамптан салып жибердим.

Анан эле эт төгүп Ак-Тал жакта жүрсөм, жаркыраган машина менен бирөө келип калды. Бул ким? Нефедов деген ушул. «Сиз мал төгүп жүрүпсүз, мен Усубалиевде болдум. Сизге суу түтүгүн куруу жөнүндө келдим», – деди. Катымды машинкага бастырып кошо тиркеп, Усубалиев жазыптыр, эмне болсо да, кайдан болсо да жеринен таап, башкарма менен сүйлөшүп келесиң дептир.

«Мен эмнеси болсо дагы эмдиги жылы сөзсүз суу түтүгүн бүткөрүп берем. Ушу азыр баргандан тартып болгон керектүү материалдарды жеткиздирем», – деди. «Жакшы болуптур», – дедим. Нефедов өзү берген убадасын аткара баштады. Ким деген атайын мени издеп таап, аркамдан келди. Усубалиев жиберди деп. Ошентип ага жердин баарын көрсөтүп, мурда МСОнун фундаментин куйганбыз, ал жер жараксыз деп кайра фундамент куйдурдук. Мына ушинтип мен Турдакун Усубалиевич менен байланыштым.

Турдакун Усубалиевич абдан токтоо, адамды байкап сүйлөгөн киши экен. Ушуну элге айтып, БКда биз үчүн, эл үчүн кам көрүп жатыптыр деген идея менен элди ишке тартып, жакшы жашоого үндөп келдим. Бирок өз элимди, журтумду

абдан сагындым. Бөлөк эл, бөтөн жерде, калп айткан менен болобу, жалгыз сыяктуу болуп кыйналып жүрдүм. Өндүрүштө иш менен алек болуп кетип бир аз билбей калам. Жалгыз болгондо эле өз эли, жерим эсиме түшөт...

## Облуска даңкталган башкарма Т.Бокчубаевди сындаганым

Жумгалда бир чоң семинар болду. Акназаров биринчи секретарь экен. Асан Камалов деген Таластын «Победа» колхозунун башкармасы, ошонун бир немис агроному келиптир. Жыйынга келгендер Жумгалдын «Ленинн» колхозунан Тенти Бокчубаев дегенди мактап, ал жетектеген чарбанын базасында айыл чарба министрлиги семинар уюштурду. Мына ушул семинарга бардык.

Акназаров Ак-Талаадан Жумгалга которулуп кеткен эле. Мен ал киши менен он бир жыл чогуу иштештим. Ак-Талаа районунан бизге Аруун Ажиев деген биринчи секретарь болгон. Аруун Ажиевичти өзгөчө баалайт элем. Бул киши билимдүү жетекчи эле. Мен ага чейин көп эле секретарларды көргөм, бардык секретарлардан билимдүүсү болчу.

Жумгалды барып көрсөк, чыны менен мен көрбөгөн техникалар бар экен. Мен ошондо көп эле заявкаларды берип жүргөм. Комбайндарды ала албайбыз, УРУМ-3 деген жер семирткич чаччу агрегатты ала албайбыз. Жөн эле берген заявкаларыбыздын баары жок. Ал эми Бокчубаевдин техникасын көрсөткөндө, «жүгөрүнү тиштей элек», жапжаңы комбайндар турат. А бизде болсо, шалдыркан болуп эскилиги жеткен комбайндар менен иштейбиз.

Анан бир кезде мага сөз тийип калды. Мен Тогуз-Торо эмес, Ак-Талаа өрөөнүндө Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасы болуп иштеген элем. Кыргызстандын өтмө Кызыл Туусун алган элек. Акназаров Ак-Талаада болчу. Андан кийин деле айыл чарбасынын деңгээлин түшүргөн жокпуз, гектарына жыйырма сегиз центнерден эгин алдык. Жер семирткичти мамлекет өзү эле бекер алып келип берчү. Аны чачпай да койчу кээ бирөө. А биз чачып, жакшы түшүм алаар элек. Эми ошол биздин Ак-Талаа менен Жумгалдын Ленин

колхозун салыштыргыла дедим. Мен айттым, Ак-Талаанын жеринин бардыгы тең ак чопо, анын гумусу жок, эгинди сугаттын, жер семирткичтин күчү менен алабыз. Ошентип, гектарынан 28 центнерден алганбыз. 28 центнерден алганда Кочкордун «Теңдик» колхозу менен биздин колхозго өтмө Кызыл Туу берди. Биз ушинтип иштеп келгенбиз. Эми Бокчубаевдин жерине келсең, булардын жери эшилген эле капкара топурак экен. Түз эле айттым чогулушта, мына, топурагын жыттасаң мурдуң жарылат, ушунчалык топурагы күчтүү жер экен. Жер семирткичти да эч аябастан алып келип берет экен. Алар жакындык кылып жатыптыр, биздики болсо: Ак-Талаа кайда – жердин жети катар түбүндө. Булар техниканы заявкасы жок эле алып коюшабы, же акырындык менен сүйлөшүп ыгын таап алып алышабы, таң каласың. Биздин берген заявкаларыбыздан такыр дайын жок.

Ошол убакта Малабай Жунусалиев обкомдун биринчи секретары болчу. Бардык колхоздордун малынын башы, жеринин аянты, малдан алган төлдөрү, канча продукт өндүрүлөт, канчасын сатат деген маалымат жазылган кагаздар берилген ар бирибизге. Салыштырып көрсөм, Бокчубаевдин колхозу менен Тоголок Молдо колхозунун малынын башы бирдей экен. Бизде деле жылкы, бодо малдар бирдей, кой деле бирдей. Анан ушул эле Бокчубаевди пленум сайын айтып, мактап жатат. Мен ачуум келип, Бокчубаев эмне үчүн дайыма пленумда макталат дедим облус боюнча өткөн чоң чогулушта. Эмне үчүн мактайсыңар Бокчубаевди дедим. Бокчубаевдин биздикиндей эле малы, биздикиндей эле жери бар, продукту өндүргөнү биздикинен бир жарым эсе төмөн экен. Маселен, мен 8 миң центнер эт төгөм, а Бокчубаев 4 миң 300 центнер эт төгөт экен. Жолдоштор, ушу кантип калыстык болот дедим обкомдун секретарына тартынбай туруп. Мындай, мелдеш кылып жарыштырсаңар, текши бир калыптагы шартты коюп жарыштырбайсыңарбы. 8 миң центнер этти араңдан зорго 100–101% аткарды деп, ошол эле убакта малдын башын да араң сактап калууга үлгүрөм. Ал эми Бокчубаевдики 4 миң 300 центнер болсо, албетте, 232%, малынын башы мынча процент деп эле муну мактай бересиңер. А биз андан көп аткарсак деле тепки жейбиз, урушасыңар. Обкомдон киши келатат дегенди угуп алып коркобуз, эмне

балээ болуп кетти, дагы бирдеме болдубу, дагы план аткарылбай калдыбы деп. Малыбыз өлүп жатат деп, түкүндөй болуп жатат деп. Ишти калыстык менен жасаш керек. Бокчубаевдин техникасын карагылачы, жүгөрү комбайны биз жакта жетпей жатса, Бокчубаевдин бул жерде 400 гектар жүгөрү айдаган жери жок. Биз 400 гектар жүгөрү айдайбыз. Ушул комбайн болсо эле жакшы болот да күзгө чейин чаап-жыйнаганга. Күзүндө чаап-жыйноого жетише албай, үшүккө алдырып ийип кыйналып калып жатабыз. Рыбачедеги базанын директору үчүн ушул уят да, биздин берген заявканын каталогун карап көргүн, биздин айылга бир да жүгөрү комбайн барбайт. Үч жылдан бери жыл сайын заявка беребиз. Анан момундай жагынан теңчилик, калыстык менен караш керек. Кээ бирөөсү планды азайтып алса, кээ бирөөлөрүбүз планды аткара албай, кыйналып, чачыбыз агарып жатат. Мына ушинтип облус боюнча Жумгалда өткөн семинарда сүйлөдүм.

Менин сүйлөгөн сөзүмдү Акназаров: Ак-Талаанын айыл чарбасындагы оор ахыбалы жөнүндө абдан туура айтты деп, аябай жактады. Анткенинин себеби, бул киши Тогуз-Тородо, Ак-Талаада иштеген. Анан эки колхоздун башкармаларын үйүнө конокко чакырып, бизди узатты.

Областтын активинде ушундай бир чоң «чырларды» салгам. Чындыгында, бул менин калыстык сөзүм эле. Айыл чарбасында орун алган көйгөйлөрдү туура көрсөткөмүн. БКнын чечиминин натыйжасында жанагыдай болуп эгин, азык-түлүк өндүрүлүп, өркүндөп өскөн. Айыл чарбасын чыңдаш үчүн катуу көңүл бурулган.

Мен баш-аягы он бир жылдан ашуун башкарма болуп иштедим.

## Нарын обкомунун экинчи секретары Капустян кыйын киши болчу

Мен көп эле жетекчилерди көрдүм. Бирок Капустяндай кыйын кишини көргөн эмесмин. Убагында Нарында обкомдун экинчи секретары болуп иштеген. Кийин КПСС БКнын бөлүм башчысынын орун басарлыгына чейин көтөрүлдү. Ошондо Кыргызстанда Совминдин төрагасынын орун басары экен.



Тоту жана Данагүл
Москва шаарында.



Тоту Мойдунов
жубайы Данагүл
менен Баатыр
шаарларды кыдыруу
учуру.
Ленинград шаары.



Чоң
чогулуштан
кийин.



Мойдунов Тотунун кайын атасы Алымкул Өмүралиев (колхоз башкармасы).

Данагүл Нарын педучилищасынын I курсунун студенткасы, ата-энеси менен.





Данагүлдүн атасы. Тотунун кайын атасы Алымкул карыянын үй-бүлөсү.



Тотунун Тоголок Молдодогу үйүндө: Ороков бакы, Мойдунова Кайрынса, Мойдунов Абийла, Жылкы Шаршекеев, Данагүл, Салтанат, Тоту, Сарбагыш.



Данагүл кызы Шакен күйөө баласы Токон жана неберелери.



Тоту, Данагүл неберелери менен.



Сейрек кездешүүчү жаркын маанайды текке кетирбөө аракети (Комуздан күчүн чыгаруу).



Ораторлук искусствону толук пайдалануу.



"Нан бар жерде ыр да бар"
Л. Брежнев.




Мойдун тукумдары.

Тоту: "Менин канат-бутактарым, тиреөчтөрүм ушулар". Т. Мойдунов майрамдан үйгө келгенде.





Салтанат Тоту кызы.



Шакен (улуу максаттарга ой чаптыруу).

Салидат бүгүн "5" алып келген күн!





Тоту Мойдунов күйөө балдарынын ортосунда.



Данагүл кыздар арасында.



Гүлнара, Толгонай, Салтанат.



Тоту - Данагүл.



"Балдарыбыздан бөлүп кутуласың! Неберелерден өлүп кутуласың! деген эл макалы чын экен!!!

Ал киши мен отпускага чыкканда келиптир дагы, элдин баары, бригадалар жүгөрү иштетип жатканын көрүп, «Үгүттүн» башкармасы Сагындык деген кишиге бир УАЗды берем деп убада берген экен. Бизди көргөндөн кийин, ушу башкарманын да машинасы жок десе, иштеп жаткан элди, активдерди көрүп, силостордун аябай жакшынакай жасалып жатканын көрүп, жок, мобу башкарма мага жакты деп туруп, анан жапжаңы «Девятка» бериптир.

Ал убакта жапжаңы «Девятка» алыш абдан кыйын болчу. Араңдан зорго берчү. Отпускадан келсем, шоопурум айдап барып калыптыр. Анан ошентип жаңы «Девятка» алып калдык.

Облустун бир чоң жыйынында Капустян туруп алып айтып жатпайбы: «Ай, жолдош Мойдунов, сен кайдагы бир жомокторду айтып менден кутула албайсың. Мен сенин иштеген ишиңди билемин. Бирок, сен момунча малды өлтүрүп коюптурсуң. Мен берген жаңы «Девяткага» түшүп алып, керек болсо БКнын бюросуна барасың», – деп. Ошентип, мени аябай тилдеди. Чарбада бир жагынан жакшы болгон, башка жагынан жаман болгон учурлар көп эле учурайт. Ниязбаев беле, БКнын айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басарына киргенде, 1966-жылы абдан катуу жут болуп жаткан. МЧСтен 500 тонна чөп бербесеңиз болбойт деп айтсам, ошондо жемелебедиби мени. Бирок, анда, чынын айтсам, биз жаш экенбиз.

## Кыргызстандын колхозчуларынын съездинде сүйлөгөн сөзүм

Колхозчулардын съездине башкармалардан мени гана алып барды. Алдыңкы чарбанын жетекчиси деп. Анан ошол съездде Нарын областынан мага сөз берди. Мен чыгып алып колумдан келишинче сүйлөдүм. Сөзүмдү абдан алдыңкы сөз катарында жактырышты.

Ошол убакта Жамин Акималиев Сокулукта райкомдун биринчи секретары болуп ишөөчү. Көп эле райондордун секретарлары катышып отурушту. Мен областтын атынан чыгып сүйлөгөндүгүм үчүн өзүмдү бактылуумун деп эсептеймин. Ибраим Умаров деген жооптуу секретарь бар эле, ал: сен

тарыхта калдың, себеби, сен сүйлөп жатканда жетекчилер башынан аягына чейин кунт коюп угуп, карап отурушту, бул съезддин материалдары тарыхта сакталат деп мени кубантып койду.

Айдаралиев деген Таластын мыкты башкармасы Акназаров экөө чогуу иштешкен экен. Акназаровдун жанына барып отурсам, ошол жерден мени тааныштырып калды. «Мобу кишинин кол алдында иштегенмин, тажрыйбасын алгамын», – деп. А мен: «Айдаралиев деп угуп жүргөм», – деп ал киши менен тааныштым. Акназаров тамашалап: ушул кишинин анчамынча немелери, ишмердик сапаттары жугуп калса ажеп эмес, жанаша отур деп, а кишинин жанына отургузуп койду. Мына ушинтип Акназаров болуп тамашалашканыбыз эсимден кетпейт.

Ак-Талаа районундагы Тоголок Молдо атындагы колхозду көтөрүп алып чыккан жакшы жетекчи болуп, 14 жерине суу түтүк курдурдум. Жогорку Майга, Кара-Ойго, Пионерге мектеп салдырдым. Ооруканасы бар эле. Петросян деген саламаттык сактоо министри келгенде атайын бир УАЗ сурап (ал убакта УАЗ алыш кыйын эле) алдым. Элибиз борбордон алысыраак жерде турат, оору-сыркоолорун райондун борборундагы ооруканага алып келгенге, Нарынга алып барганга машинабыз жок, кыйналабыз, ушундай-ушундай деп айтсам, ал киши колхоздун ооруканасына машина бөлүп берди. Анан мен отпускага кеттим.

## Айтпай коё албайм: азыркы катаал турмуш жана кыргыз келечеги тууралуу ой толгоо

Мен, кээ бир оозуна алы жетпегендер айткан: социализм тушунда кыргыз кул болгонбуз, өзүбүздүн алдыбыздагы тамакты бирөө жеген дегенге такыр кошулбайм.

Бир жолу ооруп Ахунбаевдин ооруканасында жаттым. Ошондо жаткан кезимде күбө болгон бир катар окуяларды эстейм. Заарасы токтобой, колу-буту сынган кишилер жатат. Күндүн кайсы убагы болбосун, тигилер «утка» эле, «утка» деп кыйкырганда жакшынакай мөлтүрөгөн орустун кыздары, байкуштар, «уткаларды» көтөрүп барып, заара кылдырып кетет.

Бир да кыргыздын кызы иштебейт экен. Ушуга катуу таң калдым. Бул – бир деп тургула. Экинчиден, ясли бар экен, ооруkананын айланасында. Ошол яслиге барсам, ал жерде да кыргыздын кыздары өлсө да иштебейт экен. Жогорку гана «посттордо» иштейт көрүнөт. Ал эми жалаякты жууган, тигиптиген-шиптиген, уборка-суборка кылган бүтүндөй башка улуттун кыздары-балдары.

Мен ошондо, биздин кыргыз элибиз жакшы турмуштун чейрөсүнө жетип, башка улуттар тигиндей даражада калган экен деген ойго келдим. Чыны менен ошондой абалга жетип эле калганбыз. Анан каяктан жүрүп эле кыргыздар кимге кул болгонубузду билбейбиз. Мына, азыр айтып жатат, бирөөнүн жумушун акчага кылса, сен баланчанын кулусуң деп. Бирөөнүн малын барып кайтарып оокат кылып жатса, сен баланчанын кулусуң, түкүнчөнүн кулусуң деп. Өзүбүз чыгарып, өзүбүздү-өзүбүз кордоп жатабыз, иштин, кантип жан багуунун ыгын билбей. Бирок, бул түзүлүштү да көрбөсөк, биздин балдардын кээ бирөө жинди болуп калмак. Буудайдын кандай өсүп, кандай чыкканын билбей калган, нандын каяктан, кандай даярдалып, кантип алып жеп жатканын билбей калган – биздин жетекчилердин балдары. Бүтүндөй шаарларда жашагандар эч нерсени түшүнгөн эмес. Кандай кылып даярдалып эт болот, кандай кылып сүт болот, кандай кылып май болот, дегеле азык-түлүк кайдан келет – мындан такыр түшүнүгү жок эле.

Так ошол элеттеги оор турмуштан кийин, ушул эгемендүү заманды көргөнүбүз дагы бир четинен абдан жакшы болду. Болбосо, өзүбүздү-өзүбүз жоготуп коймок экенбиз. Мына биз даана эмгектин кадырын, эмгектин баркын эми биле турган болдук. Эмгекчил адам эч качан ач-жылаңачтан өлбөйт. Эмгектенет. Каерде жерди казса дагы, ал жерден бирдеме таап пайдаланат. Башкача айтканда, аң-сезимде турмуштун, жашоонун революциясы болду. Мына ушуга алып келди. Орустун улуу жазуучусу М. Горькийдин бир айткан жери бар. Ар бир адамда, адамдардын баарында эле жаратуучулук жөндөмдүүлүк бар, бирок, ал жөндөмдүүлүктү иш жүзүнө ашырууда адамга эркиндик керек деген. Азыр эркиндикти алдык. Эми ар кимибиз өзүбүздүн жөндөмдүүлүгүбүздү көрсөтүүгө тийишпиз. Мурункулардын айтуусу боюнча, адам-

дын өзүн деле эмгек жараткан. Эмгек жасап, эмгек кылгандыктан адам айбандардан ажыраган, айырмаланган деп түшүндүрүлөт. Ошондуктан мына азыр эркиндик болду.

Жанагындай ар бир адамда талант, жөндөм бар. Булардын өркүндөп-өсүшүнө, албетте, сөзсүз эркиндик керек экен. Биздин элибиздин-журтубуздун эң негизги байлыгы болуп, Совет бийлигинин мезгилинде медицина менен эл агартуу өзгөчө катуу өнүгүптүр деп Рим Папасы да таң калган. Анысы кандай, биз азыр эгемендүүлүктү колго алган соң, өзүбүзчө кетип баратканда, эл агартуу тармагына абдан зор көңүл бурулбаса, артта калган эл-журт болуп калабыз. Мына, жакында эле телевидениеден эл агартуу министри Болжурова айтып жатпайбы, 76 миң бала азыр окубай сыртта калыптыр деп. Мына ушинтип кете бере турган болсо, биздин Кыргызстандын элинин көпчүлүк бөлүгү бүтүндөй сабатсызга айланып, анан кийин коомубуздун өнүгүшүнө абдан чоң зыяндарды келтирүүсү мүмкүн. Коомубузда башаламандык болгондун натыйжасында көп зыяндарга дуушар болуп жатабыз.

Мен бир турмуштук мисалды кыстара кетейин. Өзгөчө, ушул, акыркы он жети жылдын ичинде (1991–2007-жылдары), дүйнөдө болуп көрбөгөндөй, жөн эле жерден чыккан көктөй, жайнаган кодура чөптөй болуп, мечит деген укмуштай жабырап салынып жатат. Кээ бир аң-сезими төмөн акимдер дин эмнеге алып келээрин өздөрү деле түшүнбөйт. Ошону кайра күчөтүп, эркиндик десе, сөз эркиндиги десе азыркы кезде динчилдерди аябай күчөттү. Диндин кесепетинен ар кайсы жерлерде согуш да чыгып жатат. Ислам дини өлкөнүн башында турган бийликти ээлеш керек деп Орто Азияга бүлүк салып жатат. Мына булардын бардыгы тең ашынган динчилдердин жоругунан. Кээ бир биздин жанагындай начар жетекчилердин кесепетинен, райондук акимдин конторунун жанына мечит салдырып койгонун кара, уяласың. Мектептин жанына мечит салып койгон. Ал эми Кыргызстандын муфтийлери: «Ислам динин окуган адистик албайт, динчилдик адистикке жатпайт. Биз адистикти бере албайбыз. Ыймандуулукка тарбиялайбыз», – деп айтып жатат. Убагында марксизм-ленинизм деле, коммунизмдин моралдык кодекси деле адамдарды ыймандуулукка тарбиялоонун эң негизги куралы болгон. Эми бул жерде дин эмне? Адамды

өлөсүң, тиги дүйнөгө барасың деп өлүм менен коркутуп, аны адамдардын аң-сезимине киргизүүгө жасалган аракеттер гана болуп эсептелет. Мына ошондуктан, мектепке көңүл бурбай коюу, демек, маданияттан артта калуу, мунун өзү абдан чоң зыянга, элибизди сабатсыздыкка алып келет. Акаев болсо ар кайсы жерлерге окуу жай ачып, маселен, менин Тогуз-Торомо Нарын университетинин филиалын ачып, Ош университетинин филиалы, Бишкек гуманитардык институтунун филиалдары ачылып, андайларды бүтпөгөн, диплом албаган киши калган жок. Калп айткан менен болобу, ачыгын айтышыбыз керек, бир семестрде бирден торпок чогултуп алып эле, мугалимдер бааны коюп-коюп туруп кетти. «Торпоктор» окууну бүттү. Алар – дипломдун ээлери сабатсыз бойдон калды. «Чоң юристтер» болду. Кишинин баары эле юрист болуп калды. Ал эми чыны менен юридикалык илимдин маанисин, маңызын, юрист деген эмне, каяктан келип чыккан, өзүнүн адресин түшүнө албай калган адамдар ушинтип талкан чалып жатат.

Чала адистер эмне кылат? Ушулар барат дагы тууганчылдыкты, паракордукту күчөтөт, өкмөттүкүн иштебей эле, баарын жалаң акчанын күчү менен бүткөрсө болоорун өздөрү көрүп жатпайбы. Тез-тез эле бийликти алууга болот, кызматты алууга болот.

Муну кантип иретке келтирип, кантип тартипке салыш керек? Буларды кайра бир карап чыкпаса боло турган эмес. Мен айтпадымбы, профессор эмес, доктордук, кандидаттык дипломдорду сатып алгандар да көп. Азыр кээ бир кандидаттар жогорку маалыматтуу, институтту жакшы бүткөндүн деңгээлинде эмес. Кандидатмын деп, доктормун деп көкүрөгүн каккандар, маселен, билимдүү адамдын жанында отуруп, сүйлөшө албайт, анткени, деңгээли жетпейт. Мен ушуга таң каламын да, каякты көздөй кадам шилтеп бараткаңыбызды түшүнбөйм. Ушунун кесепетинен, айылдарга барып алып, баягы Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» деген чыгармасындагыдай сүйлөгөн кишилер пайда болду. Айрым бир терминдерди жаттап алып, анан периферия, тигиндей-мындай дегенди айтып короздонуп, кишилердин ортосунда отуруп алып, сөзү айтып жатканга туура келеби, туура келбейби,

жүргөн, «билимдүү» болуп көрүнгөн «куу чирен короздор» (Дулатов Айдаралынын сөзү) көбөйө баштады биздин айылдарда. Бизге мындан ары илим дагы, билим дагы керек. Убактылуу гана жашоо жанагындай акчаны ойлоп, акчаны биринчи орунга койгон кишилер үчүн.

Көрдүңбү, адамды даңктуу кылган – эмгек. Эмгектен улуу эч нерсе жок деп илгеркилер бекер айткан эмес. Билимсиз адам дайыма өзүн бийик сезет, өзүн деле кыйынмын деп келет. Анткен себеби, нары жагында, башында боштук. Бул абалды эмитен ойлонушубуз керек. Мамлекеттин, Өкмөттүн чыгарган мыйзам, токтомдоруна карата маани беришибиз керек. Эгерде бактылуу, эркин жашайм десең, мыйзамды сыйла деп бекер айтылган эмес. Ал эми өлкөбүздүн, элибиздин ичинде билимсиз адамдар жетекчи болуп калса, ал өзү «балыкчы балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, өзүндөйлөрдү алыстан көрүп алып, ошондой бузукулар, ошондой ыпылас кишилер менен жолдош болуп алат. Бийликте турган андай айрым көркоолорду талдап, мунусу мындай экен деш үчүн элдин башына абдан мыкты киши келиш керек. Килейген эле айылды, килейген эле мамлекетти, килейген эле Ата Мекенди бузуп коюу бир эле акмактын колунан келет деп Наполеон бекеринен айткан эмес. Анысы кандай, бир айылды, керек болсо бүт элди бир эле бузук бузуп коёт. Ошондуктан ал бузукуну таанып-билип, анын келтирчү зыянынын алдын алыш жетекчинин жетиктигине байланыштуу болот.

## Өз көзүм менен көргөн дөө балбандар Жаркынбай менен Абдыманап

Мен эми жанагындай эсиме түшө калган айрым-айрым окуяларды эстеп, айта берейин. Маселен, биздин Тогуз-Тородон Кыргызстан боюнча укмуштуудай чоң, даңктуу балбандар да чыккан. Мына, биз Кожомкулду айтып жатабыз. Кожомкулду 1947-жылы Нарында педучилищада окуп жүргөн кезимде, облаткомдун эшигинин алдында терекке жөлөнүп отурган жеринде көргөмүн. Улгайып, жашы жетип калган – ошондо алтымыштан өткөн киши болуш керек. Мүчөлөрү кетип, эт-сети, булчуң-сулчуңдары кетип, айылдагы абышкалардай эле көрдүм. Бир беш-

алты киши тегеректеп турган экен. Биз училищанын жатаканасына, мектебибизге ошол жол менен өтчү элек. Ошондо: «Мобу Кожомкул, Кожомкул», – дешти. Көк-ала сакал болгон киши экен, сыйда сакалы бар.

Мен чоңойгондо, андай дөө балбандардан Тогуз-Тородон эки балбанды көргөм. Биринчи – Абдыманап Кыдыршаев дегенди көрдүм. Экинчиси – Жаркынбай дегенди көрдүм. Абдыманап бою 2,2 *мге* жеткен, дене-мүчөлөрүнүн баары симметриялуу эле. Маселен, буту ичке, курсагы чоң дегендей балбан эмес эле. Буту дагы, курсагы дагы, далысы дагы, мүчөсү дагы, мойну дагы, көзү дагы – баары бири-бирине шайкеш келген, баары ушундай төп келишкен көркөм, өзү зор киши болчу. Турган-турпаты дөөдөй эле. Адамдын зорунан ушуну көрдүм. Анан Жаркынбай дегенди көрдүм.

Жаркынбай арыгыраак келген, өңү сары, чүңкүр кабак, чүңкурунун тереңинен тиктеген көк көзү, олободой килейген мурунү, бийиктиги төрт элидей заңкайган каңшаары, оп тартчудай болгон чоң оозу, кош чыканактай уркуйган ээги, ичин карай шимирилип турган уп-узун чап жаагы, куркуйган узун моюну менен тамагынын алдындагы кичирээк муштумдай кокосу, 75–80 *см* келген далысы, 2 *м* 10 *см* келген тик бою Жаркынбай балбандын дөөдөй зордугун айгинелеп турар эле. Бети болсо, өзүнчө эле билектей болуп жатат. Сүйлөгөндө, сөздөрү гүүгүү деп жаңырып угулаар эле.

Мына ушу Жаркынбай менен Абдыманап экөө эңишип, алыша албай жүрүштү. Жаркынбай 1942-жылы 24 жашында армияга кетип, дайынсыз жок болду. «Сталинградда жүргөндө, – дейт Жаркынбай менен Тогуз-Тородон чогуу баргандар, – Жаркынбай станковый пулемётту кадимкидей жалгыз өзү көтөрүп жүрчү эле». Анан Жаркынбай оор жарадар болуп көз жумду, өз колубуз менен койдук деген кишилерди көрдүм. «Бул кишини эмнеге армияга жиберет, адамдын дөөсү экен!» – деп далай командирлер таң калчу экен. Анткени, Жаркынбайга же шинелдер, же өтүктөр, же кийим-кечелер чак келбей, өзүнчө размер менен жасатып кийгизген экен.

Кийинчерээк эсимде калды. Жаркынбай менен Абдыманап экөө дайыма эңишет эле. Майрамдарда ушулардын эңишин көргөнү келет элек. Суунун наркы өйүзүнөн Абдыманап чыгат, берки өйүздөн Жаркынбай чыгат. Жаш бала чагым. Би-

ринчи көрүшүм, чоң балбандарды отургузуп коюп, анын айланасына чепкендер менен тегеректеп, такыр киши киргизбей, балбандарды денесин көрсөтпөй кийиндирет экен. А биз, тентек балдар болбой эле тыягынан колтугунан, быягынан кирип, култулдап чечинип жаткан Жаркынбайды көрөт элек. Мен Жар-кынбайды килейген бир карагер ала аяк айгыр атка мингизип алып чыкканда көргөмүн. Ошого мингизгенде, Жаркынбай жерден туруп үзөңгүгө бутун салып минип, анан кийин чепкенди жамынып, ошондо атта үзөңгүдө турган буту кайра бүгүлүп, тизеси аттын омуроосунда. Ченебегендей чоң киши кандай айгыр минсе дагы жөн эле кичинекей эшек мингендей болуп калат. Күркүрөп, күүлдөп сүйлөйт. Ушундай адамдын дөөсү болчу.

Тогуз-Торого келгендер, Казармандын кичинекей кыштагындагы эл Жаркынбайды көрөбүз деп артынан ээрчип алып чубап жүрөт эле. Мына ушуга тиги өйүздөн Жунушаалы деген-ди алып чыкты. Жунушаалы дагы илгери сайышка түшкөн кыйын киши болгон дейт. Бирок, семиз киши экен. Курсагындагы казысы ээрдин кашына түшүп турат. Ошентип, Жунушаалыны алып чыкты. Жаркынбай быяктан чыкты. Эми майрамда ар ким тил-оозу бар болгон соң өйдө-төмөндү айтып, ар кандай кыйкырат эмеспи. Жаркынбай тарабындагылар кыйкырып жатат: айланайын, казысынан сүйрөтүп алып келе көр бери карай деп. Ошондо биз, балдар, жыргап күлүп калабыз. Анан экөө эңишип жатып, Жаркынбай бир колун ошо кишинин башынан алыс учасынан алып, жаргак шымынын ычкырынан кармап, бир колу менен шымынын алдыңкы кашатынан кармап туруп, силкип өйдө көтөрдү. Көтөргөндө өзүнүн аты тизесин бүгүп, жата кала турган болуп, кайра түзөп, турду. Экинчи жолу силкип туруп өйдө көтөрүп, Жаркынбай аттын так эле ээрине алып келип, баягы жаш баланы өңөргөндөй ээрдин кашына басты. Ошондо «чү» дегенде айгыры томполоң-томполоң этип эптеп чуркамыш болуп, чуркай албай элдин алдына араң жетип токтоду. Жаркынбай атына өңөрүп келген Жунушаалы деген кишини элдин алдына таштап койду. Ал көчүгү менен барып жерге түштү окшойт. Мындай кармашты, мындай эңишти, мындай эңип алганды мен өмүрүмдө көргөн эмесмин.

1942-жылы август айында Тогуз-Тородон 200гө жакын адам Кегарт ашуусун ашып согушка кетти. М...

кынбай да кошо кеткен. Эл арасында турганда, эң узун бойлуулар дагы Жаркынбайдын төшүнөн эле келчү экен. Жаркынбай эл ортосунда жалгыз коркоюп көрүнүп турат эле.

Кыргызстандын 30 жылдык майрамы бекен, 1954-жылы, мен университетте окуп жүргөн кезим. Ошондо берки Абдыманап Кирщёлкто башкарманын окуусунда окуп жүргөн экен. Абды Сүйөркулов Министрлер Советинин төрагасы. Искаков деген айыл чарба министри. Экөө башкарды тойду. Раззаковдор, алар-булар кийлигишкен жок. Тигиндей эле турушту.

Абдыманап аке мага бөлө эле. Мен ошо кишинин кийимин көтөрүп, бери трибуна жакта турдум. Мобу Фрунзедеги ипподромдо экөөнүн кармашуусу болду. Тиги балбаны түштүктөн келген киши экен. Өзү дыйкан, жаш, дени толук киши. Ары бойлуу, шадылуу. Атайын алып келиптир эңишке. Абдыманап Кирщёлктон эңишке түштү. Нарындан бир боз ат алып келиптир. Боз жакшы эле ат окшойт. Бирок, аксап калыптыр. Арандан-зорго басат. Абдыманап өзү бир жарым центнер келе турган киши эле. Анан ошол ат кычырап араң турат. Бир маалда карап турсам, жалдарынан сылап, тырмап, жалдан алып кылдарын чайнап, ошентишти. Анан экөөнү беттештиргенде, баягы пахтакер кетмен чаап чоңойгон кыйын киши экен, Абдыманап акенин көйнөгүн жулуп ыргытып ийди. Жулуп ыргытып ийгенде, Абдыманап жылаңачтанып калды. Тиги борцовка кийип алыптыр. Абдыманап дагы ачуусу келгенинен шап этип көйнөгүнөн алып, силкип туруп ыргытты эле, көйнөгү эки бөлүнүп жатып калды. Экөө тең жылаңачтанып эле калышты. Шымынан өйдө карай. Ошондо Абдыманаптын көрүнүшү, жанагы орустардын үч баатыры жүрбөйбү, ортодогу мурутчан неменин так түспөлүндөй болуп, айланайын, бир укмуш көрүндү. Ошол трибунада турган элдин ичинде: бул адам эмес, дөө турбайбы, бул кайда жүргөн неме эле деп сүйлөп жаткан, кыйкырып жаткан эле кишилер.

Абдыманап акенин бир ыгы бар эле. Үзөңгүдөн көтөрүп, мойнунан басып туруп, анан кагып ийме. Так ошентип, бутунан көтөрүп, ээрдин арткы тарагына чейин көтөрүп мойнунан бастырып, ат чабалдес экен, тырышып келип жатат, тырышып келип жатат. Анан түзөлүп кетти. Дагы экинчи жолу көтөрдү. Анан «чү» деп бастырайын десе, Абдыманап акенин аты деле баспай койду. Дагы тарагынан көтөрүп, мойнунан басты өкүртүп, дагы болбой тырышып оңолуп кетти. Ошентип, алыша албай калышты. Бул себептен алып эле коёт болчу, Абдыманап акенин аты начарыраак болуп баспай аксап

ошентти. Тиги жигит буга ынанып, кичине бел байлап калды окшойт. Экөөнү ажыраттырды.

Анан Сүйөркулов экөөнө эки көйнөк, беш метрден чий баркыт берди. Ал убакта чий баркыт аябагандай кадыр-барктуу кез. Абдыманап аке ошол алып келген көйнөгүн кийди. Көйнөгүн кийгенде, өзүнө туура жасаткандай. Ушундай бир шерсть, татынакай көйнөк жасаптыр, ошону кийди. Ошентип, 1954-жылы Абдыманаптын Кыргызстандын борбордук ипподромундагы эңишин көрдүм.

Мына, Тогуз-Településorodon момундай-момундай болгон даңктуу, кыргыз элине белгилүү болгон көрүнүктүү балбандар чыккан эле. Мен ушул эки балбанды айтсам, анан калгандары майда-чүйдөлөрү болду. Бизден Аккөз деген балбан чыккан. Бул дагы аябай чоң киши эле. Далысы көмкөргөн казандай болгон. Сатыбалды Өмүрбеков деген чыккан. Бул дагы аябай чоң балбан болгон.

Башкалар биздин элди айтып калат эле, адамыңар да чоң, малыңар да чоң деп. Силерде эмне касиет бар сууңарда, ташыңарда же тооңордо, же жаратылышыңар ушундай кылабы деп таң калып эле жатышчу. Чыны менен ушундай эл элек.

## Чыңгыз Айтматов биздин үй-бүлө баяныбызды жазыптыр... дегем

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окуп жатып, өзүмдүн эле турмушумда өткөн окуяларды жазгандыгына кадимкидей жаш төгүп ыйлаган учурум бар. Анткен себеби, жаш кезимде атам байкуштун бой жеткен бир баласы Жалал-Абадда болчу. Тогуз-Торо менен Жалал-Абаддын ортосу барууга абдан кыйын эле. Жол байланышы кыйын. Ошол мезгилде, 1939-жылдарда атам армияга баласы кетип жатканда барып учураша албай калды. «Уулуна кездешүү» деген Ч.Айтматовдун чыгармасы так ошол окуянын өзү болду.

Ошентип, атам баласын армияга узатканга бара албай калган жолдун алыстыгынан. Качкынчы деген баласы Сузак районунун Октябрскийинде мектеп директору эле. Ошо жерден 1939-жылы армияга кетти. Согуш башталардын алдында мен чоңоюп, төртүнчү класстан окуп, жоокер агам менен кат жазышып, кат алышууга жарап калдым. Чоңураак балдар бир туугандары армияга кетип, ошолорго кат жазганда, мен дагы

жазып калам катты. Атаңды жакшы кара, апама жакшы кара деп ошентип каттар келет эле. Тогуз-Торонун абалынан бир азыраак жазганга жарайсыңбы, жазып көрчү деген каттары да келчү.

Согуш да бүттү. Согуш бүткөндөн кийин жети жылга чейин жеңем күйөөсүн күттү, мугалим болчу ошол жерде. Анан жети жылдан кийин атамды чакыртып, мага уруксат берсе, мен эми турмуш курсамбы, жашым өтүп бaратат деген оюн айтканбы, кыскасы, баласынын кийим-кечесин, калган оокаттарын берейин деп чакырткан экен. Атам барсамбы, барбасамбы деп ойлонуп туруп, анан барбайм деп, барбай койду. Ушинтип жылдар өтүп кетти, жыйырма жылдай өттү.

Атам андан мурда деле жөн отурганда айта берчү, балам менин түшүмө кирбейт, балам тирүү болуш керек деп. Өзүнөн-өзү эле жоруп ошентип жүрдү. Баласына учурачудай болуп дайыма эстейт эле.

Анан бир жолу Жалал-Абадга мал айдап бардык. Жеңем райаткомдун төрагасына турмушка чыгып кетиптир. Ал жакка бурулбай, Жалал-Абадга эптеп барып мал сатабыз. Жалал-Абаддын азыркы Чайкоо базарынын жанында энемдин тамы бар эле, ошол жерге отуруп алып, баласын эскерип, учурап калчудай болуп, кылчактай берчү жарыктык. Экиүч күн жүргөндөн кийин кайра Казарманды көздөй келет эле. Куду эле Ч.Айтматовдун «Уулуна кездешүү» деген аңгемесиндеги эпизоддой. Андагы ата да көп жыл өтүп кеткенден кийин баласын эстеп, баласы иштеген алысыраак жердеги мектепке барууга даярданып, кийинки аялы түзүк кийим-кече, тебетейин кийгизип жөнөтсө, жолдо эл башкарган жетекчинин атасы – өзүнө курдаш аксакал менен жолугушат. Ал киши кичине кырданып, баласы бардыгын айтып, тигил болсо, мен да балама баратамын деп, жолдон жолугушкан жери ошол мезгилдеги атамдын ушундай абалда экенин, кыйын тагдырга кабылганын, баласынан үмүт этип, учурап калам деген ой менен жолдо катар тунжурап ойлонуп баргандыгын окуп, ушунчалык ыйлагамын.

Ч.Айтматовдун «Бетме-бети» да укмуштай жазылган. Ошонун бир эле жеринде, баягы уурунун аялы кийинчерээк түшүнүп, күйөөсүнүн ушундай чыккынчы болуп, эл сыяктуу душмандар менен кармашпастан, армиядан качып ке-

лип, бир үңкүрдө жаткан жеринде чырлашып, сенин күйөөң качып келиптир деген эл-журттун сөзүнө уугуп, военком, милициялардын издегенин көрүп, тик карап зээни кейип: «Бирөөнүн уюн алып келип союп алыпсың, анын тогуз баласы бар экен. Сен уй сойгон жоксуң, акмак, сен тогуз баланы сойдуң. Эптеп ошол уйдун сүтү менен кымыран жасап, катыктап, балдарын багып жаткан кишинин уюн уурдадың, акмак. Бул сен өзүң эле өлбөй тогуз баланы кошо өлтүрүп жатпайсыңбы», – деген жери өзгөчө күчтүү чыккан чыгарма экенин сездим.

## Дүйнөлүк даңкы бар М.Шолохов жана Ч.Айтматов

Согуш ар бир үй-бүлөгө чоң алаамат алып келди. Көп үй-бүлөдө согушка кетпеген киши болбосо керек. Кайтпай калгандар мындан көп. Жарадар болуп келип, о дүйнөгө кайтып жаткандар мындан көп. Мына ушулардын баарысына өзүбүз күбө болуп жүрдүк. Ошондой өткөн кыйын кезеңди – Ата Мекендик согуш жөнүндө кийинчерээк кимдер гана жазган эмес.

Мен Кыргыз мамлекеттик университетинде окуп жүргөн мезгилимде Михаил Шолоховдун «Адамдын тагдыры» деген чыгармасы «Правда» газетасынын бир жак бетине толтура болуп чыкты. Окуп отуруп, ыйлагамын. Анын киносун да көрсөтүшкөн.

Орус жигит аялы, үй-бүлөсү менен жакшынакай жашап, сонун турмушка жетишип калган мезгилде согуш башталып, армияга кетип, туткунга түшүп, ал жерден бир немистин офицерине шоопур болуп жүрүп, анан аны ала качып кайра Советтер жагына өтүп, мына ушундай оор акыбалдарды көргөнүн, немистердин туткунунда жүргөндө аны аябай шылдыңдаганын, адам чыдагыс оор турмушту баштан өткөргөнүн... – бүт баарын элестетесиң. Кайра келгенден кийин өзү үйүнө барса бомба түшүптүр. Аялы, балдарынан да дайын жок. Бүт бардыгы тең согуштун курманы болгон экен. Ошентип, жалгыз дабдырап, байкуш шофёр болуп иштеп жүрүп, бир күнү ошол таштандыны тинтип, антип-минтип

дарбыз-коондун, нандын калдыктарын жеп жүргөн баланы ашканага тамак ичкени келип карап отурат солдат. Карап отуруп баланы чакырып сүйлөшүп, атасы, энеси кайда экенин, ким экенин, бүт бардыгын тең сураса, бала атасы армияга кеткенин, энесинин өлгөндүгүн, кароосуз калгандыктан, ар кайсы жерде түнөп-конуп жүргөндүгүн айтканда баягы өзүнүн башында баласын, аялын эстеп, жүрөгү күйүп, чоң кайгыга батып турган жаны чыдабай кетет. Баягы жерден атаңды билесиңби деп сураса, атамды билем, атам армияга кеткен дейт. Согуш бүткөн мезгилдеги оор акыбал.

Ошондуктан анан балага айтат, мен атаң болом деп. Ушунчалык мойнуна асылып туруп ыйлайт бала. Мен атамды таппапмын, мен атамды сөзсүз таап алышым керек болчу, мына бүгүн таптым атамды деп ыйлайт. Баягы солдат көтөрүп алып, кийим-кечектерин чечиндирип, аябай жуунтуп, кичине тамактандырып туруп уктатат. Көшүлүп уктап жаткан кези...

Мына ушундай акыбалды өзү ушул баланы ээрчитип баратып, суунун жээгинде кайырмак салып жаткан бир кишинин жанында отуруп, анан бала сууга таш ыргытып ойноп жатканда, бул бала ким, өзүң ким болосуң деп сураганда, ошондо аңгеме бүтүндөй басып өткөн оор өмүр баянын бир баштан толук айтып берүү менен башталат. Мен ошону көргөндө Шолоховдун ушунчалык күчтүү, чоң жазуучу экенин дагы бир жолу сездим, андан мурун эле билчүмүн. Анын «Көтөрүлгөн дың» дегенин окуганбыз мектепте жүргөндө. Андан кийин «Тынч Дон» дегенин окудук. Согуштан кийин Шолоховдун «Алар Мекен үчүн салгылашкан» деген чыгармасы чыкты. Укмуштуудай сөзгө чебер, татаал чындыкты түз айткандан тартынбаган күчтүү жазуучу эле. Шолоховдун чыгармасын окуп ыйлагам.

Андан кийин эле согуш жылдарын катуу берген, согушта эмне себептен жеңгенибизди, бүт баарысын даңазалаган бул биздин Ч.Айтматов болгон. Чыңгыз кыргыз элинин турмушун терең көрсөтүп, бүткүл дүйнө жүзүнө таанытты. Мындай кулун өзү чанда бир жаралат. Ал тек гана китептерди, дүйнөлүк классиктерди окуп чыккандардан эмес, а анын терең маанисин жеткире ойлонгон калемгер экен. Мисален, Достоевский, Лермонтов, Пушкин ж.б. эмне үчүн өз

замандарында ошондой даңкка ээ болгондугун билип, анан кийин, азыркы доордо эл эң эле муктаж болуп жаткан кайсы темалар дегенде, ушул тынчтык жөнүндөгү, Ата Мекендик согуштун оор акыбалы жөнүндөгү чыгармаларды жазууга белсене киришкен.

Ч.Айтматов кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн башаты болгон «Манасыбызды» дүйнө жүзүнө көтөрүп чыкты. Мына ошондуктан Ч.Айтматов жөнүндө айта берсем, сөз көп. Аны мен сүрөттөп, жасаган ишине өзүнөн дагы терең түшүнүк кылып бере албайм. Бирок, Ч.Айтматов ушунчалык гений болуп, ушунчалык акылман болуп, чоң, кайраттуу, таланттуу элдин турмушун таасын адабиятка айланткан, кыргыз элин даңазалаган.

## СССРдин айыл чарбасындагы улуу бурулуш. Никита Хрущев

1953-жылы сентябрда КПСС БКнын Пленуму болду. Ал Пленумда айыл чарбасын көтөрүү боюнча чукул чараларды талкуулаган маселелер каралды. Маселен, колхозчулар ал убакта эмгек күн менен чектелип, эмгек акы алчу эмес. Алар баягы эмгек күндү тапканына жараша, анан өндүрүлгөн продуктусун эмгегине жараша бөлүштүрүп, натуралай гана алышчу. Хрущев келгенден кийин мына ушул маселени чечкиндүүлүк менен көтөргөн.

Ошол убакта 25 миң кишини өнөр жайы менен мамлекеттик майданды жетектөөгө жиберди. 30 миң кишини айыл-айылга алып барып, колхоздордун башкармалыгына көтөрдү. Чыны менен Хрущевдин айыл чарбасын көтөрүүдө зор салымы бар, аны унутууга болбойт.

Анан «отуз миңчилер» баргандан тартып айыл чарбасы жаңы тартипке өттү. Эмгек акысын, тапканына жараша натуралай эмес, акчалай берүүгө өттү. Ошентип, колхозчулар эмгек акысын акчалай ала баштаашты. Мына ошол эмгек акыны алганда баланча башкарманын тушунда эле деп, ошол башкарма болгондон тартып эмгек күн алганбыз, ошондон тартып акчага жеткенбиз деп айтышат. Бул андай эмес, «Отуз миңчилердин» урааны менен келген башкармалар-

ды, андан мурунку, тээ-тетиги 1953-жылга чейинки колхоз чарбасына коюп койсоң, алар деле эч нерсе жасай алышмак эмес, өз чөнтөгүнөн акча таап же өндүрүштөн акча таап бере алмак эмес. Анткенинин себеби, колхоз өндүрүшүнө ыңгайлуу шарттарды мамлекет түзүп бергенинен улам ошондой ийгиликтер жаралып жатканын кээ бирөөлөр түшүнбөй, айрым башкармаларды, айрым бир натыйжалуу иштеген кишилерди жөн эле пайгамбарга теңеп, культ жасай баштады. Никита Хрущевдун тушунда ушундай болгонбуз. Бирок, кеп анда деле эмес, кеп айыл чарбасынан өндүрүлгөн продукту: эт, май, сүт, жүн, эгин жана башкалардын бардыгын тең бүтүндөй мамлекетке тапшырганда, алар абдан арзанга, тыйынга гана өтчү. Ошол мезгилде айыл чарбасында негизинен көп кемчиликтер бар болчу. Ошолордун бардыгын тең тартипке салып, кийинчерээк «Отуз миңчилер» баргандан тартып, жанагыдай саткан продуктунун баасын жогорулатып, анан гана колхоз-совхоздордун эсебине акча түшө баштады. Эгерде өндүрүлгөн, саткан продуктунун баасы жогорулабаса баягы эле мурунку кебете менен жүрө бермекпиз. Андыктан айыл чарбасынын абалын чукулунан көтөрөлү деп КПСС БКнын сентябрь Пленумунда маселе коюлду. Ошондон тартып, барган башкармалар даңктуу башкармалар болуп, эл баккан башкармалар болуп, кээ бирөөнү сүрөттөсө, жөн эле ушул ушундай башкарма болгон деп али күнгө чейин айтып жүрүшөт. Ал эми анын түпкү нукура негизин ошол кезде жүргүзүлгөн жаңы саясат – айыл чарба продуктусу жогорку баада сатылгандыктан колхоз-совхоздун эсебине акча көп түшкөн. Анан колхоздо боло турган болсо, инфраструктура – мончо, оорукана, мектеп салдырып, айыл чарбасы үчүн шаймандарды алып жана башка иштерди жүргүзө баштады.

Айыл чарбасын чукул жогорулатууну көтөрүп чыккан саясий зор акт 1965-жылы болуп өткөн КПСС БКнын март Пленуму болуп эсептелет. Мына ушул март Пленумунда дагы бир чоң окуя болду. Ал – айыл чарбасын техника менен камсыз кылуу эле. Март Пленумдан кийин айыл чарбасы техника менен абдан жакшы камсыз кылынды. Биз анда машина алдык, башкача айтканда, айыл чарбасына керектүү тракторлорду, комбайндарды алдык. Ушул жерден кандай заявка

жассаң, так ошол өзүнүн мөөнөтүндө техникаларды алып берчү.

Ал жылдарда айыл чарбасында болгон бул чоң жетишкендикти философиялык көз караш менен караганда, өндүргүч күчкө өндүрүштүк мамилелер дал келиш керек деген теория пайда болду – колхоздорду ирилештирди. Эмне себептен? Колхоздорду ирилештирүүнүн негизги себеби, жанагы трактор, комбайндарды колхозго сатты. Колхозго саткандан кийин, ошол техника, өндүргүч күчтөрдү туура пайдалануу, туура өндүрүшкө киргизүү, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн тез арада өстүрүү саясаты кыйгачынан коюлду. Бирок, айыл чарба техникасын ар бир колхозго бергенден кийин, майда колхоздор техниканын ремонтун көтөрө албай калган. Ошондуктан колхоздорду, райондорду ирилештирүүгө туура келген. Бул ошол мезгилдерде айыл чарбасы үчүн эң эле туура саясат болгон.

Майда колхоздор комбайн, тракторлорду иштетип, колдоно алышпайт экен. Техникаларды иштете алышпагандыктан, алар айыл чарбасын жакшы өркүндөтө албайт тура. Мына ушундай себептердин натыйжасында айыл чарбасын ирилештирүү жөнүндө маселе коюлган. Анан мына ушундай маселелерди кээ бирөөлөр түшүнбөй эле, баланча деген башкарма болгондо, өркүндөп-өсүп кеткенбиз, түкүнчө башкарманын тушунда мындай болбогон, анан ошентип өнүкпөй калган деп эле ар кайсыны айтып жүрүшөт. Анын негизги себеби – Сентябрь пленуму, Март пленуму кеңири жол ачып, андан кийин жанагы өнүккөн өндүрүш күчтөрүнө өндүрүштүк мамилелерди дал келтирүү саясатын жүргүзүп, илимий түрдө колхоз-совхоздорду өнүктүрүүгө алып келген.

Мени эми мактанды дебегиле. Мен мактанбаймын, бирок колхоздо жакшы иштеген ишимди кээ бирөөлөр көрө билсе, кээ бирөөлөр көрө албайт. Колумдан келген аракетимди жасадым, өзүмдүн өмүр жолумдагы иштеген иштерим жөнүндө сиздерге бир аз чечмелеп айтып берейин деген ниетим деле ошондон.

мезгилинде өлтүрүп коюшкан. Ошондой тентек, өткүр келген эл эле, туурасын айтканда. Анан ал жерде Таштемир Сатыбалдиев деген башкарма бар экен. Ал ошол мезгилде кичине кыйналган окшойт. Райондук жетекчилер менен кандайдыр бир мамилеси жок окшойт. Болгону алты ай эле башкарма болуптур. Анан аны менен иштешүүгө болбойт деп туруп, бошотушуп, берки «Кызыл-Жылдыз» колхозуна мен шайланган болчумун мурда. Бир-эки ай андан кийин Киров колхозун бизге кошту. Бул чарбанын «балбан бригадирлери» өйдө-төмөн иш кылган кишилерди акырын жетелетип келип, ур-токмокко алып, муштум менен «тейлеп» жүрүшкөн экен. Мен андай жол менен эл башкарууну туура эмес деп таап, уят болот, бул өзү саясат эмес, жетекчинин дагы туура жолу эмес дедим дагы, бригадирлерин кызматтан алдым.

Анан ал жерге, ушундай тынымсыз иштеген мыкты кадр деп туруп, «Кызыл-Жылдыз» колхозунан алып барып бригадир шайладым. Эки колхозго бир эле бригадир бекиттим. Ошону менен ал Кировдо иштеп калды. Кадр туура тандалса, иштин көзүн билген, саясат жагынан жетик адам келсе, ал жерде сөзсүз ийгилик жаралат. Иш өзүнөн өзү алга жылат. Эгерде кадр туура эмес тандалган болсо, анда миң жолу басып барсаң дагы иш жакшы жүрбөйт. Иштин жыйынтыгы көрүнбөйт. Ошол жакка колхоздун бригадирин алып барганда менин санаам тынчып калды. «Кызыл-Жылдыз» колхозуна Киров колхозун кошуп, чоң колхоздун башкармасы болдум. Райондун 40% жерин ээлөөчү, чарбасы дагы ошондой эле.

Эми ишти башкарайын деп, элге, тиги-буларга таянсам, кээ биреөлөр тандаган кадрларымды кирип жамандап, өйдө-төмөн айтып жатты. Ошондо Кыдырбаев Абдыкадыр деген киши бар эле. Өзү армияга барып келген, ишине тың, абдан ишмер, тынымы жок, уйкусу жок адам экен. Муну уй фермалыктан бошоттум дагы, колхоздун эң маанилүү участогу болгон курулушка бригадир кылып дайындадым. Ал уй фермасын өткөрүп берип, курулуш бригадир болуп иштеди. Биздин малдын көпчүлүгү кыштоолордо ачык асмандын алдында, муздун үстүндө жатат эле. Анын айынан койлор тез арыктап, козу салгандары көп болуп, төл жакшы жүрбөй калган мезгил экен. Ошондуктан биринчи кезекте короо-сарайлар-

Ыңкыбай деген комсомолдун секретары бар эле. Жакшы кадрлардын бири болчу. Ал кийин Кетмен-Төбөгө барып, ошоюктан кайтыш болду. Өзүнүн айылына барып иштеп, айылына жакшы кызмат көрсөткөн окшойт. Ыңкыбай комсомолдук эки бригада уюштурду. Бригадаларга кой туудура турган жайлардын дубалдарын соктуруп, бастырмаларды жабышып, койчулардын тамдарын ремонттоп, андай жайларды тээ Кең-Кырчынга чейин салдырдым.

Бириккен чарбага башкарма болуп иштеп жүргөн мезгилимде жалаң жаштарды көтөрмөлөдүм, ишке тарттым. Маселен, Карабай Жыргалбеков деген атайын институтту окууну бүтүп келди, аялы ветеринардык врач. Экөө тең Тогуз-Торо районунда иштеп калышты. Карабай Киров атындагы колхозго келип башкы зоотехник болуп иштеди. Биринчи эмгек жолумду сиздин чарбадан баштап, сиздин жакшы кеп-кеңештериңизди уктум деп айтып калат. Ошондо баарыбыз эле тең чамал экенбиз. Анан, аялдардан көтөрүү керек деп туруп, Жыргалбековдун аялын жакынкы уй сарайларга ветврач кылып дайындап койдум. Жаштардан көтөрүлдү. Кийинчерээк өзүнүн Эдигеев деген жакшы жолдошу ветврачтыкты бүткөн экен, (ал кийин башкармага чейин көтөрүлгөн мыкты кадр эле), ал келип колхоздо башкы ветврач болуп иштеди. Мына ошентип башкы зоотехнигим дагы, башкы ветврачым дагы, колхоздун ички активдери дагы жалаң жаштардан, ал тургай, бригадирлер дагы жаштардан болуп иштеп калды. Кыдырбаев Абдыкадыр, Жооров Абдырахманга окшогон жаштар, Арзыматов Сабитахун, Токтоболотко окшогон улгайып калган, иштин көзүн билген кишилер менен өрнөк, тажрыйбаны айкалыштырып, үзүрлүү иштей баштадык. «Ирилештирүү» саясаты ийгиликтүү жүрүп жатты.

## Чарбаларды, райондорду ирилештирүү убагындагы окуялардан

1950-жылдардын аягы, 1960-жылдардын башталышында майда-майда колхоздор, совхоздор, ошондой эле майда райондор чарба жүргүзүүгө абдан ыңгайсыз, натыйжасыз болуп калган. Биздин Тогуз-Торо району – баягы кичинекей рай-

он жердин бөлүнүшү, жол катнаштын татаалдыгынан өзүнчө район болуп аталып келген. Калкынын саны 13 миң эле болгон аймакты бир район кылган.

Анан Тогуз-Торону Ак-Талаа районуна кошту. Кошуунун негизги себеби, жанагы майда чарбалар, майда райондордун чарбалык иштери абдан начар болгон. Майда чарбалар өздөрүн өздөрү актай албай калышкан. Техникалардын бардыгы тең колхоз-совхоздорго сатылды. Колхоз-совхоздор техниканы сатып ала баштагандан кийин, алар өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша иштесин деген талап чыкты. Ошол убакта кичинекей, майда колхоздор техниканы сатып алууга да жөндөмдүүлүгү жок, колдорунда акчалары жок, ссудага отуруп калышкан. Ал эми райондор дагы ошондой эле ахыбалда болгон. Ушундан улам бизде бир топ колхоздорду бириктирип, жанагыдай майда-майда колхоздор чоң чарбага айландырууга ыңгайлаштырылды. Мунун пайдасы да тийди, анткен себеби, колхоздор бир жерге чогуу отурукташканда, ал жерге социалдык мааниdеги жайлар – мектептер, ооруканалар, ошондой эле суу түтүгү, клубдар жана башкалар салына баштады. Ошентип, майда чарбалар чоң, күчтүү чарбага айлануу жолуна түштү.

Андан кийин райондор да ошондой жакшы ахыбалга келди. Бул өзү, философиянын теориясы менен айтканда, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээлине өндүрүштүк мамилелердин деңгээлин дал келтирүү. Мына ошол саясат туура саясат болгон. Чарбалар ирилешкен соң дүркүрөп өсүп, өндүрүш өлчөмүн мурунку пландарга карабай дагы кеңитип, көбүрөөк пландарды алып, өз алдынча болуп калды.

Биздин, тогуз-торолуктардын райондук борбору Дөрбөлжүн болгондон кийин, аймак менен башкаруу органдарынын – экөөнүн ортосу аябай эле алыстады. Мурунку райондун эли кароосуз калды. Абдан кароосуз калды. Ошондуктан муну тартипке салуу үчүн административдик бийликти чыңдоо зарылдыгы келип чыкты. Жалгыз сельсоветке караганда болбойт. Ойдогудай жыйынтык чыгарууга да мүмкүн эмес болуп калды.

Биздин район 1966-жылы күзүндө кайрадан бөлүндү. Ага чейин, район кошулган мезгилде, мен партиялык мектепке кетип, андагы окуумду улантттым. Партиялык мектепти бүтүп

кайра өзүбүздүн районго келдим. Райкомдун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калдым. Райондор кошулуп жатканда, мурунку райаткомдун төрагасы Нарынга барып иштеди эле. Нарында жүрүп, ал жерде шаарга көнө албай койдубу, кыскасы, баягы чоң авторитети менен районго кайра келип, ошол мен иштеп турган Киров атындагы тажрыйба чарбасын бериңиз дейт. Анан өзү түшүнүп, биздин чарбада жер тартыш, ошондуктан Бирдикти кошуп алам деп, аны суранып жатып кошуп алды. Кийинчерээк а жердеги башкарманы көрбөй, маселелер чечилбей, элдин баары тең өйдө-төмөн нааразы болуп, анан чоң колхоздон бөлүнүп, өздөрүнчө «Бирдик» колхозу болуп кетишти. Андан кийин Киров колхозун бөлүп ийишти. Мына ушинтип отуруп майда чарбага айландырып, эптеп райондун атын сактайлык, мынча колхозу бар деп айтышсын деген эсеп менен районго айландырды окшойт, менин оюмча. Болбосо, жанагыдай ирилештирилген чарбада чоң мүмкүнчүлүктөр жаралмак. Майда-чүйдө, бас, тур деген иштер менен алек болуп, ал эми чоң-чоң, ири жайлар, маселен, клубдар, мектептер, ооруканалар, суу түтүктөрү курулбай калды. Атүгүл техникалардын ремонту да жүрбөй калды. Запастык бөлүктөрдү таап, тиги-булардын бардыгын тең кайра жүргүзүш үчүн көптөгөн ыгым-чыгымдар керек болуп, рентабелдүү чарбага айлануу мүмкүнчүлүгү кемиди.

## Турмушумдун айрым эпизоддорунан...

Менин бала чагым согуш жылдарына туура келди. Согушта, ошол кезде көргөн кыйынчылыктарым жөнүндө толук анализ кылбасам дагы, байкап калган жактарымды айтайын.

Он эки, он үч жаштагы балдар: тиги душман, башкача айтканда, немис, биз советтик аскерлербиз деп атышып, таш, кыш, чопо менен бири-бирибизди койгулашып, тажабастан ойнойт элек. Сен өлдүң, мен өлдүм, сен жыгылып кал, мен жыгылып калдым деп, бала чакта ошондой оюндарды көп өткөрөөр элек.

Мына ошол убактарда болуп көрбөгөндөй тентек элем. Тентектигимди эл-журт жакшы билет. Кээ бир убактарда адам

жасабаган жоруктарды жасайт элем. Кинолорго киргенде, жаман клубубуз бар, элүүдөй киши бата турган, анын эшигин тосуп алса, мен терезесинен кирчүмүн, кайра терезесинен чыкчумун. Аны өнөр катары көрчүмүн. Өзүмчө бир балдардын отрядын түзүп алып туруп, уруштарга бөлчүмүн. Киного киргизбей койсо, анын ичин чаң кылып, элге кино көрсөтпөй койгон учурларым да болду. Менин тентектигим укмуш эле. Ошентип жүрүп окууга кетип, училищанын биринчи курсун бүтүп келгенде эле, тыяктын тарбиясы менен зыңкыйып калгандай болдум. Алымкулов деген агайыбыз педучилищанын завучу эле. «Орто мектепти бүтсөң, Тоту Мойдунов, сен Тогуз-Тородо жетекчи кызматтарда иштейсиң, жакшы окугун», – деп, менин жакшы окуганымды билчү ал киши. Ошол тарбия, ошондой таалим-насыят нерселердин бардыгы тең таасир берип, анан жакшы мекемелерде иштеген кызматкерлерди көрүп, мугалимдерибизди көрүп, жакшы агайларыбызды көрүп, кийингендерин көрүп, биз дагы оңолуп калдык.

Биз училищада окуп жүргөндө үтүк деген жок, жаман шымдарыбызды кыр чыгарып кийиш үчүн, суудан бүркүп, жакшы «үтүктөлсүн» үчүн жамбашыбызга салып коюп, үстүнө жатып алчубуз. Ошентип, ушундай таза кийип, таза жүрүүгө өзүбүз тарбияланып калдык. Баягы тентектик кыялдарымды айрым улуу кишилер да билет экен. Сени биз киши өлтүрөбү деп ойлочу элек, ушунчалык бат токтолдуң деп айтышты. Мен көчөгө чыга албай калдым. Мурунку тентектик окуяларымды эстесем, «ошо ушундай киши болуп калдыбы, ошо ушинттиби» деп айтабы деп эле, өзүмдөн-өзүм корунуп, өзүмдөн-өзүм уялып, ушунчалык токтолуп калдым. Өзүмдүн басып өткөн жолдорумдан уялам.

Мен түнкү саат он экиде келгенимде атам менен апам тааныбай калат эле. Эки эле көзүм көрүнүп, бопбоз эле топурак болуп келет элем. Түн ичинде саат он экиге чейин атам, апамдар кыйкырып: «Тоту, кайдасың эле кайдасың, каякта жүрөсүң?» – деп көчөлөрдү кыдырышып, издешчү. Мен ушулардын бардыгын тең эстеп, аларым үчүн абдан уялып отуруп, катуу токтолдум. Жаш кезде эрте токтолуш, эсине келиш бул жакшы нерсе экен. Анан кээ бирөөлөр бар, кайра күчөп, хулиган болуп, түрмөлөргө түшүп, өзү токтолбой, мына ушинтип кете берет. Убакыт өтүп кетет, эл үчүн, журт үчүн иштей

турган мезгилдерин өткөрүп жиберет экен. Мен он беш жашымда токтолуп, училищадан окуп, ошондон тартып эле каадалуу адам болуп көрүнүп калдым.

Адамдын жакшы сапаттарына тарбияланууда алдыда турган агайларыбыздан өрнөк алдык, ошолор чоң таасирин тийгизди. Көп окусаң, окуу ой-максатка жеткирет экен. Жакшыны көрөт экенсиң, жаман жагын ажыратат экенсиң. Ошондуктан мен жаштарга жана башкаларга айтаарым, эртерээк тентектикти токтотуп, жакшы жакка кадам койгула, бул өзү акылдуулук болуп эсептелет.

Тогуз-Торо районунун «Кызыл-Жылдыз» колхозунда башкарма болуп турганымда, биздин район жоюлуп, Ак-Талаага кошулду. Район Ак-Талаага кошулганда мен башкармалыкты өткөрүп бердим. Ошол мезгил Хрущевдун тушу эле. Ак-Талаа – Тогуз-Торо району боюнча да жаңы партиялык өзгөрүүлөр боло баштаган,. «Инспектор» деген чыккан, мурда райкомдо иштеген партиялык кызматкерлерди «инструктор» деп коюшчу. «Инспектор» дегендер Ак-Талаанын райкомунун биринчи секретарына карачубуз. Ошол инспекторлор – парторганизатор деп аталып, биз төртөөбүз иштечү элек. Көкүлов, Жусупжанов, мен жана дагы бирөө болуп. Мен Тогу-Торо зонасы боюнча иштеп калдым.

1963-жылы январь айында биз Ак-Талаага кошулдук, 7-январда. Тогуз-Торонун өкүлдөрү барып, Ак-Талаанын өкүлдөрү менен бирдикте эки районду кошуп, анан Акназаров биринчи секретарь болду. Айыл чарба башкармасынын жетекчилигине ошол кезде Тогуз-Тородо биринчи секретарь болуп иштеген Жумадил Жакыпов деген дайындалды. Ошентип, Тогуз-Торо, Ак-Талаа болуп, эки район биригип эмгектенип калдык. Бир күнү өзүм ойлондум дагы, Жогорку партиялык мектепте окушум керек деген чечимге келип, окуу-га бардым. БКдан бекип, андан кийин Алматыдан аңгемелешүүдөн өтүп, Ак-Талаада инспектор-парторганизатор болуп иштеп туруп, эки жылдык Жогорку партиялык мектепке кеттим,. Анан ал жерде эки жыл жаман окуган жокмун, чоң саясий билим алдым, омоктуу партиялык уюштургуч тажрыйбаларды өздөштүрүп келдим. Кыскасы, кайра Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин карамагына жиберишти. Андагылар мени уюштуруу бөлүмүнүн

башчысы кылып Ак-Талаа райкомуна жолдомо берди. Мен биринчи сентябрдан баштап иштемекмин. Жүрө бердим, жүрө бердим, бирок ага чейин Ак-Талаада Асаналиев, Акназаровдун жогунан пайдаланып, ал жерге Базаркуловду алып келип, уюштуруу бөлүмүнө башчы кылып, пленумда бекитип, аны кайра алгыс кылып коюшуптур. Ал убакта БКнын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Левченко деген эле. Анан эле Тогуз-Торого обкомдун биринчи секретары Малабай Жунусалиев келип калыптыр. Акназаров да келиптир, ошондон кийин мени чакыртышты. Акимбаевдин конторуна бардык. Колхоздун конторунда: «Окууну бүтүп келиптирсиң, эмне кылайын дейсиң, башкарма болбойсуңбу?», – дешти. «Башкарма болбойм, – дедим. – Мен БКнын берген жолдомосу боюнча иштеп көрөйүн. Сиз менен иштешем, – десем, Акназаров: «Ага бекитип коюптур, эми башка иште, пропаганда жана агитация бөлүмүндө башчы болуп иштей бер», – деди. «Эмне үчүн сиз мени Базаркуловдон төмөн көрүп, мен Жогорку партиялык мектепти бүтүп келсем, ошого карабай кабыл албай жатасыз? Мен ушул жерден өзүмдү төмөн сезип турам. Мен кандайдыр бир сынган сыяктуу болуп турам. Же мурун иштешип көрбөсөм, ошондон бир азыраак аярланып жатасызбы, сиз менен бир азыраак иштешкенбиз. Эмне үчүн сиз ушундай мамиле кыласыз?» – дедим. Ошол кезде обкомдун биринчи секретары Малабай Жунусалиев бир үн катып койбой, иштей бер, тигинт-минт дегенге жараган жок. Мына ошентип, айласыздан пропаганда жана агитация бөлүмүнө барып иштеп калдым.

Жанагинтип кыжыңдашканда: «Мен сени башкармадан бошотпойт болчумун, башкарма болуп көнүп калыптырсың, Ленин колхозуна барып башкарма болуп иштегин», – деп мени үгүттөй баштады. Мен Ленин колхозуна барбайм деп, ошо жерден баш тарттым. Акназаров мени ошол эле колхоздо кармап жүрө бергенди пландаштырганын билдим. Акназаров экөөбүз күндөрдүн бир күнүндө бир маселе боюнча кыжыңдаша кеттик. Кыжыңдаша кетсек, ал киши ордунан тура калып: «Мен сени Жогорку партиялык мектепке жибермек эмесмин, мен Кемел Аманович Садыбакасовдун гана суроосу менен жибергенмин», – деп айтты. Эми бул дагы бир кызык окуя. Кемел Аманович бизге алиги Киров колхозун ко-

шуп, «Кызыл-Жылдыз» колхозуна башкарма кылып, ошол колхоздо иштеп жаттым эле. Акимбаев болсо башкармалыктан бошоп, облустук элдик көзөмөлгө инспектор болуп, Нарынга кеткен. Ал жерде жүрүп-жүрүп, мурун болсо райаткомдун төрагасы болуп иштеген киши ага көнө албай койду окшойт. Бир күнү барыптыр, Тогуз-Тородон эле баягы колхозумду берсеңиз, мен иштейм деп. Анан: кайсы колхозго барайын дедиң эле десе, мен иштеп жаткан «Кызыл-Жылдыз» колхозун сурайт. Сурагандан кийин, мен билем да, ал убакта биздин «Кызыл-Жылдыз» колхозу Киров менен кошулуп, жери да жок, аянты да жок, кыштоосу да жок начар ахыбал. Экөөнүн ортосунда эч бир көпүрө жок, башкарууга кыйын, колхоздорду өзү райаткомго төрага болуп турганда, мага кошуп берген. Менин кыйналганымды өзү сезет. Өзүнүн кызыкчылыгы үчүн анан «Бирдик» менен «Атайды» кошуп алып, анын жери бар, эли бар, ошолорду кошуп алып, башкарамын деген. «Мурун мен ар кайсы жерлерде ичигимди сүйрөп, райаткомдун төрагасы болбой эле, башкарма болуп иштеп көнгөмүн», – деп айтып, иштеди. Кийинчерээк ал жерде колхоздор башкарманы көрбөй кеттик деп, атайын арыз жазып жатып бөлүнүп чыкты. Андан кийин Акимбаев Кадыралиев менен жер талашып, Ленин колхозу Акимбаевге чөп бербей ошенткенде, анан кой деп туруп, жаңы келген секретарь Турдалиев эле, анын башын айландырып, өзү чаканыраак Кировду бөлүп, «Кызыл-Жылдыз» колхозунда калып калды дагы, Кировдон кутулду.

Мына ошентип өзүнүн кызыкчылыгы үчүн иштегендигин мен айткым келет.

## Абийир, ыйман саткан жаңы заман жөнүндө азын-оолак сөз

1990-жылдан тарта жаңы түзүлүшкө өтө баштадык. Эми бизди социализмди курдук, социализмди бир өлкөдө жеңдик, коммунизмди да бир өлкөдө жеңүүгө болот деген теориялар менен окутуп келген. Социализм деген ушундай, бул өзү коммунизмдин биринчи фазасы, анда көп нерселер капиталисттик түзүлүштөн кескин айырмаланат деп. Чыны

менен илгерки адамзаттын коомун негизинен беш формацияга бөлүп, ошону абдан анализдеген марксизм-ленинизм окуусу.

Өндүрүштү анализдегенде, өндүрүштүн ролу, өндүрүштө пайдаланган курал-жабдыктарына жараша, эмгектин мүнөзү, адамдардын ортосунда пайда болгон объективдүү мамилелерге карата беш формацияны бөлүп чыгарган эле. Биринчи формациясын алсак, байыркы общиналык түзүлүш, экинчиси кул ээлөөчүүлүк, үчүнчүсү феодализм, төртүнчүсү капитализм, анан коммунисттик коом. Анын биринчи фазасы социализм деп окуткан. Эми чыны менен ошол мезгилдерде өндүрүштүк куралга өндүрүштүк мамиленин дал келиши деген теория менен анализдеп, ушу формацияларга баа берилген эле.

Бул жерден эмнени айткым келет? Ушуну жазып чыгарган илим эч кандай күчүн, маанисин жогото элек. Социализм бардык формациядан жогору турган. Аны биз өзүбүз деле жашап көрдүк. Бирок, биз окуп жүргөндө: социализм болгон мезгилде артка кетип, капиталисттик коомго айланып кетпейбизби деген сөздөр болгон. Бу боюнча классиктер: Маркстын, Энгельстин, Лениндин айткандары бар. Лениндин мындай деп айткан жери бар экен: тарыхта артка чегинүү болот, бирок ал өзү ошо менен эле толук бойдон артка чегинбейт. Ал убакта өсүп-жетилген нерселердин бардыгы тең адамдын аң-сезиминде билим катары сакталып, келечекте артка чегинүүгө жол бербей калат. Коом өнүгүүнүн жалпы жолунан артка кетпейт (мисалы, кайра жапайылыкка кетүү мүмкүн эмес), чегинүү убактылуу гана...

Мен муну айтып жатканымдын себеби, биз өзүбүз жашаган коомдогу социалисттик менчиктерди алып карасак, коллективизмге тарбиялоо иштери абдан колго алынган. Бардыгы тең коомдук менчикке багытталган. Ошон үчүн социализм, коммунизм деп, бул формацияны жогору койгон. Анда жашаган адамдардын аң-сезими дагы башка капиталисттик өлкөлөрдөгү адамдардыкына салыштырганда жогору болот. Социализм мезгилинде жогору болот дегендин негизги себеби, адам жаратуучу күч катары социализмдин өзүндө калыптанат, адамды адам эксплуатациялоо деген жок, социализмдин демократиясы капиталисттик демократиядан айырмаланып турат, ал жогорку баскыч болуп эсептелет деп оку-

туп түшүндүргөн. Өзүнчө жогорку даражадагы аң-сезим болот, анан коммунизмге өтөбүз деп. Мен ушундай ойлоп жүрүп отурсам, 1990-жылдардан тартып кайра артка чегинип, капиталисттик системага бардык. Бул капиталисттик системанын өзүнүн жакшы жагы дагы, анан жаман жагы да бар экен. Социализмдин дагы жакшы жагы, анан жаман жагы бар болчу. Бирок, анда моралдык, адамдык аң-сезим, гуманизм өтө эле жогору болчу капиталисттик системага салыштырганда, менин өзүмдүн көз карашым жогору болчу.

Калп айткан менен болобу, социалисттик системада агартуу, билим алуу, медицина ж.б. бардыгы тең эл үчүн, журт үчүн экендиги белгилүү. Жалпыга милдеттүү орто маалыматтуу болуш үчүн күрөш жүргүзүлүп калган. Башталгыч, андан кийин жети жылдык, акырында жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтөбүз, ушуну окуп бүткөрөбүз деп, кайсы жерде болбосун окубай калган балдарды мектептерге алып келип, окуттурат эле. Буга жалпы айыл өкмөттөрү, ошол убактарда селолук советтер, бүт бардыгы тең, колхоздун башкармалары, чарбалык иште иштегендер, ушу балдарын окутпай малга ээрчитип кеткендерди кайра алыскы жерден аттарына учкаштырып алып келип, мектеп директоруна, интернатка тапшырат эле. Андан башка дагы саламаттыкты сактоодо укмуштуудай бекер дарылоо иштери жүргү-зүлөт эле. Эми биз өзүбүз көрүп отургандай, муну өткөөл мезгил деп ойлоймун, бул капиталисттик система чыны менен жеке баюуга багыт алган коомдук түзүлүш экен. Мында акча гана негизги ролду ойнойт экен. Ушу жөнүндө Маркстын «Капиталында» даана жазылган жерлери бар. Бардыгы тең акчага, өндүрүлгөн продуктуң да базарга гана багытталып өндүрүлөт, бүт баары базарга тартылат деп. Азыр ушуларды көрүп жатабыз, өзүбүздүн башыбыздан өткөрүп жатабыз. Эптеп чыгарган продуктубузду эптеп сатып өткөрүп, анан өзүбүзгө керектүү нерселерди базарлардан издеп, ошондон алыш үчүн аракеттенебиз. Мен өзүм телевидениеден көрдүм, Россиянын Президенти Путиндин сүйлөгөнүн, ал: «XX кылымдын эң чоң катастрофасы – бул СССРдин талкаланышы экен», – деп, ушул жыйынтыкка келиптир. Чыны менен алып карасак, кандай укмуштууларды көрүп жатабыз. Киши өлтүрүү, атасын өлтүрүү, энесин өлтүрүү акча үчүн... Ушундай эмгектен кач-

кан, жалкоо адамдар ар түрдүү кылмыштуулукка барып жатат. Эмгектенип, иштей албай, ошого жараксыз болуп жатат.

Бир жолу скамейкада орус аял отурган экен. Жанына барып отуруп калып, анан сөз баштадым. Маңдайыбызда таштанды салган урналар туруптур. Ошолордун ичин картаң абышка-кемпирлер чукулап, издеп жатат. Эми мен чыны менен эле айтайын, нан бекер да болуп калбады беле? Баягы целинный, залежный деген жерлердин баарын тең эле өздөштүргөндө, итибизге чейин нан жеп калбадыкпы. Ал тургай, иттер нан жебей калбадыбы. Ушундай чоң ийгиликтерге жетишкенбиз. Балдардын баарына ашканадан нан, чай бекер берилген учурлар да болду. Ошол убактарда студент балдар үчүн, анча-мынча тыйын алгандар үчүн жакшы эле болчу. Айрым маселелерди мисалга алып отуруп, ошол аялга суроо бердим. «Мына, карачы, биз тез эле 1990-жылдан кийин ушуга өттүк. Пенсионерлер, карыган кишилер, эч нерсеси жок колдорун салып таштанды аңтарып жүрүшөт, ушул жакшы түзүлүшпү?» – деп. Тигил аял айтты: «Бул жакшы көрүнүш эмес, бул жаман, бул жерде карыган кишилер күнөөлүү эмес, бирок бул түзүлүштү да көрүшүбүз абзел, туура экен», – деп. «Эмне үчүн сен бул түзүлүштү көрүүнү жактайсың?» – десем: «Менин балдарым, калп айткан менен болобу, эгиндин кандай өсүшүн, кандай болуп нанды чыгарат, кандай болуп ун тартылат, кандай болуп эгин алынат, кандай болуп бышырылат, андан эч бир түшүнүгү жок болчу. Дүкөндөн бышкан нанды алып келип, жегенди билчү. Эмгек кылганды билбейт эле. Мына, азыр ушуну көрбөсө, биздин балдарыбыз жинди болмок», – деп ал аялдын айтканы да бир кызык.

Азыркы өткөөл заман ушундай турмуштарды көрсөттү. Өткөөл мезгилде, карап көрсөң, чыныгы дилден ушундай кылып элдин баарын тең кылайын, тең жашасын, эмгекке текши тарбиялайлык, жогорку аң-сезимде болсун деген саясат жок да! Баары акча! Азыр эртең менен бала көзүн ачкандан баштап «Акча, акча, акча!» дейт. Акчага баары сатылып жатат, даңк сатылып жатат, акчага, башкача айтканда, абийир да сатылып жатат. Эмне гана сатылбайт, сатылбаган эч нерсе жок, бүт баары сатылып жатат. Кызматтар сатылып жатат. Анан кээ бирөөлөр коррупция менен күрөшөбүз деп

кыйкырат. Анча-мынча күрөшүүгө мүмкүн, бирок коррупцияны ушу коомдук түзүлүштүн өзү туудуруп жатат да, жеке менчик. Бардык кызматтарды акчаң болсо сатып аласың, ошо кызматтарга барасың, акчасы жок кишилер ал кызматтарга бара албайт. Алардын баары азыр акчасыз мүмкүн эмес.

Азыр кайсы кызмат болбосун өзүнүн «ставкасы» бар. Ошол «ставкасын» берсең, сени кызматка алат. Сен зөөкүр болсоң да барасың. Дипломуң болсо да барасың, болбосо да барасың, диплом да сатылып жатат, доктордун диплому да сатылып жатат. Мен өз көзүм менен көргөндөр бар. Ошолор кишилердин жанына отуруп алып, докторлугун көрсөтө албайт. Бирдемени келжиреп сүйлөп, бир терминдерди жаттап алып, элге билимдүү болуп көрүнүш үчүн, өздөрүн көрсөтүш үчүн аракеттенет. Мен ушул жерден бир балакеттүү балээ болгонун, анын улам өсүп баратканын айта кетейин... Маселен, кыздар өздөрү тушуккан куу турмуштун айынан келип, өздө-рүнүн денесин өздөрү сатканы биздин коомдук түзүлүштө мурун жок эле да, чынын айтыш керек. Ал өзү уят, позордун позору катары сезилчү эле да. Эми азыр көнүмүш. Айрым кыздар өздөрүнүн кылар ишине «проституция» деп тергеген ат коюп алышкан. Тергөөчү сурап жатса, бир кыз суроо берди. «Биз эмне кылышыбыз керек? Бизди эркин дедиңерби, эркин болгондон кийин биз да жашашыбыз керек, биз да эл сыяктуу кийинишибиз керек, эл сыяктуу машина минишибиз керек, биз да болгон өмүрүбүздү өткөрүшүбүз керек. Биз айласыздан барып жатабыз. Мага бирөө сырттан акча бербесе, мен денемди сатып жатам, андан башка жашоо жок. Кана, мага акча берчи, мен токтолуп эле калайын, же болбосо, мага жумуш берчи, кызмат берчи, мен иштеп жыргап эле калайын. Болгондо, жумуштун эң жаман жерлеринде, төмөнкү акы ала турган кызматтардагы жумушту айтат. А мен болсо, бир эле ресторанда өзүмдү көрсөтүп коюп туруп, кан-ча миңдеген долларды алып жатам. Мен денемди сатууга мажбур болуп жатам, үйдө балдарым, карып калган энем бар, аларды кантип багам?», – дейт. Бир четинен аныкы да туура деп ойлойсуң. Мына ушундай болот экен.

Өткөөл мезгил дегенди эми айтпа, болгондун баары эле сатылып жатат, айыл-кыштактарда атасынын атын көчөгө, кокту-колотко дөңгө койдуруп алгандар канча?!. Өзүнүн эле

кичине мансабы болуп же капчыгына бирдеме толсо, андай адамдар уялбастан өздөрүнүн жетесиз ата-тегин көтөрмөлөөгө жандалбастап киришет. Кээ бирөөлөр суугa агып өлгөн, кээ бирөөлөр шымын байлана албай зоодон учуп өлгөн, мына ушундайлардын бардыгынын тең азыр аттарын мектептерге, көчөлөргө коюп алган. Кээ бирөө жөн эле: элдин баары өлүп калды, өзүм теңдүүлөр калган жок дегендей кылып, өзүн чоң маанилүү адам катарында, же элдин арасында анын кыпындай да кадыр-баркы жок болсо да, бир жаңы костюмду ийнине илгенсип, чакчадай башына калдайган калдыркан шляпа кийгенсип алып, өзүнөн-өзү жасалма мыктысынып жүргөн зөөкүрлөр мындан көп. Эмгек сиңирген деген наамдарды сатып алган акмактар андан көп. Ушулардын баары эле сатылды.

Же бир эң кур дегенде, айла кеткенде, беш-алты жыл катыра иштеп **эл арасына эки күн атагы чыкпаган** адамдар, «заслуженный» болдук деп, өпкөсүн көтөрүп турса, таң каласың. Азыркы кезде адамдардын көбү **А Р, А Б И Й И Р** деген ыйык адамдык сапаттардан кур жалак калышкандай. Кээ бирөө, маселен, төрт кишини өзүнүн көчөсүнөн топтоп туруп, менин атымды койдуруу жөнүндө токтом чыгарып, мобуга кол коюп койгулачы деп, эки бөтөлкө эле аракка тойгузуп туруп, анан токтом чыгарып, кийин бир улак союп, же бир козу союп туруп, депутаттарды чакырып, айрымдарын кубаттатып сүйлөтүп, анан ошентип аттарын көчөлөргө койдуруу жакшы эмес, жакшы көрүнүш эмес. Эмгеги сиңген, эмгегинен көрүнгөн кишилер татыктуу ошолор болуш керек эле. Тээтиги Совет бийлигинин мезгилинде 40 жыл иштедим, 30 жыл иштедим деп эле, анан менин эмгегим бар да дейт. Элдин баары иштеген, элдин баары жашаган. Ошонун ичинде, башчы болуп, эл-журт үчүн иштеп, эмгегин сиңирип, эл тарабынан бааланган адамдар гана жогорку даражада кызматтарда иштечү. Азыр эмне, акчаң эле болсо болду, бири-бирин көрүп эле, тиги сатып алдыбы, иштеп жатабы, иштеп жүрө берет турбайбы. Ошондуктан уюңду сат, бээңди сат, торпогуңду сат, акчасын алып барып бер деле, кызматка тур, башка кептин кереги жок деп сүйлөшөт, коом мына ушундай абалда.

Билимдин да баркын кетирди. Канчалаган балдар көчөлөрдө жүрөт. Канчалаган балдар тачка сүйрөп жүрөт. Турмуш-

тун айынан өзүн бага албай, атасын бага албай безип кеткен балдар мындан көп. Үй-бүлөлөрүнүн тамтыгы чыгып жаткан мындан көп. Бир тууганды бир тууган көрө албай, бири-бири менен эрегишип жаткандар мындан көп. Кээ бирөөлөр, маселен, уурулуктан акча, дүнүйө чогултуп алып, митаамдык кылып, анан өзү карсылдап күлүп, чоң банкеттерди уюштуруп, даңкым чыгат деп ойлойт. Аны менен эч качан даңкы чыга албайт. Ушуну ойлонбой жүргөн биздин айрым бир, келесоо деп койсом болот, акмактар көп. Адам деген өзүнүн ордун билбейт экен. Ордун билимдүү адам гана билбесе, билимсиз адамдар зөөкүр да болот экен. Билимсиз адамдар бардык кылмыштуулукка барат экен. Андайдын колунан коом үчүн, эл үчүн, журт үчүн эч нерсе келбейт.

Кээ бирөөлөр мына ушул дүнүйөнүн артынан кубалап жүрүп, балдары жинди чыгып, энесин, атасын өлтүрүп жаткандар бар. Философиянын тили менен айтканда, күндүн теңи ак да, теңи кара, теңи күн да, теңи түн деп бекер айтылган эмес. Карама-каршылыктар ушундай болуп, азыр кыжылдап кайнап, бир калыпка келе албай жатат. Эгерде, маселен, азыр ооруканага барып жатсаң, операция кылса, сен өлүп эле каласың, же болбосо, акчаң болсо дарыланып чыгасың. Болбосо, кыйын. Жакшы эле орто турмушта барган адам ооруканага жатса, жакырланып кайра чыгып келет, дарыланып айыкса. Сатып берип жатып эч нерсеси калбай, ал тургай, өзүнүн ээлеп турган беш сотых, алты сотых жерине чейин сатууга мажбур болуп жаткандар мындан көп. Ар кандай болуп жатат. Бул өзү, мен ойлоп жатам, өткөөл мезгилдин «дарты» болуш керек, бара-бара калыптанат деп.

Дискотека дегени бар, кечинде жаштардын бардыгы тең барып, таң атканча бакшыларча күүлдөшөт. Казино дегени бар, кумар ойногон. Мына ушундай жерлерди мен жактыра бербейм. Маселен, дискотека деген – өзү тээ-тетиги феодализмдин тушунда бакшы, молдолордун чыгарганы кайра кайталанды, мени атып ийсе дагы ушуну айткым келет.

Биздин Пионерде Нуркерим деген киши бар эле. Ошол сельсовет болуп, башкарма болуп иштеген көрүнүктүү, айылдын мыкты кишиси болчу. Ошол, мен ал жерде иштеп жүргөнүмдө: Токе, «алка» дегенди билесиңби?» – деп сурады, мен: «Алка» дегенди билбейм», – дедим. «Ай, «алка» деген-

ди билбесең, көп кыргыз түшүнө албайт экен. Мобу эле биздин Үгүт айылында, «Алка» деп эле бир бакшы-думана чыкты, айланайын. Өзүнчө эле бир бөлмө тамды караңгылап алып, кечинде эле ляйлахи-илалла, ляйлахи-илалла деп, баягы думаналар силкилдешип бийлеп киришет экен. Ошого жаштарың да кирет экен, кыздарың деле кирет экен, кемпириң деле кирет экен, абышкаң деле кирет экен. Секселектеп эле баары думана болуп, ак уруп, дүпүлдөп жатат экен. Анан, дүпүлдөп жатып аябай кызып келген кезде, жалп деген эле бирдеме бар экен, ошону айтканда эле, ким-кимди кармады, ошону басып жыгылып жатып калышат экен. Ошентип, ошондой ак урган думаналарды көрдүм. Эй, кудая тобо, айланып кетейин, илгерки молдолор ушунчалык кантип бир актанат, мен билбейм», – дейт. Мен ишенбей, анан ушуну сөздүктөн карап көрөйүнчү, «алка» деген эмне экен деп карасам, думаналардын зикир чалып бийлөө тегереги дейт. Ошентип жазылыптыр, Юдахиндин сөздүгүндө. Мен ошондон көрүп, сөз мааниси туура экен деп калдым.

Чыны менен молдолор эмнелерди кылбаган, эмнелерди жасабаган, далайларды алдаган. Мына, азыркы кезди карап көрсөм, кээ бирөө «дабат» дегенге барабыз деп, көчөлөрдү кыдырып, элдин баарын динге жыгабыз, агитациялайбыз деп туруп, жаш балдар, мектептин окуучулары ошол мечиттерге кирип алып, тетири тарбия алып жатышат. Жөн эле көчөдө кечээки жүргөн бакшы менен думанача оокат кыла албаган балдардын баары молдо болуп алыптыр. Сакалдарын болсо коё берген, кебетеси кеткен, мурду менен эле көзү көрүнөт. Молдо деген ошондой эле сакалдуу, муруттуу болот деп үйрөтсө керек. Кеп анда эмес, сакал-мурут дегенди таза кармап, таза жүрүп, таза кийинип, анан ошентсе молдо болбойбу. Азыр кир, жаман кийимдерди кийип алып, ушундай балдардын баары тең жинди болуп кеткен заман болду. Муну «кой» деген киши жок. Ал эми партиянын заманында галстугуң жок чоң жетекчиге кирүүгө болбойт эле, адепсиздик катары сезчүсүң.

Мурда жакшыраак кийинишиң керек, шымыңды үтүктөшүң керек деп адамдарды жакшынакай тарбияга салган адамдар көп эле. Андай жок азыр. Мына ошентип рухий жактан чоң кризиске дуушар болдук десем, мен жаңылышпайм. Азыр ойлонуп көрсөм, ошондой жаман, тетири таасирдин натыйжа-

сында жанагы дискотека деген жиндинин оюну чыкты. Көчөгө жөн эле жылаңач басып кеткенге умтулуп калышты, эл өзү кызык экен. Маймылды туураса, маймыл болуп жатат эл. Жаман жакты тез кабыл алат экен. Адам деген – бул өзү дүйнөдөгү эң жогорку материя. Мында жогорку аң-сезим жатат. Адамдан башка эч бир жандуу нерселерде аң-сезим жок. Ошондуктан адам адамча жашаш үчүн адамзаттын гана жакшы жактарын алыш керек. Ар кайсы коомдо өзүнүн демократиясы, өзүнүн жашоо шарты, өндүрүштүк мамилеси болот. Маселен, феодалдык коомду кээ бирөөлөр анын жакшы жагы да бар эле, жаман жагы да бар эле дешет. Анын баары беш колдой башыбыздан саналып өттү. Социалисттик коомду курабыз деп, ошонун саркындылары менен күрөш жүргүздүк. Азыр мына мобу менен күрөш жүргүзгөн эч бир киши жок, бүт бардыгын тең бош эле коё берген, бүт эле акча үстөмдүк кылып жатат.

Абийирлерин сатып, акча үчүн, башкача айтканда, өзү түшүнүп туруп, даңкым чыгат, даңкым калат деп жеңил ойлуулук менен жанагындай көчөлөргө өзүнүн атын койдуруп, атасынын атын койдуруп, анын эмне экендигин билбей, анан ушундай эле бакшы-думаналар көбөйүп, абийирсиз адамдар өзү: мени начандик кылып коюп койчу, мага ушундай наам берип койчу деп баргандын өзү шермендечилик. Өкмөт тарабынан, тыяк-быяктан таразаланып, бааланышы керек. Анан азыркы өкмөт, азыркы бийликтин баары тең эле сатып жатат. Акчаң болсо, барып сатып алсаң болот. Анын эмнеси бар экен, кыйынчылыгы жок. Мына ошондуктан, ушундайга каршы күрөш жүргүзүү керек, анткени, мунун өзү экономикалык жактан да жаман экен.

Илгерки жазуучулардын чыгармаларын окусаң, ушуларды шылдыңдап, ушуларды ашкерелеген. Социализм тушунда өзүнүн Мекенин сүйүү, өзүнүн элин сүйүү, жерин сүйүү, ар кандай терс көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзүү деген болгон. Бул күндө терс көрүштөр деген жайнап кетти, аферистиң мындан көп, алдамчысы андан көп, дүнүйөкору мындан көп, өзүн-өзү мактап жүргөнү андан көп. Кыйынмын деп көкүрөгүн көтөрүп турганы мындан көп. Бүгүнкү коом мына ушундай багытта өнүгө баштады. Мына ушуларды көрүп, ойлонуп отуруп, аң-сезими жогору адамдар өзүнөн-өзү жинди болуп кетүү коркунунда турат. Ар бир коомдун жакшы жагы

бар, жаман жагы бар, ошол жакшы жагын танып, жаман жагын чып-чыргасын коротпой алып келе жатабыз.

Бирок, ошондой болсо дагы, акыркы мезгилдерде биз көргөн социализмди илгертен жашап келген ойчулдардын бардыгы тең коомдук өнүгүүнүн жогорку баскычы деп эсептеген. Эми ушул 1990-жылдан бери капиталисттик коомго өткөн жагын эле даңазалап макташып, баягы социализмдин жакшы жактарын айткылары келбей, социализм жөнүндө болгон чындыкты айткандан коркушат, кыскасы. Ошондуктан кийинки мезгилдерде кээ бир багыттар боюнча чоң прогресстер болду, ошол эле убакта коомдук турмуштун калган жагынан эң жаман көрүнүштөр да орун алды. Биз социалисттик коомдо окуган мезгилибизде мындай концепция бар эле, феодалдык коомдо экономикалык жактан көз карандылык болгон эмес деген.

Мындайча айтканда, экономикалык жактан көз карандылык эмес, мамлекет тарабынан декрет аркылуу эле адамдардын тагдырын белгилеп коюшкан да жарым кул сыяктуу. Мисалы, феодалдар өзүнүн карамагында турган элди атасын бир башка, энесин бир башка, баласын бир башка кылып алып иштетчү. Ошондой болуп, 1861-жылы Россияда крепосттук укук жоюлгандан кийин, элдин баары эркиндикке чыккан. Бул өзү капиталисттик коомдун илгери карай өнүгүшүндөгү чоң төң-көрүш болду. А капиталисттик коом чыны менен экономикалык жактан мажбурлоо экен. Мына ошондуктан бири калбай баары акчага, базар экономикасына гана көз каранды болуп жатканынын негизги себеби ушунда.

Капитализмде эл эркин, эмнени каалasaң, ошону жаса деген жашоо. Элди эркиндикке чыгарганы менен, экономикалык жактан эл байкуш көз каранды болуп, колунда жок адамдар барып капиталисттердин, байлардын, банкирлердин эшигин сагалап, ошол жерде иштөөгө мажбур болот. Бир гана жери, эл эркиндикке чыкты, эркиндикке чыккан менен айласыздан кайра барып экономикалык жактан көз каранды болуп жатат. Мына ушундай чоң айырмалары бар.

Бул жерден бир нерсени айткым келет. Мына, өткөндөгү жаман жактарды туура эмес баалап, ошолорду мактоо жагы күчөп кетти, даңазалап жатат да өткөн инсандарды. Окусаң, карама-каршы. Качанкы Ормон, Боромбай, Балбай дегендерди мактайт. Албетте, өзүнүн убагында көчмөндөр турмушу-

да булар дагы чоң роль ойногон. Каршылык жок. Бирок, уруу – уруулар менен кагылыш, маселен, бугу менен сарыбагыштын ортосундагы чоң жаңжал, чоң чатак бугу элине кандай азап-тозокторду алып келди. Ошону баштаган Ормон, Боромбай, Балбай. Булардын бардыгы тең эл коргоочу катарындабы? Канчалаган элди азап-тозокко, канчалык кыйынчылыкка алып келди. Ошолорго эми чоң эстелик куруп, даңазалап, кубаттап жатышат. Эми алардын жакшы жактарын да айтыш керек, элге жаман жагын да айтыш керек. Буларга эстелик коюуну өзүм деле туура деп эсептебейм. Эл үчүн булардын айтылган эмгеги каякта экенин билбеймин. Акылнасаат сөздөрдү илгери карыя-абышкалар, кедейлер деле айткан. Мына ушуга мен абдан наразымын чыны менен. Эмне кереги бар эми. Бугу менен сарыбагыш кырылышпадыбы жөн эле. Кедейлерди айдап барып бири-бири менен кагыштырып, бири-бири менен сайыштырып жатып кырып койбодубу. Аны айтпастан, Ормон ушуну жасаган, Боромбай ушуну жасаган, Балбай ушуну жасаган, бул менин атам, эстелик куруш керек деп эле куруп жаткандары таң калаарлык. Андан көрөкчө, эл үчүн, журт үчүн иштеген, ошондой эле социалисттик коомдун мезгилинде көрүнүктүү эмгектерди жасаган айрым адамдардын эстеликтерин орнотсо жакшы болбойбу, басып өткөн жолдорун даңазалап. Бул өзү элибизге, журтубузга чоң тарбиялык маани берет эле.

Андан кийин динчилдер жөнүндө дагы бир-эки ооз сөздү кошумчалагым келди. Динге азыркы коомдо эркиндик берди. Каалаган диниңди, каалаган озуйпаңды жасай бер деди окшойт. Ошондуктан, дин негизи адамга жакшылыкты алып келгенби, ушуну байкайлычы. Тарыхына карайлычы. Дин адамга дайыма жакшылыкты алып келбестен, эзип келген, аларды тараткандар эксплуататорлордун жанында идеолог кызматкерлери болгон. Коомдун өнүгүшүнө тормоз жасап, жакшы нерселерди артка тарткан. Маселен, Кудай тааладан келген Курандын негизин, каапыр, мусулман деп экиге бөлүп, элди эки жакка тартып чоң кагылышуулар чыккан. Алдыңкы ой жүгүртүүлөрдү, айталы, дүнүйөдөгү ачылбай жаткан сырлар ачылганда бүт баарын өрттөгөн учурлар болгон. Четинен эле атасак, Галилео Галилейди Жер Күндү айланат деген гипотезасы үчүн өрттөөгө чейин барышкан (өрт-

төшкөн эмес). Тозок ушундай болот деп, улам алмашып туруучу бийликти даңазалоочу кызмат катары пайдаланып келишкен. Эми ошо динди эркинче коё берсек, азыр «хизбут-тахри», «вахависттер» дегендер чыгып алып, элдин бардыгын тең башкарып, баштарын айланткысы келип, коомдун илгери карай өнүгүп келаткан жакшы көрүнүштөрүнө кийлигишип жатат. Дин мамлекеттен сырткары, өз билгенин өзүнүн мечитинде жасаш керек эле. Анан булар саясий жакка да кийлигишип, чоң кыянатчылыктарды жасап, кээ бир жерлерде адамдарды өлтүрүп, мына ушундай ыплас иштерге барып жатышат. Ошондуктан бул дин жөнүндөгү маселени, кийинчерээк козу карындай болуп өсүп чыккан мечиттердин бардыгын тең көзөмөлдөп, тартипке салуу зарыл.

Өзбекстанда жашагандар бизге караганда абдан динчил эл болот, ошолор өздөрү өз «диндеринен» кутула албай, биротоло кутулбаса дагы, динди бийликти талашуу жолуна өткөрбөй, нечен мечиттерди жаап, нечен молдолорду аттырды го Каримов. Муну көңүлгө түйүп, динди байкашыбыз керек. Молдо чалыштар диндин алып келген жакшы сапаттарын, айрым оң көрүнүштөрүн айтышат. Ушундай болуш керек, тигиндей болуш керек деп айтат. Ар кандай идеология адамзаттын жакшы сапаттарын өзүнө камтыбаса, элдин арасында кадыр-баркы тарашы мүмкүн эмес.

Эски коомдук түзүлүштөрдө кыргыз элимдин мыкты да, жаман да салттары бар болчу ошо динге байланышкан. Өзүбүздөн турмушубуздан көп нерселерди билебиз, жакшы салттары да көп. Маселен, мобу жаштардын үйлөнүү маселесинде кыз ала качмай жокко эсе эле. Ошол эле учурда, илгерки заманда кыздарды бала катары көрбөстөн, кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер деп кыргыз элинин айткан сөзү белгилүү. Нечен кишилер кыздарын кармата берген. Бир эле мисал, жумгалдык Мырзабек манап өзүнүн он төрт жаштагы кызын элүүдөн ашкан Калпа ажыга аялдыкка кармата берген. Нечендеген элди кызынын себине кошуп узаткан. Мына ушундай жаман салттарды кантип даңазалоого болот? Бул өзү туура эмес. Азыр дагы кыздарды ала качып, алып келгенде кемпирлер: кыз өсөр жеринде, жакшылыкты көрөр жеринде ушинтип ыйлайт деп туруп, мажбурлап жоолук салышат.

Менин айтканыма Ч.Айтматовдун «Жамиласы» мисал боло алат. Жамиланы кээ бирөөлөр түшүнбөй эле, Жамиланын эмнесин мактайт деп жаза беришет. Жамила болсо, феодалдык коомдон бери келе жаткан үрп-адат, салттардын баарын тебелеп-тепсеп өтүп, ага сокку уруп, анан өзүнүн сүйгөн кишисине барышы бул өзү чоң прогресс болгондугун көрсөтүп жатпайбы. Чыгарманын чоң мааниси ушунда.

Кыргыздарда Олжобайга жетпеген Кишимжан, Жаңыл Мырза жана толуп жаткан күйүттө кеткен кыздар-келиндер өздөрүнүн сүйгөндөрүнө барбай калган учурлар болгон.

Азыр мунун да жакшы жолу табылды. Мына ушуга өтүп жатат көпчүлүгү. Кыз менен бала сүйлөшүп, бири-бирин жактырышып калып, экөө бирге баш кошуу жолдорун табышкан мезгилде эне-аталарына айтып, эне-аталары барып сөйкө салып, ошондой жол менен эле жакшынакай үйлөнүү болуп жатат. Ал эми кыз менен бала көрүшпөй туруп, кызга сөйкө салуу деген, анан бел куда болуу деген – бул өзү такыр болбогон иш. Бул өзү феодализмдин анык көрүнүшү. Анысын даңазалап деле, мактабай деле коюш керек, андан көрө кыз менен бала сүйлөшүп алып, экөө бир пикирге келгенден кийин эне-аталарына айтып, андан кийин баланын эне-аталары кыздын үйүнө барып туруп, кулагына сөйкө салып алса, бул жакшы болот. Бул өңдүү жакшы көрүнүштөр ушундай деңгээлге өсүп жатат, ушуну колдошубуз керек. Жөн эле көрбөй туруп эле, баланчанын кызын алабыз, анан түкүнчөнүн кызын алабыз деп. Өзү дүнүйөнүн артынан кубалаган кээ бир акмактар бар. Бир байдын кызын аламын деп, жанын үрөп, же болбосо, мансапка жетемин деп, колунан келген, бийликте турган кишинин кызына барып, жалынып-жалбарып жатып, ошонун кызын алышат. Ал эми кыз менен баланын экөөнүн ортосундагы мамиле менен эсептешкиси келишпейт. Кээ бирөө ынтымактуу кошулуп калат, а кээ бирөө ынтымактуу кошулбай калат. Мунун өзү караңгычылык, мансапкорлук, дүнүйөкорлук, бийликке кызыккандык!

Биз социализм жөнүндө окудук. Менин өмүрүм ошол социалисттик коомду сыйлоо, ошол жогорку коом экендигин даңазалоо болду. Мен студент болуп окуп жүргөн ке-

зимде, Жунусов деген профессор, өзү чоң философ бар эле. Кыргызстан боюнча даңктуу, интеллектуалдык кудурети өтө күчтүү киши болчу. Жунусов агай бизге илимий коммунизм жөнүндө сабак өтчү. Ал убакта окуу китептери деле жок болчу. Бирок, бул киши өзү чоң философ болгондон кийин коммунисттик коомдун өнүгүшү жөнүндө илимий жагынан мисалдарды келтирип жатып, ошондо бир жерин жакшы айткан жери бар. «Менин силерге айта турган сөзүм: өткөн коомдун жакшы жактарын алыш керек, – деген ал. – Маселен, феодалдык коомду көп көргөн азиат элинде, капитализмди баскан көп элдерде эбак бузулуп, жок болгон: ата-энени сыйлоо, улууларды урматтоо деген илгертен бери келаткан мыкты, нарктуу, касиеттүү салт сакталып калган. Феодалдык коомдо ата-энени сыйлоо деген жогорку даражада болгон. Ошондуктан ата-энени сыйлоо дегенди социалисттик коомдо дагы, коммунисттик коомдо дагы сактап, ушундан бири-бирибизге өткөрүшүбүз керек, бекем сакташыбыз керек».

Чыны менен ата-энени сыйлоонун ордуна, атага тетири, энеге тетири мамиле жасоо – бул өзү турмушубузда таптакыр болбогон нерсе. Эки дүйнө деп коёт эмеспи эски накылда, Алишер Навои айткан экен, эки дүйнөдө жакшылык көрөм десең, анда ата-энеңди сыйлап өт деп. Ошондуктан профессор Жунусовдун ата-энени сыйлоо салтын бекем сактап, жаныбызга, каныбызга сиңдирүү жөнүндө айтканы мыкты да.

## Кийинки балдар билбеген «Ур токмок» саясаты тууралуу укканым

Атам өзү илгерки манаптардын кандай айдалганы, эмне болгону – бүт бардыгын тең айтчу. Биз Совет бийлигинин алгачкы жылдарын көрө алган жокпуз.

Канткен күндө да бардыгы тең ошол бийликти чыңдаш үчүн, жаңы түзүлүп жаткан өкмөттү колдош үчүн, кедейлерди: бул өлкө, бул өкмөт сенин өкмөтүң, сенин заманың келди дегендей үндөө менен алга сүрөш үчүн жасалганы ырас. Бүт адабияттарды, китептерди окусаң дагы, акындардын ыр-

ларын окусаң дагы ушинтип айтылат. Мына, биздин Тоголок Молдонун эле «Тезегим, тезегим, эми келди кезегиң» деп, тезек элине арнап жазган бир эле ырында даана айтылып турбайбы. Анын төркүнүн чечмелеп айтып отурса, өзүнчө эле бирден китеп боло турган.

Эл башынан көп кыйын окуялар, көп кыйынчылык замандар өткөн. Совет бийлигинин түзүлүшүнүн тарыхында сабатсыз, укугун билбеген тоолук элге сенин өкмөтүң, сенин таламыңды талашкан өкмөт, силер бийликке келдиңер дегенди түшүндүрүш үчүн болгон окуялардын бир мисалын айткым келет. Мен Тоголок Молдо атындагы колхозго башкарма болуп барсам, ал жерде илгери Аалы, Мусакожо, Султангазы, Нурак деген чоң манаптар өткөнүн айтып берип калышты. Этеги Байбагыш бир жүз алтымыш күн болуш болуптур. Мына ушулар өткөн жерде абдан чоң окуялар орун алыптыр. Ошол жерде Сейитказы деген болгон экен. Андан кийин Оморов Кожоке деген чыккан. Кожокени көрүп калдым. Сейитказы милиция начальниги болуп иштеп жүрдү.

«Ур токмок» саясаты ушундай саясат экен, Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде милиционерлер деле катуу чыгып, караңгы элге карандай өкүм жүргүзүп, саясатты түшүнбөй, райкомдорду, айыл-айылдагы башкаруучуларды жетекчи экенине карабай айдап алып барып, жеткир дечү жерлерге жеткирчү турбайбы. «Ой, кокуй оой, баарынан күчтүү эле милиция экен!» – деп, ошол убакта кээ бир кедейлердин эси жок аялдары күйөөлөрүн чанып милиционерлерге тие баштаптыр.

«Ур токмок» саясаты кедейлерге: ушул өкмөт сеники, сен бийликтесиң деп түшүндүрүү максатын жасаптыр. Ошондо Сейитбек деген киши ушул жанагы күйөөсүн чанган, кедейлерди чанып, милиционерлерге тийген аялдарды алып келип көгөнгө байлап туруп, токмоктотчу экен. Мына, сени чана турган ушубу деп. Аны көрүп элдин баары тең: оо, чын эле өкмөт келген го биздин заманга деп түшүнө баштаптыр. Анан ушу Байбагышты баш кылып «ур токмокко алынган» деп калышаар эле. Ошол жердеги болгон мыкты бий-чыкма, бай-манап дегендердин бардыгын тең алып келип туруп, жаткыла деп жерге жаткырып, андан кийин чоң чокой кедейлер, баягы чокойлору чубалган, ичине чөп салган, башы чылгый бол-

гон чокойлору менен жарданып карап турган экен. Ошондо Турдубайдын бир Жайнак деген иниси кедей экен, ошонун чокою жөн эле бир метр жерге тартылбай, башы шалбырап жатчу дейт. Байбагышты боору менен сойлотуп барып, Жайнактын чубалжыган жаман чокоюн өптүргөн экен. Муну кийинчерээк эл тамашалап жүрдү.

Байбагыш, сен Жайнактын чокоюн өпкөндө, чыны менен өптүңбү же өпкөн жоксуңбу дегенде, өпкөн жокмун, эптеп ишарат кылып оозумду тийгиздим деп калаар эле. Мына, «Ур токмок» саясатынын негизги максаты кедейлерге: ушул мамлекет сеники, сен бийликке келдиң, баягы байдын, манаптын үстөмдүгүнөн, алардын таасиринен коркпой оокат кылгын деген саясат экен. Чор таман жарды-жалчыларды көтөрүш керек экен революция. Кызыл байракты колуна карматып алып, жыйырмадай кишини ээрчитип алып, Кожоке тиги Нарындан бери бүтүндөй айыл-айылды кыдырып, келишкис «Ур токмок» саясатын жүргүзүптүр. Көрдүңбү, момундай иштер болгон экен.

## Мени чыныгы элдик кишиге эстелик койдурасың деп күнөөлөшкөн...

Бул өзү көп жылдар илгери болгон окуя.

Карыпбай «кызыл көз» деп коёбуз, ошонун аялын персоналдык пенсионер кылыптыр Турдалиев. Анан ошол киши, Турдалиев кеткенден кийин персоналдык пенсионерлигимди жууйм деп, Акимбаевди, Чодиевди, Кожалиевди, анан мени чакырыптыр. Баарыбыз чогуу барып, анын үйүндө чай ичип отурдук.

Ошондо мен сөз баштадым: «Тогуз-Торонун өтө эле мыкты адамдарынын бирисиңер, эл баалайт силерди, мактайт, бирок мен бир нерсеге наразымын. Мен Тогуз-Торонун кулунумун, Тогуз-Торонун эли-журту үчүн иштешим керек деген оюмдан башка максатым жок. Анан мен ак жерден кесилип жатканымды көрүп-билип туруп, ушуга бир үн кошо алган жоксуңар го?» – деп. Бир нерсени түшүндүрүп айткым келет. Ак-Талаа районунда иштеп туруп, Шайнаев деген түрмөгө түшкөн кезинде, аны Бейшекеев Алыкул кут-

карып алды. Быяктан Акимбаев, Ыманбердиев, тыяктан Беккулунун баласы Токтосун кийлигишип, Кеминге алып барып берчүсүн берип, Шайнаевди куткарып коюшту, кыскасы.

Мен андан кем эмесмин, Тогуз-Торонун кулунумун деп жүрөм да өзүм. Мени антип атайылап «унутуп», тымызын кодулаганга эч кимдин укугу да, акысы да жок. Мен ушул жерде чоңойгонмун, ушул жерде буттарымдын изи калган. Жылаңайлак жүрүп окуп, элим үчүн иштеп жатып ушундай жакшы даражага жеттим. Жогорку окуу жайларды жалаң «беш» менен окуп бүттүм. Тогуз-Торо кичинекей айыл болсо, өз айылым, туулган жерим деп кызыгып ушуга келдим. Болбосо, Сузак районуна, бөлөк сырт жерлерге жетекчи кызматтарга барасың деп айтканда деле барбай койдум. Чогуу ойноп өскөн теңтуштарым, туулуп-өскөн жерим эле көзгө ысык көрүнүп туруп алат экен. Ыманбердиев болсо Шайнаевди ушинтип куткарды. Андан кийин Шайыков деген Ак-Талаанын эң чекист башкармасы дейт, мындан 135 үй кемип, кассири сууга секирип түшүп өлүп, 95 миң сом растрата болуп партиядан чыгарылды. Анан Шайыков Ысык-Көлдөгү Чок-Талга көчүп кетти. Азыр да бар Шайыков. Ошол Чок-Талдын ар жагындагы Бостери деген айылдан чыккан жакшы санаалаштарынан эле жүздөн ашуун киши илимдин кандидаттары экен. Ошолор келип алып, Кыргызстандын Башкы прокуратурасына маселе коюп, ушул бир абышкабыз, аксакалыбыз, эч кандай жеген-ичкен эмес, тигиндей-мындай деп, Акназаров жакшы мүнөздөмө бериптир деп уктум, ал мүнөздөмөнү бетке кармап, эсепке алып туруп, анын партиялуулугун дагы алдырбай, таза куткарып коюшту. Бир күн түрмөгө жаткызган жок. Мына ушундай эл болот экен, ынтымактуу эл болот экен. Муну көрдүм да.

Андан кийинки дагы бир айта турган нерсем, «Бирдикте» менин туура эмес кесилгендигим жөнүндө калыстыгын Өмүрзак деген аксакал айтты. Ал аябай чоң чырдын ичинде кайнап-бышкан, саясаттан мол тажрыйбасы бар киши экен. Ушу киши бир-эки жыл өткөндөн кийин менин үйүмө келди. Келип отуруп алып: ушунчалык ичим күйөт, айтайын десем уга турган киши жок, көзүм жетип турат, үч абышка мага кошулса, мен Усубалиевге барат элем, сенин арыз-арманың жөнүндө Усубалиевге айтып чыгат элем дейт. Бирок, ушул

кишинин айтканына, мага үн кошуп Алыбаев Жумакадырдын айтканына такыр эле моюнум жар бербей койду. Эмне десе: «Партия бар, калыстыкта чечип, чындыкты айтат, партия турат го, партия актайт мени, эч жегеним жок, ичкеним жок, өзүмдүн кызыкчылыгымды көздөгөн эч нерсем жок, эмне кылып алат мени?» – деп кескин сүйлөп айттым. Мен ошого эле ишенип жүрө бериптирмин. Көрсө, турмуш башка экен, саясат башка экен, муну кийин түшүндүм.

Өткөндөрдүн наркын, жашап өткөн жылы менен эсептебестен, анын элге кылган эмгеги менен эсептеш керек. Мен кичинекей чагымда, согуш жылдарында Найманов Раманкул деген киши «Арал» колхозунда башкарма эле. Согуш жылдарында көп жакшы асыл тукум аттарды берип, мамлекеттик план-тапшырмаларды ашык, ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн чоң сыйлыктарга ээ болуп, үлгүлүү колхоз аталып жүргөн. Кийин мен иштеген «Бирдик» колхозунун бир бригадасы Арал болчу. Анан ошол киши келип, дайыма чогулуштарда болобу, өзүнчө келип болобу, мага ар кандай сунуштарды айтаар эле. Ак ниет, таза иштегендердин бир белгисин көрсөңөр, аксакал кишинин бир жасанып кийинген кийми деле жок. Бир эле сары тону менен калган экен.

1974-жылдын тегереги болсо керек, мен ал кишиге абдан ыраазы болоор элем. Кезинде Көгирим селолук советинде кичинекей, майда чарбага биринчи жолу башкарма болгон киши экен. Өзүнүн бою бир жарым метрге жетпеген, кичине киши эле. Ал аксакал чын пейили менен, ак ниети менен элге-журтка иштеген киши болчу. Турган тамын көрсөң, кичинекей эле эки бөлмөдө жашаган экен. Андай кишилер ичейин-жейин, өзүм жакшылык көрүп жыргайын деген ниетте болушкан эмес. Ушу эл жакшы турмушка барсын, жетишсин деп, марксизмдин идеясына берилип, социализм ушундай болот деп, бекем ишеним менен жүргөн киши экен. Жалал-Абадда жүрүп, ошол жакта окуп, кийин Жалал-Абад облаткомунда иштеп, анан Тогуз-Торого келген басмачылар менен күрөшүп, ошол жактан Рыскул деген жооптуу секретарь болуп Чоң ооз деген бир чоң байды кулакка тартып, ошонун сары жоргосун Рыскул минип келген экен. Артынан басмачылар кубалап келип, жанагы Үйрүмбаштын түбүнөн атышкан экен. Ал атышка Раманкул катышыптыр. Раманкул

жашынып калып, куурайлардын арасында аман калыптыр. Рыскулду кармап, эки колун керип атып кеткен дешет. Раманкул биринчи жолу таба албай калып, ошол сары жоргону көрүп токтоп, ушуерде экен Рыскул деп, ошо жерден аны басмачылар атып кеткенин көрөт. Ошондой иштерге катышкан. Биринчи жолу айылга келип башкарма болгон колхозго. Анан ошол киши дүйнөдөн кайтты. Дүйнөдөн кайткандан кийин машинага активдеримди салып барып, чоң ардактуу сый көрсөтүп, эл менен коштоштуруп көмдүк. Кийинчерээк таштан эстелик курдурдук колхоздун эсебинен. Ошол азыр деле турат колхоздун биринчи негиздөөчүсү делип. Найманов Раманкул элесин эскерип, ошондой иштерди жасасак, райондун айрым жетекчилери, Кожалиев, Акимбаевдер ыраазы болушту. Ал маркумдун ариет-сыйына катышсын деп, элдин баарын чакырган элек. Мына ошондой коштошуу жасап, жерге койгонбуз.

Кийинчерээк менин жеген-ичкенимди табалбай, айлалары кеткенде, колхоздун башкармалыгынын чечимин чыгарып Раманкулга эстелик курдурган дейт. Мени түрмөгө камагандан кийин, Раманкулдун балдарын эстеликтин акчасын төлөйсүңөр деп коркутушуп, төлөтүш үчүн аракеттенишиптир. Анан мен айттым: «Эч нерсе төлөбөйсүңөр. Колхоздун башкармалыгы чечкен. Алып кеткиле ташыңарды эгерде сыйлабасаңар деп айтып, көрө албагандарга ташын жүктөп бергиле», – дедим. Мына ушундай окуялар болгон, айланайындар. Ошол убакта элдин түшүнүк деңгээли бир укмуштуудай маңкуртчулукта экен.

## Дүнүйө деп улунуп-жулунбаган Чодиев, Кожалиевдей жетекчилерди көргөн жокмун

Адамдын жетилип-өсүшүндө, анын тарбияланышында коомдун ролу абдан зор. Коом кандай болсо, адам так ошол коомго жараша тарбияланат. Совет бийлигинин тушундагы жаштардын, элдин тарбияланышы кандай эле? Ал эми азыр экинчи коом – капиталисттик коомго өттүк. Мындагы элдин тарбияланышы мурдагыга салыштырмалуу асман менен жердей. Маданияты дагы, адамдын көз карашы дагы, бири-

бирине болгон мамилеси, ички дүйнөсү – бүт баары тең өзгөрүлдү.

Эркиндик дегенди туура түшүнүп, туура түшүнбөй, адамдын мыкты сапаттарын жокко чыгарып баратабыз. Мен бир мисал келтирейин дейм. Келтирбесем деле газета-журналдарда көп жазылып жатат. Ушул акча үчүн энесин өлтүрүп жатат, атасын өлтүрүп жатат, бир тууганын да өлтүрүп жатат. Ар кандай кылмыштын миң түрлөрү келип чыгып жатат. Ошонун бардыгы тең акча, рынок, соода саясатынын натыйжасында болууда. Муну эч бир тануууга болбойт.

Мен жана жогору жакта айткандай адам баласынын коомдогу жана коомдун өнүгүшүндөгү ролу, андан башка дагы айылдагы элибиздин үрп-адатынын, салтынын бекем сакталышы, айлана-чөйрөбүз, эли-журтубуздун, мурда жашап өткөн мыкты карыяларыбыздын өрнөгү адамдардын өнүгүшүнө, өсүшүнө, жетилишине сабак болот. Мен ошондой өзүмдүн жашап өткөн мезгилимдеги карыялардан Чодиевди атап өткүм келет. Чодиев менен мен 1957-жылы таанышкам, ал киши анда башкарма эле, андан кийин чогуу иштешип калдым. Ал кишинин мүнөзү ушундай эле, аны калыс деп эсептешээр эле Тогуз-Тородо. Анын калыстыгы ушул, эч бир ага-тууганына, анын кыйналып жатканына, ага-буга көзү жок «тууганчылык» кылуу деген анда жок эле. Бардык элге бирдей мамиле жасоочу. Жаман болсо, ошону өзү эмгектенген эмес, ошо начар деп таштап коёт эле. Анан кийин ушу кишинин дүнүйөгө улунуп-жулунуп бирдеме кылайын, тигинтейин-минтейин деген аракетин көргөн жокмун.

Мен Тоголок Молдо колхозунда башкарма болуп жүргөндө айылга келип калдым. Айылга келсем, бир майрам болуп жатыптыр. Майрамда, менин күйөө балам Бакы «жүрү, үй жакка» дегенинен, Чодиев аксакал кошулуп, үчөөбүз басып бардык. Үйгө келип отурдук. Бапайдын тамынын жанындагы бала бакча болуп турган имарат кийинчерээк менчикке сатылып кетпедиби, Чодиев ошол жерде экен. Мына ошондо ал киши ичкилик иччү. Анан ичип отуруп, сөздөн-сөз чыгып, көп нерселер айтылып кетти. Колунда дүнүйө, оокат дегенди кармап, андай кызматта турганда жапжаңы тамдарды салып коюу колунан келет болчу, эски салган тамында экен, аны да полдобоптур. Ошо жерден уялбай-этпей туруп

эле: «Балдар, менин бир-эки бөлмөмө тактай жетишпей жатат, каражатым жок, ушунун полун полдотуп алсам жакшы болот эле, жардам көрсөтпөйсүңөрбү», – дегендей кылып сөз кылды.

Мен Бакыга айттым, ал МСОнун начальниги эле, көп болсо бир жарым кубометр тактай кетет, берип эле койбойсуңбу деп. Анан мен ошерден Бакы берет дедим. Бакыда сөз да жок, үн да жок. Унчуккан жок, берем деп да, бербейм деп да айткан жок. Мен: «Анда машина жибериңиз. Өзүмдүн колхозуман бир машина тактай берейин. Биздин Сары-Иймек деген жерде тактайлар тилинет. Пилорамасы бар. Ал жерден токойчулар менен сүйлөшүп туруп, бир машина тактайды жиберейин», – деп убада кылдым. Машинаны кайсы күнү болсо да жиберип ийиңиз дедим. Ошого машина жибергенге да жараган жок, жарыктык. Бу кишиде дүнүйөгө жулунуп, тигинтейин-минтейин, бирөөдөн бирдеме алайын деген мүнөз такыр жок эле. Анан папирос тартчу. Бирин ыргытып ийип, экинчисин тартаар эле. Өзү абдан токтоо, сөзгө абдан сараң, олуттуу гана сүйлөгөн киши болчу. Кош-Дөбөдөн башкармадан бошогондон кийин Кожалиев потребсоюздун төрагасы болуп келди. А Чодиев аксакал болсо, даярдоо конторасынын директору болуп калды. Негизи потребсоюздун контору жок, ошол даярдоо конторасында иштешчү. Бир кызык айтат. Өзүнүн токтоолугу жөнүндө айткым келет. Кыязкан, Баймаев Сарыбай дегендер иштечү. Кожалиевдин ачуусу чукул эле. Ошолорду кыйкырып-өкүрүп тилдеп жатса керек. Аларды жемелеп жатканда ачуусунун күүсү менен тамекисин ороп жаткан Чодиевге да тили тийсе керек. Ошондо Чодиев унчукпай отуруп, тамекисин шашпай ороп, ширеңкеси менен күйгүзүп, Кожалиевди: «Кыйкырбай бери кел, потребсоюз өзүнчөсүңөр, даярдоо конторасы өзүбүзчөбүз, андан көрө өзүңдүн конторуңду башка жакка көчүрүп кетпейсиңби, же болбосо, контор кылып бир там салдырып албайсыңбы», – деп, тамекисин кере тартып туруп, түтүнүн акырын үйлөп койгон экен. Элдин баары тең Чодиевдин мунусун көрүп туруп ушунчалык токтоолугуна абдан таң калган экен.

Чодиев чогулуштарда, тиги-бу кырдаалдарда муну жеп койду, тигини жеп койду деп, күнөөлүү кишинин бетине түз айтчу, абийирин ачып таштачу. Ал эми өзү таза жүргөндөн

кийин карамагындагы кызматкерлердин бардыгы тең корккорнунан таза иштеп, таза жүргөн. Мына ушундай мыкты мүнөздөгү карыя кадр эле. Көп нерселерди, илгерки падышачылык мезгилдеги, андан кийинки Совет бийлигинин мезгилиндеги көрүнүштөрдү, окуяларды абдан терең билген, көкүрөгү зирек киши болчу. Талаш болуп калса, кээ бир кишилерге ал андай эмес, мындай деп жайма-жай түшүндүрүп коёт эле.

Анан тиги биздин жердик Калдыбайды айтып калышат, Насырымбекти айтып калышат. Алардын эл үчүн кылган деги бир нерсесин көргөн жокмун.

Экинчи, ошо Чодиев менен чогуу-чаран иштешкен Кожалиев деген аксакал дагы жулунбаган, дүнүйөгө карабаган, абдан бетке чабаар, кишинин көңүлү калабы-калбайбы, ага карабай туруп эле, сөкпөсө дагы катуурак айтып коё турган киши эле. Аны эл сын катарында гана сезишчү. Өзүнүн оюна келгенди өлүп баратса да берчү эмес. Ошону аткарам деп аябай катуу тырышкан жагы бар болчу. Ал киши көп жерлерди кыдырды, маселен, Ат-Башы, Кочкор, Жумгалынан бери кыдырып, жетекчи кызматтарда иштеп келди. Анан Кош-Дөбөдө башкарма болуп турганда, мен дагы «Кызыл-Жылдыз» менен Киров экөөнү кошкон колхозго башкарма болуп, чогуу-чаран иштешип калдым. Ушундай сөзгө да абдан чечен, катыра сүйлөгөн киши эле. Ал дагы тууган-урукка көп караганын көргөн жокмун.

Ушул жаман Тогуз-Торобуз, жаман деп эле коёюнчу өзүмдүн кичинекей айылымды, балбан күрөш, эр эңиш болуп калган майрамдарда Кожалиев Чет-Булак, «Кызыл-Жылдыз», Атай тарабына тартып, ал эми суунун өйүзүндөгү Киров, Дөдөмөл, Кош-Булакка Акимбаев тартып, экөө майрамдарда силкилдешип урушуп, айтышып, атүгүл мушташканга чейин жакындап барып калган учурлары болот эле. Мен ошону байкаар элем. Кичине кызуу кандуулукка алдырып ийген учурларын көрдүм. Бирок, ал убакта партиянын тартиби боюнча сын, өзүн-өзү сындоо, бетке айтуу дегендерди кек сактабастан, кайра унутуп калаар эле көпчүлүгү. Кээ биреөлөр, мүмкүн, оюна алып, кек сактап, кишиге түбөлүккө жамандык ойлогон учурлары да болсо керек. Жетекчилердин баарын эле мен ыйык, анан асыл адамдар деп эсептебейм. Алар деле биз сыяктуу адамдар болгон. Ушундай жашоолорду көрдүк.

Кыскасын айтканда, Чодиев, Кожалиевдей, биздин элде, маселен, оң кетип, сол кетип жаткан кишилерге: бул жериң оң болуп жатат, сол болуп жатат деп, бул жериң туура эмес болуп калды, андай кылышың керек, мындай кылышың керек, бул жериңди оңдо деп, эл-журт үчүн күрөшкөн Тогуз-Торонун жетекчилерин көргөн жокмун. Көпчүлүгү майда, чектелген, өзүнүн көмөчүнө күл тарткан адамдар эле.

## «Бирдикке» башкарма болуп шайланганда эл турмушу жүрөгүмдү өйүгөн

Ошентип, күндөрдүн биринде обкомго арыздана баштадым кетем деп. Акназаровдун ордуна Ажиев келип райкомго секретарь болуп калган. Кимдир бирөөлөр анын колтук-баштарына кирип, Мойдунов Акназаровду эле тоотчу, башкаларыбызды тоотпойт дешет. Ошо менен мага кичине асылып алды. Асылганда Ажиев менен да өйдө-төмөн айтышып, мен а кишинин райатком төрагасы болуп жүргөндө кемчиликтерин билчүмүн. Мен билгениңди кылып ал дегенге чейин бардым.

Анан кетемин деп жүрсөм эле бир күнү обком эки жолу чакыртты. Биринчи жолу «Кировго башкарма болосуң», – дешти эле: «Жок, барбайм», – дедим. Экинчи жолу да обком чакырып калды. Слесарёв деген обкомдун экинчи секретары: «Тогуз-Торонун «Бирдик» колхозуна башкарма болуп барасыңбы?» – деди. Мен: «Барамын «Бирдик» колхозуна», – дедим.

Турганов деген обкомдун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы бар эле, бул жигит мага келип калды «жүрү, кеттик» деп. Ошо менен Тогуз-Торого бардык, барсак, Субаналиев райкомдун секретары болуп калган экен. Жыргалбеков болсо жаңыдан Жумгалга секретарь болуп кетип жатыптыр. Мени алып барып, Субаналиев райаткомдун кабинетинде отурган экен, ошол кабинеттен аны менен, Түмөнбаев менен жолугуштук. Апас ошондо райаткомдун төрагасынын орун басары болуп иштеп жаткан. Акимбаев, Имамбердиев: эми сен да келип алсаң, эл арасында ушак сөздөр болот го деген пикирлерди айтты. Мен: «Акимбаев менен Имамбердиевинди

билбейм. Мен «Бирдик» колхозунда иштейм деп келдим. Эгер эл жактырса иштеймин», – дедим.

Субаналиев: «Мойдуновду мен жакшы угуп жүрөм, бул киши жөнүндө Ак-Талаа элинен, Акназаровдон да угуп жүрөм», – деп калды. Алар да өздөрүнчө аңгемелешет окшойт.

Ошентип, «Бирдик» колхозуна барсам, Арстанбеков ал жерде элди уюштуруп, чогулушка чакырып келген экен. Клуб-га эл толуп, клубдун ичи уу-дуу болуп калыптыр. Биз Турганов экөөбүз бардык. Сиз ушундай сыртта тура туруңуз деди. Өзү кирип түшүндүрүп айтып, анан бир убакта киргиле деди. Кирсек, элдин баары дуулдап кол көтөрүп шайлайбыз деп, мени шайлашты. Атайын барып алып, өйдө-төмөн сөздөрдү уюштурган кишилер да болуптур. Бирок, мындай өйдө-төмөн сөздөргө эл баш ийбей коюшту. Башкармалыкка эл колдоосу менен шайландым. Анан: колхоздун эмне активи болсо да калгыла дедим.

Элди кетирип, активдер менен калганда, мен: «Тээ тыякта бөтөн эл, бөтөн жерде эл башкарып келдим. Мен ушундай чогулуш өткөрүп, иштеген ишимди тапшырып, бир жумадан кийин көчүп келем, – дедим. – Эми активдер ар бириңер өз ишиңерди, өз ордуңарды билип иштегиле, эгер кемчиликтер болсо, оңдогула. Бригадирлер, жазгы-талаа жумуштарына даярдык көргүлө. Техникалардын ремонтторун жакшы жүргүзгүлө. Мен тиги жактагы ишимди өткөрүп берип келгенден кийин анан ар бириңер менен толук таанышам».

Колхоздун парторгу Э.Арстанбеков, профсоюздун төрагасы Өмүрбеков Болотакун, бригадирлер Эпесов Молдош, Келгенбаев Нуркыя экен. Ишти жүргүзө берүүнү ушуларга тапшырып коюп, мен Тогуз-Тородон Ак-Талаага келдим. Ак-Талаага Ажиев келип калды. Ким башкарма болот дегенде, ошол жылы бирге курортко барганбыз Нурдинов Сарбагыш менен, бул менин парторгум болуп жүрчү эле, андан кийин «Үгүтке» барып башкарма болгон. «Нурдинов Сарбагышты башкармалыкка сунуштайм, ушул колхоз өзүнүн айылы, өзүнүн жери, Сарбагыш чоң колхозду алып кетүүгө мүмкүнчүлүгү бар, ушул кишиге ишенип берсеңиз болот», – десем, Ажиев да менин оюмдун үстүнөн чыктың деп, Нурдинов Сарбагышты менин ордума колхоздун башкармасы кылып бекитти.

Мен баш-аягы Ак-Талаада 1973-жылга чейин иштедим. Он жыл чамасында убакыт өтүп кетиптир. Акназаровго ай-

тып, Тогуз-Торого кетем десем, жакшы иштеп жатасың, иштей бергин деп такыр кетирбей койгон. Анан Акназаров Жумгалга кеткенден кийин анын ордуна Ажиев келип иштеп калды. Акназаровго салыштырганда Ажиев абдан билимдүү киши болчу. Бирок, калп айткан менен болобу, абдан шаан-шөкөттү жакшы көргөн киши экен. Акназаров эмгек кайнап турган убакта эч качан отпуска алчу эмес. А бул кишинин эмгек кайнап турган учурда Ысык-Көлгө, Соң-Көлгө кетип калмайы бар. Мурда ээнирээк жерде райатком төрагасы болуп иштегендиктен улам го. Акназаровду Ажиевге салыштырганымдын себеби, райатком төрагасы эмес, бир да киши чарбалык иштер бүтмөйүн эч жакка чыкчу эмеспиз. Акназаров бизге качан тоют жыйылып, чарба иштери бүтүп, күзгү сугат иштери башталганда гана отпуска берээр эле.

Ошентип, мен «Бирдик» колхозуна бардым. Эл-журт менен таанышып көрөйүн деп, бригадирлерди ээрчитип алып, эми жашырбай эле чыныңарды айткыла, эмнеден кыйналып жатасыңар деп, алар менен кенен-кесири акылдашып, аңгемелешип, участкаларда жашаган элди кыдырдым. Жакшы тургандарын, орто тургандарын, ал тургай, эң мыкты жашайт дегендердин үйлөрүнө чейин барып көрүп, бардыгы менен таанышып чыктым. Айрымдарынын үйлөрүнө кирип, чай ичип, турмуш жагдайын сүйлөштүм. «Бирдик» колхозу ушундай жакшы шартта, жакшы турмушта жашап туруп, райондун борбору «Кызыл-Жылдыздай», мен иштеп келген Тоголок Молдо колхозундай өнүгүшү жок экен. Үйлөрдүн көпчүлүгү жер тамдар, полдонбогон, шыбалбаган, чатырланбаган – ушундай шартта жашашат. Курулуш материалдарынын жоктугунан байкуштар эптеп-септеп эле салып алышат экен. Колхоздо же пилорама жок. Бир карагай болсо дагы аны районго пилорамага жеткирип, тилдирүүгө аргасыз болушат. А жеткирип-алып келиш үчүн машина керек. Ушундай оор ахыбалда жашаган эл экен.

Ошондуктан мен бул колхоздун элин-журтун эмне болсо дагы жакшылыкка алып келейин деген ойдо болдум. Биринчи, турмушун оңдош үчүн элдин жүрөгүн өйүп турган материалдык байлыкты жакшыртуу керек, турак-жай менен камсыз кылуу керек. Анан кийин элдин бардыгына тең эмгектин зор маанисин түшүндүрүп, карыялар, алыңар жетсе силер

да жардамга чыккыла деп, аларды дагы колхоздун өндүрүшүнө жардамга алып чыктым. Мурунку кеткен башкарма Сулайманов деген экен. Ал ошол ак-талаалык болчу. Аны менен сүйлөшүп жатып, эмне үчүн төлдү, козуну жүздөн ашыра албайсыңар деп сурасам, ал киши: биз туут өнөктүгүн бир чатыр, бир боз үй тигип коюп, эптеп эле алдап өткөрөбүз, а чынында козулар бүтүндөй талаада туулат, ошол себептен козунун баары талаада кырылып өлүп калат, ошол себептүү биз жүзгө жетпей койдук деп чынын айтты.

Мен баргандан кийин ал жерде 16 жарым миң кой төлдөйт экен. Жеңил эле сездим. Мен иштеген мурунку колхоздо 27 миң кой төлдөчү. 16 миң койго төл өтө турган жерлерди фермаларга, бригадирлерге чектеп туруп, узундугу 20 метр, туурасы 8 метр келген тепляктарды бир айдын ичинде куруп бересиңер деп курдурдум. Аны клеткаларга бөлдүрүп, туугaн, тууй турган койлорду клеткаларга киргиздирип койдум. Тууган койлор эне-бала болуп эки-үч күнгө чейин туруп, анан сыртка чыгарылат. Кээ бир жайыты жакшы жерлерге суу ташыттым водовоз менен. Капташ жасатып, ошолорго суу куюп бере турган кылдым. Койлор андан келип суу ичет. Ошентип, элдин баарын жигердүү иш жасоого көтөрдүм. Кыскасы, эл түшүнүп, ушунча көтөрүлдү. Карыялар, аксакал жашы 60тан өтүп калган кишилер жаштарга үлгү болуп, сөздөрү менен багыт берип, койлорду жакшы асырап төлдөтүүгө өттүк.

Анан чарбачылдык өңүттөн көз жүгүртүп көрсөм, малчынын көз карашы менен баам салып көрсөм, короонун баары эле таш короо, жалаң эле таштардан дубал согуп, таш менен короо-сарайлар курулган экен. Ал сарайларга мал төлдөсө, андан жел уруп, ичи абдан катуу суук болот. Ошондой жерлерге темир меш курдурдум. Сарайларды жылуулатып, анан төл алганда элдин баары тең көтөрүлдү. Эл жапатырмак кыймылдаса, иш өзүнөн өзү эле алга жыла баштады. Мына ушинтип биринчи жылы эле төл алганда 109дан төл алдык.

Ошондо Акназаров чыйпылдап телефон чалды, канча кой бар экен деп. Жумгалда Иманалиев деген бар экен, ыраматылык өтүп кетти. Ошонун Кызартта төлүнүн башы жүзгө жетпей, ыйлап ошенткен экен. Анын төлүнүн башы 130дан 120га чейин барып жүрүп, анан 109 болуп калды. Мына ошентип

биз райондо эң жакшы көрсөткүчтөргө ээ болдук. Эл көтөрүлсө, жакшы эмгекти эл өзү жаратат экен. Материалдык байлыкты түзүп жаткан мына ушу эл.

Жанагыдай оор турмушта тургандыктан турак-жай маселесинен баштасамбы деп жана айтпадымбы жогоруда. Мына ушул маселе менин жүрөгүмдү өйүп жүрдү. Ушунчалык эл оор турмушта жашайт. Буга мен бир-эки мисал келтирейин. Сарыкулаков Асанбай деген болуш керек, жакшы сугатчы өзү. Ошол кишинин баласы Бишкекте окуйт. Анан «бала Капар» деген бар, мунун баласы да Бишкекте окуйт. Ал жакта көлдүк, чүйлүк, нарындык кыздар менен окушат экен. Алар кыздар менен таанышып, сүйлөшүп, ушундай начар турмушта турушса дагы кымбатка машина жалдап, колукту алып келишти. Эл, агатуугандарынын баары тең сүйүндү келин келди деп. Конторд олтурсам, ошол Асанбай: «Айланайын, Тоту, эки уюм бар эле, бир уюмду кантип акча кылып бересиң, таксисине жетпей жатат», – деп келиптир. Берки да келиптир. Балдар ушинтип машина жалдап келишиптир акчасы жок. Кызды узаткан кыздар, балдар да кошо келишиптир. Аларга колдорунда болгон тамак-аштарын беришип, сыйлашыптыр. Болуптур, эми комиссия түзүп, үйлөрдү алайын, ушундай шартты көрсөтүп токтомго жазайын, аларды жер караптайын дедим. Колхоздун мыкты кызматкерлери, иштин алдыңкылары эле. Анан ошентип туруп баасын баалап берсем, бала Капардын келини кетип калыптыр дейт. Андан экиүч күн өткөндөн кийин эле Асанбайдын да келини кетип калыптыр. «Мен мындай үйдө жашабайм, жөн эле кепеге киргизип койдуң» деп кетип калды, айланайын, башкарма», – дешти.

Ушундан кийин бул маселени колхоздун чоң чогулушуна салып: силер ойлонгула, баатырлар, баарыбыздын эле туугандарыбыз бар, балдарыбыз бар дегендей, азыр бизди кыргыздардын жетишкен жериндеги кыздар чанган жок, биздин турмушубузду чанып жатат. Балдарыбызды чанган жок, биздин оокаттиричилик, жашоо-шартыбызды чанып жатат. Мындай жерге иштебейм, мындай жерге жашоого болбойт деп. Ушул жерге келген келиндерибиздин кетип калганын билесиңер. Ошондуктан азыркы өнүккөн, жакшыраак жашаган жерлер чанып жатабы биздин элди, жерибизди. Кайра, тескерисинче, биз чангандай болушубуз керек. Ошого жооп жасагандай болуп эмгектенишибиз, иштешибиз керек деп элге көп сүйлөп, көп айтып жүрдүм.

Мына ушундай оор ахыбалда, оор жерде, элдин турмушу начарыраак жерге туш болдум.

Бир күнү Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин айыл чарба боюнча секретары Наумов келип калыптыр. Наумов келгенден кийин барып учураштык. Ишиңер кандай деди. Эмнесин айтасыз, ишибиз алынча жүрүп жатат, эл сыяктуу иштеп жатабыз, районубуздун жолу оңолсо, райондун ал-ахыбалы, элибиздин турмушу андан да оңоло турган, көп нерселерден кемчиликтерибиз бар деп, ал киши менен сүйлөшкөндө, болгон көйгөйлөрүбүздү айтып түшүндүрдүк. Наумов мени тиги Ак-Талаада иштеп жүргөндө да билчү. Эки-үч жолу чогуу чай ичкенбиз. Анан быякка келиптирсиң деди. Мен абдан оор ахыбалда, кыйын абалда жашап жатам дедим. Ал жакта жер шарты, жол байланышы жакшы эле. Азыр жолдун оор жерине келдим. Ушул жерде эл жолдун жогунан, пилораманын жогунан ушундай начар турмушта калышыптыр. Сен 105тен төл алып бер, мен сага пилораманы бекер жеткирем деп убада кылды райкомдун биринчи секретары Субаналиевдин көзүнчө.

Анан ошо менен 109дан төл алдык дедим. Айткан убадасына туруп, пилораманы жибериптир. Пилораманы Дөдөмөлдөн бери түшкөндө Ак-Союл деген жерде сарайдын жанынан жыгып алышыптыр. Машинасы менен пилорама ошо жерде жыгылып жаткан экен. Өзүм барып, кайра жүктөтүп алып келдим. Анан Мурзабек деген жигитке курдурдум. Бул жөпжөнөкөй техника «Бирдик» колхозунун турмушундагы биринчи «өнөр жай революциясы» болду. Аралдан да, Бирдиктен да, бүт бардык жерден келип карагайларын тилдирип алып, эл турак-жайларын оңдоп башташты.

Ал убакта райондо ар башка көрсөткүчтөр боюнча дагы алты өтмө Кызыл Туу белгиленген экен. Ошонун бешөө «Бирдик» колхозуна тиешелүү болду. Маселен, тоют даярдоо боюнча «Бирдик» колхозу жакшы, тоют даярдагандыгы үчүн биринчиликти алдык. Ал турмак, тоют даярдоодо көрсөткөн эмгектерин эске алып, биздин жаштарга Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитетинин Туусун тапшырды. Биздин эмгекчил жаштар алдыңкы орунду алышты. Эт боюнча дагы биринчи орунга чыктык. Сүт боюнча дагы биринчи орунду алдык. Жүн алуу боюнча да биринчи орунга чыктык. Эгин жа-

гынан да биринчи орунга чыктык. Кыскасы, сыйлык жагынан марып эле калдык.

Субаналиев жакшы киши эле, өзү: «Эми, Тоту Мойдунович, көп жылдар бирге чогуу иштешелик. Бирге аракет кылалык, сенин ишиңе мен ыраазымын. Семинарды өткөрүп, колхоздордун башкармаларын алып келип, сенин иштеп аткан иштериңди көрсөтөйүн», – деди. Бурулбүбү Турдубаева деген Социалисттик Эмгектин Баатыры кыштактын четиндеги сарайда эле. Анан бир күнү төрт-беш сарайда койлордун баары тең жалаң акырдан чөп жеп, эшикте тууган койлорду клеткага киргизип, сакманчылар барып, тоют берип жаткан жерлер көрсөтүлдү. Ошондо башкармалардын бардыгы келип көрүштү. Кыскасы, кичине маданияттуу түрдө эмгектене баштаган элди көрдү. Мына, сакмал ыкмасы деген ушул, эптеп огожо түрүндө болсо дагы ушундай иштеп, ушундай төлдөр жаралып жатат дедик. Ошол жылы биз эттин да, сүттүн да, жүндүн планын да аткардык. Акча кирешебиз 160%ке чейин өстү. Бир сөз менен айтканда, эл жакшы турмушта жашап, колхозубуздун экономикасы көтөрүлө баштады.

Мына ошондой болуп турган мезгилде, Жалал-Абадга барып эт төгүп жаткан жерден Адабашев деген Сокулук районунун Асылбаш деген жеринен келген киши менен тааныштым. Түштүктүн «Эркин» колхозунун башкармасы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Атабеков ошол аркылуу көп жерлерден карагай даярдатып келген экен. Анын райком, обкомдун секретарлары менен тааныштыгы да бар экен. Анан ошол кандайдыр бир себептен: «Силерге карагай керекпи?» – деп калбаспы, каяктан туш болгонун билбейм. Баягы «Көйнөксүздүн издегени бөз, сокурдун тилегени көз» дегендей, менин тилеп жүргөнүм карагай, курулуш материалдары болчу. Кааласаң, карагай даярдап берем дегенден кийин, болуптур, колхоздун башкармалыгына баргының, ал жердин жетекчилери менен сүйлөшөлүк дегем. Баягы сүйлөшкөн адамым түз эле колхозго келип калса болобу!

Келип калгандан кийин, муну кызматка кокустан алып коюп, анан балакет болуп жүрбөйлү деп, райондун прокуроpу Сонунбековага кайрылсам, кокуй, муну билип, текшертиш үчүн, тиги Ички иштер министрлигинде «спецпроверка» деген болот, ошонго кат жазып суратып, маалыматтарын

ошояктан билип, алардан уруксат алмайынча кызматка алба деди. Анын сөзүн уктум дагы, милициянын начальниги Итигулов деген эргул бар эле шалпаңдаган, ага кат жазсам, Итигулов: «Мунун артында эч кандай каралай турган материал жок, таза экен, Кыргызстандын гражданини экен, кызматка алуу жагын өзүңүз башкармалыкта чечиңиз», – деп кагаз берди. Ошо менен колхозго келип, башкы бухгалтер Чөбөскан, башкарма мүчөлөрүнүн бардыгын тең чакыртып, мына момундай иш болуп жатат, ишке алалыкпы, өзүңөр билгиле деп маселе койдум.

Жыйында Адабашев ар бир суроого жооп берип, ачык эле сүйлөшүүлөр болду. Маселен: «Кубун 40 сомдон так ушу жерге алдырып келем. Бирок, алдырып берген акымдын үстүнө ар бир кубметрине 2 сомдон бересиңер. Ошондо 2 миң кубметр карагайды алып келип түшүрөм. Көп болсо 80 миң сом акча кетет экен», – деди Адабашев. «Эч нерсе эмес экен, алалыкпы ушуну?» – деп калдык. Ошентип, баягы жерден Молдош чыгып сүйлөдү, Келгенбаев чыгып сүйлөдү, башкарма мүчөлөрүнүн бардыгы тең сүйлөп, ал сүйлөгөн сөздөрдү токтомго чагылдырып туруп, андан кийин аны колхозго мүчө кылып алуу жөнүндө сунуш кылынды да, колхоздун мүчөсү катары экспедитор деген кызматка коюлду.

Эми Красноярск крайынын Аванский районундагы Чкалов деген колхоз менен келишим түзө турган болдук. Ошолор аркылуу кийин бизге карагайды алып келе турган болду. Жол киресине 600 сом акча бердик. Жанымда папиросум жок дегенде, Чөбөскан келгенде 10 сом кошуп командировочный жазып, кол койдуруп, колуна 610 сом накталай акча берилди. Калган суммасына лимитимный чек берилди. Лимитимный чекти эч кандай боёп, өчүрүп салууга болбойт.

Мына ушинтип тигини карагай даярдатууга жибердим.

## «Бирдиктеги» андан аркы эл көңүлүнө жаккан иштерим

Тогуз-Тородо Какематов деген райаткомдун төрагасы бар эле. Зайдин Какематович: эки жүз миң сомго мен ссуда таап берем, документтерди жибере бер деп айтты. Тогуз-

Торо райкомунун биринчи секретары Субаналиев да жибере бергиле деди. Тийиштүү документтерди жибердик.

Ишибиз кичине болсо да өркүндөп, алдыга жылып жаткан мезгилде, аны көрө алгандар да, көрө албагандар да болду. Чынын айтканда, ишибиз жакшы эле жүрүп калды. Элдин баары тең өзгөрүү-өсүштөргө ушунчалык ыраазы болушту, ага менин да салымым, таасирим болду көрүнөт. Колхоздун мурдагы башкармалары келээри менен эле лапылдатып колхоздун байлыктарына кол салып киришчү экен. Мен андай ыплас ишке барган жокмун. Анткенимдин себеби, өзүмдүн Ысык-Көлдөн атайын алып келген менчик жыйырма чакты коюм, уйларым, үч-төрт жылкым бар эле. Тоголок Молдодо башкарма болуп турган мезгилде эле өсүп-көбөйүп, антип-минтип жеке керекке жарап калган. Ошолорду алып келип, анан «Бирдик» колхозунун элине көрсөтүп, мобу менин жылкым, мобу менин уюм, мобу менен коюм деп көрсөттүм. «Бирдик» колхозунун байлыгына кол салбай эле, согумга түз эле өз малыман сойдум. Ошол убакта жакшы атым бар эле. Атымды Бегалы деген кароолчунун бээсине алмаштырып алып сойдум.

Өзүң таза болсоң, колхоздун бир мүчөсү да эч качан колхоз байлыгына кол сала албайт экен. Анан кийин колхоздун эсебинен кичинекей «Спутник» деген магнитофон алдым. Аны жаныма алып, колхоздогу жакшы иштеген чабандардын сөзүн, бири-бири менен мелдешкен чабандар эмне болуп жатканын, кыскасы, бирининин сөзүн бирине алып барып угузуп коюп жүрдүм. Мына ушундай агитация иштерин жүргүзүү үчүн бир магнитофон керек болду.

Төмөндөгүдөй кичинекей окуя. Бир ирик баккан чабаныбызды мектеп директору алдап, бир иригин алып келип союп алган экен. Ошону эптеп кыйнап жатып айттырып жазып алып, директорду кызматтан түшүрттүм. Ошентип, барган сайын эмгек тартиби чыңдала баштады.

## Облустук масштабда мага каршы уюшулган чоң жалаанын башы

Биз Адабашев деген кишини прокурор Сонунбековага, милиция чоңу Итигуловго, Субаналиевге, Какен Маматовго

айтып туруп эле Сибирден карагай даярдатууга жибергенбиз. Анан ал жулик карагай даярдатуу жөнүндө бизге үстөкөбосток кагаз жөнөтүп жатты. Акча жөнөткүлө, анан айыл чарба министрлиги аркылуу сүйлөшүп, вагон алып жибергиле деп. Ошондон кийин бул жулик окшойт деп шекшинип, Лөлүев Амантай деген экспедитор баланы жиберип, кийин Жумакадыров деген милициянын лейтенатын жиберип, экөө барып, аны Тында деген жерден кармап келишти. Ал жакта карагайларды даярдатып туруп, анан жиберет экен. Убада боюнча бизге 2 миң кубметр даярдап бермек. Ар бир кубметр карагайды 40 сомдон ушул контордун эшигинин алдына алып келип жыям деп убада кылган. Какен Маматовго айтсам, ал 80 миң сом акчаны мен жөн эле таап берем, коркпой эле койгула, эптеп бир жерден таап берем деген.

Ошентип жиберип ийип, анан ал жанагыдай убадасына турбай, анча-мынча кыйшаңдаптыр, аны Сибирден кармап келип туруп, Сонунбекова: «Сен, сволочь, өзүң аферист болсоң, кана, карагайың, кана, убадаң?» – деп каматып койду. Анын үстүнөн кылмыш ишин козготуп, алты жылга кесилип кетти. Ошо менен жүрдүк. Колхоздун иши акырындык менен жүрүп жатты. 10 миң сомго гана биз лимитивный чек бергенбиз. Андан бөлөк 600 сом бергенбиз. Акмактык иштер болду.

Бул иштин башталышы, чындап келгенде, облустан чыкты. Облустан башталганы, ал кезде Жунусалиев – обкомдун биринчи секретары, Тыналиев облаткомдун төрагасы, Базарбаев деген Кочкор райкомунун биринчи секретары – бири-бири менен мамилелери келишпей, өз-өзүнчө кармашуу, тирешүүлөр болуп турду. Ошол кармашууда, Малабай Жунусалиев чечкинсиз, кишиге бир жакшылык кылбаган адам болчу, анын чечкинсиздигинен бир топ кишилер ак жеринин эле күйүп кетишти. Маселен, мени: Акимбаевдин кудасы, Акимбаевдин кызын иниси алып отурат, анан Акимбаев болсо Жунусалиевдин агасы деп, жалган жерден күч менен Кабанов, Сатаровдор баары биригип келип, Жунусалиевди кызматтан алуу максатында, Тыналиев Расулов дегенин (өзүнүн эле бир ишенген кишисин) жиберип, тим эле ак ишти кылмыштын деңгээлине көтөрүп жеткирип туруп, баарыбыздын абийирибизди чыгарышпадыбы.

Обкомдун биринчи секретары лам деп унчуга албайт. Анткен себеби, БКнын Пленумунда Усубалиев Акимбаевди сындап, анан мени да сындап докладына киргизип коюптур. Ошо менен доклад окулуп кетти. Ал убакта Усубалиевдин докладында окулган иш жаман болчу. Мени «Бирдиктен» башкармалыктан бошотмокчу болуп келишкенде эл тикесинен тик туруп, баш ийбей койду. Эки күндөн кийин Тыналиев келип алып, эми сага башка кызмат беребиз, болбой калды, Тоту, тигиндей, мындай кылалы деп жооткотту. Мен ушуерден БКга барайын деп аракет жасасам, милийсалар менин «Волгамды» тегеректеп алышты. Бул «Волга» жүрүүгө болбойт, тигиндей-мындай деп.

Кызматтан бошотоордо Казармандан «Бирдикке» бара албай, «тез жардамдын» машинасы менен бардым. Мени жөн эле үй туткуну кылып алып кармашып, эртеси барып, Бурулбүбү Турдубаеваны Кыргызстандан Союздун депутаттыгына көрсөтүп, анан мени ошонун этегинде чогулуштун уландысы деп туруп эле кызматтан бошотуп коюшту. Туура эмес бошондуң деп жан тартып, сөзүмдү уга турган киши жок.

Обкомдун биринчи секретары Малабай Жунусалиевдин жүрөгү түшүп калыптыр. Пленумда бир коркутуп, анан бюросуна баргандан кийин сен агаңды колдоп жүрүптүрсүң, кудаңды колдоп жүрүптүрсүң деп катуу сынга алыптыр дейт Малабайды. Тыналиевдер ишти андан ары акырын жылгызып, Сүйүмбаевге ушак таратып, Базарбаевдер ушактап отуруп, Жунусалиевди жыгып түшүштү.

«Эки тоо кармашса, ортосунда бей ажал чымын өлөт» деген биз болдук. Акимбаевди жети жылга кесип, партиядан чыгарып салышты. Мени болсо, партиядан чыгарып, эч кандай күнөөм жок экендигине карабай, Атабаев, Сулайманов дегендерди «заказ» менен жиберип, сот кылып туруп төрт жылга кести. Жөн эле мени жалгыз кесе албай, болбогон байкуш жөө баскандарды, Мезген дегенди, Сатар дегенди кошо кеспедиби. Ошону менен баарыбыз – төртөөбүз төрт жерге түрмөгө кеттик. Мына, мен мобурекиндей калыстыктын жоктугун айткым келет!

Малабай эч кимге жамандыгы жок, жакшылыгы да жок сайпана киши эле. Ошол жөн эле жүргөн адам экен. Анан

кийин бул бузукулук иштерди жасаган Тыналиев болду. Тыналиевдин бир убакта Фрунзеден келатып жамбашы сыныптыр. Бир жерде отуруп Малабай Жунусалиев эч нерсени байкабай сүйлөп койгон экен. Облаткомго ден соолугу мыкты киши керек болуп жатат десе, Тыналиев барып Усубалиевге айттырыптыр деп уктум. Базарбаевди уурдап-жок кылган деген күнөөсү, дагы бир топ туура эмес иштери боюнча Жунусалиев кызматтан аламын деп жаткан мезгилде, аны Усубалиев Совет районуна секретарь кылып которуп ийди. Ошону менен Базарбаевге тие алган жок. Буларды кызматтан алганда пленумда отуруптур дейт. Жунусалиевге сөз бергенде, Усубалиевдин көзүнчө: мен кимдер менен иштешкенимди билбептирмин, кызматтан алышыңар туура деп басып кетиптир. Тыналиевге болсо Мампланда төрагага орун басар деген штатты ачып берип, Базарбаевди Советке айдап ийип, ал эми жанагы Турдубаевди бир жакка, Малабайды болсо эмгек ресурстары боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасына орун басар кылып жиберет. Ал эми биз болсок, ак жерибизден эле кесилип отуруп кала берди.

## «Ак ийилет, сынбайт»: жүрөктө калган ызалык

Ушу менен ак жерден түрмөдө отурдум. Мен буга эч кандай арданбаймын. Менден да мыкты кишилер деле ак жеринен атылып кеткен учурлар болгон. Мына, Ата-Бейитте канчалаган мыкты кишилер жатат. Булар өздөрүн актай албай курман болуп гана кете беришти. Анан баягы «Ак ийилет, бирок сынбайт» деген чын экен. Бирок, кандай десек да, СССР жашап турган мезгил жакшы мезгил болуптур. Мына, азыр деле калыстыкка кыргыз эли жетпей чайналып жатабыз. Бийлик деген ошол экен. А Москвада, орустарда калыстык бар экен. Ошол жогору жактарга мен арыз жазып, Союздун прокуратурасы протест жазып жатып, Мойдуновду туура эмес соттолгон деп актап чыгышты.

Мен кайра-кайра арыз жаза берсем, булар «биздики туура, биздики туура» деп эле жүрүп отурушту. Этегинде, СССРдин Башкы прокуратурасына, Марганцов дегенге бар-

дым. Ал башкы прокурордун жардамчысы экен. Киргенде эле ал: сени туура эмес кесиптир деп айтты. Мен куткартамын сени, делоңду суратып алып, бул жактагы сотторго каратамын деди. Анан генпрокуратурада акыркы протест жазганда, Кыргызстандын Жогорку соту Жамашевдер коркушту окшойт. Жамашевди кызматтан алып коё турган көрсөтмө жазганда, Жамашевдер коркушуп, Кыргыз ССР Жогорку Сотунун пленумунда мени актап, эки жыл отурганымды жана дагы тиги-буларды эске алып, 10 миң сом акча компенсация кылып, башкармалык стажың сакталат, анан дагы эле ошондой кызмат берилет деп Жамашев мени алдап-соолап жолго салды.

Мен ушул жерде районго келип иштеп жүрүп, анан кийин карыялар советинин төрагасы болуп иштеп жатып, Жалал-Абад областтык Советинин чогулушуна барып катыша албай калдым. Болбосо, Жамашевге көрсөтөт элем. Анткен себеби, «Эмне үчүн меники туура, меники туура» деп эле жүрдүң дагы, анан кийин өзүң кайра мени актадың, эмнеге кайрадан актоого мажбур болдуң? Сен жанагы партиянын мезгилинде партиядагы жек көргөн кишилерди жоготуш үчүн, палачтык ролду аткаргансың!» – деп айтмакмын. Мына ушундай окуялар болгон.

Дагы айтып отурсам, көп сөз болот, түрмөдө эмнелерди көрбөдүк. Түрмөгө түшкөндөн кийин, ак ийилет, сынбайт деген чын экен, ийилдим, сынганым жок. Эки жагымда иттер абалап үрүп турган учурлар болду. Мен өсүп-өнүгүп келаткан жолумдан ажырап, перспективамдан ажырап, мени коммунисттик партия актайт, мен тазамын, менин эч кандай күнөөм жок, мен партиянын ишине ишенемин, сөзсүз социализм болот, коммунизм болот деп жүрчүмүн. Ошолордун бардыгын тең, башкача айтканда, мен ал бийликтин гана жаңылыштыгы, бийликтин жасап жаткан иши дечүмүн. Кокон хандыгынын тушунда деле бийликтегилерге канчалаган кыргыздар кыздарын алып барып сатып, ага карабай, жексур төбөлдөр алардын аталарын, энелерин дарга асып өлтүргөн. Ал убакта кыргыздын ар-намысын коргоп Тайлак баатыр чыккан. Анын күрөшүн айтсак болот. Ошондой эле өз укугу үчүн күрөшкөндөр, маселен, азыр да толуп жатпайбы.

Жарыкчылыкка келип, эч нерсени көрбөй кетип жаткандар болду, бала-чакалары куугунтукка дуушар болгондор

канча болду ак жеринен. Турмушта канчалары кур жалаа менен күнөөлөнүп кете берет экен, бирок акталат экен эртедир-кечтир. Жанагы куйтулар, колунан жакшылык келбеген ушакчы, көрө албастар ошол убакта кутуруп, мен мындай кылдым, мен тигиндей кылдым деп, кишиге кылган жамандыктары менен мактанган акмактар да көп табылат экен. Кишиге жасаган жакшылыгы менен, кишиге жасаган калыстыгы менен мактанбастан, кишиге жасаган жамандыгы менен мактанган адамдарды мен көп көрдүм. Материалсыз арыз жазгандар да көп болду.

Бир окуяны айтып берейин. Ушул эле жерде жүрүп, Абдылдаев Аскаралы (арызчылыгынан эл койгон аты – Арстан) деген Чолоков Абалкан экөө биригип алып, кел, элди көтөрөбүз, сен кара сакалдар уруусун көтөр, мен тыякты, «Бирдикти» көтөрөм дагы, чоң чыр салабыз деп сүйлөшүшөт. Райондо Субаналиевдин секретарь убагы. Анан ошондо менин үстүмөн да материал жазышыптыр. Аны текшергенден кийин Субаналиев бюро чакырды. Колуна калем алып, кагаз алып арыз жазгандарды биз өзүбүзчө кличка менен атачубуз, Кызыл көз Карыпбай, Арстан деп. Ушуларды, дагы толуп жаткан «материалчылардын» (бирөөнү ак жерден каралап арыз жазчулар) бардыгын тең чогултуп келип, райкомдун бюросунда талкуу болду. Абдан чоң талкуу болуп, «чү» дегенде эле Чолоков качып кеткен экен Чолоковду жердин түбүнөн болсо да тапкыла деп таап келип, ошо жерден чын сырларын айттыра баштаптыр. Чолоков, Абдылдаев: Акимбаевдин үстүнөн, Мойдуновдун үстүнөн ушундай арыз жазабыз деп макулдашып, анан чогулуп алышып арыз жазышыптыр. Элди көтөрүп, бүтүндөй көтөрүлүшкө алып чыгабыз деп экөө райстаттын багынын жанында сүйлөшүшкөн экен. Ошону сүйлөшпөдүк беле, ошондо айтпадың беле, тигинтпедиң беле, минтпедиң беле деп, Чолоков бүт Арстандын бетине коюп берди.

Арстан адегенде моюнуна албай, мен арыз жазган эмесмин деп жатты эле, кийинчерээк арыз жазганын танган жок. Арыз жазганда, Бороев деген мобу «Бирдикте» чабан бар эле, аны Төлөмүшов Калдарбекти атайын жиберип алып келип, арызга кошул сен, биз арыз жазып жатабыз, сен ушуну бетине чыгып айтып бересиң, Мойдуновду жамандап бере-

син деп үгүттөшүптүр. Ошол киргенде эле энеден алып Арстанды сөктү, бузук эле, бузук деп. Аны араң токтотуп, сөзгө келтиришкенде, айтты: «Мен базарда жүрсөм чакырып алып, Төлөмүшов үйүнө алып барды», – деп. Бороевдин колунда стаканы бар экен, арак берип, сен ушундай бетине чыгып бергин, антпесең болбойт деп аны катуу үгүттөшүптүр. Абдылдаевдин таякеси бар экен, абышка, аны сакмалга алып барган, анан ал киши да Мойдуновду жамандап берем деп, жамандап бериптир.

Ошентип, ошолорун бетине койгондон кийин эч жакка кача албай калтырап, баса албай солкулдап туруп берди. Сөздөн сөз чыгып отуруп, Тыйтаев деген Кировдо башкарма эле, ошол: «Ии, атаң көрү, балдарыңды багалбай келип жүрөсүң, арызды эмне кыласың?» – деп аябай наразы болду.

Бир маалдан кийин чыгып сүйлөп Арстан Абдылдаев айт-ты: мен жаздым, жазганымдын себеби, мени кызматтан алып койду негизсиз эле, Субаналиев, Акимбаевдер өздөрүнчө сүйлөшүп туруп эле кызматтан бошотуп коюшту мени деди. Мунун жөнү: Кировдо Абдылдаев башкарма болуп турганда эли менен иштеше албай, көрүнгөндү токмоктоп жүргөн экен. Ошолордун баары факт болуп, эл аны «Сууга салып ийебиз, кеткин эле кеткин!» – деп шайлабай, башкармалыктан бошоткон экен. Жыргалбеков Карабай менен таяке-жээнби, кандай болуп жүрүшкөнүн ким билет, ал биринчи секретарь болуп келгенден кийин, Аскаралыны жөн эле күчкө салып айыл чарба башкармасынын начальниги кылып коюптур. Муну Кировдон эл башкармага шайлабай койсо, биз келип айыл чарба башкармасына начальник кылып алып жүрөт белек деп, кийин Ыманбердиев, Акимбаевдер А.Абдылдаевди кызматтан алат. Ошондо Субаналиев: «Ай, Абдылдаев, сен менден көрбө, тээ БКнын бюллетенинде жаманатты болуп жазылып турасың, себеби, Кировдо башкарма болуп иштей албаган немени айыл чарба башкармасына начальник кылып койгон деп Жыргалбековго сөз келтирген мына бюллетень турбайбы», – деп бюллетенди көрсөттү. «Мынабу БКнын бюллетенин карабайсыңбы? Ошон үчүн бошонгонсуң», – десе, такыр болбойт.

Анан Ыманбердиевге сөз берди. «Эми, Аскаралы (Арстандын өз аты), сен жүргөн жериңде тынч жүрбөйсүң, дай-

ыма чырлашып жүрөсүң. Илгери аталарыбыз жакшы санаалаш экен деп, мен Тогуз-Торо колхозунун Дөдөмөл жагына алып барып, ферма башчысы кылдым. Ал жерде да чабандар менен жакшы иштеше албай, алар менен кыжыңдашып кеттиң. Кичине кызмат берсе эле болду, өпкөңдү кагып эле «мен, мен» деп каласың. Сенден башка Тогуз-Тородо киши жок бекен? Тогуз-Тородо сенден кыйын балдар бар, керек болсо», – деди ал. Бир убакта Акимбаев сүйлөдү: «Сенде уят жок. Орунбай менен кармаштың. Орунбай менен кармашканда мен ортого түшүп, ал чатактан сени ажыраттым. Биерден Тезекбай экөөң жакалашып, аябай мушташтың контордун алдында. Мында дагы мен ажыратып, ишиңди жаман жагына ырбатпай токтотуп калдым. Андан кийин өйдөкү Кировдон барып Абдыманап менен чырдашып, Абдыманап келип төбөңдү талкалай чаап бычыратып коёрунда, «кой, аксакал, эми тийбе деп жатып, анда дагы арачалап, өлүмдөн куткарып, жакшылык кылдым. Мен эми сага калыс болбой калдымбы?», – деди калчылдап. Өмүрүмдө ошондой сүйлөгөндү көргөн эмесмин. Анан ошентип сүйлөп, ачуусу катуу келип кетти.

Мен болсо, унчуккан жокмун. Таякеси кирип, жамандап, тигинтип-минтип Арстанга кошулуп сүйлөдү. Ошондо: «Арстан менен кандай тууганчылыгыңыз бар?» – десем: «Мен Арстандын бир тууган таякеси болом», – деди. «Анда бул сөзүңүз болбойт, аксакал, жарыктык», – деп койдум. Ошондон кийин Субаналиев жыйынтык чыгарды. Кыдыров Жээнтай экинчи секретарь болчу, ал дагы жыйынтыктаганда минтип айтты: «Ой, Абдылдаев, эгерде сен Тогуз-Торонун ичинде дагы ушундай бузукулук, бүлүндүргүч иш жүргүзө турган болсоң, сени сөзсүз кестирем. Мына, далилденди. Бюродо сүйлөгөн кишилердин сөздөрү жетишет».

Милициянын начальниги, прокурор, бүт бардыгы катышып отурган. «А көрөкчө, күнөөңдү мойнуңа алгының дагы, коммунисттердин алдына барып кечирим сурагының. Кыдыров ээрчитип барат. Жолдош Мойдунов, сен коммунисттерди чогултууга жардам бергиниң», – деди Субаналиев. Эртеси Кыдыров Арстанды ээрчитип барды. Ал коммунисттердин алдында кыйшаңдап туруп: «Мен ушундай туура эмес иштерди жүргүзүптүрмүн. Туура эмес материалдарды жа-

зыптырмын. Райондук партиялык комитети туура эмес иштерди кылгандыгым жөнүндө туура көрсөтмө берди. Мен райондук партиялык комитетке ыраазымын, экинчи мындай иштерди жасабай турган болдум. Ошондуктан силерден кечирим суроого райондук партиялык комитетинин бюросу милдеттендирди, мени кечирип койгула», – деди Арстан. Кыдыров Жээнтай болсо, биз бюродо талкуулан- ган мына ушул маселени түшүндүрүп кетиш үчүн келгенбиз деди.

Абдылдаев Арстан бала чагынан эле ак кишиге жалаа жаап, көөлөп арыз жазып жүрүп көнгөн экен. Мунун толуп жаткан далай-далай былжырактары бар. Айтып отурса көп. Анан кийин биздин райондо «арызчыл эл бузар Арстан» деп атагы чыккан Аскаралы өзүнөн-өзү эле каарман, кадырлуу ардагер киши болумуш этип алып жүрөт. Тогуз-Тородо мамлекеттик бал челек чарбасын жетектеди эле, кийин мамлекеттик бал челекти бүтүндөй сатып жок кылды. Көптөгөн «жеп-ичмей» иштерди жүргүзгөн.

Мына, мен иштеп жүргөндө «Бирдик» колхозунда ушундай иштер болгон. Эл жанагинтип менден ажыраганына абдан ичтери ооруп калды. Эпеев Молдош айткандай: «Биз өмүрүбүздө мындай демократиялык маанайдагы элдин укугун коргогон чогулушту биринчи өткөрдүк».

Эми бул жерде көптү көргөн кишилер бар экен.

## Баягы «карагай даярдоочу» Адабашевдин чыры

Прокурор менен милициядан кагаз алып келди. Анда бул ишти райаткомдун төрагасы деле, райкомдун секретары деле билчү. Райаткомдун төрагасы болсо, эки миң кубметр карагай алдырып кел, анын ссудасын жөн эле мен таап берем деген. Ошону менен баягы «карагай даярдоочу» Адабашев Сибирге кетти. Кеткенден кийин эле, мен отпуска алдым. Отпускадан кайра келсем, бухгалтерим айтып калды, баягы иттен карагай эмес, жалаң эле айна-сайна, фуфайка, шырымал шым, кыскасы, колхоздун акчасына таптакыр башка бирдеме ала берген кагаздар келип калды деп.

Бир күнү эле Адабашевден кат келиптир. «Силерди, колхоз башкармалыгынын мүчөлөрүн уят кылбайын деп мен ушу жерде аракеттенип жатам. Вагон жок, тактайды, карагайды алып койдум. Алып кетиш керек эле. Айыл чарба министрлигинен вагон сурап алып бербесеңер болбойт. Ушуга жардам кылгыла. Анан акча керек», – деген мааниде. Ошондо баягы көрө албагандар, колхозду талап жеп жатат дешип, ар кайсы чогулуштарда, митингдерде кыйкырып жаткандан кийин, кой, эмнеси болсо дагы булардын оозлорун басайын деп, милициянын начальниги Итигуловго кайрылдым. «Сен мага бир милиционер бер. Ал барсын, мен бир экспедитор кошоюн, командировочный менин эсебимден болсун», – деп. Ал: «Командировочный сенин эсебиңден болбосо, Ички иштер министрлигине айтышым керек. Айтпай туруп жибере албайм. Анан сен командировочный берсең, быяктан мен жиберем», – деди.

Командировочныйын мен төлөп, экөөнү жиберип, Сибирден Адабашевди алдыртып келдим, кыскасы. Алдыртып келгенден кийин: «Акмак, сен убадаңа турбай, тескери иш кылдың», – деп, ачуум менен Адабашевди каматып салгам. Документтерин, тиги-буларын даярдатып туруп каматып салдым. «Сени айна ал дедим беле, сени фуфайка ал дедим беле, сени накта акча ал дедим беле. Колхоздун иш-эсебине которушуң керек болчу. Биз актай ишеним кат берген эмеспиз. Сен эмне кылгансың?!» – деп ачуум келип тилдедим.

Камап койгондон кийин, прокурор сабатсыз киши экен, тергөө жүргүзө албайт. Облустук прокуратурадагылар дагы такыр сабатсыз немелер экен, алар да тергөөнү бүтүрүшпөдү. Ушу менен жүрүп отуруп, Ички иштер министрлигинен бир грузин келди, Пачкория деген. Ошол келип, текшерүү иштерин жүргүзө баштады. «Сиздин үстүңүздөн мындан башка дагы чоң материал жазылган. Ошол материалды карап көрбөсөк болбойт», – деди. Ал материал эмне экен десем, чоң дворец салдырып жатат деп жазышыптыр. Жанагы азыркы мен кирип отурган мама-томолок менен салган тамды айтат. «Ушулбу дворециң?» – деди. «Ушул», – дедим. «Бул туалетке жараксыз неме экен. Муну жазып жаткан кишилердин түшүнүгү жок. Биздин Грузияга барбайбы, эки этаж там-

дар четтен чыгат», – деп ал сөгүнүп алып кетип калды. Ички иштер министрлиги бүтүндөй текшерип көрүп, Мойдуновдо эч кандай «корыстное побуждение» жок, өзүнүн кызыкчылыгын, өзүнүн максатын ойлогон эч нерсеси жок деген справка келди. Тиги болсо айдалып барып, Барнаулда алты жылга кесилип кетти. Мына ошентип баягы каргайдан жок. Адашбаевдин мойнуна акчаны төлөп бере турган кылып кести. Ушу менен биз туруп калдык.

Күндөр өттү, айлар өттү, жылдар өттү. Кыскасы, колхоздун өндүрүш иштери баягы бойдон кызуу жүрүп келе жатат. Ошентип, иштеп турган мезгилибизде Абдылдаев Арстан деген неме биздин үстүбүздөн арыз жазыптыр. Тыналиев менен Базарбаевдер Нарын обкомунун биринчи секретары Малабай Жунусалиевич менен абдан карама-каршы экен. Ошол карама-каршылыгынан, Малабай Жунусалиевичти кызматынан алуу максатында, тигилер Абдылдаев Арстанды Тогуз-Тородон Акимбаев, Мойдунов, Ыманбердиевдин үстүнөн кылмыш иш козгой турган бир материал таап бер десе, Арстан быякты уюштуруп, Акимбаевдин, менин үстүмдөн арыз жазыптыр. Буга облстаттын начальнигин кошуп алыптыр.

Ушу арыз боюнча анан тыяктан Исаев деген Айыл чарба министрлигинин ревизору келди. Андан мурун дагы мен колхоздун башкармасы болуп иштеп турганда Асымбеков деген келген, ал кийин Тоңго секретарь болду. Исаев Тыналиев менен, Базарбаев менен абдан ысык жолдош экен. Ошол Айыл чарба министрлигинин финансы жагын тейлеген киши. Анан Мукай Ашымов келди. Бул адам да Нарын облусунда айыл чарба башкармасында иштеп, кийин Ат-Башыда секретарь болгон киши эле. Мукай Ашымов келип, колхоздун бардык жагын көрүп, төл жүрүп жатканын көрүп, ыраазы болду. Анан эле: үйгө кирбейм, чай ичпейм деп тейтектеп калды. Көрсө, ага Мойдуновдун үстүнөн материал таап кел деп айткан экен. Бир кара кой алып келип салып берчи деп койчу эле. Өзүңдөн биринчи коюңду бер деп. Бул жолу бир куйруктуу кой алып келип сойсом, ошонун эти бышкыча он жолу эшикке чыгып, он жолу үйгө кирди. Жогоруда айткандай, аны Базарбаев, Тыналиевдер аябай жакшы материал таап келесиң деп «катуу үйрөтүп» жиберген экен. Ошону менен кетти.

Ошол кезде облустан Тыналиев, Базарбаев, Кабанов, Сатаров, тиги республикадан Сүйүмбаев башында туруп, Малабай Жунусалиевди кызматтан алууну максат кылышып, анан Акимбаев анын агасы, Мойдунов болсо кудасы, Ыманбердиевдин болсо иниси, райондо момундай чоң кошуп жазуулар бар, тиги бар, бу бар деп, жокту бар кылып, Арстан аябай дүпүлдөтүп арыз жазыптыр. Аңгыча жанагы Исаев келип текшерип калбайбы. Келип текшерип, эч нерсе таба алган жок. Акыры айла түгөнгөндө, баягы Барнаулдга кесилген Адабашевдин ишин кайра көтөрүп, күч менен бизге «таандык кылып» жатпайбы. Бир жыл өткөн ишти. Ал деле бизди жамандаган жок. Дагы эле карагай, тактай алып келем деп жатат. Ошого карабай алты жыл кесиптир. Алган киши алып келип бере албагандан кийин, өкмөттүн мыйзамы боюнча жазасын тарта берсинчи. Эми быяктагы иштер кызык.

Малабай Жунусалиевдин жүрөгү түшүп калганы Тыналиевден улам. Нарын облусунда бир миллион сомдон ашып кеткен экен талап-тоноолор табылат. Мына ошол бузуку иштердин көпчүлүгү Кочкордон экен. Аны жасаган Базарбаевди кызматтан алып, дагы Усубалиев калкалап калат, Базарбаевди жакшы көрчү экен. Кочкор районунан айласыздан Совет районуна жиберип ийет. Мына ушинтип булардын ичи ачыша баштайт.

## Мага жамандык издегендер жакшылык көрүшкөн жок

Анда Малабайды кызматтан алып, ордуна Сыдыков обкомдун секретары болуп калган. Ошондой иштерди уюштурган Тыналиевди Мампландан бир орун басарлык орунду ачып туруп, ошо жерге отургузуп, Малабайды эмгек ресурстары боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасынын орун басары кылып коёт. Ошентип, аларга орун таап берди. Бизди күчке салып түрмөгө отургузуп койду. Он бир ай отурдум. Такылдатып сураган деле жок, эч нерсе деле кылган жок. Эч бир материал таба албайт. Чебескан айтат, мен мындай ревизияны өмүрүмдө көргөн эмесмин деп.

Биреө бир сом алды деген кагаз келсе деле ошону чакыртып, ушуну өзүң алдың беле, мобу өзүңдүн колуң беле деп, ушуга чейин сураптыр. Анан Тыналиев өзүнүн таякелерин дагы ревизияга кошумча жиберип, Акимбаевдерди каздырып, ошентиптир. Акимбаевди болсо, Малабай өзү кызматтан бошогонго чейин такыр козгошкон жок. Кыскасы, Малабай өзү адамга жамандыгы жок, бирок өткүр, чечкиндүү кадр эмес экен. Мен салыштырып көрдүм. Матен Сыдыковдон башкарма эмес, жөн эле секретарлар коркчу. Малабай болсо, түз эле Усубалиевге кирип, маселени тың койбогондон улам, биз, эч кандай күнөөсү жок кишилер, кесилип жатпайбызбы. Ошол Малабайда Матендей чечкиндүүлүк болгондо, анда бизди опоңой суурун алмак экен. Малабайдын корккотугунан биз ак жерден айыпталып калдык.

1975-жылы август айында жеп-ичүүлөр менен күрөшүү боюнча БКнын пленуму болгон. Андан кийин БКнын бюросу болду. Бюродо Жунусалиевди кекиртектен алып муунткан экен. Калчылдап эле коркуп, жүрөгү түшүп калыптыр. Жөн эле калтырайт дейт. Малабайга караганда, биз да коркпой эле жүрөбүз. Мен ак дилден партия менен өкмөттүн чечимдерине ишенип, адилеттүүлүк болот партиянын заманында, бизде коммунисттик партия адилеттүүлүккө, чындыкка багыттайт, эч качан мындай немеге барбайт деп ойлосом, мунум такыр туура эмес болуп чыкты. Мен партиянын эле баягы устав, тартиби боюнча жүрө берген экенмин. Көрсө, биздин алдыбызда канчалаган мыкты азаматтар партиянын сөзүн сүйлөп эле, анан анча-мынча жаңылыштык кетирсе, арылбас азап, кутулбас куяга кабылып, алардын ичинде кырк жашка да чыга элек кыргыздын гүлдөрүн, азаматтарын атып жок кылган турбайбы! Мына мен ошондой мезгилге туш келип калдым.

Дагы айтайын, мени ревизиялап, ревизиядан эч нерсе тапкан жок. Эч күнөө таппай туруп эле, колхоздун акчасын коромжу эткенсиң деп туруп, Жумгалда өзү менен бирге иштешкен Сулайманов дегенди да соттоду Тыналиев. Андан кийин мени төрт жылга кестирип, ортодо будуң-чаң кылып тургандарды кошо жолго салды окшойт. Ошентип кете берди. Сулайманов улгайып калган, бала-чакалуу киши экен.

Эмне болсо дагы адамдын убалынан коркту окшойт, райондо Жөжөбаева деген телефонистка иштечү, ошол мага сыр ачты. Жөжөбаева угат күнүгө телефон менен, Бейшекеев деген облсоттун төрагасы бар эле, ал райондук сот Сулайманов менен сүйлөшүп калат. Сүйлөшкөндө: «Ой, Мойдуновдун эч күнөөсү жок экен, кантип кесем, айланайын, мунун эч күнөөсү жок», – деп Сулайманов айтса, анда аркы сүйлөшкөнү: «Эч кур дегенде төрт жыл берип кел. Төрт жыл берип келбесең, анда такыр эле пенсияга чыкпай каласың. Ошолорду эптеп эле будалактатып төрт жыл кесип кел», – деп жатат, аке, деп Жөжөбаева алардын эмне деп сүйлөшкөнүн мага айтып турат.

Ушундай жол менен күчкө салып туруп, болбогон эле шылдың сыяктуу фактыны – менин наамымда эмес, шофёруидун наамындагы магнитофонду дагы ушу Мойдунов пайдаланып жүргөн, колхоздун магнитофонун деп, менин мойнума салбадыбы! Колхоздун койчулары менен талаа жумушчуларынын ортосунда чоң чогулуш болуп, аларга бир бээ союлса, ошонун токтомун чыгарбай туруп, кийин чыгарган деп аны да күнөөгө айлантты. Анан шабашниктерге 15 пайыз ашык төлөгөн деп айыптабадыбы! Аны биз бүтүндөй райондук айыл чарба башкармасынын капиталдык курулуш бөлүмү дегенине текшертип, алар: «Туура төлөөгө жатат», – деп, кол койгондон кийин уруксат этчүбүз. Аларды деле эсепке албайт. Ошентип эле күчкө салып бизди будалактатып кесип койду.

Мени менен «Дыйкандын», Жданов колхозунун, Нарындын башкармалары чогуу жатты. Сени жөн эле шылдыңдаптыр, сеники жөн эле күлкү экен дешти алар менин статьямды. Кудай жеткирсин дедим, кыскасы. Кудай жеткирсин, «Алы жетпеген акыретчил» болот деп тим болгон элем. Ошол менин артымдан жамандык иштегендин бардыгы тең, таба эмес, тобо, жакшылык көрүшкөн жок, өздөрүнүн деле үй турмушунда, артында жакшылык сөздөр болгон жок. Баары бир эл билет экен.

## Башкармалыктан бошотуунун «жасалма тарыхы» жана адамкерчиликти бетке кармаган өмүр чындыгы

Колхоздо чоң чогулуш болуп калды. Субаналиев обкомдун тапшыруусу менен мени кызматтан алуу жөнүндө чогулушту чакыртты. Анан райондун прокурору Сонунбекова, милициянын начальниги Итигулов, райондун кээ бир көрүнүктүү мекеме жетекчилери барып чогулушка катышышты. Клубга элдин бардыгы жык толду.

Мойдуновдун иши ушундай-ушундай деп эле эч кимге сөз бербей, Субаналиев өзү чыгып алып чогулушта айтып, Мойдуновду кызматтан алууга туура келип жатат деп түшүндүрдү. Ошентип түшүндүргөндө эле, алдыда отурган колхоздун мүчөсү тура калып, бул кишинин өзүнүн оозунан да укпайлыбы деп сунуш киргизди. Анан мен туруп болгонун болгондой кылып айтып бердим. «Силердин турмушуңар үчүн карагай даярдаттык эле. Келишим түзүп, даярдоочуну колхозго мүчө кылып алып, башкарма жыйынында талкуулап туруп жибергенбиз. Барып туруп карматып келип каматып койгонбуз, аны билесиңер. Күнөөлүү неме кесилип кетти», – деп, ошолордун бардыгын түшүндүрүп айткандан кийин эл дуулдап, биз бул башкармадан ажырабайбыз деп ызы-чуу болуп калды. Колхоздун бир да мүчөсү Мойдунов бошотулсун деп бир ооз сөз алып сүйлөгөн жок. Субаналиев эле «обкомдун тапшыруусу менен» деп сүйлөп жатат. Чогулушка илгери мени менен чогуу иштешип жүргөн обкомдун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы Ысагаалы Айдаралиев да катышты. Эл укпай, такыр эле ызы-чуу болуп туруп алды Субаналиев тыягынан кетет, быягынан кетет, аны укпайт. Биздин өзүбүздүн тартибибиз бар, партиянын жогортон айтылган сөзүн төмөнкүлөр аткарууга милдеттүү дейт. Бизге жогортон ушундай көрсөтмө келип жаткандан кийин кызматта калтырабыз дегениңер туура эмес, тигиндей, мындай деп жатат. Ошентип айтканда эл такыр көнбөй койду. Прокурор да чыгып сүйлөдү жөндөн-жөн эле, милициянын начальниги да чыгып сүйлөдү, эл дуулдап эле такыр укпай койду.

Ушу менен түнкү саат он экиге чейин мени кызматтан бошото албай коюшту. Анан чогулушун жаап тарап кетти. Мен болсо үйгө ойлуу басып келдим. Булар мынча асылып калыптыр, эмне кылсам болот деп. Эртеси, эл бошотпогондон кийин, тапшырмаларды берип, кадимкидей иш жүргүзүп жатканбыз. Керсе, ошол учурда Тыналиев чаап жетип келиптир. Келгенден кийин эле, биздин конок үйүбүз бар, бирок жаман, эптеп жанагы финский үйдөн салынган, ошол конок үйүнүн эшигинин оозунда турган экен. Мен келип учурашып калдым. Деле карагысы жок. Берки Субаналиев болсо, мени менен басып келип учурашып: «Мен сени менен көп жылдар иштешели дебедим беле. Мен убадамдан кантип танайын. Мен сени ушу партиядан чыгарайын деп атайын тогуз баламды ээрчитип алып Тогуз-Торого келдимби? Мен өзүм кыйын ахыбалда туруп жатам. Тээ-тигилер бир ооз эле кой деп коё турган болсо, мен деле сага жолой турган жөнүм жок, айта турган сөзүм жок. Мобулар (Тыналиевдер) шишке сайып, шишкебек кылып жатат. Ушуларды кой дедиртип сен өзүң аракет кылсаң болбойбу», – деди.

Болбой эле эртеси колхоздун чогулушун эртең менен чакырды. Элдин бардыгы тең келди, ошондо Союздук Жогорку Советке депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү болуп жаткан. Ошого талапкерлерди көрсөтүп, чогулуштун этегинде эле Тыналиев айтты, чакырып алып: «Эми сенден менин сураарым ушул, арызыңды жаз. Жакшы кызматты биз тыяктан эле беребиз. Антпесек боло турган эмес. БКга чейин жетип калды. Менин ичим күйүп жатат, ичимден жаман болуп жатам. Эмне кылсам болот?» – деди. Мен анын тилине кирген жокмун.

Көңүлүмө БКга барайын деген ой кетти. «Волгам» бар эле, аны минип кетип калайын десем, атайын милициянын начальнигине тапшырып, машинаны каматып коюшту. Үйүмө болсо кечке жуук араң жеттим, ооруканanын «тез жардамын» алып туруп. Үйгө барып түштүм Аралга. Эртеси жанагындай болуп чогулуш болду. Чогулуш болгондо, элдин алдында туура айтып, туура түшүндүрдүм. Элдин баары тең дуулдап эле болбой жатат. «Мен эми арыз жаздым, туугандар, капа болбогула. Мени бул жерге иштете турган эмес», – десем, «Жок, иштешебиз, сени менен иштешебиз. Сен бизге жетекчи

болосуң. Биз башка жетекчини албайбыз», – деп эл дуулдап чыкты. Ошонун ичинде өзүнүн «баласын» башкармага көрсөтсө кабыл албай жатат эл. Борончу деген бар эле. Илгерки эски киши. Ошол эски киши чыгып сүйлөп кирди. Кыскасы, ал мени жеп- ичип алгандай кылып сүйлөгөн «дежур» чал. Эптеп сүйлөмүш болду. Аны деле эл угуп койгон жок. Терең ыраазымын эл-журтка. Акырында, кызматтан бошотуп койгула деп арыз жазып бердим. Арызымдын негизинде кызматтан бошодум. Ордума Каттабек дегенди шайлады, өзүнүн балдарынан. Ошо менен кызматтан бошоп алып көчүп келдим.

Өзүмдүн ойлонуп барган оюм, соңку пландарым талаада калды. Убагында бул чарбага келбей эле, облсоветтин башчысы бол дегенде болбой койгом. Менин ал ишке барбай койгонум, Тогуз-Торого келгеним туура болбой калган экен. Мунун жагдайы жогорудагыдай эле себептер менен түшүндүрүлөт.

Чарбаны эртең менен жетектеп турган башкарманы түштөн кийин кызматтан алууга толук мүмкүнчүлүк бар. Чарба деген чоң аймак, өзүнчө бир чоң территорияны ээлеген. Ошол жердин бир жери оң болуп турса, бир жери бузулуп турат. Ага таяп туруп эле кызматтан ала берсе болот. Башкарма дегенди каматам десе оңой эле, болбогон жерден шылтоолоп, күнөөгө жыгат.

Бирок, менин ичим күйгөнү, ушунчалык чоң перспективалуу, эли да, жери да жакшы, бардыгына тең мүмкүнчүлүгү бар жерге барып иштедим эле. Ал жерден мен Баатыр болом деген оюм бар эле, чыны менен. Себеби, эл дагы, жер дагы укмуш төп келишкен чарба эле. Эң башкысы, элге, материалдык байлыкты түзүп жаткан элге шарт түзүп берсем, эл мени колдобой коймок эмес. Ошон үчүн колдоду. Элдин бардыгы тең түшүндү. Эл жанагындай жакшы көрсөткүчтөргө ээ болду. Өзүм калыс болдум. Жаман нар жак, бер жакка согулуп, бирдемени алып-жутайын деген аракетим болгон жок. Бүт бардыгы тең өзүмдүн менчигимден болду. Эмгек тартиби ушунчалык катуу чыңдалган.

Элдин бардыгы тең түшүнүп, ичтери күйүп калды, элдин ичи күйүп жатат, андан сырткары менин да ичим күйүп жатат. Анан ошентип колхоздун башкармалыгынан бошогондон

кийин менин үстүмдөн иш козгошту. Жанагындай иш козгоп, эптеп шылтоолоп отуруп төрт жылга кести мени, башкы бухгалтеримди үч жылга кести. Беш койдун отчётун туура бере албай, ага ким күнөөлүү экендигин таппагандыгы үчүн дагы бирөөнү эки жылга кести. Мал чарба бухгалтерин бир жарым жылга кести. Ушинтип баарыбыз кесилдик. Ал убакта үч жылга чейин кесилгендердин бардыгын поселениеге айдачу. Меникин төрт жыл кылып коюп, Молдовановкага айдады. Буга эч нааразы болгон жокмун. Себеби, ал бийликтин иши. Мен эмес, менден кыйын мыкты азаматтар эл башкарып, журт башкарып, канчалык кыйноого алынып, ак жеринен атылып кетти. 1937-1938-жылдардагы «контр издөөдө» канчалаган кишилер жок болду ак жеринен, үй-бүлөсүнөн ажырап, канчалаган адамдар куугунтук көрүштү. Ошолордун бири катарында, өз турмушумдан улам, ушу партиянын ичтен ирип, алы кетип баратканын түшүндүм. Болбосо, БКга чейин «Мойдуновдун үстүнөн эч кандай контр материал жок» деген Кыргыз ССР Ички иштер министрлигинин текшерүүсүнүн жыйынтыгын берсем дагы, Долгополов, Тыналиевдер атайын уюшуп алып, ушуну жасашпадыбы. Малабайды жакалап алышкан экен. Малабай калчылдап туруп, ошол справканы карабай туруп, партиядан чыгарды. Нарында отурган облустун башка жетекчилери, райкомдордун секретарлары карап туруп баштарын чайкап, бир дың этпестен ичтери ооруп кала беришти. Эшикке чыкканда, эшиктин алдынан мага учурашып, эч нерсе эмес, андай-мындай деп көңүл айткандар болду. Эмне кылат андан башка, колунан келбейт да, бийлик деген – бийлик. Мен ага арданган жокмун. Илгери деле бийлигинин күчтүү мезгилинде Кокон хандыгы деле кыргыздын мыктыларын алып барып бүт орго салып, кыздарын ордого жыйнап, ал жерде ар кимге сатканы аз келгенсип, ата-энелерине да кордук кылып, алдын өлтүрүп, артына азап жасаган экен. Азыр болбосо дагы, эртеси калыстык болоор деген ойдо болом. Бирок, сеники туура, сен ак жериңден кесилдиң деп адвокатымдан башка бир дагы киши айтпайт. Кишилердин кээ бирөөлөрү, алардын күнөөлүүлөрүн мындай коёлу, атүгүл өзүмдүн эле жолдошторум качып, талаалап кетип, учурашканга жарабай, ошентишти. Маселен, Сулайман ошол убакта мени менен чогуу жүрсө дом деп койчу. Чогуу басып

калабыз, чогуу жүрөбүз. Кичинебизден чогуу өскөнбүз. Нарында училищада жүргөндө дагы экөөбүз бир керебетте жатчу элек. Ошентип чоңойгонбуз. Ушу азыркыга чейин эле жакшыбыз. Бирок, сот болуп жатканда ошол келип: «Кандай болуп жатасың, эмне болуп жатасың?» – дегенден мен кошо ээрчитип кетчүдөй болуп коркот. Коркуп, келип учурашканга жарабайт. Мен Нарындын түрмөсүндө он бир ай жаттым. Жөн эле болбогон ревизия жасап, же анысында Мойдунов бир сом жептир, же болбосо, туура эмес чыгым жасаптыр деген жери жок. Ошонун этегине кол коюп бердим. Болуптур эми, чыгымдалганы чын, кеткени чын деп. Мага койгон күнөөлөрү ушул. Жөн эле негизсиз. Ошондо эл деген кыйын экен.

Менин үстүмдөн жаңагыдай иштер болуп жатканда эки кишиге таң калдым. Биринчиси – Өмүрзак, Кичинегулдун кайнатасы, аралдык киши. Бул өзү кармашта жүрүп абдан бышып бүткөн киши экен. Мен башкармадан бошогондон кийин келип, үйдө жамбаштап жатып, анан чай ичип отуруп айтты: «Тоту, мен далайды көргөн киши элем. Эмгек менен кармашып жүргөн киши элем. Далай кошоматчыларды талкаладым эле. Сенин, балам, иштеген ишиңе өтө ыраазымын. Көзүм жетти. Биздин колхозду оңой турган сен эле болчусуң. Мага бир үч-төрт абышка кошулбайт. Биздин Тогуз-Торонун эли ушундай караңгы. Болбосо, мен Усубалиевге барып, сенин ак экениңди айтып, куткартат элем. Көрсөтүп түшүндүрөт элем. Сенин ак экендигиңди түшүндүрө турган киши болбой жатат. Үч-төрт абышка кошулса, мен барат элем», – деп. «Аксакал, эч нерсе кыла албайт. Барганда эмне кылмак эле? Мындай колхоздун башкармасы болуп дагы эле иштейбиз», – деп жооткоттум мен. Бизде Алыбаев Жумакадыр деген бар эле. Өскөнбай деген кудасы өлүп калганда, карагайдын үстүндө отуруп: «Тоту, сен эмне болуп жатасың, кандай болуп жатасың?» – деп, ошентти. Мен эмне болгонун ушундай деп башынан этегине чейин айтып берсем: «Бул сенин айтканың чын болсо, сени эч нерсе кыла албайт. Жөн эле күчкө салып жатышкан экен. Андан көрөкчө, сен бул жерден кетип калып эле, барып тууган-уруктарың Рашидовго кирбейсиңби, ошо жерден ал Усубалиевге бир ооз телефон чалып коёт эле. Ошого жөн эле барып кириш үчүн аракет-

тенбейсиңби», – деп мага кеңеш берсе, мен аны туура кабыл алган жокмун.

Кийин, анан, мени кармап жатмак беле, Указдар чыга баштады, амнистиялар чыга баштады. СССРдин 60 жылдыгына карата амнистия болду. Ошол амнистияда мени айласыздан куткарышты. Орден-медалдары бар кишилерди, жепичпеген, жеңил статьялар менен кесилген кишилердин бардыгын түрмөдөн бошотуу жөнүндө болду. Ошо менен мен бошонуп чыктым.

Кирпич заводго келип иштеп жүргөнмүн, поселениеге чыгып, анан амнистия менен бошодум. Баш-аягы түрмөдө эки жылча болуп, тергөөсү эле бир жылга созулду. Бир жылча Молдовановкада отуруп калдым.

Көп нерселерди ойлоносуң. Башыңа качан жамандык иш түшсө, ошондо ойлонот экенсиң. Анан кайра өзүң бел байлайсың. Бизден дагы кыйын, үлкөн кишилердин тарыхтарын билесиң, ошолорду ойлоносуң.

Жанагыдай болгондо, Тогуз-Торонун эли-журту караңгы эл экен. Сулайманов деген сот каткырып күлүп, Тогуз-Тородо беш кой үчүн кесилип жатасың, жолдош Мойдунов, эки жүз элүү, үч жүздөгөн койлорду кемиткен башкармалар Жумгалда жөн эле ойноп жүрөт дейт. Сот процесси болуп жатканда ушул сөздөрдү айтат. Анан мен таң калып калдым.

Бир күнү, мен түрмөдөн бошонуп чыгып келгенден кийин, Жумакадыр аялы Шарапат эжени ээрчитип алып үйгө келиптир учурашып коёлук деп. Келип, анан чай ичип отурганда, өз башынан өткөргөн окуяларды айтып жатпайбы. Мен да жашоо-турмуштан алган сабактарымды айттым. Көрсө, атанын сөзүн капка сал деп кыргыз бекеринен айткан сөз эмес экен. Мен атамдын сөзүн уккан жокмун. Тогуз-Торо чыны менен абдан тар жер. Элдин баары караңгы. Элдин кээ бирөө Нарынды көрө элек. Маселен, элүү-алтымыш жыл илгери мыкты гана кишилер атчан бастырып барып көрбөсө, көптөрү Нарын кайсы жер экенин билген эмес. Ушул эле тоонун ар кайсы колот-копчугунда жүргөн эл. «Бул жер абдан тар, балам. Ошондуктан кененирээк өнүккөн-өскөн айылдарга барып иштесең болбойбу. Бул жердин эмнесине кызыгып жатасың? Мен ушунча жылы кыргыздарга кошулуп жүрүп, кыргыз атка кошулган жокмун, балам. Бул жер сага ылайыктуу

эмес», – деген эле атам. Муну кийинчерээк да арман кылып айтып жүрдүм.

Бизде кызыл көз Карыпбай дегендин аялы персоналдык пенсияга чыгыптыр. Азыр бакшы болуп жүрбөйбү. Ошонун үйүнө бир жолу конокко барсам, Чодиевди, мени, Акимбаевди чакырыптыр, анан Кожалиевди чакырыптыр. Ошо жерден сөздөн-сөз чыгып кетип, ичимде бук кылып катып жүргөн нерсемди Тогуз-Торонун мыкты деген, элин башкарып, журтун башкарып келген кишилерге бир айтып алайын деген ниетте, ушул бириң дагы менин туура эмес кесилип жатканыма кызыгып, барып бир көңүл бурганыңар болгон жок десем, ошондо Жумакадыр: «Тоту, сен такыр болбойт экенсиң. Акимбаев болсо өзүнүн башы менен алек болуп калды. Бектурган болсо, өзү абдан чыгынган сыяктуу киши эле. Мени болсо билесиң, сөзүмдү угабы, укпайбы өкмөт. Кожалиев барса болмок. Кожалиевдин да көөнү болбой калды го, жакшы маани берген жок го», – деп айтып жатпайбы. Мындай сөздөрдү угуп ичим күйдү. Эл боло турган болсо дуулдап, өздөрү бир жакшылап оңоп келаткан башкармага жеттик эле дегендей болуп, баары каңырыгы түтөйт. Мени Малабай Жунусалиев менен өтмө-катар куда-сөөк деп, Акимбаевди болсо, Малабайдын бир тууган агасы деп, анан жанагы Жданов колхозунун башкармасы – «чоң солдат» Малабайдан ссуданын баарын алган, «маленький Бонапарт» болгон деп, болбогон жерден кап-кайдагы кур жалааны жабыштырышты. Асаналиевди жамандап, секретардан алып, ошентип Тыналиевдер Малабайдын жүргүзгөн саясатынын баарысын тең тетирисине айландырышты.

Ошол убакта Алыбаев Жумакадырдын көрөгөчтүгүнүн бир жери жагат. Абдиев деген мурда бизде Тогуз-Тородо секретарь болуп иштеген. Обкомдун айыл чарба бөлүмүндө иштечү, кийин облсовпрофтун айыл чарба боюнча бөлүмүндө башчы болуп иштейт эле. Малабайга каршы группировка түзүлүп жатканда, мурда Тогуз-Тородо биринчи секретарь болуп иштеген Рахатбек Абдиевге жолугуп: «Анан Малабайга кирбейсиңби, айтып түшүндүрбөйсүңбү. «Обкомдун бюросун чакырып туруп, Тыналиевди партиядан чыгарып ташта, облаткомдун төрагасынын ишсиздиги, жоопкерсиздиги катары. Тигини биринчи секретардан алып ташта. Кочкордогу рас-

трата хищения көп болгон үчүн экөөнө кол салып, экөөнү тең кызматтан алып, анан туруп бер. Сени эч нерсе кыла албайт. Усубалиев кайра сага бирдеме деп жаза колдоно албайт. Сен чара көргөн катарында болосуң» деп кеңеш бер», – деп айттым дейт Жумакадыр.

Рахатбек кирип айтса, Малабай: «Койчу эми, бирге иштешип жаткан кишилер. Ошолор кантип жамандыкка барсын!» – деп коюптур. «Жоо аяган жаралуу» болуп, Тыналиевдердин шыкагы менен өзү ошентип кызматтан бошоп, абийири кетип, талаада калды. Өз тарабында турган чындыкты, өзүнүн позициясын талаша албай, кызматтан бошоду. Биз ушундай кыйынчылык абалга келдик.

## Адилеттик издеп борборго барып, камалганым

Түрмөгө Фрунзеден түшсөм болобу.

Төрөбай Кулатов эски киши, сени туура эмес кызматтан алганы жөнүндө Кулатовго барышың керек, сага калыстык кылаар деп Кожалиев айткандан кийин, атайын мен Жогорку Советтин Президиумунун төрагасы Кулатовго бардым. Барсам, ошол күн 30-июнь беле, Союздук сессия болуп, Москвага учуп кетишкен экен бүт баары тең. Кулатовдун кабылдамасында иш башкаруучусу бар экен, өзү юрист, абдан мыкты киши экен, улгайып калган. А кишиге айттым, бардыгын түшүнүп отуруп укту ошо киши, «Азыр Кулатов тыякта. Мунуң менен эч нерсе болбойсуң сен, эмне болмок элең. Сени кызматтан алгандан кийин болуптур. Чара көрүшүптүр. Эми жеп алган киши болбосоң, сени эмне кылмак эле. Андан көрөкчө Кыргызстандын Башкы прокуратурасына бар», – дегенинен, сумкамды алып, акырын чыгып Башкы прокуратурага барбайымбы. Барсам, ал жерде генпрокурор Сатаров экен, анын орун басары бар экен, атын унутуп калдым. Ал киши Сатаровго кирип чыга калайынчы деп, кирип кеткен. Кирип чыккандан кийин эч жооп айтпайт, же кетип кал дебейт.

Ошо менен саат бир болуп, танапис болгон кезде эле бир милиционер келди. Аңгыча болбой, алдында отурган дагы

бир милиционер бар болчу, экөө келди. Ал жерден дагы бир прокурорду кошту. Ошону менен үчөө мени алып жөнөсө болобу. Түз эле барып борбордун түрмөсүнө жатып калдым.

Он күн жаткандан кийин, этап кылды. Айыпты атайылап, жасалма түрдө уюштурушту, эч кандай ичип-жеген деген жок, жөн эле колхоздун акчасын туура эмес максатка чачкан деген мааниде жазыптыр. Ошол күнөөнү коюптур, ушу менен сизди айыптап-күнөөлөйбүз деп, Нарынга айдап келди. Нарындын түрмөсүндө он бир ай жаттым. «Дыйкандын» башкармасы, «чоң солдат» – мына ошолордун баары тең ошо жерде экен. Мен кесилгенден кийин Нарындын облсотуна арыздандым, ал жер деле «биздики туура» деди. Кыргызстандын Жогорку сотуна, анын коллегиясына, андан кийин президиумуна арыздандым. Ал жерден деле «биздики туура» деген сөздү уктум. Прокуратураларга жазсам, «Мойдунов, биздин тынчыбызды ала бересиңби, жөн эле мөөнөтүңдү өтөшүң керек, сен күнөөлүүлүгүңдөн кесилдиң,», – дегенден башка сөз уга алган жокмун.

Бир күнү, мен түрмөдө жатканымда, иним Москвага барып Генеральный прокурорго менин атымдан арыз таштаптыр. Арыз таштагандан кийин ал Генеральный прокурор карап окуптур. Кийин андан кагаз келе баштады. Инстанциялардан өткөнчө эле бир жарым жыл убактымды алды. Ар бир алты айдан кийин кайрылыш керек экен. Ошентип эле бир жыл өтүп кетип баратат. Генеральный прокурордон бир күнү Мойдуновду бир жыл алты айы менен гана куткарыш керек деген кагаз келди. Мага ошондой жооп келди. Поселениеге чыгып, поселениеден кутулуп, анан жанагындай болуп келгенден кийин мен арыздана баштадым. Дагы эле мен акмын, мени туура эмес кескен, тигиндей-мындай кылган деп арыздана бердим.

Жамашев азыр, мына, кудая тобо, Жалал-Абад облусунун абдан ардактуу инсаны катары эсептелип жүрбөйбү, бул адам Кыргыз ССРинин Жогорку сотунун төрагасы болуп туруп, партиянын мезгилинде «настоящий палач» болгон деп эсептейм. Ташбалтаев деген экөөнүн колу коюлган кагаз Жогорку соттун президиумунан да, Жогорку соттун коллегиясынан да келди, Кыргызстан прокуратурасынан да сен туура кесилгенсиң, тигиндей-мындай деген эле кагаздар келе берди.

# Акталуунун ак кагазга сыйбаган арбын кеп-сөзү

Мен болбой өжөрлөнүп жаза бердим. Ошентип, кийин этегинде Москвага да бардым. Москвага барып, ошол жерден КПСС БКга жаздым. КПСС БКга жазсам, Тартышев деген Кыргызстанда экинчи секретарь болгон киши парткомиссиянын Орто Азия республикаларын тейлеген бөлүмүнүн башчысы экен. Кайра ошол кишинин колуна барып түштүм. Инструкторлору жаман эмес. Мен быяктан арыз менен барам десем, борбордук мейманканадан номер дайындап коюшуптур. Барып, анан ошол мейманканада жатам. Борбордук илгерки мейманкана экен. Анан бир күнү инструкторуна барып айттым, айтсам, ал Тартышевге киргизип, тааныштырды. Мен айттым: «Мен кайсы жерде отурам? КПСС БКнын аппаратында отурам. Мен акмын, тазамын. Менин ишимди кайра карап чыгууну, деломду кайра кароону суранам. Өзгөчө ушуну суранам. Мен КПССтин мүчөсү болгондон кийин ушуга көңүл буруңуздар», – дедим. Анан баягы жерден Тартышев: «Болуптур, Жогорку сотко алып барып көргүн», – деди.

Ошол учурда Москва шаарынын чоң салтанаты болду. Ага Султан Ибраимов ж.б. кыргызстандыктар катышкан Жогорку сотко бардым. Жогорку соттун кабылдамасында отурганда, жанындагы секретарга: «Эгер мүмкүнчүлүк болсо, мага абдан билимдүү сот керек. Ошол сотко барам», – дедим.

Жогорку соттун жалпы бөлүмүнө киргенимде эле ал жерде отурган киши үч суроо берди. Кандай болуп кесилгенсиң, эмне болгонсуң, тигиндейсиң, мындайсың, арызыңды бүт толук окуп чыктым деди. Байкаганым, ошондо деле кылчактап, Москваң деле Кыргызстандын сотуна, Усубалиевдерге кайрыла берет экен. Булар өздөрү кесип койгондон кийин өздөрүнүкүн коргой берет экен. Тигилер дагы быяктын сөзүн укпай койбойт. Ал жерде деле ошондой тартип бар экен. Анан кийин: бара бер, мен текшертемин, карап көрөбүз деп кетирип ийди.

Ошо менен кетип калып, бир күнү айылда жүрсөм, кагаз келди. Чыгарылган өкүм туура экен деген. Андан дагы болбой, кайра өчөшүп арыз жаздым. СССРдин Башкы прокура-

турасына жаздым. Анда Рекунков деген Генеральный прокурор болуп калган. Рекунков берген жообунда «текшертип жатам» дептир. Анын деле дайыны жок болуп кетти. Арадан бир жыл өттү. Бир күнү отузга жакын мугалим Москвага бара турган болду. Алардын шылтоосу менен, кошулуп алып мен дагы бардым. Түйтөбай барды, Тагайбек барды, эркек мугалимдерден ушулар болуп барганбыз. Мен генпрокуратурага кирдим. Момундай арыз жазсам, эч кандай жооп жок, же кабар жок, бу кандай деп. Моргачев деген Рекунковдун жардамчысы бар экен. Ошол менин деломду, өзүнчө эле бир жыйырма килодой болгон кагазды ачып окуп отуруптур. Мен кирсем кабыл алып, айтты, «Сен куугунтукталып жүргөндө куткарбадык беле», – деп. «Эч кандай куткарган жоксуңар, куткарсаңар мен кесилип түрмөдө отуруп чыгат белем. Мени куткарган жоксуңар. Кайра карооңорду сураймын. Ошон үчүн кайрылып жатам», – десем, «Болуптур, мен муну жеке өзүм көзөмөлгө алам», – деди. Протест менен жиберген экен.

Протест менен жибергенден кийин, Жамашевдин көчүгү эки эмес да, эчак эле жүрөгү түшүп калыптыр. Пленумга койгондо «Мойдуновду актоо жөнүндө» деп коюптур. Кыргызстандын прокурору Акматов деген болуп калыптыр, баягы Акмурун такыр эле менин жанымды койбой жүрөсүң деген Акматову кайра «Мойдуновдо эч кандай күнөө жок», – деп, Союздун прокурорунун сөзүн кубаттап жазган экен. Ошентип, Союздун прокуратурасынын протести боюнча пленумдун кароосуна коюуга аргасыз болушуптур. Бизде ак-талаалык, өзү көкчөгөз болот, Султаналиев беле, облсот болуп жүрбөдүбү, ал дагы райондук сот болгон биздин Тогуз-Тородо ошол жолугуп калып: «Токе, сенин күнөөсүз, таза экендигиң жөнүндө Жогорку соттун пленумунда талкууланды, сени пленумда актады», – деди.

Бул айткан сөзгө сүйүнүп, эмне болсо да барайын деп Кыргызстандын Жогорку сотуна бардым. Жогорку соттун төрагасы Жамашевге кирсем, ал колунун учун берип учурашты. Мен бул жерде эч бир кошумчалаган жерим жок. «Мен ушундай иштер менен келгем. Мен жооп алышым керек эле. Жакында Союздук прокуратуранын жазган протесттери каралыптыр, ошонун ичинен менин да материалым каралдыбы деген ой менен келдим», – десем, үтүрөңдөп урушуп эле



Дүйнөлүк жазуучу Чыңгыз Айтматов Кыргызстандын мугалимдеринин республика боюнча биринчи жолу атайын жолугушуусунда. Чыңгыз Төрөкулович, Тоту Мойдунов менен болгон маегинен кийин эстеликке сүрөткө түшүшү.




Тоту жердештери менен. Жала-Абад шаары.

Тоту кайындары менен. Тойдогу сүрөт.





Тоту, Данагүл, Качкын.



Тоту чөбүрөсү
Байэмир менен.



Тоту, Кенжайым, Данагүл,
Сулайман.



Тоту небере тоюнда.

Үй-бүлө салтанатында.







Жээнбек Тотуев досу
Өмүрбек менен.

Тоту, Данагүл
Ялта курортунда.

Макмал алтын комбинатынын 10 жылдык салтанатында.





Тоту, чөбүрөсү Алишер. Данагүл, чөбүрөсү Байэмир.

Эдил уулу Байэмир менен.





Тоту, Данагүл 9-майда майрамдоого чыгышты.



Тоту, Данагүл кызы Шакен жана неберелери менен.

Тоту менен Данагүл Токон-Шакендин  үй-бүлөсүнүн арасында.





“Легендарлуу парламенттин” депутаттары: Т. Усубалиев, А. Мойдунов.



Мойдунов Абий.



Мойдунов Абий, жубайы Бактыгүл.



Тоту Мойдунов.



Данагүл небересин куттуктап жатат.

Тоту чөбүрөсүн куттуктап жатат.





Тоту Нооруз майрамында.

Казарман мектебинин мугалимдери.






Тоту менен Данагүлдүн
эркеси, – Чолпонай.



Тоту чөбүрөсү Салтанат,
небереси Үмүт менен.

Бекиш Абылкасымов, Тоту
Мойдунов, Теңирберди
Шайнаев.





Агартуу майданынын устаты
эмгек ардагери
Тоту Мойдунов.



Эмгек ардагери
Данагүл Алымкулова.

Тоту ат чабыш майданында.





Тоту, Данагүл балдарынын ортосунда.

Айылдык жыйында.





Туристтик саякатта.

Тоту Мойдунов республикалык активде.





Данагүл Сырдаштын
балдары менен.




Тоту, Данагүл- агартуу
отличниктери.






Данагүл чөбүрөлөрү:
Акчолпон жана Салтанат
менен (Эмилдин кыздары).



Тоту Мойдуновдун эң кенже
чөбүрөсү- Рахматулла
Эмил уулу Тотуев.




Данагүл небере келини Назира
Эмилдин келинчеги жана
чөбүрөлөрү Акчолпон, Салтанат
менен.

кабинетине кирип кетти. Анан беш мүнөттөн кийин кайра чыкты. Кайра чыгып, күлүп эле колун созуп, колумду бекем кысып, «Аман-эсен кутулуптурсуң, жүз процент акталыптырсың, таптаза болуптурсуң. Жогорку соттун токтомун ала элек белеңби?», – дейт. «Токтом тургай, эч нерсе көрө элекмин. Ырахмат», – дедим. «Эми сенин опустап кармалгандагы үй-мүлкүң, акчаң болсо кайра аласың, кайра ошондой эле кызматка турасың. Мынакей, акталдың», – деди. Бир маалда секретарь кызына: делолорду алып туруп, бул кишинин Жогорку соттон акталгандыгы жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн бергин деди.

Көчүрмөсүн алып, окусам, мында эч кандай жеке кыянатчылык жана жеп-ичүү деген жок деп туруп, сөгүш тургай, уяткаруу бербестен, актап бошотуптур. Чөбөсканды болсо бир жыл калтырып коюптур. Кожомкулов Сатарды эч кандай далилденген эмес деп бошотуптур, актаптыр. Анан баягы жерден кагазды алдым. Эки-үч көчүрмө жасаттым. Дароо БКга барып телефон чалдым. Ошол убакта Жолоочу Турдубаев парткомиссиянын төрагасы болчу. Азыр мен чыгам деди. Анан эшикке чыгып келип, экөөбүз учурашып, илгери университетти чогуу бүткөн элек, конторуна алып барды. «Тоту, мен сен жөнүндө угуп эле жүргөм, билип эле жүргөм, сен ак жериңден кесилгениңди мен түшүнүп эле жүргөм. Бирок партиялык тартип деген ушул экен да, жогору жактан чечим чыгарып койсо, ага каршы бирдеме деп сүйлөй албайт экенсиң. Анан эмне кылам, жүргөм мен дагы, ай, ушул болбогон жерден кесилген экен деп. Сеники менен абдан таанышмын. Жакшы болуптур. Эми түз Казарманга барасың, мен быяктан телефон чалам. Билетиңди жөн эле жазып берем», – деп, ошол жерден кол алышып жөнөп, кийин партбилетимди алдым.

Ошентип акталдым. Ак ийилет, сынбайт деген. Бул илгертен бекер айтылган сөз эмес экен. Мен бир топ азап-тозокту көрдүм. Көп болсо эки жылча көрдүм. Бирок, менин жүзүм элдин-журттун, жалпы Кыргызстандын алдында таза болду, жарык болду. Келип, өзүмдүн адистигим боюнча Казарман орто мектебинде коом таануу сабагынан бердим. Анткен себеби, университетте, Жогорку партиялык мектепте жакшы окугам. Көп эле мугалимдер бере албай жүрүптүр.

Баары эле качат коом таануудан бербейсизби десе эле. Онунчу класска бүт эле мен берем. Мына ушундай болуп турмуштун өйдө-төмөнүн көрдүк.

Турмуштан алган сабагым: адамдын бир жакшы жери, жакшы жашайм десең, адамды жакшы көрүшүң керек экен. Бүт элдин баарын бузуп коюуга бир эле бузуку жетишет экен. Бир бузук бир эле үй-бүлөнү эмес, жалпы журтту бузуп коёт экен. Ошол бузук акыры жүрүп отуруп өзүнүн ордун табат. Бузуктун бузуку экенин эл билет. Билбей койбойт. Мен муну айтып жатканымдын себеби, бузук кайсы жерде көп болот, көрө албастык кайсы жерде көп болот? Маданияты төмөн элде, маданият төмөн жерде көп болот экен. Мен элимди жамандабайм. Бирок, биздин элдин өнүгүп-өсүш деңгээли ошол мезгилдерде абдан эле төмөн экен.

Түрмөдө жүргөндө көп кишилерге жолуктум. Кээ бирөө болбогон эле жерден кесилип барыптыр. Өзү чоң юрист, пара алган деп кесилип барган жигитти көрдүм Жумалиев деген. Совет районунан бир жигит кесилип барыптыр, жөн эле бирөөнү коомчулуктун алдында тилдеп койгондон кесилиптир үч-төрт жылга. Токтогул районунан үч-төрт киши кесилип барды.

Биздин Тогуз-Тородо көп эле белгилүү кишилер өткөн. Ошолордун кимиси кандай экени бизге түшүнүктүү. Кээ бирөөлөр түшүнбөйт. Биздин Тогуз-Тородо жол байланышы начар болчу, чынын айтыш керек. Жол байланышы начар болгондон кийин элдин турмушу деле начар болду. Өзүмдүн кудам Жаасындан укчу элем. «Кедейлердин бригадири болуп Күңгөйдө иштеп жүрдүм. Ошондо бир буурсундун башын алып келиш үчүн бирден кой же бирден тай беришчү», – дечү ал.

Тогуз-Торо темир да жетишпеген жер. Анан ошол жерде кандай товар болот. Менин атам да соодагер болгон. Он чакты атка жүктөрүн артып алып, ар кайсы жерде боз үйлөрдө, кокту-колоттордо отурган элди кыдырып соода кылат элек дейт. Ошондо Англиянын кичинекей жыттуу көк самындары болот эле, ошол самындарды бир улак, бир эчкиге алат эле дейт эл байкуштар. Эми ошончолук маданияттан артта калган эл элек. Биздин элдин арасында кимдер кандай болгон, ким эмне болгон деген кишилер белгилүү. Ошол мыкты де-

ген кишилердин дагы жакшы сапаттары менен катар, начар сапаттары да бар эле.

Мен Тогуз-Торонун жетекчилеринин ичинен Чодиевди жактайм. Анткени Чодиев өзүнүн тууган-уругуна каралашпай, коомдо эмне жумуш болсо, ошол жумушка түз, калыстыгын сүйлөгөн темирдей киши эле. Мунун мыкты сапаттары көп, абдан жакшы киши болчу. Чынын айтыш керек. Маданияттуу, тигиндей-мындай коомдук маселелерди чечүүдө тууган-урукка тартпаган, турмушу начар, оокат кыла албаган туугандарын тилдеп, ушундай жашайсыңбы деп, анан элдей жашабайсыңбы деп, айрым бир жакшы жашап жаткан адамдарды мисал кылчу эле. Кээ бир кишилер бар да, тууган десе эле жараксыз адамдарды көтөрмөлөп, жарай берет деген. Тиги киши бир калыпта жүргөн калыс эле. Облустан, тыяк-быяктан кишилер келгенде, жанагындай жолдун байланышы начар болуп, элибиздин турмушу начар болгондо, ким менен сүйлөшөбүз дегенде, беш-алты жыл туруп калган Акимбаев менен сүйлөшкүлө, ал жерде андан башка киши жок, Кожалиев менен сүйлөшкүлө, Чодиев менен сүйлөшкүлө деп эле ошол үчөөнүн атын айтып, ушулардан сурап көрсөңөр болот деп, ошол үчөө менен бүт Тогуз-Торо бааланчу. Бизде момундай кадр өсүп жатат, тигиндей болду, мындай жетилип калды дегенге көбүрөөк көңүл бурулчу эмес.

Бул айткан сөзүмдүн чоң мааниси бар, анткени себеби, жол байланышынын татаалдыгынан, сырткы дүйнөдөн ажырап калган эл элек. Тогуз-Торого барбайсыңбы десе, облустун чоңдору жаа бою качат эле.

## Мыкты адам жолборстой болот, ага майдалардын жапкан жалаасы жукпайт

Жакшы жүргөн, жанагындай билимдүү, эл арасына кадыр-баркы сиңген, өзү омоктуу адамды жамандаган менен ага жукпайт. Аны жамандаган менен ал сөз ага жабышып калбайт. Аны жамандап жок кылам деген менен, душмандардын, жанагындай акмактардын колунан ал киши жок болбойт. Кыргызда сөз бар эмеспи, акылдуу адамды, эстүү адамды, кадыр-баркы бар адамды жок кылуу оңой иш эмес. Андай жалаакечтердин колунан да келбейт.

«Алтын жердин түбүндө жатып да чирибейт» дегендей, андай таза адамды эч качан мөгдүрөтө, кордукту көрсөтө албайт экен. Ал адам кайра эле баягы көп жылдык түптүү теректей болуп, өнүгүп-өсө берет экен. Ал эми ошондой адилет кишилерге асылгандар, айланасында кээ бир карылуу тайгандар, же болбосо, карылуу жолборсторго карап куйругун көчүгүнө кысып алып үрүп турган иттердей болуп жүргөн бузуктар көп жашоодо. Албетте, андай бузуку иттердин жолборсторго тиш салыш колунан келбейт. Мыкты адамдар ошо жолборстой болот экен.

Кемчилиги болбой турган адам жок. Адамда сөзсүз кемчилиги болот. Ошол шартка, ошол мазмунга карата кемчилиги болот. Бирок, маселен, кээ бир кемчилигин түшүнүп турган адамга, өзүнүн ак экенине, таза экенине ишенип, тайыздык, бети жоктук иштерге барбай тургандыгына көзү жетип турган адамга колдон келген жардамды жасаш керек.

Мен Корчубек Акназаровдун жакшы жагын дагы, начар жагын дагы, өзүнүн ишин көрсөтө билген жагын дагы белгилеп тике айтчумун. Кезинде көп секретарлар менен иштешкем. Бирок ошол секретарлардын ичинен Корчубек Акназаровду мен абдан жактап жана мактап да жатпаймынбы. Бул кишиге менин бир наразычылыгым болуп калды. Мен түрмөдөн чыккандан кийин, партбилетимди алышым керек деп, ошого чуркап жүрдүм. Анда Корчубек Акназарович Кочкордо биринчи секретарь экен. Баласы кайтыш болуптур. Аялы болсо Таласка кетип калыптыр. Барып куран окута кетейинчи деп, атайын борбордон келатып токтоп түштүм. Үйү кулптануу экен. Анан, эмне болсо да конторуна барайынчы деп, конторуна бардым. Конторуна барып, секретарь кызынан сурасам, кабинетинде райаткомдун төрагасы отурат деди. Ал төрага баягы «Ача-Кайыңды» совхозунун деректири Сыдыков деген экен. Мага чогуу жолдош болуп эле жүргөн киши болчу. Аным деле тырыйып калыптыр. Карасам, партиядан чыккан кишини киши катарында көрбөгөнүн, баягы мурункудай сүйлөшпөй, өздөрүн обочо кармаганын мен байкап турам. Кандай, эмне болдуң, чыктыңбы, эмне сөзүң бар эле деп, ошондой сөзгө келгенге жарашпайт. Румыниядан делегация келди эле, ошол делегацияны кабыл алып, ошолорду узатыш керек эле деп кетип калышты. "Эми сен капа бол-

бо, мен кайра келем, анан угайын сенин кандай ахыбалда экениңди. Сөзүңдү анан түшүнөйүн. Аман-эсен чыгыптырсың, эми мен угуп көрөйүнчү», – деген сөзгө келген жок Корчубек Акназарович. Келбей эле кетип калды. Мен дагы ачуум келип, сенин колуңдан жакшылык келсе мага жасабай эле кой деп, наарazы болуп кетип калдым. Анткен себеби, он жыл чогуу иштешип, килейген чоң колхозду тейлеп, башкарып, анан Жогорку партиялык мектепке барып, ушул кишинин колунан өсүп, тарбияланып, ушу кишиден сабак алып, жакшы сапаттарын үйрөнүп жүргөн кез эле. Анан бул жерде айта турган сөзүм, кээ бир секретарлар өзүнүн карамагында мурун чогуу иштешип, иштермандыгына, ак ниеттүүлүгүнө көзү жетип турган кишилерди унутпай, колдон келген жардамдарын да көрсөтүүшчү.

Акназаров Ак-Талаада иштеп турганда, Ленин колхозунан Шайнаев, «Коммунистчил» колхозунан Шайыков, Рыспаев дегендердин иштеринен дүңгүрөгөн чуу чыкканда, менин колхозумдан эч бир чуу да чыкпай турган. Бу жерин ката кылыптыр, тиги жерин тигиндей кылыптыр деген сөз укпай, отчёт-учётун жакшынакай берип, жүзүн жарык кылдык эле. Өзүбүздүн да жүзүбүз жарык болуп, Акназаровго да сөз тийгизбей, элге-журтка сөз тийгизбей иштедик эле. Анан бу кандай? Ушу мага көзү жетпедиби, же билбедиби, эмне себептен ушундай мамиле кылды? Он жыл бирге иштешкен кишиден менин көөнүм калды. Ошондо байкадым да, партиядан чыккан киши бул өзү жарым өлүк экенин. Партиядан чыгып калбадыбы деп, кечээ эле теңтуш болуп айлананда жүргөн кошоматчылар карабай, ошондой абалга алып келет экен.

Күндөрдүн бир күнүндө аялымдан көргөн азабым жаман катуу болду. Сүйлөшүп отуруп, кетирген кемчиликтерди, тигимунуну айтсам, аялым мага сын коюп жатпайбы тимеле. «Сен элдей жашабай койбодуңбу. Элдин баары эле кошомат кылып, чоңдордун колуна суу куюп, оозуна нанды алпарып, этти алпарып, майлуу боорду алпарып бөкчөңдөп жүрүшпөйбү, нары кеткенде, бери кеткенде аларга акча-тыйын берип жүрсөң эле мыкты киши болуп жүрө бербейт белең, сен андай ишти жасаган жоксуң. Ошолордун бардыгы, кошоматчынын бардыгы эле тигинтип-минтип сонун жашап келатпайбы. Сен эмне, ичпей-жебей эле, мен тазамын деп эле,

өзүңдөн-өзүң көкүрөгүңдү каккылап эле, партия, марксизм, ленинизм, анан философияда ушундай айтылган, биз моминтип курабыз социализмди, коммунизмди, азыр партиянын мыкты саясаттары болуп жатат, пленумдары болуп жатат деп эле сайрап жүрүп ушул ахыбалга келбедиңби. Эл сыяктуу жашабай койбодуңбу. Эл сыяктуу жашашың керек эле. Кошоматчы болушуң керек болчу. Чоңдордун кабагы менен тең айланып, көзү менен тең айланып чуркашың керек болчу. Анткен жоксуң, менин ишимди эл билет, эл тааныйт, эл сыйлайт деген сөзгө берилип жүрүп ушуга келдиң», – деп, жемеледи. Бир четинен, аялымдын айткан сөзүнүн туура жактары да бар. Чыны менен адамдык жашоодо, ошол мезгилде болуп жаткан өзгөрүү-көрүнүштөрдү даана түшүнбөстөн, баягы догматик адатыбыз менен өзүн-өзү сындоо – бул өзү коомдун кыймылдаткыч күчү болот деп эле тилибизди такылдатып жүрүп, өзүбүзгө душмандарды көп чогултуп алган экенбиз.

Бир убакта, айлам кеткенде, аялыма бир мисалды келтирдим. Илгери Пугачёв самозванец болуп, өзүн-өзү хандын тукумумун, мен хан болушум керек деп өзүн хан деп чакырып, турмуштары начар дыйкандардын бардыгы тең Пугачёвго аскер болуп кошулушуп, жер-жерлердеги дыйкандар көтөрүлүшкө чыгып, алар карапайым калк аттууну эзген байлардын мүлктөрүн бүтүндөй тоноп алат экен. Ошентип, ал өзүнөн-өзү хан болдум деп, эки жыл, үч жыл чамасында Урал суусунун айланасындагы боярларды, дворяндарды талкалап, азабын колуна берип, анан өзүндө билим, план болбогондон кийин, башаламан чабуулдарды оңду-солду жүргүзүп, бир азыраак жерде жеңиштерге жетишсе дагы, акырындык менен бара-бара тилеги ишке ашпай, күчү кете баштайт. Ошол убакта бирөө Пугаёвду колго түшүрүп берет. Колго түшүргөндөн кийин темир торго салып, Москваны көздөй алып жөнөшөт. Воеводанын кызын сүйүп калган бир жигитти кошо Пугачёвдун жанына темир торго салып, аны да алып кетишет. Ошол алып кетип бараткан баягы жигит: «Мен болсо бир воеводанын кызын сүйүп калып, ошонун кесепетинен сенин жаныңа кошулуп кетип баратам, мени эмне атып иймек беле, кызы аман-эсен колунда турат. Мени көп

болсо Москвага баргандан кийин бошотот, коомдук, дүйнөлүк же болбосо өкмөткө каршы чыккан эч кандай деле оор кылмышым жок, жөн эле мени сенин жаныңа эрмек болсун деп кошуп беришсе керек. Сага эмне болду, байкуш, эми баргандан кийин Кремлдин жанында сенин башыңды дөңгөчкө коюп туруп алат. Көргөн күнүң ушубу, ушинтип жашабай эле койбойсуңбу. Үч жыл хан болом деп, элдин бардыгына тең бүлүктү салып, ушундай ызы-чууга батырып, өзүңдөн-өзүң өлүмгө бардың. Ушунун эмне кереги бар эле? Өзүңдүн жаныңды бакпайсыңбы?» – деген экен, жанагы менин аялымчасынан. Анан ошондо Пугачёв айткан экен: «Мен Урал суусунун жээгинде жүргөнүмдө, бир улгайган калмак аялдын мындай бир накыл жомогун уккан элем. Ал накыл жомок мындай. Бүркүт отуз-отуз беш жыл жашайт экен, андан узак жашай албайт экен. Ал эми кузгун болсо үч жүз жыл жашайт. Анан бир күнү бүркүт менен кузгун сүйлөшүп отуруп, бүркүт кузгундан канча жыл жашайсың деп сураптыр. Ал үч жүз жыл дептир. Сен эмне жеп, эмне кылып эле 300гө чыгып жатасың, сенин жеген тамак-аштарыңды барып бир көрөйүнчү деп, кузгунду ээрчитип алып барса, кузгундар жөн эле бир тарпты талап, ирик-чириктерди жеп, ошону тытышып жаткан экен. Анан бүркүт тиктеп туруп, кузгунга айтыптыр. Ушундай ирик-чирикти жеп, ушундай келжиреп, ушундай турмушта 300 жыл жашап өткөндөн көрөкчө, өлгөнүм артык. Бул турмушуң менен мен үч жүз жыл жашоону каалабайм. Андан көрө, мен отуз беш жыл жашасам дагы өзүмдү абдан эркин сезип, таза тамак жеп, таза кан соруп, отуз жыл жашаганым жакшы эмеспи деп кузгундун жашоосуна алымсынбай учуп кеткен экен. Аны сыңарындай, мен үч жыл падыша болуп алдым. Эмне арманым бар?» – деп.

Ошондуктан, жашоодо жанагыдай бузукулукту жасап, келжиреп көрүнгөндүн колтук-башына кирип жашап өткөндөн көрө, таза жашап өлгөн жакшы. Аны эл-журт өзү эле билет. Ким кандай экенин, ким бузуку экенин, ким адилеттүү, билимдүү, эстүү адам экендигин сөзсүз эл билет. Анткен себеби, биз эл менен жашайбыз. Култуңдап, мен билгизбей койдум деген менен эл билет.

## Сүйүү жөнүндө сөз. Сүйүү деген эмне?

Мен муну кийинкилерге сабак-таалим болсун деп айткым келет. Анткен себеби, жарыкчылык дүйнөгө бир жаралып келген адам пендеси үчүн жашчылык, махабат темасы тек кайдыгер кол шилтеп өтүүчү темалардан эмес.

Азыркы жаштар телевидениеден, тыяк-быяктан сурайт: «Сүйүү деген эмне? Сүйүүнү кандай түшүнөсүң?» – деп. Жаш кыздар, институттун үчүнчү-төртүнчү курстарына келип калган студент балдар мына ушундай аңгеме курушат. Чыныгы, туруктуу сүйүү жөнүндө билгилери келишет. Буга мен дагы өз пикиримди айткым келет.

Сүйүү деген – бул, менин пикиримде, ошол жакшы көргөн кишиңдин бүт турпатын жан-жүрөгүң менен сүйүү дегенди билдирет. Ал тургай, бутунун тырмагына чейин сүйүү болуп эсептелет. Жакшы көрөсүң, аны көргүң эле келип турат. Аны менен колтукташып баскың келип турат. Ойногуң келет. Такыр уйкуң келбейт. Мына ушинтип отуруп, кийин эң эле кубаттуу Сезим – бири-бирине берилгендик деген Рухий күч жаралат.

Сүйүү деген өтө сүрдүү болот. «Өмүрлүк жолдош болоюн сиз менен!» деген ойду айтыштын өзү абдан бир кыйын нерсе. Муну чыны менен сүйүп, ага чыны менен берилген киши айта албайт. Ага көп убакыт керек. Көп убакытка кыйналып жүрүп, оозунан араң сөз чыгат. Анан кээ бирөө бар экен. «Мен сени сүйүп калдым!» деп калышат. Мына ушуну мен такыр түшүнө албайм. Мен өзүмдүн өмүрүмдө өткөн сүйүүнү сүрөттөсөм, элдикиндей, ошону менен бирге, таптакыр башкача түрдө болуп өткөн эле. Ошондой сезимге тушуккан адам бири-бирисиз жашай албай калуу, башкача айтканда, эки адам бир бүтүн болуп, бир теңи ал, бир теңи сен болуп каласың. Ошол деген анык сүйүү болот. Ошондон кийин гана, үйлөнгөндөн кийин, балдарың төрөлүп калганда болгон-турган сүйүүңдүн баары балдарыңа өтөт экен да адамдын жашоосунда. Мен ошентип жүрүп үйлөнгөнмүн.

Анда колуктум 18 жашта, мен 19 жашта элем. Ошол сүйүүм жөнүндө элестетсем, ал деген өзүнчө бир абдан сүрдүү, бир ажайып нерсе эле. Сүйүү деген өзүңдү тартипке салат. Калжаңдаганды коёсуң, тентектикти токтотуп, ошол

сүйгөн кишиге жагайын деп аракет кылып каласың. Сыланып-сыйпанып, жадагалса, кийим-кечелериңди тазалап, өзүңдү таза кармап, тыкан кийинип каласың. Сүйүү деген мына ушундай башталат.

Ал убакта, бизде эмне, үтүк деген жок. Шымдарыбызды жаткан керебеттин алдына салып, кырын чыгарып алыш үчүн суу сээп, үстүнөн матрац менен бастырып жатаар элек. Кандай болгон күндө да, эптеп аракет кылып кийимдерибиз зыңкыйып турса деп ойлоноор элек. Мен училищада окуп жүргөндө жакшы окуганымдын бир себеби, андагылардын «активи», б.а. жатаканага «домком» болдум. Ошондо эртең менен эрте экинчи, үчүнчү курстун балдарына физзарядка ойнотот элем. Өзүм команда берип чуркатып, ойнотчумун. Мына ушулардын бардыгы башка балдарга караганда жөндөмдүүлүгүмдөн болуш керек. Болбосо, менден башка деле далай балдар бар эле. Бу деле ошол окугандардын ичинде башкаларга караганда авторитет болуш керек деп ойлойм.

Сүйүү дегениң абдан сүрдүү болот экен дегенимдин бир сырын айтайын. Нарын шаарындагы В.Чкалов атындагы орто мектептин имаратынын жанында жатаканабыз бар болчу. Ошондон нары карай барганда токой чарбасынын кичирээк дүкөнү бар эле. Ошол дүкөнгө үч-төрт бала болуп, Сулайман, мен болуп бардык. Бир буханка нанды сатып алып, төрткө бөлүп жеп жатсак, ботом, бизди аңдып баргансып, сүйлөшкөн кыздарыбыз кылт этип чыга калса болобу. Уялып кетип, мен нанды Сулайманга бериптирмин. А Сулайман кайра мага бериптир. Ошентип, алмак-салмак түртүшүп, наныбызды ката албай, бири-бирибизге берише бериптирбиз. Мына, көрбөйсүңбү, сүйүүнүн кандай сүрдүүлүгүн, ал турмак, тамак жегенден да кыздардан уялып жатабыз.

Мен сүйүү жөнүндө дагы бир-эки ооз сөз айткым келет. Сүйүүнү оюнчук катарында эсептегендер бар. Эки жаш өмүрлүккө түбөлүккө баш кошуп, анан кийин бел байлап, жашоодо бир келген өмүрдү ушундай бир ардактап, балалуу, чакалуу болуп, жакшылыкка жетемин деген ой менен үйлөнүүгө тийиш. Кээ бирөөлөр, сүйөт десе эле, ар кандай жаңылыштыкка барышат. Маселен, биздин кыргыз элинде көп жаңылыштык кетирип жаткан жер: мобуреки жаштар бирибирин тандап, бири-бири менен аябай сынашып, бири-би-

рин аябай терең түшүнгөндө үйлөнүшпөйт. Анан ала качып келмей бар. Бул жакшы натыйжа бербей тез эле ажырашып кетип жатышат азыр көпчүлүк жаштар. А кээде ата-энеси тигиндей-мындай жакшы үй-бүлөнүн баласы деп, мындай бир тааныштык аркылуу, же болбосо, кадырлаш кишилер бирибирин терең билгендиктен, ошол урматташуубуздун уландысы болсун деп, балдарын күчкө салып үйлөндүрүп койгон учурлар көп кездешип жатат. Айта кетчү нерсе, мында эки жаштын көңүлдөрү бири-бирине абдан туура келип, андан ары сүйүүсүн улантып, түбөлүк басып өткөн жолдорун жакшы алып кеткен учурлар да болот. Бирок, ата-энесинин дүнүйөсүн карап, кээ бирөө мансапка карап үйлөнгөндөр да көп болуп жатпайбы. Маселен, кээ бирөө мансапкор байдын кызын алсам, ушуга тийсем, жогорку даражадагы мансапка ээ болот элем деп жеңил ойлуулукка берилишип, ал жагы дагы жакшы натыйжа бербей, жалындуу мезгилдери текке өлүп жатат. Мен ошолордун бардыгына тең этият-сак болууну сунуш кылаар элем.

Сүйүү адам баласынын турмушунда чоң роль ойнойт, ал эң зор кубаныч да, терең кайгыруу да алып келет жана ынак сүйүү ыймандык болуп саналат. Кубаныч болот, кубаныч дагы, терең кайгыруу дагы нравалык милдет болуп саналат. Сүйүү – эң зор, эң жогорку сезим. Ал адамдын баарын талап кылат. Аны болоор-болбос нерсеге айландыруудан этият болуу керек. Сүйүүгө бүткүл жаныбызды жумшоого болот. Аны ыйык тутуп, сактай билгиле деп айткым келет. Моралдык жактан, тула-бою жактан бири-бири менен терең ишеничте жашоого болбой калуу бирин бири сүйүүгө жатпайт дегендик. Бирин-бири түшүнүү, сүйүү сезими бир топ убакытты – мезгил сыноосун талап кылат. Жеңил ойлуулук менен баш кошуп алуу чоң жаңылыштыкка алып келип жатат. Ошон үчүн майда-барат, адепсиз иштер менен булганбай, таза иштер менен алек болуу керек. Бул жамандыкты кийин оңой менен жууп кетире албайсың.

Эки жаш оокат кылууга толук мүмкүнчүлүктөрү жеткенде гана үйлөнүүлөрү керек. Маселен, ата-энесинин мойнуна минип алып, алардын байлыгына, дүнүйөсүнө таянып үй-турмуш кургандар бар да, бул дагы чоң жаңылыштык. Эки жаш баш кошкон мезгилде өздөрү оокат кылып кеткендей болуш керек.

Турмуш илгери карай өнүгө берет, өсө берет. Ал эми баш кошчу жаштар коомдун өнүгүшүн, турмуштун өнүгүшүн терең түшүнө албаса, алар өзү артта калат. Көп эскичиликке барат. Ошондуктан турмушту терең билип туруш үчүн коомдун өнүгүшү жөнүндөгү мыйзам ченемдүүлүктөрдү терең түшүнө билиш керек.

Эки жаш бири-бири менен баш кошкондон кийин, адамдык эң жакшы сапаттарга ээ болуш үчүн жубайлык турмушка сабырдуулук менен мамиле кылыш керек. Маселен, биринчиден, кең пейил болуш шарт. Андан кийин ар кандай иштерге кечиримдүү болуп, ар кандай кыйынчылык, кубаныч, кайгыруу, өйдө-төмөн болгон мезгилде ошолордун бардыгына сабырдуу, салмактуу мүнөз күтүү – бул өзү адамды кооздукка, бактылуулукка алып барат. Айрымдар майда-барат иштер менен алек болуп, оозунан эмне чыкканын билбей, кошуна, жолдошторуна ар түрдүү жаман ойлорду айтып, өзүнүн жаман жактарын көрсөтүп жатат. Ошондуктан бул жашоодо сабырдуу, токтоо, чыдамкай болуу, жаман айткандарга анчейин көңүл бурбоо жаштарды бактылуулукка жеткирет деп айтсак, жаңылыштык эмес. Андан кийинки эң негизги маселе эне-атасын сыйлоо болуп эсептелет.

## Бакыт жөнүндө даанышмандар да айткан, мен да айтам...

Эне менен ата балага эч качан жамандык ойлобойт, жакшы болсо экен деп, ошого сыймыктанат. Бирөө жаман баласынын ордуна жакшы баласын бербейт. Ошондуктан эне-ата бардык көргөн бакты-таалайын балдарынан издейт.

Албетте, эне-ата балага жашоодо чоң таасирин тийгизет. Бала атасын туурайт, кызы энесин туурайт. Ошентип, ошол үйдө жагымдуу, туура жакшы шарттар болсо, балдар жакшы тарбияланат. Адептүү балдар болушат. Чыгыш элинин даанышманы Алишер Навои айткан экен, адам эки дүйнөдө ата-энесин жакшы көрөм десе, жакшылап сыйлап өтүш керек деп.

Жакшы адам болуу үчүн тынымсыз окуш керек. Окубасаң артта каласың. Көп окусаң – көзүң ачылат, алдыны көрө

билесиң. Турмуштун өнүгүшү жөнүндө түшүнүктөрдү терең кабыл аласың. Алдыңда кездеше турган зор кыйынчылыктардан эркин, буйдалбай өтөсүң. Антпесең, сабатсыз тейде калып, өзүңдү эркин сезе албай, зоодон өтө албай, сууга кулайсың. Ошондуктан, мен түгөй болуучу эки жашка тынымсыз окууну, адамдын жакшы сапаттарына ээ болууну каалайм. Алар баш кошкондон кийин бири-бирин сыйлап өтүү керек. Ажырашуу – бул оңой-олтоң иш эмес. Бекеринен биздин кыргыз элибиз айткан эмес: «Ажырашуу – бул капкалуу шаар бузулганы менен барабар» деп.

Адам бактылуу болом десе, башка адамдарды жакшы көрүш керек. Адам кемчиликсиз өмүр кечирүүгө мүмкүн эмес. Адам болгондон кийин, кемчиликсиз адам болбойт, жашоонун ушул жагын түшүнө бил. Адам бактылуу жашаш үчүн мээнеткеч да болуш керек. Мээнеткеч адам эч качан кор болбойт. Алдына максат коюп, өзүнүн огородун, короо-жайларын иретке келтирип аракеттенсе, ошондон сонун бейиштей болгон жерди жаратууга болот. Ошондуктан эмгекчил, мээнеткеч болуш керек.

Бардык адам бирдей жаралган. Бирдей эле коомдо жашап жатат. Болгон айырмасы – бири бай, бири кедей, бири бактылуу, бири бактысыз. Бир адам жасаганды бардык адам жасаса, баары колунан келет.

Адамдын куруучулук, түзүүчүлүк жөндөмдүүлүгү бар. Бирок, ушул куруучу, түзүүчү жөндөмдүүлүк эркин гүлдөп өссүн десек, ага эркиндик керек экен. Мурунку социалисттик заманды жаман деп айтпайм. Анын жакшы жагы да бар, жаман жагы да бар. Эми мобу капиталисттик коомдун да жакшы жагы бар, жаман жагы бар.

Ушуга байланыштуу мындай нерсени айткым келет. Социалисттик коомдо адамдын терең ой жүгүртүп, эркин аракеттенүүсүнө толук мүмкүнчүлүк болбостон, аны чектеп гана коюшкан. Маселен, мунун атасы жакшы чабан болгон, жакшы сугатчы болгон, муну алдыга өткөзүш керек деген идея жашаган. Мунун атасы дыйкан болгон, демек, бул да дыйкан болуш керек деген идея күч алган. Социализм учурунда эркиндик анчейин болгон эмес. Муну баарыбыз эле жакшы билебиз, түшүнүп эле жүрөбүз. Азыркы коомдо эркиндик

бар. Өзүңдүн жөндөмдүүлүгүңдү толук көрсөтүүгө, толук пайдаланууга мүмкүнчүлүгүң бар. Анткени, сен эркинсиң! Ошондуктан, жакшы жашоо үчүн, биринчи кезекте, билим алыш керек, сөзсүз түрдө билимдүү, илимдүү болуш керек. Азыр билим алууга толук мүмкүнчүлүктөр ачылган, ошондой эле адам аракетчил, мээнеткеч болуш керек. Мурунку коомдук түзүлүштө чектеп коюу болгондуктан, малчынын баласы – малчы, интеллигенттин баласы – интеллигент болуш керек деген тымызын саясат катуу эле.

Капиталисттик коомдо адам абдан эркин болот экен, кааласаң иштейсиң, каалабасаң иштебейсиң. Эркин болгондон кийин, колдон келген нерселердин бардыгын жасап алууга болот. Мен дагы бир нерсени айткым келип жатат, ошол эркиндиктин натыйжасында элдин бардыгы тең байыш керек. Ар бир адам эл катарынан калбай аракеттенип, жакшы жашоону көздөй умтулуп, жакшы жашап, жакшы там салып, жакшы кийинип, өзүнүн жакшы эс алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, мына ушундай аракеттерди жасаш керек, менин оюмча.

Элдин баары тең бир кылка, текши байыса жакшы болот. Бир адамдын өзүнүн жеке керт башынын байышы – эч нерсеге татыбайт. Ал өзү эч нерсеге ыраазы деле болбойт. Мейли, ошол дворец салып алсын, эки кабат койкойтуп. Эки кабат, үч кабат тамды салып алып, гүл бакчасын аңкытып койсун, бирок, анын ырахатын эл көрбөйт. Ошондуктан элдин баарында ошондой ырахат болуш керек. Элдин курсагы да ток, кабагы да куунак болгонго не жетсин. Жалгыз кишинин байып алганы эмне, элдин эң басымдуу бөлүгү жарды болуп, ачарчылыкта, жетишпеген турмушта жашап жатса, бир адамдын жыргап жатканы кандай болот? Элде болуш керек. Элдин дасторкону толтура болсо, нанды да жебей, четинен кетип жеп калат. Эгер элдин баары тең ачка турса, жанагы байдын курсагы өзүнөн-өзү ачка болуп, кийген кийими, жашаган турмушу эч качан оңолбойт. Эркиндик деген – чоң мааниге ээ түшүнүк. Жаштар ушуну туура түшүнүп, баалай билүүсү керек.

## Ач тоюнат, а ач көздөрдү ким тойгузат?

Салыштырып көрсөм, мурунку өткөн заманда адамдын билим алып, окуусуна абдан терең маани берилгендиктен, колунда жок болуп, жакыр жашап турса дагы, анын ички дүйнөсү, жалпы адамзаттын өнүгүшүнөн маалымат топтогон рухий казынасы жакшы эле экен. Маселен, мурда улуттарга, уруктарга бөлүнүп, өзүн башкалардан өзгөчөлөнтүп көрсөтүүгө партия аябай каршы турган. Жалпы элдин баарын бир туугандыкка тарбиялоо, бир адамдан тараганбыз деген маани-де, мындайча айтканда, «Адам – адамга дос, жолдош жана бир тууган» деген ураанды көтөргөн идеология үстөмдүк кылчу эле. Баарыбыз тең эле Москвага, Россияга карачубуз, канча жүздөгөн улуттар бар эле, ошолордун бардыгы тең сен тигил улуттансың, мен бул улуттанмын дебестен, бир тууган-дай жашап, достой болуп, бат-бат катташып турчу элек.

Ошол мезгилде тарбияланган совет адамын кайсы жер болбосун – Европадагы капиталисттик өлкөлөрдүн арасына алпарып таштап койсо да өзгөчө бөлүнүп турчу. Анын маданияты, кишиге жасаган мамилеси, кең пейилдиги бир жагынан жакшы эле да. Эми азыр капиталисттик коомдун бир эң жаман жери: ошол «акча – дүнүйө» деп жатып эле, акчаң болсо гана жашайсың, акчаң болсо бийликке да барасың, акчаң болсо эл арасына кадырлуу да, барктуу да болосуң деген түшүнүк үстөмдүк кылып, бир тууган бир тууганга деле каралашпай, сыйлашуу, урматташуу деген барган сайын калып баратат.

Керек болсо, атасы менен энесинин пенсиясын талашып, атасы менен энесин өлтүрүп жаткандар да мындан көп, тезирээк байып алып туруп, үй-бүлөсү бузулуп жаткандар андан көп. Мына ушундай баш оорутма коомдук түзүлүш абдан начар көрүнөт экен. Ушул жагында тарбия такыр унутта калат экен. Анткен себеби, турмуштун, коомдук түзүлүштүн өзүн көрүп эле, бийлик менен, акча менен, дүнүйө менен бийликке жетип жаткандар каалагандай чардашып, колунан келеби, келбейби, билими барбы, маалыматы барбы – ага карабай, акча берсе, ошону алып барып «май талкандуу» кызматка коюп коёт, туугандарын коюп коёт.

Бир сөз менен айтканда, бардык жерде акча керек экен, жетиштүү акчам болсо, мен азыр губернатор болом деп жүргөн балдар бар. «Тыягында», нары жагында эч данеги жок, ойлоосу мукур, даремети чектелүү, рухий дүйнөсү жакыр, турмушта өз алдынча иштеп да көргөн эмес, бирок, «коюп эле койсо, башкара берет экемин» деп, акчанын, бийликтин күчүнө ишенген ошондой немелер коомубузду абдан бузду. Маданиятыбыз, тарбиябыз да бузулду. Ач көздүк күч ала баштады.

Кыргыздын жакшы сөзү бар эмеспи: «Курсагы ачты тойгузса болот, ал эми ач көздү эч качан тойгузууга болбойт» деген. Так ошол элдик сөздүн чындыгы келип жатат. Мен: жүрүп-жүрүп отуруп бир убактарда эл жардылыктан кутулуп, байыйт, анан ички маданият, рухий дүйнөнү өстүрүүгө катуураак көңүл бурулуп, адам – адамга дос, жолдош, бир тууган болуп, бардыгы бир элден тараган, бир адамдан тарагандай болуп сезилип калат го деп ойлойм.

Мына, азыркы кезде шайлоолорду көрүп жатпайбызбы, жашырганда эмне, алар урук-тууган, илик-жатыш, карым-катыш издөө «принциби» аркылуу, «Жаман да болсо өз улагымды теке салам» деген көөдөк ураан менен жүргүзүлүп жатат. Ал эми тигил жарактуубу, туруктуубу, ал өзү кандай адам, ички дүйнөсү кандай, жөндөмдүүлүгү кандай, бийликке жетсе, ошол татыктуу башкара алабы же жокпу, ага карабайт. Жер-жерде эмне деген гана укмуштуулар боло баштады, курсагы ачып турган кишилер жүз грамм арак менен эле бир кесим этке, же бир сындырып нанга алданып, «сага салам» деп, кээ бир байлар акчасынын баарын тең элге чачып, бийликке жетиш үчүн уят-сыйыттан кетип, өз керт башын гана ойлогон жаман иштерди жүргүзүп жатат.

Мен эң көрүнүктүү инсандын бири 28 жыл бою СССРдин тышкы иштер министринин кызматын аткарган А.А.Громыко болчу деп эсептейм. Анын «Памятное» деген 2 томдуу китеби бар экен. Ошол китебинде ал өзүнүн өткөн мезгилдеги эсте калгандарын жазыптыр. Окуяларга, турмуштук сабактарга бай өмүрүндө чоң-чоң кишилер менен дайыма жолугушуп жүргөн экен. Алардын кандай адам экендиги, ички даремети канчалык экендиги, кандай жөндөмдүүлүккө ээ болгондугу, өзүнүн табынын кызыкчылыгына канчалык берилип күрөш-

көндүгүнө чейин Рузвельт баш болгон президенттердин ми-
салында жазыптыр. Китепте «Шолохов Америка Кошмо Штат-
тарында» деген жери бар. Чыны менен, мына азыр биз ки-
рип жаткан капиталисттик түзүлүш жолунда Америка Кошмо
Штаттары кеминде 200 жылдан ашуун мезгилден бери ке-
латкан, өнүккөн өлкө. Шолохов Америкадагы шаарларды кы-
дырып, көчөлөрдө элдин батпай, чубап өтүп жаткандарын
көзү менен көрүп, болгон мыкты, керемет деген музейлери-
не кирип, шашылбай таанышып чыгыптыр. Ошолорду
көргөндөн кийин сурап калдым дейт: «Сизге Америка каягы-
нан жакты?» – деп. Улуу жазуучу ойлонуп туруп: «Америкада
чыны менен илимдин, техниканын ж.б. өнүгүү жагы, про-
гресси бар экен. Аны мен тана албайм, анткен себеби, АК-
Шнын капиталисттик системага өткөнү нечен жүздөгөн жыл-
дарды басты, ошол жылдарда эрегишүүнүн натыйжасында,
жакшы байлыкка жетишүүнүн натыйжасында илимди, техни-
каны өнүктүргөн экен. Бул жагы мага көрүнүп турат. Бирок,
бир жагы жакпай калды. Биздин Советтер Союзунда андай
эмес, маселен, көчөдө бир киши кокустан жыгылып калса,
биздин советтик адамдар аны дароо барып тегеректеп ту-
руп, ага жардам көрсөтүп, «тез жардам», тиги-бу керек деп
чуркайт. Америка Кошмо Штаттарында андай эмес, ушул жы-
гылган кишинин жанына эч ким барып да койбойт экен. Мен
ушул жагынан алганда америкалыктар маданияттан абдан эле
артта калган, дүнүйө үчүн күрөш жүргүзгөн дүнүйөкор эл
экен», – деп ачык-айкын жооп бериптир.

Американы, мына, мактап эле жатабыз. «Аргументы и
факты» деген гезитти окудум. Андагы маалымат боюнча, Аме-
рика Кошмо Штаттарында отуз жети миллион эл сабатсыз,
кат жазганды билбейт. Ал тургай, тамга тааныганды билбейт
деп окудум. Мен ошондуктан ойлоп жатам да, ал жерде де-
геле илимге, билимге акчалуулар, оокаттуулар гана окуйт
экен.

Жалпыга милдеттүү окуу дегенди бизге советтик систе-
ма берди. Өзүм аралашып, көрүп эле жүрбөдүмбү, маселен,
тээ алыскы кыштоолордогу чабандын балдарынан бери алып
келип окутуп, сельсоветтер алып келип мектеп директорло-
руна тапшырып, эгерде ал баланын жата турган жери болбо-
со, атайын интернат-мектеп уюштуруп, ошого жаткырып,

көндүгүнө чейин Рузвельт баш болгон президенттердин мисалында жазыптыр. Китепте «Шолохов Америка Кошмо Штаттарында» деген жери бар. Чыны менен, мына азыр биз кирип жаткан капиталисттик түзүлүш жолунда Америка Кошмо Штаттары кеминде 200 жылдан ашуун мезгилден бери келаткан, өнүккөн өлкө. Шолохов Америкадагы шаарларды кыдырып, көчөлөрдө элдин батпай, чубап өтүп жаткандарын көзү менен көрүп, болгон мыкты, керемет деген музейлерине кирип, шашылбай таанышып чыгыптыр. Ошолорду көргөндөн кийин сурап калдым дейт: «Сизге Америка каягынан жакты?» – деп. Улуу жазуучу ойлонуп туруп: «Америкада чыны менен илимдин, техниканын ж.б. өнүгүү жагы, прогресси бар экен. Аны мен тана албайм, анткен себеби, АКШнын капиталисттик системага өткөнү нечен жүздөгөн жылдарды басты, ошол жылдарда эрегишүүнүн натыйжасында, жакшы байлыкка жетишүүнүн натыйжасында илимди, техниканы өнүктүргөн экен. Бул жагы мага көрүнүп турат. Бирок, бир жагы жакпай калды. Биздин Советтер Союзунда андай эмес, маселен, көчөдө бир киши кокустан жыгылып калса, биздин советтик адамдар аны дароо барып тегеректеп туруп, ага жардам көрсөтүп, «тез жардам», тиги-бу керек деп чуркайт. Америка Кошмо Штаттарында андай эмес, ушул жыгылган кишинин жанына эч ким барып да койбойт экен. Мен ушул жагынан алганда америкалыктар маданияттан абдан эле артта калган, дүнүйө үчүн күрөш жүргүзгөн дүнүйөкор эл экен», – деп ачык-айкын жооп бериптир.

Американы, мына, мактап эле жатабыз. «Аргументы и факты» деген гезитти окудум. Андагы маалымат боюнча, Америка Кошмо Штаттарында отуз жети миллион эл сабатсыз, кат жазганды билбейт. Ал тургай, тамга тааныганды билбейт деп окудум. Мен ошондуктан ойлоп жатам да, ал жерде деңгээле илимге, билимге акчалуулар, оокаттуулар гана окуйт экен.

Жалпыга милдеттүү окуу дегенди бизге советтик система берди. Өзүм аралашып, көрүп эле жүрбөдүмбү, маселен, тээ алыскы кыштоолордогу чабандын балдарынан бери алып келип окутуп, сельсоветтер алып келип мектеп директорлоруна тапшырып, эгерде ал баланын жата турган жери болбосо, атайын интернат-мектеп уюштуруп, ошого жаткырып,

ушундай илим берип, он жылдык билим алуу системасын киргизди эле. Мына эми ошол жагынан салыштырганымда, чынын айтканда, асман менен жердей эле айырмасы болуптур. Ошонун аркасында элдин баары сабаттуу да.

Рынок системасына өттүк эле, көрүп отурабыз: биздин кыргыз элинде эң чоң байлыгыбыз – ушул совет мезгилинде алган билимибиз болуптур. Канчалаган илим тармагынын кандидаттары, докторлору чыккан. Анан дагы айта турганым, азыр Россияга, башка өлкөлөргө барса, биздин врачтар ушунчалык кадырлуу, барктуу болуп, ал жерде айлыктары да жогору экен.

Чет өлкөлөргө кеткен илим-билимдүүлөр үчүн орундар кенен, белен экен. Мен ушул жагына таң калып, жогору баа берем. Совет бийлиги элди билимдүү кылмайынча, кайда, качан болбосун, илим-билимсиз ойлогон максатка жетишүүгө эч мүмкүн эмес деп эсептеген да.

Бизде азыр мугалимдердин, врачтардын айлыктары эң төмөн, ошон үчүн туулган жерин таштап кетип жатышат, базарларга кетип калып жатыщат. Миң сом, эки миң сомдук айлык менен иштебейбиз деп жатат. Өкмөт колунан келишинче, алынын жетишинче эмгек акысын жогорулатууга далалат жасап келатат. Мейли, механизатор, зоотехник болсун, мейли, врач, юрист болсун, бардык кесиптегилер мектептерде мугалимдерден окуп, тарбияланышат. Ошондуктан окуу сапатын жогорулатып, эң жакшы билим алабыз десек, анда мугалимдердин эмгек маянасын кескин көтөрүү керек. Мугалимдердин айлыгы Өкмөттө иштегендердикинен да жогору болуш керек. Ошондой болгондон кийин гана абдан тандалган, улуттун, элдин келечегин дүйнөлүк деңгээлде өстүрчү мугалимдер өсүп чыгат. Ошондо мыкты балдар мугалимдикке кирип окуйт элек деп эңсеп калышмак. Азыр мугалимдикке кирип окуудан көпчүлүк балдар баш тартып жатышат.

## Биз заманды жаратсак, заман бизди жаратат

Ар бир адамдын ойлоосу, сөз сүйлөгөнү акылынын чеги дейт. Өзүмдү акылдуу деп сезбеймин. Бирок, азыркы мез-

гилдеги билим деңгээлиме, басып өткөн жолума карата көз карашымды айткым келет. Ар бир адамдын өзүнүн деңгээлине жараша көз карашы болот. Мен муну эмне үчүн айтып жатам? Айтып жатканымдын себеби, мына ушул СССР талкаланды, бөлүндү, кыйрады. Өзүнчө эгемендүү республикалар пайда болду. Башкача айтканда, экономикалык, саясий, маданий байланыштардын бардыгы тең үзүлдү. СССР бөлүнүп жатканда жанагы Масалиев, Акаев ж.б. практикалык жактан кыйынмын дегендер, далай илимпоз-окумуштуулар отурду, Жумагулов деле отурду. Андан сырткары, өздөрүнөн өздөрү жулунуп чыккандар болду. Мына ошолордун көз карашы боюнча салыштырып отуруп, биз жанагы акча роль ойной турган коомдук түзүлүшкө өттүк. Бардык нерселер сатылат деген. Мен ошого таң калам, эмне үчүн социалисттик коомдук түзүлүштөн баш тартып, базар экономикасынын саясатына өтүп, анан ушундай оор турмушту башыбыздан өткөрүүгө биз өзүбүздү өзүбүз мажбур кылдык? Ошол кишилер эмне үчүн ушуга өтүш үчүн тырышышты? Мен ушуга түшүнгөн жокмун.

Эгемендүүлүктү алгандан кийин алар ойлонуш керек эле да. Эгемендүүлүктү алдык, эми биз өзүбүзчө система менен барышыбыз керек деп ойлонуш керек эле да. Биз, башкача айтканда, социалисттик системаны улантышыбыз керек, анын керексиз жактарын алып таштышыбыз керек. Бирок, негизги байлык коомдук менчик бойдон калыш керек деш керек эле да. Ошондо биздин элибиздин аң-сезими дагы, маданияты дагы, экономикалык жактан өнүгүшү дагы жогору болуп, азыркыдай онтолоткон кризистерди биз четтеп эле өтөт болчубуз. Анткени, коомдук менчик талкаланбай, өз-өз ордунда калмак. Укмуштуу кишилердин бардыгы тең отуруп, ушул коомдук түзүлүштү жактап, мактап, көзү жок өтүп алгандарына мен таң калам. Анын азабын азыркы күнгө чейин тартып жатабыз. Калп айткан менен болобу, он беш жыл, он тогуз жыл болду, он тогуз жылдан бери эле чыр-чатак, талаш-тартыш, эки коомдук системанын ортосундагы кармашуулар болуп келе жатат.

Ошондуктан бийликтин башына келген жанагы биздин кыргыз интеллигенттеринин жетеленүүчүлүк абалга өтүп кетүүсүнө мен абдан наарazы болом. Же түшүнүп жатамбы, же түшүнбөй жатамбы, жеке менин өзүмдүн көз карашымда

абдан наапазы болом. Мен ойлоор элем, акыры жүрүп отуруп, каалайбызбы, каалабайбызбы, ушунча жылдар бою бир зор өлкөнүн ичинде калыптанган экономикалык байланыштарыбыз үзүлсө, башка өлкөлөр менен ойдогудай байланыштар болбосо, өнүгүү болбой калууга мүмкүн, өспөй калууга да мүмкүн деп. Жалгыз мамлекеттин колунан келбеген нерсеге реалдуу караш керек да, айласыздан башка мамлекеттер менен биригип, чоң экономикалык маселелерди чечиш үчүн аракетттенүүгө туура келет. Ошондуктан акыры жүрүп отуруп, баарыбыз тең биригебиз, бирикпей койбойбуз. Георгий Димитров айткандай, бул коммунизм, социализм дегенден ирээнжибей эле койгула.

Бир күнү К.Баялинов атындагы китепканада Чыңгыз Айтматов менен жолугушуу болуп калды. Бул жолугушууга келип катышасың дегенден барып катыштым. Маданият министри С.Раев баш болгон жазуучулар жана башка бир топ маданият кишилери келишти. Ошондо «Азаттык» радиосунун кабарчысы, Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеев да катышып отурду. Мен өзүмдөн өзүм, уйгуланып, туйгуланып отуруп, Чыңгыз Айтматовго бир суроо бердим. Азыркы заманда Кыргыз Республикасы ушундай оор абалда калды. Өнүгүү процесси кыйын болуп жатат. Мына ушуну сиз өзүңүз аралашып жүрүп көрүп, дүйнөлүк талантыңыз менен Гималай чокусуна чыккандай дүйнөнүн бардыгын көрүп турасыз. Кыргыз Республикасынын, элинин ушундай кыйналып жатканына бир ооз сөз айтпастан, гезиттерге жазбастан, же бир кандайдыр бир багыт бербестен, унчукпай койдуңуз. Эмне үчүн?» – десем: Чыңгыз Айтматов мындайча жооп берди: «Менин байкашыма караганда, сиз өзүңүз окумал эмес, сезимтал адам окшойсуз. Мындай суроону мага эл көптөн бери эле берип келатат, сиз биринчи эмессиз. Айталык, бирөөлөр башкарууну эле жакшы көрүшүп, жалаң бийликке гана умтула беришет экен. Барсын, башкарып көрсүн. Чоң бийликти алып кете алабы? Бул – башка маселе. Дагы бирөөлөрү бүт өмүрүн жалаң бизнеске арнагысы келет. Барсын, бизнестин «алиппесин» гана эмес, конкуренциянын, конъюктуранын «алгебрасы» менен куралданып, күрөшө билүүнү үйрөнсүн! Айрымдары өндүрүштү жетектеп, өндүрүүнү арбытуунун, каржы чыгымдарын үнөмдөөнүн жолдорун изилдеп, ийгиликке жетүүдөн

ырахат табат экен. Кайсы коом болбосун, экономисттер өтө керек, ансыз чарба өспөйт да! Ал эми жазуучулардын функциясы, биздин ишибиздин башкаруу менен да, бийлик менен да, бизнес менен да, экономикалык анализ менен да тикелей эч байланышы жок. Биздин максат адамдын «жандүйнөсүн» агартуу («башкаруу» эмес!). Мен өз чыгармаларымда Кыргызстандын бүгүнкү-эртеңки абалдары тууралуу, аларды жолго коюу багыттары жөнүндө баарын ачык-так айткамын. Ким кандай кабылдайт, ал инсандык жеке иш. Булардан тышкары, мен элчилик кызматта болуп калдым. Ал дагы чоң, оор кызмат экен. Аларга да алагды болуп калып жатам», – деп жооп берди.

Анда Ш.Дүйшеев мени колтукка бир түрткүлөп өттү. Суроону жооп алдыңбы, канааттандыңбы дегендей. Мен айласыздан «жарым-жартылай» деп койдум. Чыңгыз Айтматовду дүйнө жүзүнүн бардыгы тең билет. Дүйнөдө анын чыгармалары которулбаган өлкөлөр жокко эсе болуш керек. Ошондуктан Чыңгыз Айтматов аркылуу кыргыз эли деген бар экен, кыргыз элинин кулуну экен деп, кыргыз элин бүт дүйнө жүзү тааныды. Муну эч ким талаша албайт.

Ч.Айтматовдун адамдык, калемгерлик калыптануу-суна эмнелер биринчи себеп болду? Ал жакшы үй-бүлөдө тарбияланган. Атасы революционер болгон. Энеси дагы мыкты, евромаданияттуу киши экени белгилүү. Ошон үчүн орус тилин жакшы үйрөнүп, Москвадан билим алышы эң негизги себеп болгон. Жаш кезинде дүйнөгө белгилүү жазуучу болом деген деле ою болбосо керек деп ойлоймун. Анткени, өзү тандап туруп, зоотехникалык окууга киргендигин айтам да. Жазуучу киши зоотехниктикке кандай себептен кирет? Адегенде эле адабиятка кириш керек эле. Анын өзүнүн нукура жаратылышында чоң талант болгон, дээринде чоң көрөңгөсү бар адам болгон, ошондой интеллектуалдуу чөйрөдө өскөндүктөн, анын дүйнөгө болгон көз карашы да ай-ааламдык деңгээлге тете болгон го деп ойлоймун.

Карабаев Жыргалбек деген жигит биз жакта зоотехник болуп иштечү. Ошол айыл чарба институтун бүткөн. Окууну чогуу бүткөндөрдүн жыйырма жылдыгына барып катыштым дейт. Ошондо Чыңгыз Айтматовго мугалимдер, китепканачылар да келип, бул жерде отурчу элен, тигиндей кылчу элен

деп көрсөтүп калышат. Ч.Айтматов ошондо эле ынтызар көз карашын, терең ойлуулугун көрсөтүп, жалаң «беш» деген баага окуптур. Жолугушууда бир китепканачы кемпир сүйлөдү дейт: «Менден ачкычты алып калып, китепканада жатып, Достоевскийдин, Толстойдун, Гоголдун ж.б. болгон атактуу орус жазуучуларынын чыгармаларын окучу элең», – деп. Чыңгыз ошондой чыгармаларды окуп, адам жан-дүйнөсү, психологиялык өзгөрүп-өсүүсү, сезим толкундоолорун тереңдетип түшүнүп, талантын, кругозорун өстүргөн.

20-кылымдын аягы – 21-кылым башталып жаткан мезгилде Чыңгыз Айтматов согуш адамзатка түшүүчү эң зор алаамат экендигин, андыктан бүткүл адамзат бүлөсү тынчтыкты сактоо үчүн талыкпай күрөш жүргүзүүгө милдеттүү экендигин айтып да, үндөп да жүрдү. Ал экинчи дүйнөлүк согушта совет эли жаалы катуу душманды социалисттик түзүлүштүн артыкчылыгы менен жеңгендигин айтат. Адам коому болгондон кийин болот экен да. Анын атасы ак жеринен атылып кетти, жеке эле жазуучунун атасы атылган жок, кыргыз элинин 40 жашка чейинки интеллигенция «каймактары» репрессияга туш болуп, атылды.

Чыңгыз Айтматов бир жерде сүйлөгөн сөзүндө айтып жатпайбы, абышкаларга барып калсам, тегеректеп отурушуптур, алар да күлүп, бир канаттуунун жүнү-башын аябай кыпкызыл кылып терип койсо, тоок үшүгөндө келип баягы отурган абышкалардын этегине кириптир деп. Сталиндин убагындагы анын бийлигинен жапа чеккендерди ошол тоокко салыштырат.

Менин терең ишенимимде, Сталин акылман, көрөгөч адам болгон. Ошол мезгилде дүйнө жүзүндөгү элдин баары тең Сталинден, анын акылмандуулугунан корккон. Сталинге ошол мезгилде мыкты дүйнөлүк лидерлер: Рузвельт, Черчилль да туруштук бере алган эмес. Дүйнөнү, башкача айтканда, бүткүл ааламды апааттан сактап калган Сталиндин акылмандыгы болгон. Анан социалисттик коомдук түзүлүштүн артыкчылыгын, анын мамлекеттик түзүлүшүнүн артыкчылыгын көрсөтүп, Сталин өзү улуу орус элине жогору баа берген.

Кыргыз өзү кыргыз тилин билбесе, улут болбойт деп ойлойм. Улуттун өзүнүн тили болуш керек. Аны өркүндөтүп-

өстүрүү кийинки кездерде абдан жакшы колго алынып жатат. Бирок, ошондой болсо дагы, биз орус тилин билишибиз керек. Орус тилин билбей эле, орус тилине атака коюп эле, тигиндей-мындай деп айтыш дагы туура эмес.

Ошол кыргыз тилин билген кишилер орус тилин дагы мыкты билиши керек. Анткени, орус тили – бул дүйнөлүк тил. Орус тили менен башка элдердин маданиятына кирет. Өзүбүз таанышкан дүйнөлүк адабияттын, маданияттын үлгүлөрүнүн бардыгы тең орус тилинде. Илим-техникага байланыштуу адабияттардын бардыгы тең орус тилине которулган. Мына ошондуктан орус тилине көп эле атака койбой, орус тилин дагы үйрөнгүлө. Кыргыз тили – бул өзү мамлекеттик тил, каткагаз – бүт бардыгын тең кыргыз тилинде жүргүзөбүз деп жатса, анын зыяны болбос эле. Бир жактуу иш жүргүзүп, бирөөнү жамандап, бирөөнү мактагандан биз эч качан өнүкпөйбүз дагы, өспөйбүз деген пикир кошкум келет.

## Сөз соңунда жаштарга насаатым

Менин жашым өтүп кетти. Азыр 80 жаштамын. Өзүмчө олтуруп, терең ойлорго баттым. Ушул 80 жашка чыгып эмнени көздөдүм, кандай ойлорду ойлочу элем, анан ал максатыма жеттимби? Жок, мен эл үчүн иштеймин, партиянын максаты чоң, биз коммунизмди курабыз деген идеяга катуу берилген экенмин. Партиянын мүчөсү болгондуктан, эмнеге багыт берсе, ошону жан-дилим менен берилип иштеп өттүм, пенсияга чыктым.

Ооба, элдин ичинде милдетимди айттырбай аткарып келдим. Бүткүл жасаган-өтөгөн иштерим эл үчүн эле. Советтик доордо партия мага ишенип жогорку кызматтарды сунуштады. Ошол күч-кубаттуу жылдарымда түздөн-түз жоопкерчиликти моюнга артып, элдин ичинде бирге дем алып, эл күлсө күлүп, кандай оорчулукта болсо да түйшүгүн кошо тартып жашоону чечтим эле. Биздин мезгилде колхозго жетекчи болуш деген – бул канчалаган үй-бүлө, канчалаган миңдеген элди артыңдан ээрчитип, аны жыргалчылыкка баштоо демилгесин аркалоо жоопкерчилиги болучу. Элдин баалоосуна, кадырлоосуна ээ болдум. Айрым ою бузуктар колунда-

гы убактылуу бийликтин күчү менен максатыма жеткирбей койду. Бирок элдин кадырлоосунда калдым. Муну өчүрүү, көө жабуу эч кимдин колунан келбейт экен.

**Элдин ичинде менин ким экендигиме баа берген окуучуларыма жана бирге иштешкен жетекчи азаматтарга ырахмат жана элдин урматына татыктуу болуп жылуу сөз укканыма ыраазымын!**

Эми мен дагы кайгы-капанын ортосунда жүрүп канча жашаймын белгисиз. Көп нерседен кечигиптирмин!

Негизги байлык – эл. Эл – түбөлүктүүлүктүн булагы турбайбы!

Менин балдарым, небере-чөбөрөлөрүм бар. Ошолорго тарбия беришим керек. Алар – менин келечегим.

Айтуучу насааттарым:

Эл-журтка жетекчи болбой эле койгун, бирок чыныгы адам болгонго тарбияланышың зарыл.

Адамды көтөргөн жакшы сапаттар: кең пейил, кечиримдүү болуу, адамды жакшы көрүү, сабырдуу болуу, бирөө жамандык жасаса да, ага жакшылык кылуу.

Ушундай жолго тарбиялоо менен калган өмүрдү өткөрүү – менин тилегим.

Карылыкка каршы күрөшүүш керек.

Канчалык даражаң өсүп, тың чыксаң, ошончолук душманың көп болот. Ал – турулуу реалдуулук.

Адилеттүүлүк болбогон жерде ак ийилет, бирок сынбайт.

Кадиксиз хандын мыйзамы каардуу, өзү мээримдүү.

Эл турмушу бирдей болбогон соң, көрө албастык деген боло берчү нерсе экен.

Бирөөнү жыргатып калп айткандан көрө, кыжырын кайнатып чындыкты айткан дурус.

Жакшы адамды заматта бузгандар: курулай келген атак, кошомат курган урмат-сый, чагымчыл бийлик, жарадан бүткөн байлык.

Бирөөнүн кечириши – көңүлүңө куунактык куйганы.

Убакыт деген баарын орду-ордуна койгон улуу сынчы гана эмес, баарын дарылаган керемет татым да турбайбы.

Эл ортосунда ынтымак түзүп, жакшылыктын үрөнүн сеп.

«Баспай калсаң парторг болом» дегендин баары партиядан чыгып тынышты

Сандаган окуялар башыңдан өтсө да, эсте калаар эчтекеси жок болсо, ал кандай өмүр?

Тирүүлүктө сыйлашуудан өткөн ырахат жок.

Өмүрүндө эч кимге жакшылык кылбаган, адамдарга жамандык кылганына мактанат.

Уктаган талант ойгонбосо өнбөйт, бирок өлбөйт.

Куунак жашоонун булагы – бирөөнүн көөнүн калтырбай сыйлашып өмүр сүрүү.

Ушакчы жамандап сени кемите албайт, чагымчыл чагып өлтүрө албайт, бирок убактылуу жаныңды кейитет.

Койгон максатыңа өжөрлүк менен эмгектенсең гана жетесиң.

Билимиңди эч ким жогото албайт, өзүң унутуп салбасаң болду.

Эки нерсени: абийир менен ден соолукту сатып алууга болбойт.

Чындыкты айта албаган жерде калп туулат.

Бири-бирибизди жамандап жоготтук. (*Салижан Жигитов*)

Айрымдар адамга кылган жамандыгы менен мактанат.

От кечип жүрүп жашадым.

Эмне болсо да сүйлөп үйрөнүү керек, анткени, сүйлөө – чоң адистик.

Бийлик жеринен сатылып жүрчү экенин билбепмин.

Ленин: «Каракчы эмне сураса бер, жаның аман калсын», – деген. Максатка жетиш үчүн баарын жасаш керек. Болгон кийимиңди чеч десе, жан үчүн чечип бериш керек.

«Турмуш – күрөш», – дептир Маркс. Жашоодо баары өйдө-төмөн. Аларды күрөшүп гана жеңесиң.

Кара ниеттик бир күнү башыңа жетет.

Журт бузар түбү оңолбойт.

Эр-азаматтарга: алган жарыңды урматта, көңүлүн калтырба, кыйынчылыкты жеңүүгө дайын бол, колуңдан келсе жакшылык кылууну ойло.

Эки жаш баш кошкондон кийин бири-бирин сыйлоолору керек.

Ажырашуу – шаар бузулганга тете.

Жакшы эрден аял качпайт.

Жаман адамдын оозунан жакшы сөз чыкпайт.

Дүйнөдө балдарды тарбиялоодон өткөн жоопкерчилик да, сыймыктуу кубаныч да жок.

Жакшы адамдардын зээндүү сөзүн учкай угуп алып, өзүнүн акылынан чыккансып, кээ бирөөлөр корооздонуп сүйлөп олтурса, жаның кейийт.

Ак эмгектен тапкан дүйнөңдү абдан бarктайсың, этиет сарптайсың, жакшылап сактайсың.

Ата-эненин сүйүүсү – акылдуу балага абройлуу жоопкерчилик, Мекен алдында чоң милдет.

Сүйүү – адамдын турмушундагы зор кубаныч, азаптар сериясы жана ыймандык.

Сүйүүнү арсыз нерсеге айландыруудан этият болгула.

Сүйүү – эң зор жана өтө бийик сезим. Ага жолугуп туруудан Кудай айырбасын.

Сүйүү – бүткүл дилин, жанын арзыганына калдыксыз жумшоо дегендик.

Сүйүү – бири-бирисиз жашоого мүмкүн болбой калгандык.

Сүйүү – көз ирмем, а бирок канча көп убакытты талап кылат.

Сүйүү – бул өз тагдырың, алдыңдагы зор жоопкерчилик. Сүйүү – жеңил ойлуулукту кечирбейт, каардуу жазалайт.

Сүйүүдө майда-барат, адепсиз иштер менен булганбоо керек. Андай кара такты оңойлук менен жууп кетире албайсың.

Өз алдынча оокат кылууга толук мүмкүнчүлүк болгондо, ата-энеңдин мойнуна минип олтуруш – акылсыздык.

Дүнүйөсүнө, мансабына карап үйлөнгөндөрдүн келечеги жакшы болбойт.

Мээнеткеч адам кор болбойт.

«100 сом күткүчө, 100 дос күт!» Орустун бул макалы укмуштуудай накыл экен. Кыргыздын: « Киши – киши менен киши» деген макалынын жөпжөнөкөй түшүндүрүлүшү экен!

Мактанчаактын эки түрү болот элдик накылда. Биринчиси – жердиги мактанчаак, көнгөн адаты боюнча мактана берет. Экинчиси – атайын максат менен мактануу. Бул да пайдалуу «өнөр» окшойт.

Сенин сүйлөгөн сөзүң – акылыңдын чеги.

Дарт көп, ден соолук бирөө.

Акча сүйлөп турган жерде, адилеттик ыйлап турат.

Кичинекей учкун килейген токойду тыйпыл кылат.

Ар бир баштын өз акылы бар.

Курсагың ач болсо да,
Кулагың тынч болсун.
Дөөлөтүң - ата-энең,
Таалайың - уул-кызың.

Жакшынын жакшылыгын мактасаң – жарашат.

Тузду төкпө, кызды сөкпө.

Кадырыңды билгиң келсе, кошунаңдан карыз сура.

Сүйлөгөн – себет,
Тыңшаган – орот.

Чындык жок жерде шумдук көп.

Алтын ачкыч ачпай турган кулпу жок.

Мээнет шашып келип, жай кетет.
Дөөлөт шашып келип, качып кетет.

Карыган канчык бекер үрбөйт.

Акыл - жаш тандабайт, баш тандайт.

Сүйүү баатырды да жеңет.

Жаныңда Айың турса, жылдызды неге издейсиң.

Жыланды жылан чакпайт.

Кытмырдын ичи кырк кабат.

Бычак өз сабын өзү кеспейт.

Актын жоосу кара.

Ачкалык аш тандабайт, ашыктык жаш тандабайт.

Хандын да кайырчы тууганы болот.
Төө мингендин төбөсү бийик.

Көпчүлүк алдатпайт,
Көлөкө карматпайт.

Ичи тар көрө албайт,
Ушаксыз жүрө албайт.

Төө сойгон улак сойгондон эт сураптыр.

Кум – кум менен бирикпейт.

Ичи тар адам арызчыл.

Көктө баратсаң да жерди ойло.

Эрте тургандын күнү узун.
Эмгек кылгандын куну узун.

Курсакка арак кирсе, сырың сыртыңа чыгат.

Тузакчы өзү көрүнбөйт, жемин гана көрсөтөт.

Атанын аты менен орду балага калат,
Чокморлуу жоого темир калкан карма.

Жүрүш-туруш – ар кимдин жүзүн көрсөтө турган күзгү.

Карылыкка жетип, касиетке жетпеген жаман.

Күчү барга теңелбе, ичи тарга кеңешпе.

Өкүмдар өйдөлөгөн сайын жүгү оорлойт.

Урушуу – оңой,
Жарашуу – кыйын.

Жалган – убадаң аткарылбай калган.

Турмуш деген ар кандай,
Тозокко күндө малгандай.

***2009-жыл***

# ЭР АДАМДЫ ЭЛ БААЛАЙТ

**(*Куттуктоолор, замандаштарынын эскерүүлөрү, журналисттик макалалар*)**

# КУТМАН КУРАККА АЙТЫЛГАН КУТТУК СӨЗДӨР

**Урматтуу Тоту Мойдунович!**

Кийинки жылдарда бизде адамдардын рухий дүйнөсү, алардын ден соолугу үчүн камкордук көрүү эң башкы милдеттерден болуп калды. Албетте, мында эмгекчил, үлгүлүү, ынтымактуу үй-бүлөнүн мааниси абдан чоң. «Алтын Чөйчөк» өрөөнүбүздө элибизге өзүнүн эмгекчилдиги, чынчылдыгы, адамдык касиети менен үлгү көрсөткөн адамдарыбыз ондоп саналат. Алардын бири Тоту Мойдун уулу. Бүгүн ал өмүрдүн «боз атын минип», алтымыш жаштын ала чокусуна чыгып отурат. Райондун коомчулугу анын пайгамбар жашка келгенин» чоң салтанат менен белгилеп жатышат,«Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» дегендей, мындан 40 жыл мурда Тоту менен Данагүл баш кошуп, үйлөнүү тоюн өткөрүп жатканда элдин айткан ак тилектери бүгүн алардын көз алдыңан кетпейт. Чынында, Тоту агай менен Данагүл эже элдин ак батасын талыкпаган эмгектери менен актай алды. Данагүл эже жаш муундарды тарбиялап өстүрүүдө 30 жылдан ашык эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда. Ал эми Тоту агай болсо жумуриятыбыздын жүгүн аркалап, эл агартуу майданында жана партиялык, чарбалык кызматтарда үзүрлүү иштеп келди.

Тоту агай менен Данагүл эже беш баланын улукман атаэнеси, тиреги. Азыр алардын баары очор-бачарлуу үй-бүлө күтүшүп, жогорку билими менен эл чарбасынын ар кайсы багыттарында иштешет, Алардын үчөө Лениндик партиянын мүчөсү. Тоту агай өзү айтып жүргөндөй, анын жүрөгү «партия деп согот». Чынында, өмүрүндөгү он беш жылдын оор турмушунда партиянын чыныгы мүчөсү болуу үчүн күрөштү жана жеңишке жетти.

Бүгүн биз Мойдун уулу Тотунун 60 жылдык маарекесин белгилеп жатып, жалпы окурмандардын атынан «КУТМАН КУРАГЫҢЫЗ КУТ БОЛСУН! демекчибиз.

## «Ак ийилет, сынбайт»

Тоту Мойдунов өрөөнүбүздө эң алгачкы жогорку билимдүү инсандарыбыздын бири. Ал 1946-жылы Казарман 8 жылдык мектебин бүтүргөндөн кийин Нарындагы педагогикалык окуу жайына кирип, аны 1940-жылы эң жакшы баалар менен бүтүп чыгып, 1950-жылга чейин Чет-Булак 8 жылдык мектөбинин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1952-жылдарга чейин райОНОдо инспектор, Казарман орто мектебинде мугалим болуп иштеп жүрүп, ал кездеги райондогу алдыңкы мугалимдердин бири Маша Мааткеримовдон педагогикалык көп тажрыйба алган.

Тоту Мойдунов 1952–1957-жылдарда Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин ийгиликтүү бүтүрүп келгенден кийин Казарман орто мектебине директор, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат өтөгөн. Бул мезгилдерде, 1939–1940-жылдарда салынган Казарман орто мектебин капиталдык ремонттон толук өткөрүп, ага кошумча корпустарды курдуруп аны пайдаланууга бердирүүгө өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн жумшаган.

1961-жылдан чарбалык иштерге өтүп, Киров атындагы (ал кезде Киров атындагы колхоз «Кызыл-Жылдыз» колхозуна кошулган болучу) колхоздун башкармасынын төрагалыгына шайланат. Ал эми 1963-жылы Алма-Атадагы Жогорку партиялык мектепке кирген. Аны бүтүрүп келип, партиянын Ак-Талаа райкомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы жана ушул эле райондун Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. 1973-жылы Тогуз-Торо районуна келип, «Бирдик» колхозун башкарган (бул кезде «Атай» совхозу «Бирдик» колхозунун составында болучу).

«Ак ийилет, сынбайт» деген элибизде накыл сөз бар, сенектиктин музу каптаган мезгилден чукул бурулуш жасалып, кайра куруунун жел аргысы каптап киргенде ким ак, ким кара, ким кошоматчы экени алаканга салгандай даана көрүнүп калды. 15 жылдан ашык мезгил өзүнүн ак ниеттүү иши үчүн күрөшүп, областтын, республиканын, ал турсун, Москванын

бийик өкүлдөрүнүн кеңсесинин каалгаларын канча жолу ачты дейсиз. Бирок, турмуштун бул соккусу Тоту Мойдуновду алчүнчүткөн жок. Ал кайра чыйралып, эл алдында, партия алдында өзүнүн эмгегинин актыгын даңазалай алды. 1988-жылы Союздун прокуратурасы Т.Мойдуновдун туура эмес соттолгондугу үчүн протест жазып, ал боюнча Кыргыз ССР Жогорку соту актоо кагазын берди. Ошол эле жылы КПССтин катарына кайрадан калыбына келтирилди.

Мойдуновдун райондун жаштарына таалим-тарбия берүүдө салымы айтаарлык десек болот. Кезегинде ал окуткан райондун жаштарынан азыр эл чарбасынын түрдүү тармактарында иштеп жаткандар ондоп саналат. Ошондуктан биздин муундарыбыз Тоту Мойдуновду «Тоту агай» деп аташынын да жөнү бар.

Тоту агай иштин көзүн тааныган, уюштургуч жөндөмү менен өзгөчө орунда турат. Өз ишин, кесибин жакшы билген адис катары анын эмгеги жогору бааланып, эл агартуу майданында иштеген эмгеги үчүн «Эл агартуунун отличниги» деген төш белги менен сыйланган. Чарбалык иштердеги уюштуруучулугу үчүн «Ардак Белгиси» ордени, В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейине арналып чыгарылган «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын алууга татыктуу болгон.

Ошентип, биз райондун эл агартуу майданында эмгектенген 500гө жакын педагогдун атынан Тоту агайды «пайгамбар» жашына, кутман куракка келип, жарык маанайда ардактуу эс алууга чыгып жатышы менен кызуу куттуктайбыз!

***М.ИСАКОВ,***
Тогуз-Торо райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы.

## ӨЗҮНҮН ЭМЕС, БҮТ ЭЛ-ЖУРТТУН ТАГДЫРЫН ОЙЛОГОН

1957-жылы июль айында Туяк деген айдоочунун жүк ташуучу машинасына түшүп, Фрунзеден бир топ жүргүнчүлөр

Казарманды көздөй жол тартып калдык. Арабызда Мойдунов Тоту, Абдылдабеков Тайлак экөө жаңы эле Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүрүшүп, айылга иштөө үчүн келе жатышыптыр. Тоту агай башкалардан айырмаланып, райондун агартуу тармагы, чарбалардын келечеги жөнүндө ой толгоп, бизди талаш-тартышка тартып жүрүп отурду. Азыр ойлосом, райондун чарбалары жөнүндө жүрөгүн өйүгөн маселелерди чечүү жолдорун ойлонуп жүргөн экен...

...Ошол жылы Казарман орто мектебине директор болуп дайындалды. Бат эле райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин «Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасынын төрагалыгына которулду. Бардык иштеген ишинин майын чыгара иштеп, район эмес, областка, республикага таанrealılа баштады. Агартуу жана чарбалык иштерде көп кадрларды тарбиялап өстүрдү.

Тоту агайдын чарбалык иштерде да уюштуруучулук жөндөмү чоң экенин «Бирдик» колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеп турганда өз көзүм менен көрдүм. Айрыкча, коомдук малдын башын төлдүн эсебинен өстүрүүдө, короо-сарайларды эң сонун салдырып, тоютту мол даярдатып, техниканы сапаттуу пайдалана билди. Колхоздун Кара-Булак участкасына маданий борбор уюштурууга белсенип киришкен эле. Бирок, анын бул аракети ошол кездеги көралбастык, бюрократтык, төрөпейилдик башкаруудагы райондун, областтын жетекчилеринин күнөөсүнөн ишке ашпай калды. Сенектик мезгилде ал азаптуу турмушту башынан өткөрдү. «Ак ийилет, бирок сынбайт» тура. Тоту агайдын максаты ишке ашып, акыйкаттык жеңди.

***К.КУРАНАЛИЕВ,***

Арал орто мектебинин мугалими

## АДАМ - ЭЛ МЕНЕН АДАМ

Мойдун уулу Тоту менен 1973–1975-жылдары бирге иштешип калдым. Бул киши ал учурда «Бирдик» колхозунун

башкармасынын төрагасы болучу. Мен Арал орто мектебинде директор элем. Ошол жылдарда чарбаны башкарыш өтө кыйын болгон. Элдин турмуш-шарты да анчалык жакшы болбогондуктан, бир эле учурда аларга да камкордук көрүп, план-милдеттенменин аткарылышы үчүн аябай аракеттенчү. Эң негизги жасаган иши, Арал айылына машина каттатуу үчүн жолду ремонттон өткөрдү. Андан кийин калктын турак-жайын оңдоо максатында Сибирь менен биргелешип келишим түзүп, чарбадан акча которуп берген эле. Чарбаны жетектеп жүргөн жылдары бала бакчанын жана мектепке кошумча корпусун курдурганга жетишти.

Кийин кандайдыр бир себептер менен ага күнөө тагылып, төрагалыктан бошото турган болушту. Ал кездеги командалык, административдик башкаруу ыкмасынын күчтүүлүгүнө карабай, эл үч жолу тең бул кишини башкармалыктан бошотпой алып калышкан эле. Кийин төртүнчү жолку чогулушта областтык аткаруу комитетинин төрагасы өзү келип кызматтан бошоткон. Ак ийилип, сынбайт эмеспи, канчалаган кысталыш кырдаалдарды башынан өткөрсө да, ага чүнчүп калбастан, өзүнүн адамдык бийик асыл сапатын жогору коюп алып жүргөнүнө ыраазы болом. Ошондуктан, адам – эл менен адам экендигин ушундан эле даана көрсөк болот го...

1981–1986-жылдарда Казарман орто мектебинде да чогуу иштешип калдык. Бул жылдары баягы жаштык курагындагыдай жалындуу күчүнүн сууй түшкөндүгүн байкадым. Анын үстүнө 20 жылга жакын башка кызматтарда жүрүп, анан эл агартуу тармагына келип иштеш ар бир эле адамдын колунан келе бербейт эмеспи. Ошентсе да, мектепте балдарга бүгүнкү күндүн талабындай сабак берүүгө көп аракеттенип жүрдү. Жаңы келген жаш мугалимдерге өзүнүн аталык насаатын айтып, айрым мугалимдерге, керек учурда, материалдык жардамдарды берип, алардын кызыкчылыгы үчүн администрацияга көп кайрылып турчу.

Мойдун уулу Тотунун эл агартуу майданында сиңирген эмгегинин өз салмагы бар. Аны биз тарых күүсүндөгү инсан деп атасак ашыкча болбойт.

***К.ИТИГУЛОВ,***
Макмал орто мектебинин мугалими

# ЧЫНЫГЫ ПЕДАГОГ

Тоту агай биз менен 12 жылдан бери иштеп келе жатат. «Көп жылдар бою жетекчилик кызматтарда иштеп жүрүп педагогикалык иштин татаал сырларын унуткандыр» деген оюбузду Тоту агай төгүнгө чыгарды. Ал өзүн турмуштук көп тажрыйбага ээ болгон, чебер педагог катары көрсөтө алды.

Тоту агай партиялык билетинен ажыраган мезгилде да өзүн чыныгы коммунист катары алып жүрдү. Коомдук иштерге активдүү катышып, коллективдин тапшырмасын так аткарчу. Мектептин мугалимдеринин, окуучулардын жана коомчулуктун арасында тарых боюнча талаш-тартыш маселелерди туудурган ой-толгоолорду алып чыкчу. Себеби, талаш-тартыш менен тактык жаралат эмеспи. Ошондой эле азыркы күндө мектептеги саясий окуунун пропагандисти катары мугалимдердин билим деңгээлин көтөрүүгө, алардын педагогикалык бай тажрыйбага ээ болушуна өзүнүн салымын кошууда. Айрыкча, жаш мугалимдерге көп акылнасаатын айтып, иштерине багыт берип турат.

Тоту агайдын үй-бүлөсү менен педагог экенин билебиз. Анткени, агайдын өмүрлүк жубайы Данагүл эже да ушул мектептен ардактуу эс алууга чыккан. Кыздары Барида, Салидат да мугалимдик кесипте үзүрлүү иштөөдө. Демек, Тоту агайды педагогдук кесипти үй-бүлөсүн да өзүндөй сүйө билүүгө үйрөткөн инсан катары кароого болот.

Агайдын партиянын катарында 30 жыл болушу жана 60 жашка келип, ардактуу эс алууга чыгып жатышы менен мектептин коммунисттери, жалпы эле коллектив кызуу куттукташат.

***Р. МАКЕНБАЕВА,***
Казарман орто мектебинин
баштапкы партиялык
уюмунун катчысы

# САЛТАНАТТУУ БЕЛГИЛЕШТИ

Өткөн шейшемби күнү Макмал орто мектебинин чоң залында райондун коомчулугу **Тоту МОЙДУН уулунун 60 жылдык маарекесин салтанаттуу** белгилешти. Юбилейлик салтанатты райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы М. Исаков ачты.

Тоту Мойдун уулунун өмүр жолу жөнүндө Казарман орто мектебинин директору Т.Сатыбалдиев кыскача доклад жасады.

Салтанатта партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы С.Көчөрбаев Кыргызстан Компартиясынын Тогуз-Торо райкомунун Ардак грамотасын жана атайын жасалган папканы Тоту Мойдун уулуна тапшырды.

Юбилейлик салтанаттын ээсин райондун чарбаларынын, мекеме-ишканаларынын, уюмдарынын коллективдери кызуу куттуктап, баалуу белектерин тапшырышты.

Салтанаттын катышуучуларына Казарман орто мектебинин мугалимдеринин күчү менен атайын даярдалган концерт коюлуп берилди.

***«Жеңиш Туусу» гезитинин атайын кабарчысы***

# «АЛТЫН ЧӨЙЧӨКТҮН» КУЛУНДАРЫНА НАКЫЛ СӨЗ

Биз качан, кадыресе адам атуулдук парз катары, өз тарыхыбызды, өткөн өмүрүбүздү барктап-баалап, күтө билүүнү үйрөнөөр экенбиз! Биз эмнегедир жексур сезим – маңкурттук өлүк түшүнүк менен алек болуп келаткансыйбыз. Айтса-айтпаса төгүнбү? Өткөн доордогу Тайлак баатырдын балдары Осмон датка, Баракан баатыр жөнүндө, Карабагыштан чыккан Чолук сыяктуу эр жүрөк алп-бабаларыбызды мындай кой, кийинки эле, Совет доорундагы даанышман, ары акылман адамдарыбыз: Дөдөмөлдөн Калдыбай, Аалы, Көчөрбай, Исак, өйүздөн Бегалы, Абдыманап, Черик, Атай-

дан Жаркынбай, Жакиш, Тилеш, Аралдан Эмилбек, Борончу, Эпей, Раманкул, Чет-Булактан Сейдалы, Сатыбалды, Буркан, Курманкожо Кызыл-Чарбадан Кыдыр, Жолдош, Абдыкадыр, Садыбакун, Нурмамат сыяктуу не бир таланттуу залкар адамдарыбыз жөнүндө эмне билебиз? Аларды коомчулуктун эскерүүсүнө коюуга деги эле далалаттанып жатабызбы? Жок да! Оо көр пенде, эмне үчүн?... Биз башкалардай ата-бабаларыбызды кут тутуп, алардын осуяты менен жашап, өмүр сүрүүгө үйрөнгөн эмеспиз. Атүгүл кечээ жакында эле өткөн Чодиев Бектурган, Акимбаев Жылтыр, Калманбетов Асейин, Сыдыков Азирет, Иманбердиев Иса жөнүндө эмне билебиз? Кантип эле, биздин аттуу-баштуу аталарыбыз өз урпактарынын кастарлап эскерүүсүнө татыктуу болбосун.

Биз ошентип, өз тегибизди аздектөөдөн, улууларыбызды урматтоодон өспүрүм муундарыбызды кур жалак калтырып жаткан жокпузбу?

Өлкөбүздүн бүт катмарын каптаган кайра куруу төңкөрүшү биздин аң-сезимибизге да олуттуу жылыштарды алып келди көрүнөт. Кийинки мезгилде өз тарыхыбызга, ата-тегибизге бат-бат кайрыла баштадык. Ошентип, өзүбүздүн ким экенибизди да тарых күзгүсүнөн сереп салып көз жүгүртүүгө мүмкүндүк алып, маңкурттуктан арылуунун жолуна түшө баштадык.

Жакында райондун коомчулугу кеңири белгилеген ардагер Кожалиев Турганбайдын маарекеси – мунун алгачкы мисалы. Бул улуу муундар тууралуу дагы далай сөз айтса болот.

Ал эми андан кийинки муундар азыр 60тын кырын ыктап кирип келгендер жөнүндө да омоктуу ой жүгүртүүгө, алар басып өткөн азаптуу тайгак жолдор, алаАмат улуу согуштун капшабында күлгүн балалык кездери кириптер болгон өмүрлөр тууралуу айтып берүүгө мезгил жеткен шекилдүү.

«Алтын Чөйчөк» өрөөнүбүздүн интеллигенттеринин мыкты өкүлү – Мойдунов Тотунун өмүр жолу, кайсы бир маанide, бүтүндөй Тогуз-Торонун агартуу майданынын өнүгүү тарыхы болуп калгансыйт.

Мойдунов Тотунун 60 жылдык маарекеси аны менен бир окуп, бир өскөн жолдошу, мени көп нерсе жөнүндө ойго салды. Адатта, биз, тигил же бул адамдын маарекеси жөнүндө кеп козголгондо, ал кишинин жакшы жактарын ар кайсы бөөт-

чөөттөрдөн (доордон) издеп чогултуп, маарекер өзү жашап өткөн өмүрүнүн жаркын мерчемдери катары санап өтөбүз. Ушуну менен биз өз ишибизди, жарандык вазийпабызды аткаргандай тыянакка келебиз. Биз муну ар качан ушинтип келгенбиз. Азыр да ушул принциптин айланасында ушундай иш жүргүзүп келүүдөбүз.

Бирок, иштин чоо-жайы, маарекердин чыныгы эмгектик салымы тууралуу сөз болушу керек эле. Мисалы, Мойдунов Тотунун Тогуз-Торо өрөөнүндөгү жөн-жай жашап гана тиричилик өткөрбөстөн өз аймагына омоктуу салым кошкону жөнүндө кеп болмокчу.

Айталык, Тогуз-Торонун өз кулунунан биринчи орто билимдүү адам Мааткеримов Маша аке 1930-жылдарда чыккан. Ал эми өз заманында мектеп билимин терең өздөштүргөндөрдүн ичинен, 1949-жылы гана тогуз-торолук төрт бала орто билимге ээ болушат. Булардын бирөө – ушул юбиляр Мойдунов Тоту.

Улуу Ата Мекендик согуштун азаптуу тагы, ач-жылаңач турмуш 1949-жылы да кете элек эле. Ошондой оор жакырчылыкта тогуз-торолуктардан бөтөн жерге барып билим алып келүүнүн өзү да заманында чыныгы эрдик катары эсептелген. Ал эми жогорку билимге ээ болуу түшкө кирбей турган маселелерден болучу. Бирок ошондой, ишке ашкыс ишти жеңип, тогуз-торолуктардын ичинен алгачкы жолу жогорку университеттик билим алган экөөнүн бирөө да мына ушул Мойдунов Тоту эле.

Ошентип, урматтуу Токемдин кашкайган таасын өмүрү башкалар үчүн жашоонун өрнөктүү мисалы болуп келди. Балдарынын баарысын жогорку билимге ээ кылды. Мойдунов Тотунун үйүндө төрт коммунист бар экен, муну менен канчалык даражада биздин социалисттик коомдун татыктуу берилген граждандары экенин элестетүү анчалык кыйын эмес.

Албетте, Токемдин өмүр жолу сыдыргыдай түз, асфальттай мизилдеп текши болгон жок. Анткени ар убак, ар качан жалаң акыйкат, адилет иш үчүн, чындык үчүн күрөштү. Мындай аёосуз кармаштарда аз санда, атүгүл жалгыз калып күрөшүүгө туура келди. Биз азыр такылдап айтып жаткан сенектик доордо Токем көпчүлүк учурда жалгыз кармашты. Оор жеңилиштерди башынан кечирди.

Бирок, кайра куруунун акыйкаты Токеме ар кандай айла-амал менен жапкан бардык жалааны шыпырып таштады. Ошентип, Токем бүгүнкү кайра куруунун, коомдук жаңылануу үчүн күрөштүн көч баштоочу каарманы болгонун биз өз көзүбүз менен көрүп олтурабыз.

Мен ушундан улам айтаар элем: «Жашасын акыйкат, Жашасын Токем күрөшкөн чындык!».

***Тайлак АБДЫЛДАБЕКОВ,***
Мойдунов Тотунун жан курбусу

# КУТТУКТООЛОР

**Урматтуу Мойдун уулу Тоту!**

Сиз өрөөнүбүздө биринчилерден болуп элге билим берүү тармагын жетектегенсиз. Сиздин кужурмөн аракетиңиз, чыгармачыл эмгегиңиз, кетирилип жаткан кемчиликтерди бетке айтуу, кошоматчы, жатып ичерлерге катуу сокку уруп келгендигиңиз азыркы кездеги кайра куруунун шартында окуучуларга, мугалимдерге өрнөк боло берет.

Сиздин 60 жашка толгон маарекеңизди райондук элге билим берүү тармагы чын жүрөктөн куттуктап, мындан ары да ден соолугуңуз чың болуп, өмүрүңүздүн узун болушун каалайбыз.

***

**Урматтуу Тоту агай!**

Сиздин ардактуу эс алууга чыгышыңызды куттуктоо менен бирге, сизге жана өмүрлүк жарыңыз Данагүл эжеге узун өмүр, чын ден соолук, үй-бүлөдөгү зор бакты-таалайды каалайбыз!

***Казарман орто мектебинин администрациясы, партиялык жана профсоюз уюмдары.***

***

**Урматтуу Мойдун уулу Тоту!**

Сиз өрөөнүбүздө эл агартууга алгачкылардан болуп эмгек сиңирдиңиз. Сизди 60 жылыңыз менен куттуктайбыз.

Мындан ары да ден соолугуңуз чың болуп, өмүрүңүз узун болушун каалайбыз. Ардактуу карыялардан болуңуз.

***Карл Маркс атындагы орто мектептин мугалимдери***

***

**Кымбаттуу Тоту Мойдунович!**

Сиз Тогуз-Торо районунда жаштарды тарбиялап билим берип, үзүрлүү эмгектенгениңиз үчүн 60 жылдык тоюңуз ме-

нен Чет-Булак орто мектебинин профсоюз уюму куттуктайт. Мындан ары да ден соолугуңуз чың, өмүрүңүздүн узун болушун каалайбыз!

***Чет-Булак орто мектебинин профсоюз уюму***

***

**Кымбаттуу Тоту Мойдунович!**

Сизди, Тогуз-Торо районунун алгачкы педагогу болуу менен жаштарга коммунисттик тарбия берүүдө үзүрлүү эмгек сиңирген «ак боз» ат минген алтымыш жаштык кечеңиз менен Арал орто мектебинин педагогикалык жамааты чын жүрөктөн кызуу куттуктайт! Сиздин узун өмүр сүрүп, чың ден соолукта болуп, келечектеги жаш мугалимдерге аталык кеңешиңизди берүүңүзгө тилектешпиз!

***Арал орто мектебнин педагогикалык жамааты.***

***

**Урматтуу Тоту МОЙДУН уулу!**

Сизди 60 жылдык маарекеңиз менен куттуктайбыз. Кутман курагыңыз кут болуп, дагы узак жашай бериңиз.

***«Бирдик» колхозунун башкармасы жана парткому.***

***

Тоту МОЙДУН уулун 60 жашка толуп, ардактуу эс алууга чыгып жаткандыгы менен куттуктайбыз!

Сиз бул 60 жылдын ичинде партиялык жана чарбалык, эл агартуу иштеринде чыныгы коммунист катары иштеп, районго кошкон салымыңызды жакшы билебиз.

Сизге чын ден соолук, узун өмүр каалайбыз!

***«Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы жана парткому.***

***

**Кымбаттуу Мойдун уулу Тоту!**

Сизди ардактуу эс алууга чыгышыңыз менен куттуктайбыз! Сиз келечек ээлерине коммунисттик тарбия берүүдө үзүрлүү эмгектендиңиз. Ак эмгегиңиздин акыбети кайтсын!

***Киров атындагы колхоздун башкармасы, партиялык комитети.***

***

**Кымбаттуу ата!**

60 жылдыгыңыз менен куттуктайбыз!

Сизге узак өмүр, чың ден соолук, чексиз бакыт каалайбыз.

Жүзүңүздөн ар дайым нур таамп, жылмаюу кетпесин!

**Урматтуу ата!**

Сизди 60 жылдык юбилейиңиз менен чын жүрөктөн куттуктайбыз! Ошону менен Сизге жана апабыз Данагүлгө чың ден соолук, узун өмүр жана жүзүңүздөрдөн күлкү кетпешин каалайбыз.

***Күйөө балдарыңыз: Кыдыралы, Сүйүналы, Токон, Болот, Бекжан.***

***Кыздарыңыз: Таажы, Барий, Шарапат, Салидат, Салтанат жана жээндериңиз.***

***Тоталитаризмдин запкысы***

# ТОЙ ҮСТҮНДӨГҮ КАРА БУЛУТ

УЛУУ СОГУШТАН СОҢКУ каатчылык жылдар. Тогуз-Торонун томсоро жетимсиреген жылаңач коктуларын аралап төрт жигит келе жатты. Кийгендери жупуну болгону менен көөдөн толо кубаныч. Анткени алар – алгачкылардан эле. Ооба, Тогуз-Торо боюнча алардын устаты жана мугалими Маша Мааткеримовду эсептебегенде бу чөлкөмдө атайын орто билимдүү эч ким жок болчу. Экинчи болуу үлүшү ушул төрт жигитке туш келип турганын карабайсыңбы. Анан алардан ашкан бактылуу ким бар бу күнү! Тогуз-Торонун келечеги эмеспи бу төртөө! Тоо арасына табылгыстай жайгашкан райондон белгисиз дүйнөгө билим издеп аттануу эрдик эле бу чөлкөм үчүн, ошондой эрдик жасоого аттанган бу төртөө. Эми бу төрт эрди тосуп токтотоор не бар дейсиң, бу жалганда!

Ошондой болсо да аларды алыстын белгисиз сүрү апкарытып келатты. Бирок келечек үмүт аларга көрүнбөгөн канат берип, шык берип, андан сүрү артык милдет тагып турбайбы. Мындай зор милдеттен кандай эр жигит жалтактамак. Ошондуктан алар белгисиз келечектен жалтанбастан, кадамдарын чечкиндүү таштап келатышты. Алды жак алар үчүн дал бүгүнкүдөй шыр да, түз да, акыйкат да болчу. Тагдыр кайсы бир каргашалуу күнү аларга сыртын салат деген ой кайда?..

Аларда улуу тилек бар эле: уруштун каат жылдарына кайрап курчуган жаштык демин адегенде билимге, андан соң башка өрөөндөрдөн боор ачырлык артта калган Алтын-Чөйчөк чөлкөмүн гүлдөтүүгө арноо тилеги күч болчу. Аны турмушка ашыруу үчүн даңгыр жол ачылган. Анткени алар — алгачкылар эмеспи. Муну алардан бөлөк ким жасамак...

Ошол төрттүн бири — Мойдунов Тоту эле. Жакында Тогуз-Торо эли анын 60 жылдык маареке тоюн тойлоп, ардактуу эс алууга узатышты. Көрсө, убакыт деген учкул канат куш тура: кечеги күлгүн жашты аксакалга айланта салганын карасаң! Бирок ал той жалгыз Тоту аксакалдын тоюу эмес бо-

луп чыкпаспы. Жалпы Тогуз-Торо өрөөнүнүн тою экен ал. Себеби, тээ 1950-жылдарда Тоту аксакал алгачкылардан болсо, анын соңунан жүздөгөн илим-билимдүү, жигери күч жаштар өсүп чыгыптыр. Алардын арасында бүгүн окумуштуулар бар, республикага аты чыккан адистер да аз эмес. Баягы кепе тамдуу айылдар бай кыштакка айланып, тоолорунан бүт дүйнөгө белгилүү алтын кени казылууда. Ушунун баарын Тоту аксакал окуткан, үлгү болгон жаштар жасашыптыр. Тойдун шаан-шөкөтү ушу болду. Бирок... той үстүндө кандайдыр кара булут салаңдап, кетпей турду. Ал – Мойдуновдун татаал тагдыры эле. Аны Тоту аксакал өзү да, тойго келгендер да эстегилери келген жок. А бирок эстебей коюуга мүмкүн эмес болчу. Каргаша кара булут эбак таркап кеткен менен анын көлөкөсү кала бериптир...

Бу не деген кара булут? Анда, кеп өңүтү ушу багытта.

Баягы-баягы төрт жигиттин экөө: Т.Мойдунов менен Т.Абдылдабеков көп өтпөй кайрадан жолго аттанды. Эми алардын үлүшүнө дагы биринчи болуу бактысы туш келген. Алар өрөөн боюнча биринчи жогорку билимдүү адис болуу үчүн андан да алыска, Бишкек калаага багыт алышкан.

Экөө ээрчише келип, Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинин студенттери болуп калышты. Ээрчише дипломдуу болушту. Педагогдук иш... агартуу майданы... кийин бири чарбалык иштерге, экинчиси басма жаатына аралашып кетти.

Т.Мойдунов адегенде Казарман орто мектебинин директору, райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, кийин Киров атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенет. 1963-жылы Алма-Ата Жогорку партиялык мектебине окууга жиберилген. Аны бүтүрүп, Ак-Талаа райкомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, ушу райондогу Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеди. Ошентип, партия кайда жумшаса ошоякка тартынбастан бет алып, анын айткандарын жаземдебей аткарган кужүрмөн жоокер 1973-жылы өз районуна кайра кайтты. Кайткан жок, ал бүт дили менен ишенген бир боор партиянын, партиянын Нарын обкомунун чечими менен «Бирдик» колхозун жетектөөгө жиберилет. Анын

милдети – колхоздун экономикасын көтөрүп, өлкөнүн байлыгын арттырууга салым кошуу эле.

Ар убак калган чарбаларды оңдоо үчүн жиберилчү. Кайда барбасын ишти бузулганды түзөө менен баштачу. Бирок, «Бирдиктегидей» абалга эч качан туш болгон эмес. Эл бөтөнчө жакырчылыкта экен: алдына арык малдарын айдаган айылдыктар баягы, 1930-жылдардагы кепе тамдарда жашап, клубсуз, медпунктсуз, дүкөнсүз, тейлөө үйүсүз күн кечирип жатышыптыр. Тотунун жаны ачыды буга, жаны кейиди. Гүлдөгөн социализм тушунда, коммунизмге чукулдап калган учурда бу эл эмне себептен мындай жарым жапайы абалда жашап жатканына анын көзү жетпеген менен алдыга кеткендерди кууп жетүүнүн амалын издеген ошондо. Издеп, баарын куруу керектигине токтолгон. Ал үчүн жетишерлик курулуш материалдары керек болчу. Калганын эл бар эмеспи, коммунизмди эл-журт өз колу менен кураары белгилүү эмеспи, куруп алмак. Анан курулуш материалдарын издеди. Бирок, анчалык көп материал район тургай, областта жок болуп чыкпаспы. Ошондо да өз күчүнө, жана партиянын ага таккан зор милдетине ишенген жетекчи караңгыдан жол таап, кең Чүйдүн кээ бир райондору сыяктуу Сибирь токой чарбалары, менен өз ара келишим түзүү аркылуу жыгач даярдоо бүтүмүнө келди. Ары издеп, бери издеп жүрүп бу иш боюнча тажрыйбасы бар А.Адабашев аттуу адамды таап алат. Райондук милиция бөлүмү анын шектүү эч иши жок деген аныктама бергенден кийин А.Адабашевди колхозго убактылуу мүчө кылып алышат да, анын колуна карагай үчүн 10 миң, сом, токой чарбасынын атына ишеним кат, 610 сом жол кире беришип, алыскы Сибирге аттандырышат. Бирок мурда андай адаты жок Адабашевди кудай уруп, дайынын таптырбай кетет, Колуна тийген колхоз акчасын каалагандай чачып, ойноп кетет. Ошондо төрага милициянын артынан чуркап, Адабашевди издетип, таптырып, чыгым болгон каражатты калыбына келтирүү үчүн анын үстүнөн кылмыш ишин козготот. Айлакер алдамчы ошентип жазасын алат. Жоголгон акча өндүрүлөт. Бирок ал ошондо бул иш кайрылып өзүнө сокку болоорун, болгондо да сокку өзү кудайындай ишенген партиялык уюмдар, партиялык жетекчилер тарабынан болорун боолгологон эмес экен. Ошол кездеги партаппарат ме-

нен анын кол астындагы «жаза» органдары дароо ишке киришти да, баягы демилгечи, ишкер, уюштургуч Мойдуновду бат эле кылмышкер Мойдуновго айлантат. Анын үстүнөн сот иши козголуп, төрт жылга эркинен ажыратылат.

Бул кыянаттыктын себеби эмнеде? Ал тууралуу эл арасында мындай имиш бар: «жалган жалаа менен Мойдуновду каралоо аркылуу партиянын Нарын обкомунун биринчи катчысы Малабай Жунусалиевдин каршылаштары аны айыпташмак экен. Алар, арам ойлорун ишке ашырып, М.Жунусалиевдин кызматына ээ болушту». Мунун канчалык чыны барын айта албайм, бирок Мойдуновдун иши боюнча көп кагаздарды аңтарып, аны билгендер менен аңгемелешүүдөн улам мындай тыянакка келдик: **Т.Мойдунов ириде өз алдынча ойлонуп, өз алдынча эркин иш кылганы үчүн жазаланган**. Партаппараттардын башын аттап, алардын кеңешисиз, буйрук-ырайымысыз иш кылганы үчүн жазаланган. Анткени, ал учурда ар бир «жаза басуу» аёосуз ашкереленчү. Мындай аракет демократиялык (!) централизм маңызы болгон: улам жогорку аппарат улам кийинкисинин ар бир «моюн толгоосу» үчүн анын мойнун толгоп үзүп турган; өз эркинче баш көтөрүүсү муш жеп, өз алдынча ойлонуусу жиндиканаларга камалган; өз алдынча кадамы «оюндан» чыгуу же түрмө менен аяктап келген. Эми Т.Мойдуновдун кандай кылмыш иштери болгон? Ушуга токтололу. Нарын облсотунун кылмыш иштер боюнча соттук коллегиясынын 1976-жылдын 9-июлунда чыгарылган өкүмү боюнча Кыргыз ССР Жогорку сотунун коллегиясы (31. 03. 76-ж.) кайсы айыптоолорду туура деп тапты? (Соттук коллегияда Кыргыз ССР Жогорку сотунун мүчөсү К.Ташбалтаев төрагалык кылган). Т.Мойдуновго областтык сот төмөндөгүдөй күнөөлөрдү тагат: «өз кызмат абалынан пайдаланып, колхозго мүчө болуп эсептелбеген А.Адабашевдин ким экенин толук текшербей колхозго формалдуу мүчө кылып алган, «Бирдик» колхозуна 2 миң кубометр карагай даярдоо үчүн келишим түзүп, ага 10 миң сомдук лимиттелген чек китепчесин, бир нече актай ишеним катты жана 610 сом жол кире берген, аны Адабашев өз кызыкчылыгына жок кылууга мүмкүндүк берген. Андан тышкары ал өз кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып,

1973–1974-жылдары жалданып иштеген жумушчулардын айлык маянасына бийик тоолуулук үчүн 20 процент жана райондук коэффициент үчүн 15 процент кошумча төлөөлөрдү законсуз жүргүзүп, аларга колхоз каражатынан 15442 сом 42 тыйын ашык төлөөгө алып келген. Өз кызмат абалын кыянат пайдаланып, 170 сомдук колхоз магнитофонун законсуз колдонуп келген, ал эми 1973-жылы малчылар тоюнда бир жылкыны колхозчулар үчүн союп берүүгө уруксат кылган. Бул гана эмес, ал өз кызмат ордуна кайдыгер мамиле жасап, колхоздун дебитордук карызын жоюуга өз учурунда акча чегерүүнү көзөмөлдүк кылбаганы үчүн чарбага 3610 сомдук чыгаша алып келген...» Ушундай күнөөлөр тагылат. Көрдүңүздөрбү, Т.Мойдуновдун бир эмес, бир нече күнөөлөрүн чукуп чыгышкан. Мындай күнөө менен ошол кезде ар бир төраганы, ар бир директорду соттоп коюшка болот эле. Алардын ар биринде мындай иштер орун алган. Б.а, ошондой акыбал түзүүгө аргасыз кылышкан. Бул аларды кыңк эткизбей башкарып туруу үчүн керек болчу. Экинчиден, Мойдуновдун моюн толгоосу башкалар үчүн сабак болушу зарыл эле. Ошон үчүн облсот анын аракеттерин Кыргыз ССР Кылмыш кодексинин 177-статьясынын 11-бөлүгү боюнча айыптап, төрт жыл эркинен ажыратса, республиканын Жогорку соту «карга карганын көзүн чокубайт» болуп, ал ишти колдун сырты менен жаап, жазаны өзгөртүүсүз калтырып олтурбайбы. Болбосо, алар Мойдуновдун иш делосунда Кыргыз ССР ИИМнин Тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү З.Пачкориянын колу коюлган: «Мойдуновдун иш-аракетинде кылмыш составы болбогондуктан, ага карата кылмыш иликтөө (уголовное преследование) токтотулду», – деген справканы көрүшөт эле го? Адабашевдин иши боюнча Мойдуновдун күнөөсү аныкталган жок деген бүтүмдү эске алышат эле го? Жок, эске алышпады. Анткени, бул – Мойдуновду каралоочу башкы нерсе болуп жатпайбы. Чынында, ага бул кылмыш тагылмак да эмес. Ал «укпагандарды» мокотуу үчүн негиз түзмөк. Себеби, партаппарат Т. Мойдуновду убагында жөн гана «оюндан» сүрүп чыгарууну каалаган. Бирок, колхоз башкармасы менен жалпы колхоз жыйыны партиянын райкомунун бюросунун аны кызматтан алуу че-

чимине каршы туруп, Мойдуновду төрагалыкка калтырууну чечет. Ошондон соң анын бардык күнөөлөрү калкып чыгып жатпайбы. Бул – ошол кездеги бүткүл башкаруу аппаратынын иш ыкмасы болчу. Ага эч ким, ал тургай, Жогорку сот да каршы тура алмак эмес.

Ошондой эле сот Мойдунов бул ишти өз кызыкчылыгы үчүн жасабаганын, Адабашевдин иши боюнча Алтай крайлык сотунун өкүмүндө ишеним каттар ага актай эмес, толтурулуп берилгенин, аларды ал өчүрүп өңдоп пайдалангaнын моюнга алганын, Тогуз-Торо ИИБнин начальниги Итиуловдун А.Адашбаевдин эч шектүү иши жок деген катын, жумушчуларга райондук коэффициентти төлөө боюнча Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтомдору жана райондук айыл чарба бөлүмүнүн уруксаты берилгенин, ал эми 170 сомдук магнитофон Т.Мойдунов тарабынан кызмат үчүн пайдаланылып жүргөнүн, малчылар тоюнда бээни союуга колхоз башкармасынын чечими бар экендиги жана дебитордук карызды төлөөгө анын эч кандай тиешеси жоктугун да эске албаптыр. Эмне себептен 1976-жылы республиканын Жогорку соту буларды көрбөй кетти (же көргүсү келген жок) да, арадан он үч жыл өткөн соң, Т.Мойдунов жаза мөөнөтүн небак өтөп бүтүп, акыйкат издеп он беш жыл чуркоонун натыйжасында СССР Генеральный прокурорунун орун басарынын протести чыккан соң, өз чечимин өзгөртүп, Мойдуновдун иш-аракеттеринде кылмыш болбогондуктан анын иши токтотулсун деген токтом кабыл алды?

Ошентип, Т.Мойдунов «ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей, он беш жылдан кийин болсо да акталып, эл алдында жүзү жарык. Бирок, он беш жылдык ич күптү үчүн, моралдык жабыркоолор үчүн жабыр тарткан инсан менен анын үй-бүлөсүнүн жоготуулары үчүн ким жооп берди? Эч ким.

Убагында партаппараттын түздөн-түз кийлигишүүсү аркылуу ак жеринен күйүп, тоталитардык-буйрукчул-тескөөчүл түзүлүштүн репрессиясына кабылган бул адамды ким реабилитациялады, актады? Эч ким. Аны актамак тургай кечээ эле, кайра куруу башталган соң, анын партиялуулугу Кыргызстан КП БКнын бюросунда каралып, Т.Мойдуновду КПССтин мүчөлүгүнө калыбына келтирүү жөнүндө токтом

кабыл алынган. Партиянын иши үчүн, анын айкын, жаркын, келечектүү максаттары үчүн бүт турпаты менен берилген, өз үй-бүлөсүндөгү төрт коммунист үчүн ашкере сыймыктанган партжоокер эч шек-шыбаасыз терисине батпай сүйүнүп, акыйкатка жеткени үчүн дал партиянын өзүнө гана алкышын айтып кайткан. Бирок, кудай аны экинчи ирет шылдыңдап (албетте, партияда не күнөө?!), алты айдан кийин ошол эле Кыргызстан КП БКнын парткомиссиясы ага: «Биз шашып коюппуз. Сиз акактай таза партияга кайрадан мүчө болуп калыбына келтирилишиңиз үчүн адегенде соттуулугуңузду алдырышыңыз керек экен. Ошондон кийин гана сиздин партиялуулугуңуз жөнүндө сөз болот» (сылыктыгын караңызчы) деп супарасын суутат. Бирок акыры ал көздөгөн максатына жетип тынды. Партиялуулугу да калыбына келтирилди. Эми ал партиянын ардактуу эс алуудагы күжүрмөн жоокери болуп кала бермекчи.

Ошентип, Тоту аксакал пайгамбар жашында чындык кушун колуна кондуруп, Тогуз-Торо районунун жалпы жамааты тарабынан жарык жүз, жаркын маанайда ардактуу эс алууга аттанды. Ак эмгеги менен бир нече медаль, «Ардак Белгиси» орденине, соттолгондон кийин «Эл агартуунун отличниги» наамына татыган. Эл-журт анын мааракe тоюн тойлоп, райондук «Жеңиш туусу» гезити бул салтанатка эки бетин арнады. Аны окуп олтуруп, Тоту аксакалды «Тарых күүсүндөгү инсан» атагандарына күбө болдук. Не бир жакшы каалоо-тилектер да айтылыптыр. Ал сөздөр тойдо да айтылды. Жана сөз башында кара туман тууралуу сөз жүрбөдүбү. Той соңунда ал таптакыр таркап кеткенин эч ким байкабай калган экен. Ооба, дал ошондой. Тоту аксакалдын той үстүндөгү кара булуту тарады. Бирок, тоталитаризм учурунда сынган, кыйраган жана талкаланган канча адам тагдырлары алигиче акталбай келүүдө? Аларга акыйкат таңы деги качан атат? Мындай макалалардын дагы канчасы жазылаар экен?

***Капарбек ТОКТОШЕВ,***
***«Ленинчил жаш» гезитинин***
***атайын кабарчысы***

# Жакшы адамдарга эч качан жеңил болгон эмес

(***Тоту аганын эскермесин жана абакта отуруп жазган күндөлүгүн окуп чыккандан кийин***)

«Жакшынын шарапаты» демекчи, эгер кыргыз журналисттери ак дилдеринен кадырлап-сыйлаган Тайлак Абылдабеков агай болбогондо, бул максаттуу жашалган бир өмүр таржымалын нукура элдик тил менен ачык баяндап, жүрөктөн жаралып, жүрөктөр күүсүнө элеттен кагылган коңгуроо сыяктуу үндөшкөн сонун эскерме жазылбай калмак беле деп да ойлойм. Анткен себеби, ал өзү китептин баш жагына берилген «Тоту Мойдунов – Тогуз-Торонун кеменгер инсаны» деген макаласында эскергендей, «Менин өмүрүмдү сен жаз, сен жазбасаң болбойт, сен жазбасаң ким жаза алат?» – деп, бир чети жан курбулук үмүт, бир чети замандаштык өтүнүч менен кайрылган миңдин ичинен эстүү санаган аксакал теңтушуна ары этиет, ары токтоо тигилип: «Токе! Сенин таржымалың чынында да өзүнчө эле партизандардын өмүрүндөй чуулгандуу. Демек, мындай өмүр сөзсүз жазылыш керек! Биринчиден, сен өмүр бою ат үстүнөн буйрук берип башкарып жүрдүң, көп болсо, барактын аягына кол эле коюп койгонуң болбосо. Ошондуктан сен жаза албайсың. Бирок, сенин тарыхый таржымалың сөзсүз түрдө жазылыш керек! Экинчиден, Токе, мен болсо, өмүр бою жалаң кагаз менен иштеп келем. Мен дагы кагаз жазгандан таптакыр тажадым. Бирок, сенин таржымалың сөзсүз жазылыш керек! Үчүнчүдөн, бир гана айла, Бишкектеги «Айчүрөк» дүкөнүндө диктофондор сатылат, ошондон бирди кассеталары менен сатып алып, ошол диктофонго башыңдан өткөн таржымалыңды айтып жаздырбайсыңбы. Өмүр баяныңды өзүңдөн артык ким билет? Ким мыкты айтып бере алат? Ал эми кассетага жазылган маалыматтарды компьютерге тердирип койсо, кол жазма даяр болот да, калат», – деп, алданемедей туура, алданемедей иштиктүү кеңеш берген ушул Тайлак агай болгон турбайбы.

Кыргыз мемуар адабиятында өзүнүн аталышы жагынан бир кыйла өзгөчө болуп угулган «От кечип жүрүп жашадым» эскермеси ушундан кийин «жарык дүйнөгө төрөлүп» келип жатат.

Айта кетчү сөз, дегеле китеп жаратуу – окурман журту үчүн эмгек тартуулоо ишине келгенде, Тайлак агай аябагандай шык бергич. Чыгармачыл жандар аны аурасы жакшы, булак көзүн ачкандай адам деп эсептешет. «Жандоочу кийик аттырат» дегендей, ал менин журналисттик тагдырымда да ажааттан чыгарган жарыгын тийгизгенин белгилей кетпесем болбойт. Кезегинде, 1980-жылдардын соңунда, «Кыргызстан» басмасында иштеп туруп, республиканын Кызыл Крест коому тарабынан сунушталган «Наркомания – коркунучтуу адат» деген биринчи китебиме редактор болду. Эң биринчи китебиме! Кол жазманы үзүп-жулбай, айрым мыжыкый редакторлорчулап саясий ката же башка «автордук чалалыктарымды» издебей, андагы жаш автор үчүн «рекорддук көрсөткүч» болуп саналган 2000 нуска менен басып чыгарууга жалтанбай туруп кол коюп, ага кошумча, китептин калем акысын да «байдан соогат сурагансыбай кылбай», жакшылап эсептетип, аны өзүм билим алып жаткан Ташкенттеги адрес боюнча убагында салдырып жиберип жатпайбы. Мынакей, мурда таанылбаган, мурда тааныш болбогон эле кишинин улуулук – адамкерчилиги! Мен бул окуяны эч качан унута албайм.

Экинчи жолу Тайлак агай элибиздин жарыкчылыктан эрте өткөн көрүнүктүү инсаны Жумгалбек Аманбаев жөнүндө публицистикалык китебимдин жазылышына себепчи болду. Анда 1999-жылдын жазы эле. Тайлак агай Кыргызстандын чет өлкөлөр менен достук коомунда кызматкер, ал эми Жумгалбек Бексултанович ошол эле достук коому жайгашкан имараттын биринчи кабатында «Китлап» деген жекече ишкананын жетекчиси болуп иштейт. «Досуңду башыңа иш түшкөндө көр» дегендей, Ж.Аманбаев 1991-жылдагы ГКЧПга байланыштуу айыпталып, Президенттикке көрсөтүлө коём деп, ал жарыштан да мыйзамсыз бөгөт жасалуу менен талапкер мандатын алгандан кийин (!) чыгып, иштеген чоң кызматын өткөрүп берген соң, баягы жанында үйүр-үйүр болуп жүрүүчү дос-жакындарынын көбү каттабай, атүгүл жолуккан учурда кол берип, саламдашуудан да жалтактап качышкан бир өзгөчө

«репрессия жыттуу» – акыл адашкан кез болчу. Кабинети да жупуну, баягы «жаагы басылбас» телефондору да жок. Кудум эле тогуз-торолук башкарма Тоту Мойдунов кызматынан алынып, иши сотко берилгендегидей тунжураган абал. Мындайда кимдин кимдиги, адамдын адамдык касиети алаканга салгандай даана көрүнүп калат турбайбы. Мына ошондо, кайран кишиге жакын сырдаш, маанайын чөгөрсө, маанайын көтөрүп сүйлөгөн мыкты кишилердин ичинен Тайлак агайды көрдүм...

Бир күнү Тайлак агай мага муну айтты:

- Ушул олуядай киши да бир күнү таптырбай калаар, Мундузбек. Бул кишинин башынан тарыхты туура бурдурган эмне деген гана укмуштуу окуялар өтпөдү. Бизде, Кыргызстанда, компартиянын эң акыркы жетекчиси болду, тоолуу, кичинекей республикадан КПСС БКнын Саясий бюросуна мүчө болуп биринчи жолу жападан-жалгыз шайланды, анан СССР өлкөсүн биротоло таратууга жол ачкан ГКЧП чуулганын башынан өткөрдү. Сен эртелеп чыгынып кириш да, ушунун баарын жазып кал. Бир башынан сурап, диктофонуңа ирээти менен түшүр. Кийин китеп да кылып коёрсуң. Бул тарых, кийинки ак-караны иргеп ойлонгон балдарыбыз үчүн керек. Маалымат үчүн да керек...

Олуялыкты карабайсыңбы, мен агамдай сыйлаган Тайлак агайдын берген кеңешинен эч жаңылган жокмун – Жумгалбек Аманбаев жөнүндө «документ» анын өз баяндоосу, өз комментарийи менен толук түрдө жазылып калды. Бир гана өкүнүчтүү жери, ал китеп, ал өмүр таржымалы Жумгалбек Бексултанович кутүүсүз каза болгондон бир жылдан кийин - 2006-жылы «Бийиктик» басмасынан «Жумгалбек Аманбаев» деген ат менен жарык көрдү. Аттиң, көзү тирүүсүндө аны жазып да, даярдап да үлгүрө албадым...

Мына эми, ошол эле «аурасы жакшы, булак көзүн ачкан адамдын» шарапаты менен жаралып келген – бармактайдан бирге өсүп, бирге чоңойгон жан курбусу ыраматылык Тоту Мойдуновдун урпактарга кымбат эстелик кылып калтырган ак дилдүү эскерме-баянын мүнөт-саатты унутуп коюп толкундана барактап отурам.

Ооба, толкундана барактап отурам. Түн да далай болуп кетти, а мен Тоту аганын окуюн деп алган бир топ көлөмдүү эскермесинин соңку бөлүгүн аягына чыгара окуп бүтө албай

койдум. Негедир бүтүрө албай койдум. Мындай «жай жылып, кашаң илгерилештин» көрүнүшүнө кол жазмадагы окуялардын жана турмуштук маалыматтардын жыштыгы, же болбосо, элеттик сөзмөр адамдын өзүнө гана таандык «бир үндүү» өзгөчө баяндоо стили түк себепкер эмес.

Менин баамдаганым, таңгалганым жана терең урматтап, таазим эткеним – Тоту ага аябагандай ОЙЧУЛ, ар бир кылт эткен психологиялык кырдаал, адамдык мамилени да ЖҮРӨГҮНӨ ЖАКЫН КАБЫЛДАП, Чыңгыз Айтматов айткандай, «жан-дүйнө эмгекчилдиги» аркылуу эч-эч нерсеге кайдыгер, салкын боло албас, мындайча айтканда, өзү турмуштун артынан эмес, а турмушту артынан ээрчиткен ой-максаты бийик, көкүрөгү тунук, анан калса, не бир тар пейил, карөзгөй, алдамчы пенделерди бучкагына теңебей, көздөгөн багытынан жаңылбай түз адымдаган таза, адилет, калыс, боорукер, намыскөй Улуу мекендеш экен. Эскермени окуп отуруп, мен, баарыдан мурда, мына ушуга сыймыктандым.

«Булбулум, булбулум ай, муңданган кургурум ай...» – деп эзелтен белгилүү бир ырда ырдалгандай, бүтүндөй бир өмүр таржымалын чечмелеген эскермеден улам көңүлгө кандайдыр бук толот, кандайдыр ичтен күүлөнтүп, тилазар турмушка тили жок өпкөлөп, таарынган курч сезим намыс-арыңды козголоп, көкүрөктү кысат. Атаганат десең, бу тагдыр дегениң деле болжоп болбогон кыйын нерсе экен го, болбосо, мына ушундай терең, таза жана зирек ой адамды өз тилегиндей чоң даража-даңкка жеткирип, бир келген өмүрдө арманым да, азабым да аз дегидей санаа тынчыткан пенделик кубаныч-сүйүнүчтөргө карк кылып, ондун ичинен, жүздүн ичинен дебейли, а караан-из адашкан миңдин ичинен болсо да, жамандык-кырсыктан чет турган «калкандуу» бактылуу жан кылып койсо не болмок? Дегеле жашоо жолунда ЖАКШЫ АДАМДАРГА ЭЧ КАЧАН ЖЕҢИЛ БОЛГОН ЭМЕС. Эмне үчүн мындай? Бул жалпы адамзаттык суроого тээ атам заманда жашаган акылмандар гана эмес, кечээ жакында гана жашап, улуу Шекспирдин философтук жолун улаган улуу Чыңгыз Айтматов да ар бир чыгармасында жана жеке турмуш сапарында мээ чыңалтып, жүрөк оорутуп, таасын-так жооп издеп өткөн эмеспи. Кайран ойчул калемгер «Фудзиямадагы кадыр түн» деген драмасында: «Канткенде адам уулу Адам болот?» –

деп, баарыбызга кеңеше отуруп суроо таштаса, дил-маектеринин биринде: «Жакшы адамдарга ар заман, ар доорлордо жеңил болгон эмес, аларга ушул азыр дагы кыйын, бизден кийин – эртең жана андан көп-көп артта келүүчү күндөрдө да жеңил болбойт», – деп, алданемедей чындык катышын калыс таразалаган даанышмандык бүтүмүн чыгарат.

Ырасында эле, эмне үчүн мындай? Муну, маселен, бүткүл өмүрүн журт таалайы, өзү «кээде аз ичип, кээде басып жыңайлак» (Алыкул) өсүп-чоңойгон жер бактысы үчүн арнаган Тогуз-Торонун кеменгер инсаны, асыл педагог жана талантуу чарба жетекчиси, бир сөз менен айтканда, ысмы чоң тамгадан башталган залкар адам Тоту Мойдуновдун баскан «таш кыя, тайгак кечүүсү» эң сонун айгинелеп турат. Менин жеке пикиримде, миң айтып, миң түшүндүргөн күндө да, эгер жакшы адамдар жашоонун ар-намысын сактап, ага кызыктар катары элдин кыйынчылыгын ийин тиреп көтөрүп, бардык өсүп-өнчү илгерилешке демилгечи жана аткаруучу болуп жүрүшпөгөндө, балким, он сегиз миң ааламда перзенти ыйлап (!) төрөлгөн жападан-жалгыз биологиялык түр болуп саналган адам пендесинин түндүгү жерге түшүп, коломтосунан от күйбөй да калмак. Ал сырттан байкоочу эмес, а сансыз түйшүктүү тагдыр-жазмышка түздөн-түз катышуучу болуп жаралган. Жакшы адамдарга эч качан жеңил эмес болгон деп айтканыбыз ушул!

Тоту аганын өмүр окуяларына көңүл буралы.

Ал эскермесинде Тогуз-Торонун Казарман кыштагында жарык дүйнөгө келгенин айтат да, ошондон берки 80 жыл ичиндеги бул кыргыздын көбү барып көрбөгөн өзгөчөлүү аймактын тарыхы, адамдары жаатында таңгаларлыктай бай маалыматты ортого салат. Аны өз туулган жерине кан-жаны менен берилген чыныгы патриот адамдын жан-дүйнөсүнө бөлүнгүс болуп орногон энциклопедиялык маалыматтын үлгүсү деп койсок да болот. Мен журналист болуп жүрсөм да, Тогуз-Торого каттап көргөн эмесмин. Бирок, ушул табигый шарты катаал, жол байланыш жагы начар, эли илим-билим, маданияттан оолак калып, бир Кудайдын, анан Совет бийлигинин жарыгы аркасында гана «эртеңкиден үмүт үзбөй» өмүр кечирип келген чакан райондун өткөндөгүсү кадимкидей көз алдыма жандуу болуп тартылып, эч жалгандыгы жок, эч нер-

сени жашырып-жаппаган баяндоонун күчү менен мени дагы бир заматта «тогуз-торолук» кылып салганын танууга болбойт.

Тоту аганын атасы Куранды жатка билген, аркы-беркиге түшүнүгү кенен, окуйм, билим алам деген баласына тоскоол болбостон, кайра колдоо көрсөткөн кыраакы адам экен. Мойдун атаны калк ак жүрөгүнөн сүймөнчүлүк менен кастарлап «Кары аке» деп аташкан.

Балжууран балалыгы согуштун алды жана согуштун убагындагы «жаш эмес, карыны да ыйлаткан» оор жылдарга туш келген. Балдар чоңдор сыяктуу эле иштешет. «5-класска барганда бала-чака дебей, баарыбызды бүтүндөй айдап эгинге салышат, – деп эскерген автор өзү ал мезгилдин бир үзүм окуясын. – 5-класска Боз-Секиден 25 сотых жер берет, орок менен оргула деп. Оро албай качып кетет элек. Эсимде калганы ошол. Кайыңды тарабынан бизге сельсовет болуп келген келин балдарды арабага салып келип, кечинде кайтарып, бизди эч жакка качырбастан, айдын жарыгында орок ордурчу. Же эгин бийик болсочу. Эгин болгону тизеден эле. Оробуз деп белдерибиз ооруп, жалакайланып качаар элек. Чыны менен жашпыз да, же курсагыбыз тыңгылыктуу тойбосо. Ошол убакта жалаң кой-эчки, уйлар саалчу. Ошолордун сүтүн тартып, майын алып, анан калган айранын алып келип, бир-эки аяктан ичип, ошентип бел майыштыра иштечүбүз. Үйлөргө качып келип, жүгөрүлөрдү аралап кетсек, Кирбит деген киши артыбыздан жетип, ата-энебиз менен урушуп, кайра эле бизди айдап кетчү, кайра эле туткунга түшкөн немедей болуп барып, баш көтөрбөй иштеп калчубуз. Согуш жылдарында башыбыздан бир топ эле оор, кыйынчылык турмуш өттү...»

2-класста окуп жүргөндө эле Жусуп Турусбековдун «Эй, жеңелер» деген көлөмдүү, тамашалуу ырын декломация кылып айтып, райондун чоңдоруна чейин «атагы» чыгат. Анан, аябай тентек болгондуктан, клубда кино жүрүп жатса, аны элге көрсөтпөй, топурак чачып, буй кылган да ушул эселек бала. Дагы бой тарта түшкөндө, тиги күргүштөп аккан Нарын дарыясынын оң-сол тарабына тимеле балыктай ойноп, чабак уруп өтүп кетчү экен.

**Тогуз-Торо боюнча орто билим алган биринчи төрт окуучунун катарына кирет.** Биринчи! Алардын арасында жан курбусу Тайлак агай да бар.

Ошону менен Нарындагы педагогикалык окуу жайды бүтүрөт. Айрымдарчылап ара жолдон качпай, жалкоолонбой, жакшы бүтүрөт. Бала кездеги тентектиги түш көргөндөй унутулат. Ушундан кийин педагогдук жолго түшөт да, бир аз иштеп туруп, Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетине өтөт. Мыкты мугалимдерден билим алып, үй-бүлөсү менен квартирадан квартирага көчүп, студенттик турмуштун кыйынчылыгын майышпай жүрүп көтөрөт. Күрөш боюнча Кыргызстандын курама командасына кошулуп, Кавказга чейин барып келген учуру да болот. Беш жылдан кийин окууну артыкчылык диплому менен бүтүрүп, университетке окутуучу болуп кал дегенге көнбөстөн, туулуп-өскөн айлы Казармандагы мектепке директор болуп кетет.

**Тоту ага жогорку окуу жайын кызыл диплом менен бүтүрүп келген эң биринчи (!) тогуз-торолук болгон.**

Ушундан кийин анын педагогдук жана чарбалык иштердеги эл көөнүнө жагып, кошоматчы, көралбас, караңгы немелердин азгырыгы жана бут тосууларына да чым деп койбогон калыс-түз жетекчилик ишмердигинин өзүнчө бир роман же дастанга татыктуу байсалдуу, кызыктуу доорунун баскыч-баскычтуу «эпопеясы» башталат.

«Мен ыр жазбай, жазгым келет ойлорду», – деп Сүйүнбай Эралиев сыр айткандай, бул киши кайда иштебесин: Казарман мектебинде директор, ошол жердеги «Кызыл-Жылдыз», Ак-Талаадагы Тоголок Молдо атындагы, анан кайра Тогуз-Тородогу «Бирдик» колхоздорунда башкармалык кызматты аркалап жүргөндө болобу – бардык учурда **адамдардын жүрөгүнө жол таап**, бардык кырдаалда эл байлыгын өстүрүп, эл турмушун ар тарабынан жакшыртууга колдон келген аракеттерин түгөлү менен жасайт.

Кайран адамдын чынчылдыгы ушунча, ал үйүнө мейман келсе да, өз коюнан союп коноктоочу экен. Бар болгон тилеги – мен партияга күжүрмөн жоокер болгондон кийин, партиянын, советтик коомдун алдында абийирим таза, ар күнүм эмгектүү өтүп муундар сыймыктангандай жашап-иштешим керек деген тилек болот.

Иш кызыкчылыгы үчүн «хандан, бектен тартынбай», түз айтат. Атүгүл атактуу Корчубек Акназаровду да катыра сындап, ошондой бетке чабарлыгы менен өзүнө-өзү «ор» казып

алуудан коркпой-чочулабай принцип кармаганы эмне деген жүрөктүүлүк!

Барган жеринин баарында жетекчилик кызматын ырааттуу ийгилик коштойт. Эч ким аны башка жакка кетиргиси келбейт. Өзгөчө, «Бирдик» колхозуна келген 1973-жылдан тартып, чарбанын экономикалык көрсөткүчүн болуп көрбөгөндөй алдыга жылдырат. Кокту-колотко короо-сарайды арбын салдырат. Тоюткорду мол даярдатып, чабан-малчыларды тек «кара таман колхоз койчусу» эмес, а алардын да кубаныч-мүдөөсү, үй-бүлө, бала-чакасы менен татыктуу жашоого умтулган максаттуу тагдыры бар советтик Адам катарында көрөт. Төлдүн эсебин ар жүз тубар койдон 109 козуга жеткирип, жүн, сүт, эт, эгин, тоют боюнча райондо уюштурулган сегиз өтмө Кызыл Туунун алтоону «акысы бардай» туташ жеңип алган жылдары да болот.

Кийин ак жерден төрт жылга кесилип, андан акталып келген соң, ал мезгилин эстеп, төмөнкүдөй ички сырын төгөт: **«...Менин ичим күйгөнү, ушунчалык чоң перспективалуу, эли да, жери да жакшы, бардыгына тең мүмкүнчүлүгү бар жерге барып иштедим эле. Ал жерден мен Баатыр болом деген оюм бар эле, чыны менен. Себеби, эли дагы, жери дагы укмуш төп келишкен чарба эле. Эң башкысы, элге, материалдык байлыкты түзүп жаткан элге шарт түзүп берсем, эл мени колдобой коймок эмес. Ошон үчүн колдоду...»**

Анан, ушул эле жерде, бүткүл Тогуз-Торо элинин намысына тийип, начар жашоону жакшы жашоого айландырууга кам уруп, аракеттенген тынчсыз күндөрүн сүрөттөгөн эң кызык эпизод бар. **Окуйлу:** «...Калктын турак-жай маселеси жүрөгүмдү өйүп жүрдү. Ушунчалык эл оор турмушта жашайт. Буга мен бир-эки мисал келтирейин. Сарыкулаков Асанбай деген болуш керек, жакшы сугатчы өзү. Ошол кишинин баласы борбордо окуйт. Анан «бала Капар» деген бар, мунун баласы да Фрунзеде окуйт. Ал жакта көлдүк, чүйлүк, нарындык кыздар менен окушат экен. Алар кыздар менен таанышып, сүйлөшүп, ушундай начар турмушта турушса дагы кымбатка машина жалдап, колукту алып келишти. Эл, ага-туугандарынын баары тең сүйүндү келин келди деп. Контордо отур-

уюмду кантип акча кылып бересиң, таксисине жетпей жатат», – деп келиптир. Берки да келиптир. Балдар ушинтип машина жалдап келишиптир акчасы жок. Кызды узаткан кыздар, балдар да кошо келишиптир. Аларга колдорунда болгон тамак-аштарын беришип, сыйлашыптыр. Болуптур, эми комиссия түзүп, уйларды алайын, ушундай шартты көрсөтүп токтом жазайын, аларды жер каратпайын дедим. Колхоздун мыкты мүчөлөрү, иштин алдыңкылары эле. Анан ошентип туруп баасын баалап берсем, бала Капардын келини кетип калыптыр дейт. Андан эки-үч күн өткөндөн кийин эле Асанбайдын да келини кетип калыптыр. «Мен мындай үйдө жашабайм, жөн эле кепеге киргизип койдуң», – деп кетип калды, айланайын, башкарма», – дешти.

Ушундан кийин бул маселени колхоздун чоң чогулушуна салып: силер ойлонгула, баатырлар, баарыбыздын эле туугандарыбыз бар, балдарыбыз бар дегендей, азыр бизди кыргыздардын жетишкен жериндеги кыздар чанган жок, биздин турмушубузду чанып жатат. Балдарыбызды чанган жок, биздин оокат-тиричилик, жашоо-шартыбызды чанып жатат. Мындай жерге иштебейм, мындай жерге жашоого болбойт деп. Ушул жерге келген келиндерибиздин кетип калганын билесиңер. Ошондуктан азыркы өнүккөн, жакшыраак жашаган жерлер чанып жатабы биздин элди, жерибизди. Кайра, тескерисинче, биз чангандай болушубуз керек. Ошого жооп жасагандай болуп эмгектенишибиз, иштешибиз керек деп элге көп сүйлөп, көп айтып жүрдүм...»

Мынакей, даанышмандык, мынакей элдин турмушун ойлоп күйгөн кыраакы адамдын мисалы!

«...Турмуштан алган сабагым: адамдын бир жакшы жери, жакшы жашайм десең, **адамды жакшы көрүшүң керек экен**, – деп улантат Тоту ага андан ары. – Бүт элдин баарын бузуп коюуга бир эле бузуку жетишет экен. Бир бузуку бир эле үй-бүлөнү эмес, жалпы журтту бузуп коёт экен. Ошол бузуку акыры жүрүп отуруп өзүнүн ордун табат. Бузукунун бузуку экенин эл билет. Билбей койбойт. Мен муну айтып жатканымдын себеби, бузуку кайсы жерде көп болот, көрө албастык кайсы жерде көп болот? Маданияты төмөн элде, маданияты төмөн жерде көп болот экен. Мен элимди жамандабайм. Бирок, биздин элдин өнүгүп-өсүш деңгээли ошол мезгилдерде абдан эле төмөн экен...»

Арадан айлар өттү, жылдар өттү. 1970-жылдардын орто ченинде областтын жетекчилеринин ортосунда башталган чырдын капшабына илинип, ортодон от салган бузуку, көралбас, тар чекелүүлөрдүн төө бастысына алынып, жок жерден айып тагылып, иши да, пейли да ак Тоту ага болбогон жерден башкармалык кызматтан түшүп, партиядан чыгарылып, ал аздык кылгансып, төрт жылга кесилип кетти. Аябай эле өкүнүчтүү, ичтен кан өткөзгөндөй адилетсиз иш болду.

Эми ушундан тартып, анын дээрлик он үч жылга созулган адилеттик издөө «одиссеясы» башталды. Чарба экономикасын жана элдин жашоосун оңдойм деп, карагай алдыруу үчүн Сибирге киши жиберген, Совет бийлиги үчүн күрөшүп, биринчи башкарма болгон Раманкул деген адамга колхоздун эсебинен эстелик тургузган, анан чыгаша болгон беш койдун... отчётун туура эмес түзгөн «күнөөсү» үчүн мыйзам дегенди көрүнөө тебелеп-тепсеп туруп төрт жылга кесип жиберишти.

Журналист Капарбек Токтошев жазгандай, чын-чынына келгенде, Тоту аганы «өз алдынча эркин ой жүгүртүп, өз алдынча эркин иш жүргүзгөнү» үчүн ошондой жазага кириптер кылышты.

Мен журналисттик тагдырымда эч убакта түрмөдө жазылган күндөлүктү же башка бир «чыгармачылык табылганы» барактап көргөн эмесмин. Мына, азыр сөз кылган каармаsuccessors нибыздын 48 беттик чакмак дептерге жазылган «түрмө нары жыттуу», кезегинде Эл акыны Аалыкеден баштап, кыргыздын нечен бир «бычакка сап» кыйындары жаткан «атактуу Молдовановка жыттуу» 34 жыл илгерки күндөлүгү столумда жатат. Ар бир беттеги жазуулар суу тийип, ным тарагандыктан, чет-жакасынан көөнөрүп, сыя тагы да жайылып, тамгалары өчөйүн деп калыптыр. Мен аны суу, ным же дагы башка бир нерсе эмес, а шам алдында жазып отуруп тамган «айыпкердин» көз жашы ошентип салганбы деп ойлойм. Ар бир баракта адилеттикке ишенип калтырган үмүткөр сезимдин ачуу-шор тактары...

Күндөлүктүн биринчи бетинен: «Мен бул эскермени Молдовановкада, майрам алдында, 5/XI.1976-жылы баштадым. Ушуга чейинки күндөр аз убакыт болсо дагы көбү өткөндүктөн, өтө орчундуу жерлери эсте калып, тизмектүү

хроникалык тартиби жазылган жок», – деген шариктүү авторучка менен баса (!) жазылган «бет ачар» түшүндүрмөнү окудум.

Күндөлүк анча узун эмес – бар болгону 31 бет.

Бардыгын тегиз «чубатууга салуунун» зарылдыгы деле жоктур, андыктан «жүрөк менен жазган» күндөлүктүн ар кайсы – орчундуу делген жеринен гана эч өзгөртүүсү жок чолупчолуп окуп көрөлү:

**«5/XI.1976-жыл. Молдовановка. Директордун конторасына кароолчу болуп иштедим. Күчкө жарактуу мезгилимде, коом үчүн, эл үчүн иштей турган мезгилимде, эң негизги өндүрүштө иштей албай, кароолчу болуп, ушул ишке ыраазы болуп отурамын. 1972-жылы обком партия мени областтын социалдык бөлүмүнүн башчысы болбойсуңбу деп сураганда, мен азыр пенсия, пособие менен иштей турган инвалид эмесмин деп отказ кылып, өзүмдүн элиме из калтырууну чечтим эле. Эми ал ойлогон оюма жете албай, заводдун директорунун конторасынын кароолчулугуна ишке алынып, сынып калдым.**

**Кызык, мени менен бирге ойноп-күлүп, кызматта турган мезгилимде жанымдан чыкпай жүргөн теңтуштарым, кайда бассам да бөлүнбөөчүдөй болуп жүрүшкөн жолдошторум азыр менин айланамда жок. Мени сурап, кандай болуп жатасың деген адам – жолдоштор болгон жок. СИЗОдо отурганда да жана сот процесси болуп жатканда да бирөө келип, ал-абалды сураганга жараган жок. Мен эки ойдо болдум, чын эле мен ушунчалык жолдошторумдан ажырап калганмынбы? Мен аларга жамандык кылганмынбы? Аман-эсен тартчу шорду тартып, партия калыстык кылып куткарса, ошол жолдошторум менен жүздөшүп, чайлашаар бекенмин?..»**

**«6.XI.1976-жыл. Кароолдо турдум 4.30да. Күн бүркөк. Түштүктөн түндүктү карай шамал жүрүп жатат. Кара жыгачтын саргарган жалбырагы түшүп, жерден жел менен кошо учуп турат... Ойлобоюн десем да, үй-бүлөм, апам, балдарым эсимден чыкпай койду. Орозбектер келип учурашабыз деген экен, келет десем, келген жок. Бүгүн директордун конторасы менен начальник произв.**

конторасын тартипке келтирейин, анча-мынча кир-кечелерди жууп коёюн деген ойдомун. «К новой жизни» деген китептин бир кызыктуу «Бой с тенью» деген жерин, Эрих Лесттин романынан үзүндүнү окудум...»

«7.XI.1976-жыл. Директордун контору. Бардыгына түшкө чейин уборка жүргүздүм. Жатаканага келип, саат 4кө чейин уктадым... Катуу уктап, түш көрүп калдым. Түшүмдө чоң тоонун бетинде, жалама тик беттен бир чоң семиз бээ минип алып түшүп келе жатыптырмын. Жол ушунчалык коркунучтуу, өтө тик бет экен, бирок жол жазы, бээ боюн токтото албай, өтө кыйналып, мүдүрүлсө мен учуп кетчүдөй болуп келе жатамын. Жөө түшүп бассамбы дедим эле, мага караганда жылкы жаныбар чебер болот деп түшпөстөн, тоонун этегине чейин түшүп келсем, тор темир сойломо бар, ал канал сыяктуу экен. Мен ошондон өтүшүм керек, батпайм го деп туруп, бут жагым менен кирип, ары жагынан чыгайын десем, упайкам кептелип калат, упайкамдын түрүлгөн жерин оңдоп, сойлоп чыгып кеттим. Жетелеген бир эчким бар сыяктанат. Аялым Данагүл экөөбүз кошо тоодон түшүп келдик. Чочуп ойгонуп кетсем, таң атаарга аз калыптыр... Түшүмдү ойлонуп көрүп, жакында аман-эсен кутулат окшоймун деп жоруп, көңүлүм көтөрүлдү...»

«14.XII.1976-жыл. Мен өзүмчө олтуруп тунжурап ойго баттым... Өмүрлүк жолдошум Данагүл менен баш кошконумдун быйыл 30 жылдыгын белгилесек дегемин. Анткени, экөөбүздүн басып өткөн жолубуз чыныгы советтик адамдын, социалисттик доордо тарбияланган адамдын басып өткөн жолундай образга ээ. Данагүлдүн ушунчалык өтө басмырт, оор салмактуу, көтөрүмдүүлүгү, үй-тиричиликке берилген, балдарды жакшы тарбиялаган өтө туруктуу мүнөзү акыры мени жеңди... Кыздарым жана балдарым Данагүлдү тартса деп тилеймин, ал эми айрым гана менин жакшы сапаттарымды алышса экен. Менин өмүрүмдө, мүмкүн, Данашка ар кандай туура эмес мамилелерим болгондур, бирок кыңк этпей нак адамча көтөрдү. Ошондо биздин таянган тообуз да...»

«16.XII.1976-жыл. Элди комиссия поселениеге чыгарды. Местный комиссия болду. Мен дагы өткөмүн го

**деп үмүттөнсөм, деломду токтотуп коюптур... Мага бир жыл бир ай өттү. Эмне үчүн өтпөй калдым, түшүнбөймүн. Менин статьямдан да оор адамдар өтүштү:**

**1. Уурулук кылган жокмун.**
**2. Рецидивист эмесмин.**
**3. Киши өлтүргөн жокмун.**
**4. Наркоман, нашаачы эмесмин.**
**5. Алкаш эмесмин.**
**6. Моралдык туруксуз эмесмин.**
**7. Кишиге жаман ниетте болгон жокмун.**
**8. Совет мамлекетине каршы сүйлөгөн жокмун.**
**9. Мошенник эмесмин.**
**10. Паракор эмесмин.**

**Менин статьям 177 деп жоюлган, бирок буга дагы наразымын... Эл үчүн иштеймин деп кылган аракетим үчүн жооп берип отурамын. Энем карган...»**

**«6.IV.1977-жыл. Мен өз өмүрүмдү жалаң гана бир туугандарым жана балдарым үчүн арнаймын. Эгер коомдо кайра акталсам, эл алдында сүйлөөр сөзүм башка болот...»**

Күндөлүк ушинтип уланып отуруп бүтөт.

Тоту аганын бул дептерин: Адам кайда болсо да аты улук Адам бойдон калат, андыктан канатын ичинен күүлөнтүп, ыйманын жүрөктө сактаган чыныгы Адамды жеңүүгө да, сындырууга да мүмкүн эмес деген ТУРМУШ САБАГЫНЫН мисалы катары өзү кийин көп жылдар үзүрлүү эмгектенген Казарман орто мектебинин тарых музейине уникалдуу экспонат иретинде сактап коюшса деген тилегим бар.

Бардыгына мезгил, ордубузду басчу жаш муундар баасын берет. Ак-караны да мезгил, жаштар таразалайт.

Эч нерсе изсиз кетпейт. Ушундай асыл, зирек, эмгектүү адамга жамандык ойлогондордун жазасын деле, сазайын деле бүт бардыгыбызды жогортон башкарга Теңир өкүмү кадиксиз бере турганы чын.

Эскерме корутундусунда өзү мындай дейт:

«... Жакшы жүргөн, жанагыдай билимдүү, эл арасына кадыр-баркы сиңген, өзү омоктуу адамды жамандаган менен ага жукпайт. Аны жамандаган менен ал сөз ага жабышып калбайт... «Алтын жердин түбүндө жатып да чирибейт»

дегендей, андай таза адамды эч ким мөгдүрөтө, кордукту көрсөтө албайт экен. Ал адам кайра эле баягы көп жылдык түптүү теректей болуп, өнүгүп-өсө берет экен... Ошондой адилет кишиге асылгандар, айланасында кээ бир карылуу тайгандар, же болбосо, карылуу жолборсторго карап куйругун көчүгүнө кысып алып үрүп турган иттердей болуп жүргөн бузуктар көп жашоодо. Албетте, андай бузуку иттердин жолборсторго тиш салыш колунан келбейт. Мыкты адамдар ошо жолборстой болот экен...»

Ооба, мыкты адамдар жолборстой болот.

«Ак ийилет, бирок сынбайт».

19-кылымда жашаган кыргыздын Нурмолдо деген даанышманы: «Каргалардын ичинде шумкар карып, качырлардын ичинде тулпар карып», – деген тура.

Тоту аганын эскермесин жана бул саптарды окуган өскүлөң жаштарга кааларыбыз: ылайым, тулпар – тулпардай чуркап, шумкар – шумкардай учкан, замана – тагдырды, а тагдыр – максатты көтөрмөлөп-күткөн төгөрөгү төп бактылуу, кең жолдо болгула!

***Мундузбек ТЕНТИМИШЕВ,***
***журналист, Кыргыз Республикасынын***
***маданиятына эмгек сиңирген ишмер***

Октябрь, 2010-жыл.

# МАЗМУНУ

*Т. Абдылдабеков.* Тоту Мойдунов - Тогуз-Торонун кеменгер инсаны.......3
Көргөн-уккандардан: Тогуз-Торо районунун уюштурулушу.......................9
Исабеков Болотбек баяны.......................................................................10
Кыйын кезең, оор заманда өткөн биздин балалык ................................13
Кары аке аталган атам жөнүндө айтаар сөз..........................................24
Согуш мезгилиндеги катуу тартип. Өтүкчү Бексултан жөнүндө...........27
Улуу согуш сыноосу жана Улуу Сталин жөнүндө.....................................28
Садыбакун акенин домогу: кесилип берилген кийиз.................................36
Согуш алааматы жана Бегалы..................................................................38
Нарында, педагогикалык окуу жайында...................................................39
Студенттик турмуш: биз ушинтип окуганбыз.............................................45
Чет-Булактагы мугалимдик кесип..............................................................48
1950-жылы Нарынга кеңешмеге барганым. Жан-Булактагы кайындарымда...49
Жогорку билимге умтулуу: Тогуз-Тородон Фрунзеге сапар.......................51
Университетке экзамен тапшыруу «эпопеясы»..........................................54
Тарых факультетиндеги студенттик жылдар...............................................58
Үй-бүлөм менен шаарда студент элем.......................................................62
Казарман орто мектебине директор болушум...........................................66
Коон-дарбыз бышкан Тогуз-Тородо эл эмне үчүн жашылча айдашпайт?...70
Исхак Раззаков Тогуз-Торого келгенде......................................................73
Тоголок Молдо колхозуна башкарма болгондо.........................................76
Корчубек Акназаровдон көп нерсени үйрөнгөнбүз.....................................78
Коркоктор кошоматчы болот, эки жүздүү болот,
а мен өмүрүмдө андай ишке барган жокмун..............87
Облуска даңкталган башкарма Т.Бокчубаевди сындаганым.......................94
Нарын обкомунун экинчи секретары Капустян кыйын киши болчу.............96
Кыргызстандын колхозчуларынын съездинде сүйлөгөн сөзүм....................97
Айтпай коё албайм: азыркы катаал турмуш
жана кыргыз келечеги тууралуу ой толгоо..................98
Өз көзүм менен көргөн дөө балбандар - Жаркынбай менен Абдыманап...102
Чыңгыз Айтматов биздин үй-бүлө баяныбызды жазыптыр... дегем....106
Дүйнөлүк даңкы бар М.Шолохов жана Ч.Айтматов.....................................108
СССРдин айыл чарбасындагы улуу бурулуш. Никита Хрущев....................110
Тогуз-Торо районунун жарымы бир колхоз болгондо..................................113
Чарбаларды, райондорду ирилештирүү убагындагы окуялардан.....116
Турмушумдун айрым эпизоддорунан.............................................................118
Абийир, ыйман саткан жаңы заман жөнүндө азын-оолак сөз..........122
Кийинки балдар билбеген «Ур токмок» саясаты тууралуу укканым....135

Мени чыныгы элдик юишиге эстелик койдурасың деп күнөөлөшкөн....137
Дүнүйө деп улунуп-жулунбаган Чодиев,
Кожалиевдей жетекчилерди көргөн жокмун..........................140
«Бирдикке» башкарма болуп шайланганда
эл турмушу жүрөгүмдү өйүгөн..........................144
«Бирдиктеги» андан аркы эл көңүлүнө жаккан иштерим..........................151
Облустук масштабда мага каршы уюшулган чоң жалаанын башы....152
«Ак ийилет, бирок сынбайт»: жүрөктө калган ызалык..........................155
Баягы «карагай даярдоочу» Адабашев чыры..........................160
Мага жамандык издегендер жакшылык көрүшкөн жок..........................163
Башкармалыктан бошотуунун «жасалма тарыхы»
жана адамкерчиликти бетке кармаган өмүр чындыгы..........166
Адилеттик издеп борборго барып, камалганым..........................173
Акталуунун ак кагазга сыйбаган арбын кеп-сөзү..........................175
Мыкты адам жолборстой болот, ага майдалардын
жапкан жалаасы жукпайт..........................179
Сүйүү жөнүндө сөз. Сүйүү деген эмне?..........................184
Бакыт жөнүндө даанышмандар да айткан, мен да айтам..........................187
Ач тоюнат, а ач көздөрдү ким тойгузат?..........................190
Заманды биз жаратсак, заман бизди жаратат..........................193
Сөз соңунда жаштарга насаатым..........................198
**Эр адамды эл баалайт**..........................205
Кутман куракка айтылган куттук сөздөр..........................206
«Ак ийилет, сынбайт»..........................207
Өзүнүн эмес, бүт эл-журттун тагдырын ойлогон..........................208
Адам - эл менен адам..........................209
Чыныгы педагог..........................211
Салтанаттуу белгилешти..........................212
Т.Абдылдабеков. «Алтын чөйчөктүн» кулундарына накыл сөз..........212
Куттуктоолор..........................216
К.Токтошев. Той үстүндөгү кара булут..........................219
М.Тентимишев. Жакшы адамдарга эч качан жеңил болгон эмес....226